**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссия**

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

# КӨӨНӨ СӨЗДӨР

**(же колдонуудан чыгып бара жаткан сөздөр)
Оңдолуп, толукталып экинчи басылышы**

***Түзүүчү:***
***Таңсыкай АКМАТОВА***

**Бишкек – 2025**

УДК 811.512
ББК 81.632.5
К 76

Китеп «Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү» программасынын алкагында жарык көрдү.

**Илимий-редакциялык кеңеш:**
А. Акматалиев, Т. Коңурбаев, Г. Курманбекова, Ы. Кадыров, З. Кадырова, К. Жумакадырова, М. Молдалиева.

К 76 **КӨӨНӨ СӨЗДӨР (же колдонуудан чыгып бара жаткан сөздөр).** Онд., толук. экинчи басылышы. / Түз. Т.А. Акматова. – Б.: «Кут-Бер», 2025. – 208 б.

ISBN 978-9967-14-202-2

Сөздүккө көөнөргөн же колдонуудан чыгып бара жаткан сөздөр жайгаштырылды. Бул сөздүктөн кыргыз элинин «Манас» эпосу баш болгон рухий мурастарын, көркөм тексттерди окууда айрым эскирген же унутулуп бара жаткан сөздөргө түшүнүк ала аласыздар. Ошондой эле кыргыз тилине жаңы кирген сөздөрдүн котормосун же эквивалентин издеп жүрсөңүз, анда бул сиз издеген китеп. Кыргыз тилин экинчи тил же эне тили катары ЖОЖдордо окутууда лексикалык темаларды өздөштүрүүдө тексттеги сизге же студенттерге түшүнүксүз болгон сөздөргө түшүндүрмө алсаңыз да болот. Сөздүк жогорку окуу жайдын профессордук-окутуучулар курамына, аспирант, магистрант, студенттерине жана жалпы эле кыргыз тилинин күйөрмандарына арналат.

УДК 811.512
ББК 81.632.5

ISBN 978-9967-14-202-2

© Түз. Акматова Т.А., 2025
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2025

## СӨЗДҮКТӨ КОЛДОНУЛГАН МАТЕРИАЛДАР ТӨМӨНКҮ АВТОРЛОРДУН (АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРДЫН) ЧЫГАРМАЛАРЫНАН, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ФОЛЬКЛОРДУК ЧЫГАРМАЛАРДАН ЖАНА ГЕЗИТ-ЖУРНАЛДАРДАН АЛЫНДЫ

**I**

| | |
|---|---|
| Абакиров | Мелис Абакиров |
| Абдукаимов | Узакбай Абдукаимов |
| Абдукаримов | Мамасалы Абдукаримов |
| Абдумомунов | Токтоболот Абдумомунов |
| Абдыраманов | Шабданбай Абдыраманов |
| Айтматов | Чыңгыз Айтматов |
| Акматов | Казат Акматов |
| Арабаев | Ишенаалы Арабаев |
| Арстанбек | Арстанбек Буйлаш уулу |
| Байзаков | Түмөнбай Байзаков |
| Байтемиров | Насирдин Байтемиров |
| Барпы | Барпы Алыкулов |
| Баялинов | Касымаалы Баялинов |
| Бейшеналиев | Шүкүрбек Бейшеналив |
| Бектенов | Касымаалы Бектенов |
| Борбугулов | Мухтар Борбугулов |
| Бөкөнбаев | Жоомарт Бөкөнбаев |
| Гилязетдинов | Ильгиз Гилязетдинов |
| Даникеев | Өскөн Даникеев |
| Даутов | Кадыркул Даутов |
| Дүйшеев | Шайлообек Дүйшеев |
| Жакыпбеков | Ашым Жакыпбеков |
| Жантөшев | Касымалы Жантөшев |
| Жигитов | Салижан Жигитов |
| Жусубалиев | Кубатбек Жусубалиев |
| Жусуев | Сооронбай Жусуев |

| | |
|---|---|
| Жусупов | Кеңеш Жусупов |
| Кадыров | Ысмайыл Кадыров |
| Казыбек | Казыбек Мамбетемин уулу |
| Каимов | Касым Каимов |
| Калыгул | Калыгул Бай уулу |
| Калык | Калык Акиев |
| Каралаев | Саякбай Каралаев |
| Карасаев | Хусейин Карасаев |
| Касымбеков | Төлөгөн Касымбеков |
| Көчкөнов | Орозбай Көчкөнов |
| Мавлянов | Жунай Мавлянов |
| Маликов | Кубанычбек Маликов |
| Медетов | Жакып Медетов |
| Мидин | Мидин Алыбаев |
| Молдо Кылыч | Молдо Кылыч |
| Муканов | Табылды Муканов |
| Нуркамал | Нуркамал Жетикашкаева |
| Осмоналиев | Качкынбай Осмоналив |
| Осмонкул | Осмонкул Бөлөбалаев |
| Осмонов | Алыкул Осмонов |
| Өгөбаев | Курманбек Өгөбаев |
| Өмүрбаев | Сагындык Өмүрбаев |
| Садыбакасов | Шатман Садыбакасов |
| Саспаев | Аман Саспаев |
| Сасыкбаев | Саткын Сасыкбаев |
| Станалиев | Самсак Станалиев |
| Субанбеков | Тойчубай Субанбеков |
| Сыдыкбеков | Түгөлбай Сыдыкбеков |
| Таштемиров | Жаки Таштемиров |
| Тоголок Молдо | Тоголок Молдо |
| Токобаев | Молдогазы Токобаев |
| Токомбаев | Аалы Токомбаев (Балка) |
| Токтогул | Токтогул Сатылганов |

| | |
|---|---|
| Токтомушев | Абдрасул Токтомушев |
| Токтоналиев | Жапаркул Токтоналиев |
| Турсунов | Эрнис Турсунов |
| Турусбеков | Жусуп Турусбеков |
| Тыныстанов | Касым Тыныстанов |
| Убукеев | Айткулу Убукеев |
| Урманбетов | Совет Урманбетов |
| Үмөталиев | Темиркул Умөталиев |
| Үсөнбаев | Алымкул Үсөнбаев |
| Чоробаев | Абдыкалык Чоробаев |
| Шүкүрбеков | Райкан Шүкүрбеков |
| Элебаев | Мукай Элебаев |
| Эралиев | Сүйүнбай Эралиев |
| Ысмайыл | Ысмайыл Борончиев |
| Юдахин | Константин Кузьмич Юдахин |

**II**

| | |
|---|---|
| «Курманбек» | «Курманбек» эпосу |
| «Манас» | «Манас» эпосу |
| «Манас» С.О. | «Манас» эпосу, Сагымбай Орозбековдун варианты |
| «Манас» С.К. | «Манас» эпосу, Саякбай Каралаевдин варианты |
| «Мендирман» | «Мендирман» поэмасы |
| «Олжобай менен Кишимжан» | «Олжобай менен Кишимжан» эпосу |
| «Саринжи Бөкөй» | «Сарижи Бөкөй» эпосу |
| «Сейтек» | «Сейтек» эпосу |
| «Семетей» | «Семетей» эпосу |
| «Эл адабияты» | «Эл адабияты» сериясы |
| «Эр Табылды» | «Эр Табылды» эпосу |
| «Эр Төштүк» | «Эр Төштүк» эпосу |

**III**

| | |
|---|---|
| «Ала Тоо» | «Ала Тоо» журналы |
| «Жаш Ленинчи» | «Жаш Ленинчи» журналы |
| «Кыргызстан Маданияты» | «Кыргызстан маданияты» гезити |
| Фольклор | Фольклордук чыгармалардан |
| «Чалкан» | «Чалкан» журналы |
| «Эркин Тоо» | «Эркин Тоо» гезити |

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| аңч. | аңчылык лексикасы |
| В. | вариант, варианты |
| диал. | диалектилик сөз |
| ж.б. – жана башка | сүйл. – сүйлөшүүдө, оозеки речте |
| зоол. | зоология |
| миф. | мифология |
| өт. | өтмө мааниде |
| сейр. | сейрек кездешкен |
| сын. м. | сын атооч маанисинде |
| такт. | тактооч |
| тар. | тарыхый сөз |
| эск. | эскирген сөз |
| этн. | этнография |

## ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Дүйнө элдери сыяктуу эле кыргыз элинин да калыптанган маданий жана материалдык байлыктары, ошондой эле коомдук турмушу бар. Ошол байлыгынын бири анын – тили. Тил коом өнүккөн сайын кошо өсүп, байып турат. Айрыкча ааламдашуунун мезгилинде жашообузда, рухий дүйнөбүздө болгон өзгөрүүлөр тилибизге таасирин тийгизбей койбойт. Күнүмдүк жашообуздагы болуп жаткан жаңылануулар, жаңы буюмдар, илимий-техникалык жетишкендиктер жаңы сөздөрдүн, терминдердин пайда болушуна шарт түзсө, айрым сөздөрдүн колдонуудан чыгып калышына себепкер болот. Ошонун негизинде аз колдонулган сөздөр акыры көөнөрүп, эскирип, унут боло берет. Муну тил илиминде мыйзам ченемдүү көрүнүш катары караган менен азыркы жаш муундардын кебинде өтө аз сандагы гана төл сөздөр колдонулуп, эне тилдин, төл лексиканын жардыланышына шарт түзүлүүдө.

Бул сөздүккө «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» камтылган көөнө сөздөр (эскирген, тарыхый, сейрек кездешкен) киргизилди. Эскирген (эск. деп кыскартылган) сөздөрдү терип алуу менен айрым эскирген сөздөрдүн бүгүнкү күндө активдүү сөзгө айланып, дайыма колдонулуп калгандарын (мисалы, ажо, дарыкана) киргизбей, ал эми сөздүк түзүлгөн учурда активдүү сөз катары эсептелип, азыркы убакта анча колдонулбай же такыр эле колдонулбай калгандарын (учурдун көөнө сөздөрүнө айлангандарын) таап камтыганга аракет кылдык. Ошондой эле улуу муундун гана эсинде калып, жаштарга түшүнүксүз болгон

сөздөрдүн тобу бар экенин байкап аларды да терип алып, бир жылдызча менен белгилеп бердик.

Сөздүккө сөздөрдү жайгаштыруу «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» кандай турса дал ошондой алфавиттик тартипте, ал эми аларга түшүндүрмө берүүдө да «Сөздүктө» аткарылган шарттар, түшүндүрмө берүүнүн лексикографиялык жолдору сакталды. Мындан сырткары жогорудагы эмгектен эскирген айрым туруктуу сөз айкаштары да алынды. Сөздүккө терип алынган сөздөр, алардын түшүндүрмөсү – бардыгы тең азыркы колдонулуудагы орфографиялык эрежелерге ылайыкталып берилди.

Бүгүнкү күндөгү жашообузда, кыргыз тиричилигинде жер иштетүүгө, мал чарбачылыкка, дыйканчылыкка, узчулукка, зергерчиликке, тери иштетүүгө тиешелүү көптөгөн сөздөр, аларды аткарууда колдонулуучу шаймандардын аталыштары көөнөрүп, эскирген сөздөргө айланып пассивдүү болуп калууда. Анткени жогорудагы иштерди аткарууда жаңы технологиянын, жаңы шаймандардын келип кириши менен мурдагы иштөө ыкмаларынын, шаймандардын аталыштары унутта калып баратат. Ошондуктан улуттук тилдин сөздүк курамы, нукура кыргыз сөздөрүнүн азайып бара жатышына жол бербөө, тескерисинче байытуу үчүн көөнө сөздөрдүн көпчүлүгүн активдүү колдонуу учурдун талабы.

Ошол эле учурда азыр орус тилинен, ал аркылуу башка тилдерден кирген сөздөрдүн кыргыз тилинде котормосу же эквиваленти жок болгондуктан дал ошондой колдонуп жүргөн учурлар бар. Мисалы, **задаток.** Бул сөздү алмаштырууга эски деп аталган сөздөргө айланган **шертпул** дегенди колдонсок эмнеге болбосун. Анткени сөздүктө эски сөз катары кирип калган **ажо** деген аталыш бүгүнкү күндө **президент** деген сөздүн кыргызча эквиваленти катары активдүү колдонулууда.

«Сөздүккө» эски сөз катары киргизилген дагы бир **күндүкчү** деген сөздү да мандикер деген (өздөштүрүлгөн) сөздүн ордуна колдонсок да жакшы болмок. Себеби күнүмдүк эмгек менен иштеп акча табуу бүгүн жашообуздун, тиричилигибиздин бардык тармагында орун алган. Ал эми орус тилинен кирген **наручник** сөзү кишен деп колдонулуп жүрөт. Сөздүктө бул сөздү так маанисинде түшүндүргөн **күндө** жана **богоо** деген сөздөр да эскирген сөз катары берилген. Орус тилинде ал түшүнүк эки түрдүү аталышта колдонуларын эске алсак (наручник, кандалы) биз деле кишен, күндө (кишендеди, күндөлөдү, богоо салды) деп колдонсок тилди байытууга чоң салым кошот элек. Себеби «Түшүндүрмө сөздүктө» эскирген деп белгиленген **ажо, дарыкана, аалым, хроника, макам, ыңкылап, кыз узатуу, талак кат, таш кордо** ж.б. сөздөр бүгүнкү күндө активдүү колдонулуп, кыргыз коомчулугунун лексиконуна кеңири түшүнүктүү сөз катары сиңип кетти.

Мындан сырткары азыркы учурда уңгу түрүндө эсептелип жүргөн айрым сөздөрдүн уңгусунун баштапкы абалы бар экенин да байкадык, мисалы, **чаалы** сөзү **чаалыкты** сөзүнүн уңгусу катары берилген. Сөздүктө кээ бир окшош уңгулуу сөздөрдүн айрымдары эскирген сөз катары берилсе, экинчи бири активдүү сөз катары кирип калган мисалы, кызыл кире (эски сөз) кызыл жүк (активдүү сөз катары), **милтелүү** (эски сөз), **милте** (активдүү сөз катары). Бул сөздөрдүн бир уңгудан чыкканын эске алсак экөөнү тең эле активдүү колдонсок эмнеге болбосун.

Ошондой эле акыркы мезгилдердеги тилди активдүү алып жүрүүчүлөр (калктын санынын көпчүлүк бөлүгүн түзгөндөр, 15-30 жаштагылар) үчүн аксакалдар мууну (50 жаштан жогоркулар) колдонгон айрым сөздөр да эскирген сөздөрдөй түшүнүксүз болуп бара жатканын эске алып, аларды да киргизип бир жылдызча менен белгилесек, уну-

тулуп бара жаткан жаныбарлардын, канаттуулардын аттары эки жылдызча, ал эми чөптөрдүн аттары үч жылдызча менен белгиленди.

Бул сөздүктү түзүүдө көөнө делген же эскирип бара жаткан сөздөрдү ыңгайына жараша активдештирсек, ошондой эле кээ бир орус тилинен же ал аркылуу чет тилдерден кирген сөздөрдү ушул сөздөрдүн айрымдары менен алмаштырсак деген максатты көздөгөнбүз. Жогоруда белгилегендей «Түшүндүрмө сөздүктө» эскирген деп белгиленген сөздөрдүн айрымдары бүгүнкү күндө активдүү колдонулуп, кыргыз коомчулугунун лексиконуна кеңири түшүнүктүү сөз катары сиңип кеткенин эске алсак, калган көөнө сөздөр да учурдагы лексикабыз үчүн чоң кызмат аткармак. Ушул сөздөрдүн көпчүлүгүн күнүмдүк кебибизде такай колдонсок, сөздүк корубузда лексикалык синонимдер көп болсо сүйлөгөн сөзүбүз, жазган текстибиз маңыздуу, көркөм болмок жана пикир алышуунун мыкты үлгүсүнө жетишмекпиз.

Сөздүктүн аягына тиркеме катары орус тилинен, ал аркылуу башка тилден кирген айрым сөздөрдүн ордуна колдонууга боло турган сөздөрдүн сөздүгүн сунуштадык. Мындан тышкары «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнүн» аягында берилген жылдардын, айлардын, күндөрдүн кыргызча аталыштарын, муундардын (ата-тектин) аталыштарын, жаштын мүчөлгө бөлүнүштөрүнүн, ошондой эле бир күн-түндүн убакытка бөлүнүшүнүн аталыштарын да киргизүү менен кыргыз тилинин бай тилдерден экенине басым жасалды.

Кыргыз тили айрымдар ойлогондой жарды эмес, тескерисинче аны колдонгон колдонуучуларынын кеби жарды экени жалпыбызга маалым. Ошондуктан ушул сөздүккө кирген сөздөрдүн көпчүлүгүн кыргыз коомчулугу, акын-жазуучулар, журналисттер, тилчи-лингвисттер жана жал-

пы эле жазмакерлер колдонуу менен тилибиздин, кебибиздин байлыгына жетишсек деген гана максат.

Кыргыз тилин кесиптик кыргыз тили, эне тили жана экинчи тил катары окутууда кайсы бир эрежени түшүндүргөн соң аны бекемдөө үчүн алынган тексттерди же кээ бир кесиптик ишмердикке байланыштуу тексттерди талдаганда, кыргыз адабияты сабагында айрым чыгармаларды окуганда студенттер (жалпы эле жаш окурмандар) айрым сөздөрдүн маанисин билбей же ал сөздү таптакыр эле түшүнбөй калган учурлар болот. Ошондой учурларда ушул сөздүктү колдонуу менен түшүндүрүп берсек болот. Мындан сырткары «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыгы, кыргыз элинин тарыхы, улуттук баалуулуктары тууралуу тексттерди окууда да бул сөздүктүн жардамы тийбей койбойт.

# А

**ААЛЫ 1.** Жогорку даражалуу, жогорку даражада турган адам. *Аалы така кең өтүк, Баскан экен Күлчоро* («Семетей»).

**ААЛЫ ЖАНАП** Даражалуу таксыр, улук даражалуу (илгерки заманда акимдерге, кандарга карата айтылуучу сөз).

**ААМЫЯТ** Маани, мазмун. *Аамыяты жок.*

**АБАД** Эл орношуп, көркүнө чыккан, гүлдөгөн жай (жерге карата). *Эл бар жердин шаары Абад болот турбайбы* (Барпы).

**АБАЖААРЫ** Жалпы бардыгы, бүт тобу менен обдулгандай, умтулгандай аракетте болуу. *Элдин бардыгы абажаарып экөөнө карашат* (Жантөшев).

**АБАЙ* I** Сактык, этияттык, байкагычтык. *Абай кылып караса, Атырдай жыттуу жер болуп* («Семетей»).

**АБАЙ II** туурасы: **абайы.**

**АБАЙСЫЗ** Байкоосуз, этиятсыз, абайлабастан, сактык кылбастан. *Абайсыз карматып койдум, ээ!* («Ала-Тоо»).

**АБАЙЫ** Ат жабуу, үртүк, көрпөчө жасала турган кымбат баалуу калың материал, кездеме. *Абайы көпчүк. Абайы үртүк жаптырган, Аземдүү тумар тактырган, Аргымактан бир канча* («Манас»).

**АБДЫРА** Чоң сандык. *Чындырмалуу көөкөрдү Абдырадан алалык* («Манас»).

**АБЖАЛ** Көркүнө чыгуу, кулпунуп өсүү. *Арыктагы суунун шарапаты менен абжалып, жашаң дагы кайрадан өсүптүр* (Таштемиров).

**АБЖАШИК** Корукчу. *Таенеси жүрөт жутуна кол сунуп, бу кордондун баштыгы, абжашик Орозкулдун зайыбы Бекей таежеси турат көзү менен малды териштирип* (Айтматов).

**АБЖИП** *эск.* 1. Ырым-жырымга ишенген адамдардын түшүнүгү боюнча көңүлсүнбөй, бой сунбай койгон эркектерди же аялдарды өзүн жакшы көрсөтүү, көңүлүн өзүнө имерүү, сүйдүрүү максатында иштелген амал, сыйкырлоо, дубалоо жолу. 2. Ошол сыйкырлоодон, дубалоодон болгон оору.

**АБЖӨР** Эпчил, айлакер. *Бөрүнүн этин жеп жатып, Кайран түлкү абжөрүң, Казы байлап семирди* (Тоголок Молдо).

**АБЗЕЛ III** *эск.* Манас баатырдын замбирегинин аты.

**АБЛИЛ** Олуя. *Мен бардым деп кайгырба, Аблилдер жаткан жер* («Эл адабияты»).

**АБСИ** Өкүнүч, убайым. *Тойдо эл тарап жай-жайына кетти. Акмактык кылган экенбиз деп кан, увазир экөбү абси жеди* («Эл адабияты»).

**АБСУН** *эск.* Сыйкырлап, башка кебетеге кубулта турган дуба (эпосто). *Кебетесин келтирип, Абсун окуп салыптыр* («Манас»).

**АБТАБАЧЫ** Ордодогу кызмат, хандын колуна суу куюучу.

**АБТОРОЙ** Бүткүл, бардыгы, жалпысы деген мааниде колдонулат. *Адамдык көрсөң ачык айт, Абторой журтка чачып айт* («Манас»).

**АБУ** Булут. *Илгери Манаке деген эсепчи айткан экен: Кыш кыйын болордо, асмандан абу деген булут көрүнөт* (Эл сөзү).

**АБУЗ** Кол менен жасалган көлчө (бассейн).

**АБУУ** Дары болуучу, эм болуучу, айыктыруучу. *Кайнатма кара дарысын, Кырма кызыл абуусун* (Тоголок Молдо).

**АБЫГЕР ЧЕГҮҮ** Азап тартуу, кыйналуу, капа болуу, түйшүк тартуу. *Адыл аганын өзү айткандай, бирөөнүн кабагы бүркөлө калса, баары абыгер чегип, ошонун үстүнө*

*чыга калышат* (Убукеев). **В.: Абигер чегүү.** *Ак кызматы үчүн алкыш алуунун ордуна запкы тартып, абигер чеге баштады* (Медетов).

**АБЫГЫЙ** *эск.* Эпостук чыгармаларда «абаке», «аке» деген мааниде колдонулат. *Куп тыңда менин сөзүмдү, Абыгый көрдүм өзүңдү* («Манас»).

**АВЗИ КӨВСАР СУУСУ** Бейиштеги соолгус кудуктун суусу. *Ажылыкка бардыңыз, Абзи көвсар суусунан, Ооз чайкап, даарат алдыңыз* (Калык).

**АГАЧА** Байбиче, улгайган сөөлөттүү зайып. *Агача, келин, сулуу кыз Зайыптан чыгат турбайбы* (Эл ырлары). *Агача, келин, сулуу кыз Баарысы катар мелтейген* («Манас»).

**АГДАР** Дайыма ак, аруу жүргөн. *Алланын артыкча ишенген агдар элчиси болгондуктан, ага баары тартууланган* (Даутов)

**АГЕЛЕС** Курч орок. – *Ташта орогуңду! Орок оруп сен мени бакпай – ак кой! – Таштабайм орогумду! Агелес орогунун сабын мыжыга кармаган Анаркүл тигинин бетине жабыша калчудай атырылып, ачуу бүркүп сүйлөдү* (Өмүрбаев).

**АГЫЛГА** 1. Туш тарабы тосулган далдоо, калканыч жер. *Атты шамалдан агылга жерге байлап кой* («Ала-Тоо»).

**АГЫЛГАЛА** Сыртынан тымызын көз салып, байкоо, аңдып жүрүү, акмалоо. *Гүлайды алып чыгышаар бекен деген ой менен Марат агылгалап аңдып жүрдү* («Ала-Тоо»).

**АДА** *эск.* **ада болуу** же **ада кылуу** – түгөнүү, түгөтүү, түгөтүп бүтүрүү, аягына чыгаруу. *Ада болбойт аккан суу, Ар канча ырдап, мен айтсам* (Барпы). *Малдын баарын түгөтүп, Ада кылды жан бакты* (Тоголок Молдо).

**АДАК** 1. Ада менен бирдей. *Адак болуу*.

**2.** *сейр.* Акыры, аягы. *Алп адагы Ормотой, тулпар адагы Тайтору* (макал).

**АДАМ НОО** 1. Жөө жомоктук, мифтик жандык. 2. Жапайы адам маанисинде да кездешет. 3. Кээде дөө, өтө чоң, акылы кем, адам түспөлүүндөгү жандык. *Убара чаркөө, адам ноо* («Манас» С.О.). *Адам ноо деген жандар бар* («Манас»).

**АДИ** 1. Чек, өлчөм. *Адиден ашып бул калмак, Ак калпак кыргыз элине, Ченемдүү жабыр салбаптыр* (Тоголок Молдо). 2. Укук, акы.

**АДИДЕН АШУУ** Чегинен чыгып кетүү, ашынып кетүү деген мааниде. *Адиден ашкан болушсуң. Кыласың күндө жыйынды. Оокаты жок кедейге Өз оюңдан чыгарып, Саласың күндө чыгымды* (Токтогул).

**АДИЕ** 1. Сыйлык, белек.

**АДИРЕС** Жип аралаштырылып токулган жибек кездеме. Эки жагы тең гүлдүү болгондуктан, кээ бир жерлерде «дүрүйө» деп атаган.

**АДЫМ*** Басып же чуркап бараткан адамдын шилтеген кадамы. *Саадат үйүнө улам жакындаган сайын адымын тездетип, акырында жүгүрдү.* (Айтматов) *Алым адымын шилтей берип сүйлөдү* (Жантөшев).

**АДЫМДА* 1.** Басууда, чуркоодо улам бир бутту алга шилтеп коюп кадамдоо, арыштоо. *Рудольф бутунун учу менен алга адымдап, үйгө жакындады* (Баялинов). *Макеш ошол жакка адымдады* (Жусуев).

**2.** *өт.* Алга карай жүрүү, илгерилөө; өнүгүү, өрчүү. *Ушинтип күрөш күчөп биздин жакта, Алдыга ири адымдап турган чакта* (Турусбеков). *Лабораторияда.... эмгекке жаңы адымдаган жаштар да бар* («Кыргызстан аялдары»).

**АДЫРГЫ** Өрмөк аштамасынын бир бөлүгү, кырынан койгондо эриштин бир жибин астына басып, бир жибин үстүнө көтөрүп, алардын арасынан аркак өткүдөй кылып

бөлүп туруучу узун жалпак жыгач (формасы кылычка окшош болгондуктан кээ бир жерлерде кылыч деп да аташат). *Арчадан чабылган адыргы. Таар согуп отурган аялдын адыргысы жыгылып, жиби үзүлүп кетти.*

**АЕЛМЕТ*:** жаш аелмет – жаш балалуу, жаш бала-чакалуу.

**АЖАП-АЙРАН** Өтө эле таң каларлык, тири укмуштуу, эң бир сонун. *Түндө жатып түш көрүп, Түн уйкумду үч бөлүп, Түпөйүл болуп ичимде, Ажап-айран иш көрүп* (Тоголок Молдо).

**АЖАТ** Кем-карч, керектөө, муктаждык, бир нерсеге зарыккандык. *Ажаттан куткаруу. Ээ жаныбарым, бир ажатка жарар бекенсиң* (Каимов).

**Ажат ачуу** – 1) муктаждыктан куткаруу, керегине жароо. *Жарайт, балам, ажат ачканга не жетсин* («Ала-Тоо»); 2) эки ортодогу чатакты, чырлуу ишти чечүү, жөнгө келтирүү. *Бул эки жигиттин ажатын ачып, тыныштырып коёр ким бар?* («Ала-Тоо»)

**АЖЕС** Өжөр. *Ажес кишиге амал болбойбу.*

**АЖЫКЫЙЫК** Жүйөлүү сөзгө көнбөгөн кер аяк, кежир. *Адамдын ажыкыйыгы.*

**АЖЫТ** Кандайдыр бир нерсенин маңызы, маани жайы, жөнү. *Алдап туруп аларды, Амалын бүткүл үйрөндүм, Ажытын билдим дүйнөнүн.* («Манас»).

**АЖЫТЫН АЙРУУ** Дааналап билүү, тактоо.

**АЗАЛ** Эчак, эчактан бери. *Азалда нике буюрса, Алсам деп сени тилегем* (Тоголок Молдо).

**АЗАЛА** Киши өлгөн үйгө куда-сөөгү, көңүлү жакын адамдары мал жетелеп же бир нерсе алып барып көңүл айтуу. *Атасын азалап бардык.*

**АЗАР I** Кыйноо, азап, кысымчылык. *Аалам кылды жаныма, Армандуу жаштын азары* (Тоголок Молдо). *Кожоюнум Өмүрбек, Азары мага болду көп* (Барпы). *Кудай келиндүү кылса, асти ага азар көрсөтпөйүн* (Мавлянов).

**АЗАР II азар түмөн –** сансыз көп, миңдеген, абдан көп. *Зарып кылдым азыкка, Азар түмөн малымды* («Сейтек»). *Азар түмөн көпчүлүк, Арбын балбан салбады* («Манас»). **Азар болсо** – көп болсо, эң эле ашып кетсе, эң эле кыйратканда. *Азар болсо сотко барарсың* (Маликов).

**АЗЕК: азек-мазек сөз** – тамаша, күлкү үчүн айтылган сөз. *Азек-мазек сөз айтсак, Кайыр элек, кыз бала* (Тоголок Молдо).

**АЗЫР II** 1. Даяр, дайым даяр, сак. *Деп Элеман чамынып, Балдарынын баарына Катын алып берүүгө Азыр турду камынып* («Эр Төштүк»). **2.** Сак, этиет. *Артыңда болсо, Табылды, Азыр бол деп айтып өт* («Эр Табылды»).

**АЙСАЛ: айсал-байсал кылбастан** – баш аягын жыйдырбай, арыдан-бери, заматта, бир паста. *Айсал-байсал кылбастан, Алып кеттиң кегиңди* (Тоголок Молдо).

**АЙ ТУЯК** 1. Жылкы. *Ай туякка бээ чалды, Ай мүйүзгө уй чалды.* («Манас»). 2. Курмандыкка чалынуучу жылкы. *Ак сарбашыл алыңар, Ай туякка чалыңар* («Эр Табылды»). *Кош башына бир бээден, Ай туяк деп чалышты* (Тоголок Молдо). *Бай Жакып менен Каракан Ай туякка бээ союп, Ак сары башыл кой союп* («Манас»).

**АЙ ТУЯК ЧАЛУУ** Түлөөгө, курмандыкка мал чалуу, расми көрүнүштөрдүн бири – бул жерде жылкы союлат. *Ай туягын чалышты* («Манас»).

**АЙА** Уят, абийир, ийменүү. *Айа жок катын кызында* («Манас»).

**АЙБАЛТА** *эск.* Узун саптуу, курч, жарым ай белгисиндеги согуш куралы. *Ай балтасын көтөрүп, жүрүшкө кетти баатырың* (фольклор). 2. Өтмө мааниде каардуу. *Капырай, ай балтасын көтөрө келгенби быйыл кыш?* (Турсунов).

**АЙГӨЛӨК САКАЛ** Тегерек сакал. *Айгөлөк сакал төрт миң сарт, Ажалын көздөй жалт этти* (Дүйшеев).

**АЙДАЙКЕЛ** Өз демилгеси менен иштебеген, тапшырса иштеп, тапшырбаса жата берген адамдарга карата айтылган накыл кеп. *Андай демилгесиз жаштар көсөөдөн айырмасы болбой «айдайкел» болот, бригадир бир ишти айтса иштейт, айтпаса кемеге жанында жаткан көсөө сымал үйлөрүндө жата беришет* (Жантөшев).

**АЙКАЛА** Сырт кийимдин бир өңүрүн башына, бир өңүрүн аягына келтирип жамынуу абалы. *Жамачылуу кызыл чепкенин Бейшембиге айкаласынан жаап салыптыр* (Элебаев).

**АЙКАП** Өкүнүч, өкүттө болуу. *Сагыйда да бир эсе кыз болуп жаралганына айкапта* (Садыбакасов).

**АЙМАК II** *эск.* Баш кийимге тагылган кооздук. *Алтын аймак чакмак бөрк* («Манас»).

**АЙСАЛ-БАЙСАЛ КЫЛБАСТАН** Баш-аягын жыйдырбай, арыдан бери, заматта, бир паста, бат эле. *Айсал-байсал кылбастан, Алып кеттиң кегиңди* (Тоголок Молдо).

**АЙЧА БЕЛ** Ичке бел, аялдын сымбаттуулугунун белгиси катары айтылат. *Кырмызы көйнөк, айча бел, Узуң эсен жатабы* («Сейтек»).

**АК КАДЕК** Жука ак жибек.

**АК КЕЛТЕ** *эск.* Керемети бар согуштук курал (эпостордо). *Манастын негизги куралдарынын бири катары ак келтеде да магиялык касиеттер бар* («Манас» энциклопедиясы).

**АК КЕЛТЕНИН ЧОГУ УРСУН** Кыргыздардын жоокердик курал-жарактын астында антташуусу, байыртадан келе жаткан салт. *Ак келтенин чогу урсун* («Манас», С.О.).

**АК МОКОО** Бир нерсени орундата албай, айта берип абдан тажоо. *Мен бара берип ак мокодум. Ак мокоп айласы түгөнгөн Найманбай ыйлачудай болуп кейип кетти* (Сыдыкбеков).

**АК МЭЭР** Эне сүтү. *Апанын ак мээрин, энелик мээримин актоо керектигин ойлоп, «Атаңдын осуяты ушун-*

*дай» деген апасынын сөзүн кыя албай көксөөсүнөн баш тартты* (Абакиров).

**АК ПАДЫША** *тар.* Кыргыздар Россияга кошулгандан кийинки мезгилдеги орус падышаларынын жергиликтүү калк тарабынан аталышы. *Герман менен ак падыша урушуп жатат имиш* (Абдукаримов). *Азат болор бекенбиз, Ак падыша болуп жок* (Токтогул).

**АК ТАЯК** *тар.* Кандардын, бектердин эшик сакчысы, эшик кайтаруучу жасоол. *Айлыңдан тандап ак таяк, Чабар алат* («Эл адабияты»). *Эшиктеги ак таяк, Эшик ачып ийиптир* («Манас» С.О.)

**АК ҮЙЛҮҮ** *тар.* Каршы тарапта кепилдик үчүн жашап турган кадырлуу адам.

**АК ЧҮШТӨ** Ак болотнай (кебезден согулган кездеме) деген. *Бирок уздар ушул аралыкта ийине жеткире ийленген териден көк күбө тон, көк жеке, кандагай, ак чүштөдөн көйнөк, саптудан дамбал тигип бүтүштү* (Субанбеков).

**АКАЛАКЧЫ** *тар.* Бир район же бир аймактын башчысы. *Акалакчы шаңыя күңдөлөрдү колго алып жүргөн Зунахун менен Түлкүбекке орус падышалыгына баруу кыйын дейсиңби* (Жантөшев).

**АКИС** 1. Жарыктын чачылышы. 2. *өт.* Ыйыктык, касиет. *Ак сакалымдын акиси урсун!*

**АКРАБА** Жакын, ынак, куда-сөөк. *Ат алсаң акрабаң менен, кой алсаң коңшуң менен кеңеш* (Макал).

**АКТА БОЛУУ** Көп туруп эскирип кетүү. *Көп туруп чай акта болуп кеткен тура* (Байтемиров).

**АКТА КИШИ** Боюнда перзенттик уругу жок киши деген мааниде. *Бирок, боюнда уругу жок акта киши турбайбы?* (Убукеев).

**АКЧА II** Агыш, акчыл, ак жуумал. *Акча беги нурданат, Ай асмандан тийгендей* («Мендирман»).

**АКЧААМАЙ** Анча арык эмес, болор-болбос майы бар. *Акчаамай эти бар бээ. Акчаамай булчуңдар.*

**АКЧЫ** Өз күнөөсүн же бирөөнүн күнөөсүн танып, жокко чыгарууну жакшы көргөн киши. *Мунун акчысын кантесиң.*

**АКЧЫЛАН*** Өз күнөөсүн танууга, жокко чыгарууга аракет кылуу, өзүн таза, ак катарында көрсөтүүгө аракет кылуу. *Акчыланбай эле кой жигит!* (Убукеев). *Кенебай алактап акчылана баштады* (Касымбеков).

**АКЧЫЛАНТ акчылан** этишинин аркылуу мамилеси.

**АЛАБАТА*** Күлүнөн шакар кайнатуучу куурай өсүмдүгү. *Тегерек аянтчаны калдагай жалбырак меңдубана, алабата, шыраалжын баскан* (Бейшеналиев). *Алабата, шор куйрук, Төөнүн жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо)

**АЛАГАНАТ** Мүнөзү жеңил, алабарман. Алаганат жигитке, Кылтыңдаган кыз жакшы (фольклор).

**АЛАКАНАТ** алаганат менен бирдей. *Жел өпкө, ала көөдөн, алаканат – Үчөө тең бир мүнөздөн орун алган* (Тоголок Молдо).

**АЛАКАЙЫР** Алай-дүлөй, уйгу-туйгу, бурганак. *Дүйнө астын-үстүн түшкөндөй алакайыр* (Элебаев).

**АЛАҢГИР 1.** Жаа, саадактын бир түрү. *Алыша келсе тим жатпай, алаңгирди саларбыз* («Манас»). 2. *өт.* Булүк, кыйраган, чатак. *Ал Анаркайда кой багып жүрөт. Бир күнү келет да ачкычты колуна алат. Бир жери мандем болуп калсынчы, аябай алеңгирди салат* (Байтемиров).

**АЛАТААР** *эск. этн.* Жыл кургакчыл болуп кеткенде жараткандан жамгыр тилеп, жаш баланын ыштанын шыпырып көчүгүн асманга каратып, жамгыр тилеп табынуу салты (ишеними).

**АЛАТАК, АЛАТКАК** 1. Адамдарга зыяндуу жомоктук-мифтик жандыктардын жалпы аталышы. 2. Кээде жапайы адам, же жапайы эл маанисинде да айтыла бе-

рет. *Алатактан дейсиңби* («Манас» С.О.) *Алаткак журту дагы бар* («Манас» С.О.).

**АЛАША** Сулуу, кооз, көркөм. *Алаша келин, сулуу кыз. Алмалуу булак алаша, Алмасы түшөт жанаша.*

**АЛБАҢДА** Өз боюн тыкан алып жүрбөө, салбыраган кейипте жүрө берүү.

**АЛБАР** Көрүнүшү начар, кейпинен кеткен. *Албар тору мингени.*

**АЛБАРДАН ТАЙГАН** Жүдөгөн, кейпи кеткен, салбырап самсаалап турган. *Арып-ачып, сакалдары өсүп, албардан тайган Казактын көрүнүшү аянычтуу эле* (Сыдыкбеков).

**АЛБАРДЫ: албарды болуу** – алы кетүү, алсыроо, начарлоо. *Албарды болуп жаныбар, Чалкуйрук келди чаалыгып* («Эр Табылды»).

**АЛБАРС** 1. Таза болот, болоттон жасалган, өтө курч курал, жабдык. *Албарс кылыч колунда, Каршы-терши кайсалап* («Манас»). *Албарс болсун жабдыгың, Шилтегенди кескендей* (Осмонкул). 2. Тери ооруларын дарылоо үчүн колдонулуучу уу дарынын бир түрү. *Албарс менен күчала, Сүр куйрукка ачытты* (Тоголок Молдо).

**АЛБЫН** Түтөк болгондо айтылуучу дарым. *Албын айтып эмдешип, Аттанып бери кел дешип* («Эр Табылды»).

**АЛБЫНДА** Албын айтып дарымдоо.

**АЛГЫ*** Тамыры тамакка жумшалуучу жапайы өсүмдүктүн бир түрү. *Көктөмдө тоодон алгы казып, мандалак казып жеп күн өткөрүп жаттык* (Айтматов).

**АЛЕЙНЕ** 1. Даана, ачык, көпчүлүккө жарыя. *Кыргыз адабиятында кимдин ким экенин алейне көрсөткөн, тарыхый мааниси бар талкуу экенин айтуу керек* (Турсунов). *Алейне ашык болупмун, Ай келин, сенин боюңа* («Эл адабияты»).

**АЛЕК** Жибек аралаштырып токулган кездеменин түрү. *Алек чапан.*

**АЛЕМ** Ыза, ыза болуу.

**АЛЕҢГИР** 1.Чаң-тополоң, күрү-гүү, ызы-чуу. Алеңгир салуу. *Ботом, жылкыга жети карышкыр тийип, таза алеңгирди салбадыбы* (Байтемиров). 2. Эпостордо: кыйраткыч, чуу салып, бүлүндүргүч (көбүнчө жаага карата). *Алеңгир жаа, сыр жебе, Кошо тартат Чынкожо* («Семетей»). *Алма баш мылтык асынып, Алеңгир жаасы кошулуп* («Эр Табылды»). 3. «Манас» эпосундагы Жолой баатырдын кылычынын аты. *Алеңгирди асынды* («Манас»).

**АЛКЫСА** Кыскача айтканда, ошентип, аңгемени баштасак. *Илгери чыгыш элдеринин түрки тилде чыккан аңгемелеринин башы же аңгеме кайта башталганда «Алкыса» деп кирише турган.*

**АЛМА БАШ** Эпостордо кезигүүчү эски мылтыктын бир түрү. *Алма баш мылтык асынган, Аяктай ташка жашынган* (Тоголок Молдо).

**АЛМАН I.** *эск.* Түтүн башынан алына турган салык, алым. *Түгүнө алман салганы.* («Манас» С. К.). *Алман алып, эл жемек, Манаптан нуска калган дейт* (Тоголок Молдо).

**АЛМАН II.** Алгыр. *Алман бүркүт.*

**АЛТАН** *эск.* Казатта туу көтөрүүчү адам (эпостук чыгармаларда айтылат).

**АЛЫК** *эск.* Алым, салык. *Анча-мынча кечпестен, Арбын болду алыгың* (Тоголок Молдо).

**АЛЫМ** *тар.* Феодалдык коомдо төбөлдөрдүн салып алуучу салыгы. *Алым бербей койгонду, Арык койдой тырайтып, Союп салды деп уктум* («Манас»). *Адилетсиз залимдин, Алымы качан жоголот?* (Токтогул).

**АЛЫМ АЛУУ** Өрмөк согуу ишине байланышкан атайын ык. *Алым алып иштесе, Катындын чери жазылат* («Залкар акындар»).

**АЛЫМ-БЕРИМ** Орточо, анчалык эмес. *Алым-берим сүтү бар.*

**АМАЧ** *эск.* Буурусун. *Мен ат жетелеп жүрөм, Амачты Мукбул кармайт* (Элебаев).

**АМБАЛ** *эск.* Илгери Кытай тарапта округду башкаруучу адамга берилип келген чин, бир аймактын башчысы. *Киши экен Токсаба да кызыр чалган, Кытай барып амбалдык ташын алган* (Ысмайыл). *Амбал Чулу барыптыр, Ал күнү уруш салыптыр* («Манас»).

**АМБАР** Кампа. *Амбар толгон алтын калды* («Семетей»).

**АМИРКЕН** Лак менен капталган, лакталган булгаары жана ушундай булгаарыдан жасалган бут кийим. *Амиркен алып бергенсип, Жылаңаяк көптү дейт* (Шүкүрбеков).

**АМЛЯК** 1. *тар.* Бухара хандыгынын убагындагы салыктын түрү. 2. *тар.* Чоң жер ээлөө, жеке менчик жер. Мүлк, жеке менчик.

**АНАЧЫ** Төрөткө жардам берүүчү эмчи аял. *Эчки өзү тууй албай жатып койго аначы болуптур* (макал).

**АНДААЛА** 1. Алды-алдынан, туш-тушка тарап кетүү. *Андаалаган кыргыздын, Минтип шору кайнаптыр* («Манас»).

**2.** Дал-дал болуп жыртылуу, бөлөк-бөлөк бөлүнүп самсаалап калуу. *Чокмордун этине кийген куур шымдын багалеги дал-дал болуп андаалап кетиптир* (Убукеев).

**АНДЫЗДА** Алды-артына карабай катуу чуркоо, чымын-куюн болуп жүгүрүү. *Октон качкан бөкөнгө, андыздап чуркар чөл жакшы* («Мендирман»).

**АҢГААЛ** Куулук-шумдукту билбеген, алды-артын байкабаган, энөө. *Мен сыяктуу аңгаал болбо, ар иштин келечегин ойло.* (Жантөшев). *Бөрүнүн бир эрдиги Түбүнөн аңгаал шердиги* (Тоголок Молдо).

**АҢГАР** Байкоо, аң-сезимине түшүрүп текшере билүү. *Ага-инимди чогултуп Аңгарып сөзүн көрөйүн* («Манас»).

**АҢКАР** аңгар менен бирдей. *Андан бери карата Аңкарып абам караса Таамай алты жыл болду* («Манас»).

**АҢКУШ** *туур.* Суурдун үнүн билдирүүдө колдонулат.

**АПКӨЙ ТИЛ** Бал тилге салып, куулук көрсөтүүнүн, алдоонун жолу. *Байымбет бу саам апкөй тил, азем мамиленин түпкүрү көк иримдүү экенине көзү жете камсыкты* (Бейшеналиев). – *Эх, митайым, тоголонгон молдом, апкөй тилдин мээри бар* (Бейшеналиев). *Кудайназардын каткыра сүйлөгөн апкөй тили үчүн бекер иштеп жүргөн туугандары да көп* (Жантөшев).

**АПКӨЙЛӨН** Апкөйлүк кылуу, алдоо.

**АПКӨЙЛҮК** Куулук, алдамчылык, митаамдык. *Деп оңбогон шум кемпир, Апкөйлүгүн ашырды* («Мендирман»).

**АПСАЛА I** 1. Жомок, уламыш. 2. Калп, ойлоп чыгарылган айың. *Алалдыгы чын болсо, Андай апсала сөзү коёлук* («Манас»).

**АПСАЛА II** 1. Соолуу, шөлбүрөө. 2. Шалкысы бошоо, суз тартуу. *Анын апсаласы түшүп кетти. Анын апсаласы суз.*

**АПТАРЧЫ** Майда буюм-терим, парфюмерия соодасын жүргүзүүчү соодагер.

**АРГЫТ** Атты атырылтып катуу чабуу, катуу жүрүү. *Боз жоргосун аргытып, Артынан саңын багытып Абаң Кошой калганы* («Манас»).

**АРЫП** 1. Сыйкырдык амал, дубакөйлүк. *Жадыгөйгө буюрду, Дуба менен арыпты* («Эр Төштүк»).

**АРКАСЫ СУУ** Түйшүгү жеңилдөө. *Кан ичер Төрөгелди өлүп, далай кедейдин аркасы сууган* («Ала-Тоо»).

**АРКЫТ** Суюктук куюлуучу териден жасалган идиш-сабаа, чанач, көнөк, көөкөр ж.б. *Аркыт менен бир арак* («Манас» С.О.). *Алтын ооз аркыттан Ууну куйду султанга* («Манас»). *Алтын аркыт кумара, Арак куйган идиши* («Эл адабияты»).

**АСИЛ** Тукум, урук. *Кандык кылдым канча жыл өзүмдөн жок асилим* («Эл адабияты»).

**АСИЛИ** *такт.* Эч качан, эч бир. *Ажалы жеткен барбаса, Асили киши барбас деп* («Манас»).

**АСПАНДУУ** Кымбат металлдан жасалган кылыч. *Аспандуу кылычын, Кыстарышып белине* («Эл адабияты»).

**АСТАР** 1. Ичтик кездеме. *Саржа астар,. Жибек астар.* 2. *өт.* Жашырын, ички, көрүнбөгөн себеп. *«Рахмат, бул айтканыңа» – дедим мен да, анчейин оюндагысын айткан экен десем, анын да сөзүнүн астары бар турбайбы* (Айтматов).

**АСТАРЛА** Астар салып тигүү, ич салуу, ичтөө. *Астарлап тигилген плащ.*

**АТАШ** Антташуу, шерттешүү. *Эр Семетей баатырың Аташып алган Чачыкей* («Семетей»).

**АТБОРОЙ // АПТОРОЙ** 1. Бүткүл жер бети, төгөрөктүн төрт бурчу. *Атборою сыдыртып, Дүйнө жүзүн чалчу экен* («Манас»). *Атборойго салды эле* («Семетей» С.К.). 2. Далай жерди, далай чөлкөмдү кыдырып деген мааниде. *Улуу кол башчы ат бороюн салдырып, алыскы аймактардан келатканда туунү сыймыктана карап кала турган* (Субанбеков).

**АШ КАТЫК** «Азыраак, болор-болбос бирдеме» же «көптүн арасында жалгыз гана» деген мааниде айтылат. *Тобокелди сүйөлү, бешигине баш катып, Алты кыздын ичинде айланайын аш катык* (Молдо Кылыч).

**АШКЕБИ** Өзү эчтеме кылбай, башкалардын эсебинен жашаган жатып ичер жалкоо, аяк бошотор. *Сенин кызыңдай эчтемеге жарабаган ашкеби эмес Жылдызкан* (Байтемиров). *Падышаңдын тактыдан түшкөнүн уктуңбу, арам тамак ашкеби? – деди надсмотрщикке Хаританов* (Абдукаримов).

**АШТАН БЫШЫК** Ачык-айкын, даана. *Сен молдосуң, сени болсо кулак кылышары аштан бышык* (Касымбеков). **В.: Аштан айкын.** *Күнөөлүүсү ошол экени аштан айкын* («Агым»).

**АШТАР** (наштар) *эск.* Кош миздүү (эки жагы тен миздүү) болот бычак. *Аштар алып колуна Тилип жаткан андан көп* («Манас»).

**АШТАРЛА** Аштар менен кесип салуу, кескилөө. *Токтогон окту аштарлап, тилип жаткан андан көп* («Манас»).

**АШМУШКЕ** *эск.* Кадактын сегизден бир бөлүгү. *Ашмушке чай.*

**АШПУЗУЛ** *эск.* Ашпоз (тамак-аш даярдоочу, сатуучу жай).

**АЯН I** Жай басык, акырындык менен жылып отурган жумуш. *Отрядчылар аттардын аяңы менен чубап калышты* (Сасыкбаев). *Ашыр аттын аяңына жараша арыштап, кыйкырып коюп келе жатат эле* (Сыдыкбеков).

**АЯН II:** аян кыл Токтой туруу, күтүү, аялдоо. *Жулма болгон Карагул, Аяң кылып турбастан, Аттын башын бурбастан* («Семетей»).

**АЯҢ III** Этият.

**АЯҢ: аяң-буяңга келбей** Буйдалып отурбастан, тез эле, созбостон. *Аяң-уяңга келбей жүрүп кете бергидей бардыгы шайма-шай болуп турат дейсиңби* («Ала-Тоо»).

# Б

**БААНИ I** Адам. Адам баласы, адам тукуму. «Бани» – «балдары, тукуму». «Ибн» деген сөздүн көптүк түрү. Революциядан мурда басылып чыккан китептерде жолугат.

**БААНИ II** Жалган, өтүп кете турган, түбөлүк эмес. *Бай Көкөтөй өлдү деп, Баани дүйнө, чын жайды, Барып акыр көрдү деп* (»Манас»).

**БААТЫР БАШЫ** *тар.* Кол башчы.

**БАБА КАРЫ** «Куранды» кайра-кайра кайталап жатка айтууну атайы кесип кылган адам. *Баба кары алдынан, Басып кирип бата алдым* (»Манас» С.К.).

**БАДАНА** Эпосто: баатырлар кийүүчү ок өтпөс тон, соот. *Бадана тонду кийгизди, Баатыр сындуу Манаска.* («Манас»). *Жакасы алтын жеңи жез, Ок өтпөгөн бадана* («Сейтек»).

**БАДИРЕК** 1. Теги жаман, тукуму начар. *Кыя шилтеп кылычты, Басыгы бузук, тузу арам, Бадиректи соёлу* («Сейтек»). 2. Өт. Эч нерсени аңдабаган, оңбогур. *Чыгып алып бадирек, Күн чыгышты бет алып, Көлдү көздөй салды деп* («Манас» С.О.). *Ал дагы бил мүчөлүү бадирек* («Манас» С.К.).

**БАЗЫРА** Биртике менчиктеп айдап алган жер, огород, жер.

**БАЙНАЛМИЛАЛ** *эск.* Интернационал. *Үчүнчү байналмилалды Жети кылым укканы* (Тоголок Молдо).

**БАЙНЕК** Кылычтын кынынын учундагы темирден жасалган кутуча. *Кыны кызыл, сабы алтын, байнектери сары алтын* (фольк.).

**БАЙТАЛМАН** 1. Эч кимге керексиз, баары баш тарткан, баары таштап кеткен. 2. Жексур, жек көрүмчү. *Нурзулман деген байталман* («Манас» С.О.). *Жакшы көрөт энеси, Ичтен чыккан байталман, Жазганып турат уулунан, Жамандап элге айтардан* (Тоголок Молдо).

**БАЙТЕШЕ** *тар.* Уста шайманы, чот түспөлдүү, жазы миздүү, жыгач сап ашталат, ал жыгач устачылык ишинде жумуру, жоон жыгачтарды түздөп чабууда кеңири колдонулат. *Арыкбайдын ийнинде байтешеси, бир колунда кол араасы бар эле* (Абдукаримов). *Балта, керки, байтеше, Таптаттың го жокчулук* («Эл адабияты»).

**БАЙЫС** Кайрат, сабыр. *Кантсе да баатыр уулсуң Кармасаң боло байысты* («Эл адабияты»).

**БАКАЛ II** *эск.* 1. Майда-чүйдө нерселер сатылуучу кичинекей дүкөнчө. *Бакалдар сатат баарыны Байкатып айтам шалыны* (Тоголок Молдо).

**БАКАЛА** Жол чалуу, кароо, көз салып багуу, байкоо. *Ат аябай жол жүрүп, чоң Кең-Колду жакалап, Баткендин боюн бакалап* («Сейтек*). Атты талкалаганча, жолду бакала* (макал).

**БАКПАЯК** Малдын бутунун туягынын үстүнкү жак бөлүгү, бакай чени. *Бакпаягын бүгүлтүп, Ат сураган катынды Чымындай жандан түңүлтүп* («Сейтек»).

**БАКТӨКӨЛ** Тобокел. *Бактөкөлгө салуу. Бактөкөл кылуу.*

**БАКТЫЯ** *сейр.* Бакыт, бакты. *Бактыяман көрөйүн.*

**БАКЫЛ** Сараң, ичи тар, дүйнөкор кунарсыз. *Бакылдык кылып көп малга, Кара нээт Жакыбың* («Манас» С.К.). *Баладан малды жуук көргөн, Бакыл киши экенсиң* («Манас»).

**БАЛАК** *тар.* Адамды уруп жазалоодо колдонулуучу тасма кайыш камчы, тилке калакча таяк сыяктуу курал. *Молдо колун көтөрүп, балагы менен бир-эки деп санап, мени урганын гана билем* (Баялинов). *Менин жонумдан балак алдырып, өзүмдү кордоп кууп чыкты* (Бектенов). *Балага урду балакты* («Манас» С. О.).

**БАЛАМАТ** Жамандык, кырсык.

**БАЛАНТ** Жогору, бийик, өөдө. *Жөн Орозкул эмес, корук токойдун кудурети чоң кожоюну деген атка конуп, мартабасы балант көтөрүлөт* (Айтматов). *Жетим кайдан чоңойсун, Жастыгын балант койбосон* («Эл адабияты»).

**БАЛДА** Кырсык. *Манасыман айрылып, башыма балда жеткени* (фольк.).

**БАНЖАРА** 1. Жыгачтан кооздоп, оймо-чиймелеп жасалган чарпаянын керегелери жана терезенин кооздолгон орнамент алкактары. 2. Тосмо торчо. *Банжарасы алтындан, Бар асеми артылган* («Манас» С.О.).

**БАРАЙЫЗ** Мусулман дининин милдеттери тууралуу жазылган китептин аталышы. *Барайыздан бата окуп, Бачымыраак жат окуп* («Манас»).

**БАРАК 2** Сапсайган узун жүндүү, сапсагай. *Илгери барак эл болчу дечү эле, Тула бою түк баскан* (Токтогул). *Барак жүндүү дөбөттөр күрпөң жортот.* (Айтматов). *Жай буралтат барак, узун куйругун* (Токомбаев).

**БАРАКАТ** *сейр.* Жай, шашылбаган тынч абал, жайбаракаттык. *Үйүндө ыракаты жоктун талаада кош бараката бар* (макал).

**БАРАҢ** Милте менен эмес, пистон менен атылуучу эски мылтык. *Он чакты бараң мылтыгыбыз бар* (Баялинов). *Арта салып бир ташка, Бараңды турду беленддеп* («Манас»).

**БАРГЕК 1.** Аялдардын чачына тагылуучу же чекесине тартып кийүүчү алтын, күмүштөн ж.б. жасалган кооздук жасалга. *Алтындан баргек сөйкөнү Асемдеп сага тагайын* (Жантөшев).

**БАРПЫ III** Кадырлуу деген мааниде. *Бактылуу барпы боруму* (Тоголок Молдо).

**БАРЧА 1** Алтын же күмүш менен кештеленген калың жибек кездеме.

**БАС II: бас келүү** – тең келүү, барабар келүү, теңдеш болуу. *Барган менен абаке, Бас келе албас биздин шай* («Манас»). *Баралына келгенде Бас келе албайт эч балбан* («Курманбек»).

**БАСКАК** Жалпагыраак келген кайкы. *Баскак мурун кара жигит.*

**БАСМА II.** Тамак оорунун бир түрү.

**БАСТЕК II.** Кичине бойлуу, жапыз, жапалдаш. *Көзү жыртак, бою бастек сары киши* (Жантөшев).

**БАТ I.** Крахмал, ундан жасалган желим.

**БАТКАЛ** Капталдай ойдуңураак тартып кеткен жер. *Кең өзөндүн баткалда Керилип кыргыз жатканда* («Манас»).

**БАШМАНДАК: башмандак атуу** – төбөсү менен аласалуу, төбөсүн жерге тийгизүү менен тоголонуу, тоңкочук атуу. *Башмандак атып ойногон балдар.*

**БАЯНАЛУУ** Ыңгайлуу, оңтойлуу. *Баяналуу күн тууса, Балдарың табар эсебин* (Тоголок Молдо).

**БЕДЕР I 1.** Куштардын канат-куйруктарындагы туурасынан кеткен толкун сымал быжыр-быжыр тактар, издер. **2.** Сайма сыяктуу кооздук, оймо-чийме, наар. *Бедери жок торкодон бек токуган бөз жакшы* (макал). **3.** Баа, баалуулук. *Көк болотто бедер жок, Көпчүлүктө нелер жок* («Манас»).

**БЕДЕР II** Кылыч *Калыңдыгы бир эли Кара курчтан бедери Кайкы келген учу бар* («Манас»).

**БЕДЕРЛҮҮ** Оймо-чиймелүү, кооздолгон, наар түшүрүлгөн, бедери бар. *Бекбекей ашты бел ашты, Белине бедерлүү саадак жарашты* (Жантөшев).

**БЕЙКАСАМ** Эриши жип, аркагы жибек болуп токулган жылтырак кездеме. *Кара бейкасам бешмант, ак жибек көйнөк кийген* (Жантөшев).

**БЕЙЛЕ** Көңүл буруу, көңүл коюу, баамдоо, байкоо. *Айтсам кызык мунум бар, Бейлеп, жетим, угуп ал* («Сейтек»). *Көкөнүн көзү капшыт жактагы чоң күзгүгө барып урунду. Баятан бери бейлегенин кара* (Касымбеков).

**БЕЙМААЛИ** Долу, албуут, жайдары эмес. *Беймаали болсо аялың, Күнүгө үйгө чуу салат* (Токтогул).

**БЕКАЙБАТ** Жыргалга алпарбай турган, тынчты кетире турган, айбаттуу. *Жыйын дем тартпай, тым-тырс болуп, Абыл бийдин колундагы бекайбат кагазды тиктеп калды* (Касымбеков).

**БЕКТЕРБЕК** *тар.* Бектин күйөө баласы. *Сахибалар колдоп койду эле, Самаркентке бектербек...* («Эл адабияты»).

**БЕЛЧИР 1.** Жылкынын соорусу, арка менен жамбаштардын кошулган жери. *Ат кулактан жулуп белчирге төшөй, көрпөчөмдүн бир учун анын үстүнө салып берип, Сатыкулду учкаштырып алгам* (Касымбеков). 2. Жылкынын соорусунун терисинен жасалган өтүк. *Белчир өтүк.*

**БЕРТИК 1.** Бели мертингендик. *Ошого көз арткыдай менин жаным жартык, белим бертик эмес* (Касымбеков).

**БЕРТИК 2.** Белин оорутуп алганда тартуу үчүн жасалган нанга кошуналардан үн чыгарбай ун суроо. *Белиң ооруса бертик сурап нан бышыр.*

**БЕШИ КЕТҮҮ** Үрөйү учуу, сестенүү, коркуу. *Минте берсең Семетей, Беши кеткен бул элди Бейпайга дагы саласың* («Семетей»).

**БИГИЗ** 1. Шибеге. 2. Чуштугуй.

**БИРИЛТИК** 1. Чүкө эсептөөдө бир чүкөнүн эсебин билдирүүчү эсеп бирдиги. *Бирилтик чүкө.* 2. Өз алдынча, айрым, жеке. *Калың эл бута атымдай калган кезде Эр Жунуш бирилтикте бара жатты* (Токомбаев).

**БИРГАЗАН**** Ири суу кушу.

**БОГОО** Кишен. *Буурул атта богоо болсо, аны кесер өгөө да болот* (Токомбаев).

**БОЙРО** Камыштан ж.б. согулуп, жерге салуу же жабуу үчүн жасалган нерсе. *Бойро төшөлгөн нар.*

**БОКЧО** 1. Капчык, баштык. *Боз коёндон түлкү көп, Бокчого жыйган мүлкү көп* («Манас»). 2. Майда-чүйдө нерселер же баалуу буюмдарды салып байлап, түйүп коюучу түйүнчөк. *Кемпирдин чечип бокчосун карап, Көбүнүн үйүн алыптыр талап* (Абдыраманов).

**БОЛОТНАЙ** *эск.* Пахтадан токулган ак кездеме. *Жаңы болотнайдан шейшеп тикти.*

**БОЛУШ I** 1. тар. Революцияга чейинки Россияда жана СССРде 1930-жылдарга чейин райондоштуруу жүргүзүлгөнгө чейинки мезгилде уезддин бир бөлүгү болуп эсептелген төмөнкү административдик-аймактык бөлүнүш бирдиги, волость. *Ак-Буура болушундагы калктын бардыгы чоң мечиттин алдындагы аянтка чогулган* (Абдукаримов). *Канай болушу.* 2. Ушул бөлүнүштүн, аймактын башкаруучусу. *Лампаны эң биринчи Сарыгул деген болуш алып келиптир* (Сыдыкбеков). *Айдалып барып болуштан Агани таптым орустан* (Токтогул).

**БООРТКО** Баланын колу-бутун ороо-чулгоосуна ороп, сыртынан таңа турган бешиктин боосу. *Боорткосун бек тартса, Бешикте бала туйлабайт* (Токтогул).

**БОРЧ** 1. Карыз, насыя, бересе. *Дыйкандын түбү – кенч, соодагердин түбү – борч* (макал).

**БӨЖҮ** Майдалап катуу жорголоо. *Элпек кунан тыпылдап бөжүгөндөн талбайт* (Бейшеналиев).

**БӨЛАЛДЫ** Бөлүндү. *Күч бөлалды болуп жатат* (Таштемиров). *Булардын сөзүн бөлалды кылган бир атчан киши болду* (Байтемиров).

**БӨРК** 2. Мыктын балка менен ура турган жагындагы тегерек башы. *Мыктын бөркү.*

**БУЙЛА** 1. Мурундун эки таноосунун ортосундагы чемирчек калканч. *Сенин буйлаңдан жанагы Карачач тешсе керек* (Абдыраманов).

**БУКАРА** 1. Бирөөгө таандык, бирөөнүн көзүн караган, кандайдыр бир мамлекетке, хандыкка ж.б. таандык болгон адам. *Сая кылар багы жок, Букаранын алы жок* (Тоголок Молдо). *Атап айткан даңкым жок Букараңыз боломун* («Мендирман»).

2. Кедей, эмгекчи карапайым эл. *Жакшылар көтөрүлгөнү турган калың букарадан айбыгып, жалтактай турган эле* (Элебаев). *Каршылаштык манапка Өң букара бир тарап* (Токтогул).

**БУКТА БАКАЙ** Сындуу, келишимдүү. *Букта бакай тор жорго* (фольк.).

**БУЛАНТ** *эск.* 1. Бийик, жогору. 2. *өт.* Үйдүн чатыры.

**БУРАК I** Эпостордо, жомоктордо айтылчу чаалыкпас, чарчабас тулпар, мыкты күлүк. *Туйгун аяш атаңдын Белекке калган бурагы* («Манас»).

**БУРАК II** *сейр.* Толуп турган жаш мезгил, гүлгүн жаштык. *Жаш өмүрүң гүлдөтүп, эркин өстүң жаш бурак* (Бөкөнбаев).

**БУРДАЛ** Барал. *Бурдалына келгенде Бузукту салат элиме* («Манас»).

**БУРКУ** *сейр.* Түрдүү, түркүн (эпостордо). *Манжуулардын алтымыш бурку илимин Алты жыл жатка окуган* («Манас»).

**БУРТА** Уйдун карынынын катталган майлуу жери жана ошол бөлүгү. *Уй деген бир улук мал Ушу сөзгө кулак сал. Бурта байлап семирип, Бурулуп басса демигип* (Тоголок Молдо).

**БУРУШ III** *сейр.* Малга убактылуу салынган эн, белги. Койго буруш уруу.

**БУРЧУЛ** *сейр.* Капалуу болуу, кайгыга батып туруу. *Бурчулуп турам.*

**БУУЛУМ** *эск.* Баалуу кездеменин бир түрү. *Ичин суусар ичтетип, Тышын буулум тыштатып* («Манас»). *Буулумду кийип кирдеткен, Буурулду минип тердеткен* (Токтогул).

**БУУРСУН** Жер айдоо үчүн колдонулуучу эң жөнөкөй эмгек куралы. *Далбайдан эки өгүздөн кошулган эски буурсун, үрөн жана жер алып, эгин эгүүгө киришти* (Жантөшев). *Жетелеп буурсун башын бара жатса, Шорголойт баштан төмөн кара баткак* (Абдыраманов).

**БУЯМА** Чама, мүмкүндүк. *Ширеңке чагууга Каныбектин буямасын келтирбей, үчөө үч жактан кучактап калышты* (Жантөшев).

**БҮЙРӨ I** Камбыл, сарамжалдуу, тыкан. *Күндүзгүнү түнгө калтырбай, бүйрө бол, чыйрак бол, жарыгым* (Сыдыкбеков).

**БҮКӨМБАРА** Таш-талкан, быт-чыт. *Бүкөмбарасы чыгып кыйрады.*

**БҮКШҮ*** Жыты бузулуу, сасыган, бузулган жыт чыгуу. *Үйдүн ичи бүкшүгөн тери жыттанат* (Токомбаев).

**БҮЛДӨ** *сейр.* Кымбат баалуу кездеменин аты.

**БҮРКӨК I** *сүйл.* Түндүк жабуу. *Түндүгүнүн бүркөгүн Сыр найза менен ачты дейт* («Саринжи-Бөкөй»).

**БҮРЧӨК** *сейр.* Бурч, булуң. *Бүрчөктөрү дирилдеп, Кабыктары туурулду* (Токомбаев).

**Бүрчүгүнө тең келбөө** – кымындай да тең келбөө, татыбоо. *Мен алардын бүрчүгүнө да дал келбейм* (Абдумомунов).

**БЫШТАН (ак быштан)** Ээрге салынган көрпөчөнүн үстүнөн бастыра турган бастырма, ичке тасма. *Аюу көпчүк, ак быштан Азамат аты көрүнөт* («Сейтек»).

**БЫЯЗЫ** *эск.* Колго токулган кездеменин бир түрү. *Жакшы соккон быязы-сары жаргак чалбардай.*

# В

**ВАЖИП** Ислам дининин жоболорунда милдеттүү түрдө аткарыла турган эреже.

**ВАЗИФА** *сейр.* Милдет. *Кайып улуктун алдыга койгон жаңы вазифасын чын жүрөктөн кабыл алган* (Сасыкбаев).

**ВАКИЛ** *эск.* Өкүл. *Кыргыздар вакилдерин жиберишип отурушат.* («Эркин Тоо»).

# Г

**ГАЖАРЫ** Түр салынып, колдо жасалган шалча, эки бетине тең бирдей көчөт салып согулган таар. *Гажаарыдан себи бар* (элдик фольклор).

**ГАЗАВАТ** *тар.* дин. Мусулмандардын башка диндегилерге каршы ыйык согушу, дин үчүн болгон казат. *Басмачылар элди алдаш үчүн эле жалпы мусулмандар газаваты үчүн дешет* («Ала-Тоо»).

**ГҮЛБОТО** Отко чыдамдуу ылай, ошол ылайдын топурагы. *Анжиянды чалдырган, Гүлботону алдырган* («Манас»).

**ГҮЛАПСА** Оорунун аты, адамдын боор оорусунун бир түрү.

**ГҮЛСТАН** Гүлдөгөн, жашылдандырылган жер. *Жерибизди гүлстанга айланттык, Жан аябай кужүрмөндүк иш менен* (Токомбаев). *Жеткен жериң гүлстан Шаар болгон аккан суу* (Алыкулов).

**ГҮЛҮСТӨН** 1. Гүлзар менен бирдей.

2. *сын. м. Жайнаган, гүлдөгөн, жайдары. Узактадым кырчын жаштан гүлүстөн* (Токомбаев). 3. Көбүнчө аялдар өлгөн күйөөсүн кошуп ыйлаганда, эскергенде колдонулат. *Гүлүстөнүм Күлчоро* («Сейтек»).

# Д

**ДААКЫ** 1. Жаныбарлардын жазында түлөп түшүүчү жүнү. *Тайлар даакы жүнүн таштап кулундар алда качан кара кулак болгон* (Жантөшев). 2. Түгүн сыртын каратып кулундун терисинен жасалган тон. *Даакылары тытылып, Балдар ыйлап бойбойлоп* («Манас»). *Үстүнө кулун даакы кийген бай күйөө колуктуга жаккан жок* (Сыдыкбеков). 3. *өт.* Тытылып, самсаалаган, абдан эскирген кийим, төшөнчү ж.б.

**ДААКЫЛАН** Даакысы чыгуу, эскирүү, жыртылуу, самсаалоо. *Даакыланып бүткөн кийим.*

**ДААКЫЛУУ** Жазгы жүнү түлөй элек, даакы жүнү бар, даакысы түшө элек. *Жазга жакын болгондо Даакылуу тайлар чуркашат* (Осмонкул).

**ДААЛДА** Бир нерсени көп элес албай дуулдап жүрө берүү, эч нерсе жашырбай ачык болуу. *Ыйлаак Мамыркандыкына келгенде даалдап алабарман жүрө берчү* (Байтемиров). *Көчөр даалдаган ак көңүл, ачык* (Бейшеналиев).

**ДАГДЫ** Көнүмүш, көндүм болуп калган адат. *Эртең менен муздак сууга жуунуу ага дагды болуп кетти.*

**ДАГДЫЛАН** Дагды болуп кетүү, көнүмүш адат болуп кетүү. *Нуркасым шахтерлук жумушка абдан дагдыланып калган кезде армияга чакырылды* (Сасыкбаев).

**ДАЕК** Ат чабышта коюлган байге. *Даегимди бер.*

**ДАЕКЧИ** 1. Ат чабыштын байгесин бөлүштүрүүчү жана ушул ишти тийиштүү эрежеси менен алып баруучу адам. *Каныбек даекчилер кармап турган козулардын бирин тандап, эңип алып кете берди* (Жантөшев). 2. *эск.* **кыбачы** менен бирдей.

**ДАЙРЫ** 1. Канат жазып күүлөнүү, умтула канат күүлөө, канат сермей күүлөнүү. *Канатын анда-санда ирмеп асманга дайрып бараткан барчын* (Токомбаев). 2. *өт.* Умтулуу, бир нерсеге аракет жасоо. *Дайыны жок жумушка Дайрыган менен жетеби* («Курманбек»).

**ДАК 2** *диал.* Доо. *Дак кылып келүү.*

**ДАКИ I** 1. Пахтадан жасалган жука ак кездеме. *Зейнептин башында ак даки оромолу бар* (Абдукаримов). *Уулуу чаңдан сакталыш үчүн бетти даки менен тосуп алуу керек* («Ден соолук»).

**ДАКИ II** Кексе, куу, митаам, амалкөй. *Ыракымбай музоолордун жеткирбесине көзү жетеби, же даки болуп калганбы, айтор артынан сүрө түшпөйт* (Элебаев).

**ДАКИЛИК** Куулук, митаамдык, айлакерлик, кекселик.

**ДАЛБА** Ителги, шумкар, ылаачын алганга, үндөккө келүүгө үйрөтүү үчүн колдонулуучу канат кеп. *Далбага түшөт кара куш, Ак шумкар учкул – сара куш* (Барпы).

**ДАЛКЫ** Туз эскиргенде же көпкө туруп калганда пайда болгон кыйгыл ачуу даам, кыйгыл шор даам. *Мени сынаба, далкы баскан тузду сына!* (Жантөшев). *Тузду мээнет чырмаса, Далкы чыгып, шор болот* (Калыгул).

**ДАЛЫЧЫ** *эск.* Далы карап төлгө тартуучу, далы ачуучу.

**ДАМА*** Үмүт, дымак. *Кейпи Суусар сулууга үйлөнсөм деген дама менен ошентип жүрсө керек* (Убукеев).

**ДАМААМАТ** Ар качан, дайыма, ар убак такай. *Дамаамат кечигип келүү. Дамаамат бар болуп туруу.*

**ДАМАЛАН** Үмүттөнүү, дама кылуу, үмүт кылуу.

**ДАМБЫР:* дамбыр таш** – *этн.* Жазында биринчи күн күркүрөгөн учурда «Жер жарылып, көк чык! Желин айрылып сүт чык!» деп, чөптүн, сүттүн көп болушун тилеп, чаканы, бош идишти калдыратып үйдү айланып чуркоо ырымы.

**ДАМЕ** Ал, күч, кайрат, дем. *Ал, дамеден эч нерсе жок. Дамеси кетти.*

**ДАМЕЛҮҮ** Алдуу, кайраттуу, күчтүү, демдүү. *Ээлигип турам, Кайраттуу, дымактуу, дамелүүмүн* («Советтик Кыргызстан»).

**ДАМЖЫ** *сейр.* Үстүнө кошумчалоо, демөө.

**ДАНДАНКҮ** Тиш чукур, тиш чукугуч ичке шиш. *Данданкү мынча, эт канча?* (макал).

**ДАҢКАН*** Жылкынын туягынан ыргып түшкөн топурак, кар ж.б. *Чоң торунун аяктай туяктарынан муштумдай даңкандар чырылдап ыргып жатты* («Жаш ленинчи»). *Катуу жүгүргөн тулпарлардын туягынан даңкандар көккө карай ыргып чимирилет* (Жантөшев).

**ДАҢСА I** 1. Белгилүү, көрүнүктүү, атактуу адамдардын аты жазылган китеп, санжыра (эпос боюнча) *Чоң даңсада каты бар, Атагын уккан чочуган* («Манас»). 2. *өт.* Кытайдын түпкү мыйзамы. *Манжуу каны Нескара артык баатыр дагы бар, чоң даңсада каты бар* («Манас»). *Чоң даңсада каты бар, Атагын уккан чочуган* («Манас»).

**ДАҢСА II** Казандагы ашты же бозону аралаштыруу үчүн колдонулган калакча.

**ДАРАН** Өрөөн, капчыгай. *«Мазан» деп токойду айтат. «Даран» дегени бөлөк-бөлөк колот болот* (Тоголок Молдо).

**ДАРАЙЫ** Эки бети тең бирдей өңдө токулган жука жибек кездеменин бир түрү. *Акеркеч басып чыкканы, Дарайы көйнөк делбиреп, Саамай чачы желбиреп* («Манас»). *Таза кылып жуудуруп, Дарайы менен буудуруп* («Семетей»).

**ДАРАЛА** *сейр.* Жеке, жеке кылып бөлүү, өзүнчө айрым-айрым бөлүү.

**ДАРБАЗ** *сейр.* **дарчы** менен бирдей.

**ДАРЫМ** Көбүнчө оорулууну дубалап, суу бүркүп эмдөө жолу.

**ДАТТИКЕМ** Төрт чүкөнү өкчөп ойноочу оюн.// Ушул оюнда төрт чүкөнү өкчөгөн мезгилде айтылуучу сөз.

**ДАШ** Чоң, зор.

**ДАШ КАЗАН** 1. Кирпич жана карапа бышыруучу чоң казан. 2. Аш-тойлордо эл көп чогулган учурларда тамак-аш даярдалууга ылайыкталган өзгөчө чоң чоюн казан. Кээде андай казанды кырк кулач казан деп да аташкан. Өзгөчө чоң жез казан да эскерилет. Даш казандай туягы. Ак боз бээни сойдуруп, Даш казанга салдырып (Эл ыры).

**ДАЯ** Бала багуучу аял. *Баланы багуу жагын акылдашты, Даяга берүүнү макул тапты* («Эл адабияты»).

**ДЕЙИЛДА, ДЕЙИЛДЕ** Кымбат баалуу кездеменин бир түрү (эпостордо).

2. Ушул кездемеден жасалган сырт кийим. *Дейилда чапан.*

**ДЕМБЕЛЕ** Үстү-үстүнө артуу, үстөккө-босток кошумчалоо, уламдан-улам көбөйтүү, аракет тез-тез болуп туруу, күчөө. *Уркуянын эриндери калтырап, кирпиктери дембелеп ирмелип турду* (Байтемиров).

**ДЕМБЕ-ДЕМ*** *такт.* Үстү-үстүнө, үстөкө-босток, уламулам, удамдан-улам. *Жакшы чыккан нак бозо дембе-дем ичиле баштады* (Касымбеков). *Кайыкчы күлүмсүрөп алыс карайт, Дембе-дем канжасынан түтүн булап* (Маликов).

**ДЕМЖИ** *эск.* Умтулуу, жүткүнүү. *Аббали, укем, ушул жөнүндө айт!-деп Чоң Койчу комдоно демжип койду* (Жантөшев).

**ДЕРЕЙ** 1. Серейген кыймылсыз көрүнүштө болуу. *Дерейип катып калган киши жатат Арчанын көлөкөсү аны басат* (Шүкүрбеков). 2. Дердейүү, менменсинүү, көтөрүлүү, чиренүү, бой көтөрүү. *Сөз чыгарбайт кедейден, Старчындар дерейген* (Тоголок Молдо).

**ДИДААР** 1. Жүз, бет, өң. 2. Көрүшүү, жолугушуу. *Ак-Талаа, Куртка жер аман, Ага-тууган эл аман. Көрүштүк дидаар канимет, Учурашып деги аман* (Тоголок Молдо). *Дык көрдүм канча Коңурдан, Дидаары курсун Эсенкан. Карчалыша келгенде, кыйноону тарткан биздин жан* («Манас»).

**ДИДАР** адамдын жүзү, бети. *Атай Сейнепти кучагынан жибербей анын дидарын тиктейт* (Каимов). *Аман-эсен келгиле, Ак дидарым көргүлө* («Эр Табылды»).

**ДИЛАРА** 1. Жүрөктү кубанткан, көңүлдү тарткан.

**ДИЛДЕ** 1. тар. Наркы беш сомго барабар болгон алтын акча, тыйын. *Жигит дилделерди кармалап келе жаткан эле* (Токомбаев). *Кул болсом да баалашсам, жети дилде пул болдум* («Кедейкан»). 2. Алтын. *Сексен төөгө дилде артып, Темирканга баралык* («Манас»). *Жүк бурчу бакан ачалуу купасын чапкан дилдеден* («Саринжи-Бөкөй»). *Дилдеден оймок билеригим* (Барпы).

**ДИРДИЙ*** Толуу, толуп чыңалуу, тирсийип чыгып туруу. *Бурчтары дирдийген опокшош алты жаздык жүктүн үстүндө катар тизилген* (Сыдыкбеков).

**ДОГДО** *сейр.* Күргүчтөй каптоо, көп болуп жабыла жайнап кирүү, чогулуу, жабалактай топтолуу. *Догдоп кирип баруу. Догдогон көпчүлүк.*

**ДОРГО** Башчы, аксакал, улук, аким. *Камданайын акыр деп, Доргосуна чаптырды* («Манас»).

**ДОСОНДО** *сейр.* дос, антташкан дос. *Досондонун жаны бир, куданданын малы бир* (макал). *Досондону ант урат, куданданы бата урат* (макал).

**ДОТАЙ** Кытайдагы бир аймактын башчысы, аймактын жарандык ишин башкаруучу. *Кашкардагы доотай-*

*дан жана орус падышачылыгынын консулунан алакандай кагаз алсак* (Жантөшев). *Кашкардан доотай чыкты деп угуп, Капкайдагы эл угуп* (Чоробаев).

**ДӨӨЛӨТ** 1. *эск.* Мамлекет, бийлик. *Дөөлөтү көлдөй толуптур* («Манас» С.О.)

**ДӨӨТҮ** *эск.* Сыя челек, сыя куюучу челек.

**ДӨӨТҮ** *миф.* Диний мифологиядагы пайгамбардын аты. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгында темир устанын пири, усталардын колдоочусу. *Төкөр уста Бөлөкбай Дөөтү менен дос болгон* («Сейтек»).

**ДӨРБӨН** Төрт. *Дөрбөндөрдүн төрт пайы, Төп сүйлөгөн сөз жайы. Төлгөчү кара Төлөгү, Төгүн эмес өнөгү* («Манас»).

**ДУМБАЛА*** 1. Ороп-чулгоо, орой салуу, чүмкөп коюу. *Экөөнү чапанына, бирөөнү жоолугуна думбалап койду* («Советтик Кыргызстан»). *Апам мени жуурканым менен кошо думбалай көтөрүп, бооруна кысып, эки бетимден өпкүлөп жатты* («Ала-Тоо»).

**ДУҢГУЛ*** Дугдуйган, сөөк-саактуу, тарамыштуу москоолунан келген. *Кудайназар куудул чал Купшуңдаган дуңгул чал* («Эр Табылды»).

**ДУУДАМАЛ** *эск.* Кең таралып, дуу-дуу болуп кеткен сөз, дуулдатып күчөтүлгөн кабар, имиш-имиш. *Ушунетип айтылган сөздөр божомолго, түкшүмөлгө, дуудамалга өтүп, Ош шаарынын ичин дүңгүрөтүп жатты* (Жантөшев).

**ДҮКӨРТ** 1. Жылкынын жал-куйругун күзөө үчүн колдонулуучу кайчыдан чоңураак атайын жабдык. 2. Мурут серпүү, тырмак алуу үчүн колдонулуучу кайчы. *Дүкөртүң бардыр жаныңда, Устараң бардыр койнуңда* («Манас»).

**ДҮМ БОЛУУ** Макул болуу, эл тарабынан колдоого алынуу. *Аттанып айкөл кан болуп, Айтканы элге дүм болуп* («Манас»).

**ДҮМБӨ I** *сейр.* Сүмбөнүн учу, сүмбө

**ДҮМБӨ II** 1. Бир нерсенин дүмпүйгөн түбү, дүмбөгү, дүңгө. *Тиштин дүмбөсү. Бир топ чийдин дүмбөсү кучак келип, башында турган бубактар салаңдап турат* (Элебаев).

**ДҮМӨК** Чыр-чатак, чуу түшүргөн дүрбөлөң, бүлүк, коогалаң, чуулган. *Ай-ааламды буй кылып Журтка дүмөк, шум кылып, Эл кордогон зоруң ким* («Манас»). *Билеги жоон таш жүрөк Душманга салган чоң дүмөк* («Манас»). *Басташып келген душманга, Майданда салат чоң дүмөк* (Тоголок Молдо).

**ДҮР II** Кымбат баалуу асыл таш, берметтин бир түрү. *Алтын, күмүш, жакуттан, Асыл таштан дүр жакшы* (Тоголок Молдо). *Солкулдап баары таза кымбат дүрдөй, Тазалык таңындагы биздин заман* (Барпы).

**ДҮРДҮК** Жапырт дүргүү, жалпы дүрбөп жөнөө, күргүчтөй дүрбөө. *Мына бул жер-эл дүрдүгүп качкан жер* (Турусбеков). *Отургандар дүрдүгүп сыртка бет алышты* (Бейшеналиев). *Ары жактан эчки чүчкүрүп, койлор дүрдүгө түштү* (Убукеев).

**ДҮРҮЙӨ** Шайынын бир түрү. *Көк дүрүйө көйнөгү, Сансан болуп бөлүнүп, Көзүнөн жашы төгүлүп* («Эр Төштүк»).

**ДЫКАТ** 1. Капа, убайым, көңүл кайгысы. *Энем менен Акмарал дыкат болушпасын, атамды бир зарыл ишке жибергенмин.* («Ала-Тоо»).

2. Көңүл койгон, жыйынтыктуу, тыкан. *Дыкат туруу. Дыкат байкоо.*

**ДЫҢГЫЛ** *сейр.* Тартынбаган, өткүр, тайманбаган. *Кырктын башы Кыргылы, Кылымды жеңген дыңгылы* («Манас»).

**ДЫҢДООК** *сейр.* Чыкый сөөгүнүн бир учу.

**ДЫРАМ** Күмүш тыйын, күмүш акча. *Бокмурун амир кылгандыр, Андагы теңге дырамдар* («Манас»).

# Ж

**ЖААНГЕР** *сейр.* дүйнө жүзүн жеңип алуучу, каратып алуучу согушчан.

**ЖААРАЗАК** Белгисиз, күмөндүү. *Кел жээним, эми дагы качан менин колуман наар сызарың жааразак, ичип кой* (Жусубалиев).

**ЖАБАГЫ I** Беш-алты айлык кулун (жазда туулуп, күзгө жеткен маалындагысы). *Жабагы жалын тараймын, Жылкымдын төлүн санаймын* (Маликов). *Жабагысы тай болду, Жалпы журту бай болду* («Мендирман»).

**ЖАБАГЫ II** Түлөп түшүүгө айланган жазгы даакы жүн. *Жонунан өөгүнө чейин узунунан кыркып, койдон жабагы жүнүн ажыратат* («Айыл чарба»). *Жабагы жүндөн арылып, Жетилди чобур туягы* («Советтик Кыргызстан»).

**ЖАБЫР БАЯН** Эпос түшүнүгү боюнча жалпы эле азуулуулардын – жырткыч айбандардын эң күчтүүсү, коркунучтуусу катары түшүнүлгөн мифтик жандык. *Жабыр баян жандар бар* («Манас»).

**ЖАБЫТ** Далдоо, калканч, кокту сыяктуу ылымта жер. *Абдан жакын келсин деп, Жабытта жатты токтолуп* («Эр Табылды»). *Жабытта жаткан береги, Чалкалмакты келип көр* («Эр Табылды»).

**ЖАГЕНЕ** Өсүмдүктүн арасын суюлтуу, анын артык баш бутактарын кесип таштоо, бириндетүү иштери. *Гозобуз текши өнүп чыгып, жагене иштери бүткүчө Токтор көз болуп жүргөн* (Абдукаримов).

**ЖАДАА** 1. Жай таш. 2. Күн жаадырып жайлаган окуу.

**ЖАДААЧЫ** Күн жайлаган жайчы. *Дуба окубай жүрбөгөн, Чоң сыйкырчы жадаачы, Акундун кызы бейбактын, Бул өнөрүн карачы* («Сейтек»).

**ЖАДААЛ** Каар, көктүк. *Жадаалын салып Канчоро, Качырып кирип чорону Шилиге тартып жиберди* («Сейтек»). *Деп, ошентип зор Кыяз Жадаал жинден баштады*

(«Сейтек»). *Жадаал салсам жайлаймын, Жакындаба Кулчоро* («Сейтек»).

**ЖАДЫГЕР I** Жадыгөй, сыйкырчы, жайчы. *Жадыгер дуба окуган, Алдамчы эшен экенсиң* (Токтогул).

**ЖАДЫГЕР II** *сейр.* Эстелик.

**ЖАДЫГӨЙ** 1. Сыйкырчы, азгыруучу, алдоочу, баш айландыруучу. *Көргөзбөй байлап көзүмдү, Жадыгөйлөр биригип, Алып кеткен өзүмдү* («Сейтек»). *Жадыгөйдөн кеп угуп, Алп Манастын тукуму Жабыркап кетти деп угуп* («Сейтек»).

**ЖАЗАЙЫЛ** *тар.* 1. Эски убактагы майда калибрдүү замбирек, оор мылтык. *Жазайыл атып, жаа тартса, Кылк этип бир тал өтпөгөн* («Сейтек»). 2. *өт.* Мүшкүл, кыйын иш, башка түшкөн азап. *Жазайыл, жаңжал билбейли, Эми Кулчорого тийбейли* («Сейтек»). *Жазайыл салып мойнума, Атакең жатпай кетти койнуңа* («Семетей»).

**ЖАЗАЙЫЛДУУ** 1. Жазайыл асынган, жазайылы бар. 2. *өт.* Мүшкүлдүү, азаптуу.

**ЖАЗАЙЫЛЧЫ** Жазайыл менен атуучу адам.

**ЖАЗАНА** *сейр.* Айып, штраф.

**ЖАЙЧЫ** *миф.* Жай таштын жардамы менен аба ырайын өзгөртүп жиберүүчү сыйкырчы. *Кар жаадырып күн жайлап, Калкында жайчы бар экен* («Эр Табылды»).

**ЖАЙЧЫЛЫК** 1 Жайчынын кесиби, күн жаадырып же аба ырайын өзгөртө алуучулук. *Жайчылык өнөрү бар.*

**ЖАЛАҢТЫК** 1. Жука, жалаң кат, ичи жок, ичтелбеген, бир кат. *Каным эже бирөөнүкүнөн жалаңтык бейказам чапан сурап келди* (Бейшеналиев). 2. Теринин бир жери жараланып же карты сыйрылып, тегереги кызарып жукарып калган учуру. *Колум кызыл жоор болуп жалаңтык боло түшкөн экен* (Каимов).

**ЖАЛКАК: көк жалкак** өтө жылма болуп тоңуп калган, жалтырак, жылмакай, жылгаяк. *Көк жалкак мөңгүгө окшоп суунун өңү* (Маликов).

**ЖАЛКЫН** Колдун же буттун (тамандын же алакандын) эни, туурасы, жазылыгы. *Жалкыны карыш кол менен Жаактан ары бир чапты* (Осмонкул). 2. Балта, кетмен ж.б. эни, жазылыгы. *Жалкыны карыш ай балта* («Манас»). *Ташбай топо себилген ылайды жалкыны этектей кетмен менен камырдай жуурат* (Сыдыкбеков).

**ЖАЛПООЧ** Кооздолгон ат жабдыгы (ээрден башкасы).

**ЖАЛТАР** *сейр.* Жалтануу, жалтайлоо.

**ЖАЛУУ** *сейр.* Текеберлик, көөдөн көтөргөндүк, куру дымак. *Жакшыда жалуу жок, Жаманда каруу жок* (макал). 2. Үмүт, максат, тилек. *Жан жалуум айтайын* (фольклор).

**ЖАМА 1: кара жама.** Жаак жана ооз эттерин бузуп, жеп жиберүүчү жара оорусу. *Какшатып неге жеген жок, Кара жама оозумду* («Мендирман»).

**ЖАМАЖАЙ*** Ооздун эки жагындагы кычыктары. *Супахандын оозунан шилекейи чачырап, эки жамажайынан көбүк чыгып турду* (Жантөшев). *Жамажайы ылдый салбыраган, оозу чоң, бет сөөгү уркуйган, далылуу сары киши сайышка чыкты* (Осмоналиев).

**ЖАМГАР** Жайгаштыруу, иретке салуу, жыйнаштыруу. *Оокатыңды жамгарып, Жай олтуруп угуп ал* (Токтогул).

**ЖАМДА** Жыйноо, жыйынтыктоо, жыйнактоо, жалпылоо. *Катаганды чогултуп, Калың элди жамдады* («Эр Табылды»). *Сен – жарагың болсо жамдап чык* («Эр Табылды»). 2. Бир ишти бүтүрүү, аягына чыгаруу. *Көтөрүп уруп жамдаса, Балбандын көркү билекте* («Мендирман»).

**ЖАНАП** Улуу даражалуу.

**ЖАНАЯК** 1. Жол жүргөндө, жоого аттанганда, мал оттотуп же көчүп жүргөндө колдонулуучу жыгач идиш. 2. Насыбай ийлей турган идиш. Чөйчөк сыяктуу тегерек же сүйрү формада, түбү, жан жактары калың, ичи чуңкур, саптуу идиш.

**ЖАНДАМА** 1. Бычактын кынын курга бекитип турган кайыш. 2. *өт.* Кошумча толуктагыч. *Жандама суроолорду берүү аркылуу окуганынын кыскача мазмунун айтып берүүгө жетишет.*

**ЖАНДИМИ** Көрүп-билип турса да, көргөн жокмун, билген жокмун деп жанын сабап танган. *Жандими жансыз айгак бар, Жан бергенден тартынбайт* (Тоголок Молдо). *Андай жандими жүзү каралар уялабы?* (Жантөшев).

**ЖАНСАР: чала жансар** – чала жан, араң жан, алсыз, начар. *Чала жансар соолгон гүлчө.*

**ЖАНЧТА** *эск.* Жанчуу. *Койгулашкан душманды Коёндой жерге жанчтаган* («Манас»). *Бет алышкан душмандын эченин жерге жанчтады* («Сейтек»).

**ЖАНЧЫМАЛ** Таруунну, данды, катып калган нанды жанчып жиберип сары майга, каймакка аралаштырып жасалган тамак.

**ЖАНЫМА** 1. *сейр.* Бычак, устара ж.б. жанып курчута турган кайрак, бүлөө. *Жанымага жанып алды.*

**ЖАҢГЕЛ** Калың, чытырман токой, бадалдуу, калың караган черди кээ бир аймакта жаңгел деп коюшат. *Чытырман токойду байыркы кыргыздар ормон, чер деп да айтышкан* (Кадыров).

**ЖАҢСАК** Жаздым, чала, дал өзүнө эмес. *Жаңсак уктум. Союл жаңсак тийди.*

**ЖАҢША** Куюлуштура какшай сүйлөө, жаагын жанып сүйлөө, ырдоо, сайроо. *Жок жерден сөз табылат, Жаңшаган кыйын чеченге* (Токтогул). *Жаныма отур бөбөгүм, Жаңшачы, жөнүң көрөйүн* (Токтогул). *Жаагын жаңшап ырдаган, Жалпы кыргыз тыңдаган* (Осмонкул).

**ЖАПСАР** 1. Эки нерсенин коңул болуп кошулган жери, көңдөйлөнгөн асты, далдаа жери. *Мына бул чоң асканын алды эки жүз кой баткыдай үңкүр сымал жапсар эле* («Советтик Кыргызстан»). *Мергенчи таш кордону алды да үң-*

*курдун төр жагындагы таштын жапсарына алып койду* (Жантөшев). // Үзүктүн туурдуктуу жапкан жери, кыркасы. 2. *диал.* Курак салып, ар кандай кооздуктарды кошуп кооздоп жасалган баштык, секичек.

**ЖАПСАРЛУУ** Далдаалуу, буйткалуу, коңул сыяктуу, кокту-колоттуу. *Элдияр жапсарлуу жерди жабыттап, адырлуу жерди чабыттап турган эле* («Эр Табылды»).

**ЖАРБЫК (кош жарбык)** Кошулуп күчөтүүчүлүк, күчөткөн кошумча. *Бура сүйлөгөн сөзгө күлүктөр жарбык болду* (Убукеев). *Эне жарбык болуп жүрдү* (Убукеев).

**ЖАРГАК ШЫМ** Майда жандыктын терисинен тигилген сырткы шым.

**ЖАРКОО** *сейр.* 1. Шылтоо, шыйкоо. *Жарабаган бир ишти жаркоо кылуу.* 2. Негизсиз шылтоо табуучу, эптеп бир нерсеге шыйкоо кылуучу. *Жалкоо менен жаркоонун Жанында даяр күбөсү* (Тоголок Молдо).

**ЖАРМАК I** *эск.* Тыйын, жез тыйын, ортосу тешик тыйын. *Ал бирөөнүн тешик жармагына зыян келтирбейт* (Сыдыкбеков).

**ЖАРНА** Үлүш, шыбага, жарнак.

**ЖАРНАК** 1. *тар.* Уурдалып же чаап-талап алынган нерсенин үлүшү, катышуучуга тиешелүү бөлүк. 2. Үлүш кошуп ортоктошуучулук, биргелешип уюштурулган иш. *Тактайчы мужуктарга бөлүп жарнак, Иштедик экөөбүз тең алмак-салмак* (Токомбаев).

**ЖАРТЫК** *сейр.* Толук эмес, кем болгондук, бүтүн эместик. *Ошого көз арткыдай менин жаным жартык, белим бертик эмес* (Касымбеков).

**ЖАСАЙЫЛ** Төөгө тартып жүргөн чакан замбирек, топ. *Аскердин алдын жапырып, Жасайылды жаткырып* («Манас»).

**ЖАСАК** Кол, аскер. *«Чуу куйрук» деген сөз үчүн бир уруу экинчи уруу менен жасакка да чыгышты* (Токомбаев).

**ЖАСАТ I** 1. Дене, келбет, бүткөн бой. *Чачың тал-тал жибектей, Жасатың тарткан сүрөттөй* (Тоголок Молдо). 2. Сөөк, өлүк. *Жасатын көрдүм Лениндин Жаркыган сарай өзүндө* (Тоголок Молдо).

**ЖАСООЛ** *тар.* 1. Болуштун жигити, айып аткаруучу. *Кызыл-Кыяга келген бий, болуш, жасоолдор гана Карпыктыкында болуучу* (Элебаев). *Жардынын минип чологун, Салуучу бүлүк жасоолдор* (Турусбеков).

**ЖАТА: жата карын** – карды салаңдаган, ичи чоң, курсактуу. *Жалама тоодон теке аткан, Жата карын эчки аткан* (Тоголок Молдо).

**ЖАХАН** Дүйнө, аалам, жер жүзү. Ар уулум баатырлардын баатыры эле, Жаханга жалын чачкан кызыл туудан (Токомбаев).

**ЖАХАННАМ** Тозок, кыйноо жайы. *Жакында жалган ханды мына өзүбүз өз колубуз менен жаханнамга кетиребиз* (Касымбеков).

**ЖАШЫК** 1. Абдан арык, даамы жок, супсак (эт жөнүндө). *Жашык этти жемек түгүл көргөн киши иренжий турган* («Чалкан»). 2. Болор-болбос нерсеге мууну бошоп кетүүчү, кайратсыз. *Ушундай да жашык киши болобу?* (Жантөшев). *Кой, кейибе, Зулайка, Жаш кезде жашык болчу эмес* (Турусбеков). 3. Өтүмү жок, тартынчаак, өтүмсүз. *Уялчаак жашыктардын көздөрүндөй, Сан жылдыз калып талбай жымыңдашкан* (Токомбаев). *Андагы Дилвар – уялчаак, жашык, Жаркырайт гүлдөй шат күлүп ачык* (Абдыраманов). 4. Жумшак, ийилчээк, курч эмес. *Жашык темир. Жашык бычак.*

**Көк жашык** – абдан арык. *Каны калган бир ашык, Эти калган көк жашык* («Эр Төштүк»). // Өтө арык болгондуктан этинин даамы жок, супсак. *Өлгөн койдун көк жашык эти ооздон түшө калат.*

**ЖАШЫКТЫК** 1. Даамы жоктук, супсактык, абдан арык экендик. 2. Кайраты жоктук, болор-болбос нерсеге

жашып, мууну бошоп кетүүчүлүк. – *Алда Акиш ай, жашыктыгың али да калбаган* (Жантөшев). 3. Өтүмү жоктук, чечкиндүү эместик, тартынчаактык, жалтактык. 4. Жумшактык, ийилчээктик, курч эместик.

**ЖАЯ** Жылкынын учасынын кыртыштуу келген майлуу жумшак эти. *Алмамбетке ылайык Жая менен жал деди* («Манас»). *Сур чучук, муздай кашка жал, жаясы* (Осмонов).

**ЖАЯН*** 1 Жырткыч балыктын бир түрү. *Жаян балык жайыты Сууда болот турбайбы* (Барпы).

**ЖЕБЕК** *эск.* Катар, кырка сап. Жебек тарта жүрүү.

**ЖЕБЕЛЕ** *сейр.* Окторултуу, күчөнгөн, атырылган абалга келтирүү (атка карата). *Кас буудандын баарына Камчы салып жебелеп* («Манас»). *Аксур атын жебелеп Эр Кошой өтүп кеткени* («Манас»).

**ЖЕБЕЛӨӨ** 1. Күч-дем берүү. 2. Сылап-сыйпап тартипке келтирүү (атты). 3. Бапестеп багуу, ардактап күтүү, дайым көңүл буруу. 4. Иреттөө, ирети менен иштөө, тартипке келтирүү. *Камчы салып жебелеп* («Манас» С.О.). 5. Өзгөчө көнүл коюп, дыкаттык менен иш бүтүрүү. 6. Артынан сая түшүү, аягына чыгаруу. *Жетимдердин баарысын, Жебелеп багып өстүрдү* («Манас» С.О.).

**ЖЕБИЛГЕ** Көчкөндө же кыз бергенде жүктөр жүктөлүүчү малга (атка, төөгө) жабылган үртүктүн, жасалгалуу жабуунун коолдолгон түймөлүү узун чачыктары. *Миңден-миңден жылкы алып, Жебилгеси жер чийип, Жетик кылды Сарыбай* («Эр Төштүк»).

**ЖЕЗИТ** Шүмшүк, митаам, зулум, кан соргуч. *Жетигиң Ленин куткарды Жезиттин жаккан отунан* (Токтогул). *Жексендеп жерге жапшырдык Желмогуз душман жезитти* (Бөкөнбаев).

**ЖЕКЕЙ** Чети кундуз же башка кымбат баалуу аң тери кармалган баш кийим. *Алтын көкүл Раушандын башында*

*жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

**ЖЕКЕЙБОЗ** *эск.* Көбүнчө балбандар кийүүчү баалуу тон. *Момунжан тандап кол алып, Балбандардын баарына, Жекейбоз тонун кийгизип* («Сейтек»). 2. *Балбандар курчанчу кур. Жекейбоз белге курчанып* («Манас»).

**ЖЕКЕНДИ: жекенди тон** – эпостордо айтылуучу тыш кийимдин бир түрү.

**ЖЕКЕНЕ** Кайыш кур (эпостордо). *Жекене белге курчанган, Жети түмөн кол келсе, Желбегей кирип кол салган* («Семетей»).

**ЖЕКЕРИ** *тар.* Курал-жарагын тагынып алуучу кур.

**ЖЕЛ ОО** Эч наар албай, тамак-аш ичпей кезээрип, ачка жүрө берүү. – *Эмне, жел оогону жүрөсүңбү* (Ашырбаев). *Жел оосом да көлдү көрмөйүнчө өлбөймүн* (Сыдыкбеков).

**ЖЕЛКИ** Эриндери чатырап карайып кеткен жара. *Эрди желки сары жигит келип, арызын айтты* («Ала-Тоо»).

**ЖЕПЕЙ** Жепирейген өтө жапыз болуп көрүнүү. *Шариптин боз тамы ого бетер жепейип жерге чөгө түшкөнсүдү* (Бейшеналиев).

**ЖЕРГЕЛЕ** Катары менен келген абалда болуу, кыркалай жайгашуу. *Жылкы завод аттары Жергелей тартып оттогон* (Осмонкул).

**ЖЕРМАЙ** *эск.* Нефть маанисинде колдонулат. *Таш көмүр, жер май кендери бар* («Эркин Тоо»).

**ЖЕСЕ** 1. Айлананы чалып келүү, чалгынга чыгуу. *Жесек жесеп, жеңиштүү кайттык* (Жантөшев).

**ЖЕСЕК** 1. Чалгын. Жесекке аттануу. *Жесекке киши жиберүү.*

2. Кароол, сакчылык, күзөт. *Жесекте турган сен эмес, Жериңди чаап аламын* («Курманбек»). *Үч-төртөөңөр аттанып, жылкыга жесек болуңар* («Эр Табылды»).

**ЖЕСИР ДОО** *эск.* Кетип калган аялдын төркүнүнөн калыңдын белгилүү бир үлүшүн кайтарып берүү жөнүндө

коюлган талап. *Кызымдын көз жашынан да жесир доонун зили күчтүү* (Сыдыкбеков). *Батыйнаны узатып Адыкенин жесир доосунан кутулсам, - деди Казак* (Сыдыкбеков).

**ЖЕТИМЕН** Күн желе. *Жетименден түшкөн нур, желесин тартып жошулуп* (Дүйшеев).

**ЖЕТИМКАНА** *эск.* Жетим балдар үйү, детдом. *Совет Өкмөтү жетим балдарга камкордук кылып жетимкана ачып, өстүрүп жатат* (Баялинов).

**ЖИКИ** Конок сыяктуу, бирок башы, даны майда чөп өсүмдүгү, ит конок. *Жики жулуп уйга берүү.*

**ЖИКИЙ** Эки ийнин куушура көтөрүп, мойнун ичине тартуу. *Мойну жикийип, көздөрү аңтарылат* («Ала-Тоо»). *Жикийип күчү кетип отурганда, Токону селт эттирди иттер үрүп* (Токомбаев).

**ЖИЛБИК** Уйдун ич өткөк оорусу, ошол оору менен ооруган мал. Жилбик болгон уй. Өтө арык, катыңкы.

**ЖИЛИНЧЕК** Адамдын бутунун кызыл ашыгынан жогорку, балтырдан төмөнкү ичке шыйрагы. *Анархан жилинчегине келген сууну кечип бир нерсе издей баштады.* (Жантөшев).

**ЖОГДОР** 1. Төөнүн кежигесиндеги тутам жүнү. *Жогдор чуудасын кырктырган нар* (Жантөшев). 2. Кээ бир куштардын мойнундагы сеңселген кооз жүнү. *Булбулдун муңдуу тилиндей, Бүркүттүн жогдор жүнүндөй* (Тоголок Молдо).

**ЖОЙКУ I** Сүмбө, жойкума, шомпол (эпостордо).

**ЖОЙКУ II** Шиберди, чөптөрдү аралай жапырып из калтыруу, сойлой, жойлой жүрүү. *Шиберди жойкуп атылган жылан Динарга өтө коркунучтуу элес калтырды* (Сыдыкбеков).

**ЖОЙКУЛА** Сүмбө менен ургулоо, жойкума менен ургулап тазалоо. *Жойкума менен жойкулап* («Манас»).

**ЖОЙКУМА** 1. Өткүр кылычтын бир түрү (эпостордо). *Атадан калган жойкума Кармай калып сабынан, Суурул*

*алып кабынан, Кайраттанып имерди* («Сейтек»). *Колуңдагы жойкума темирден кайра тартпаган* («Манас»). 2. Сүмбө. *Жойкума менен жойкулап, Алмамбеттин Сырбараң ары-бери тазалап* («Манас»).

**ЖОЙКУН** Шиберди, чөптү, эгинди ж.б. аралап, жойлоп кеткенден кийин уйпаланып, жапырылып түшкөн из. *Ар кимиси жойкун жол салып алышкан* (Кадыров).

**ЖОЙЧУ** Жыт алып жакшы жойлой турган, жыт алгычтыгы менен кыйын жойлогон (итке карата). *Жойчу ит.*

**ЖОКОР** (ак жокор) Мылтыктын бир түрү (эпостордо). *Айдаркан уулу эр Көкчө Ак жокор мылтык алыптыр* («Манас»).

**ЖОЛДУК*** 1. Кандайдыр бир иш, кубанычтуу кабар, жакшылык үчүн берилген белек, сыйлык. *Сүйүнчүнүн жолдугу ушул болот,-деди Токуш сестрага* («Ден соолук»). *Жолдугуңа ат берем, Кечиктирбей бат берем* («Эр Табылды»). 2. *сын.м.* Жолдо жол жүргөндө керектеле турган, жолго керектүү (тамак-аш, кийим-кече жөнүндө) *Жолдук азыгын камдоо. Жолдук кийимдерди даярдап коюу.*

**ЖОЛОЙ*** Бирөөнүн каадасы, жолу көндүм болуп калган жорук-жосун. *Жоболоңдуу жеңелердин жолоюна түшүп, келиндери «иши кара акем» дешер эле* (Касымбеков).

**ЖОЛУМДУУ** *сейр.* Олбурлуу, зор. *Жолумдуу тууган Күлчоро зың-зың этип кенебейт.* («Сейтек»). *Жолум тосот эрсинип, Көрүнө чыгып көзүмө Жолумдуунун бириндей.* («Сейтек»).

**ЖОНДОН** 1. Көтөрүлүп, көбүңкү тартып шишип чыгуу. *Камчы тийген жер бүлөөдөй болуп жондонуп чыккан.* 2. Жон-жон болуп, жон сыяктуу көрүнүү. *Ала-Тоодой жондонуп, Ач жолборстой комдонуп* («Семетей»).

**ЖОНОК: бүгүн – конок, эртең жонок** – бир күн же биринчи күнү өзгөчө конок кылып, сыйлап, андан кийин кадимки эле үйдөгүлөрдөй болуп калат деген мааниде колдонулат.

**ЖОНЧО** Кичирээк жон, жондонуп, жон тартып кеткен жер. *О береги көрүнгөн Айгыр жел жончо мунарык* («Манас»).

**ЖООКАЛАТ** Алаксытуу, бир нерсени түз, туура айтпастан чаргытуу, тайсалдатуу. *Аны азыраак жоокалата тур. Куру жоокалатпай туурасын айт.*

**ЖООПКЕР** 1. *эск.* Жооптуу. *Жоопкер кызматкер.* Айыпка жыгылган, айыптуу, күнөөлүү, айыпкер. *Чырчатагы болучу, Довогерге жоопкер, Тогуз берип коюучу* («Жазгыч акындар»).

**ЖОРУП* I** Жерди, кырманды шыпыруу үчүн колдонулган шыпыргы. *Жорупту колуна алып кырман шыпырды.*

**ЖОРУП II** Басылган эгинди сапырганда кызылга кошо аралашып анын этегинде жаткан чөп-чар, саман-топондун калдыгы. *Кырман сапыргандар жорубун күрөп жатат.*

**ЖОРУПТА** 1. Басылган эгинди шамалга сапырып, этегиндеги чөп-чарын атайын шыпыргы (жоруп) менен шыпыруу, артуу, тазалоо. *Тоодой үйүлгөн кызылды Турганбек шамалга күрөк менен сузуп ыргытса, Өмүрбек этегиндеги чарын жоруптап жатты* («Ала-Тоо»). *Кызыл жоруптап, кырманда иштеп жүрдүм* («Ала-Тоо»). 2. Бир нерсени үстүнөн сыйпалай тегиздөө, үстүртөн кайпый сылап өтүү. *Баскан изин жоруптап, Күбүрөп кайта жайлады* («Семетей»). *Анын бозоргон күлүн жел жоруптап жатты.* (Токомбаев).

**ЖОШУЛ** 1. Кан, суюктук сызылып чыгуу, жошого чылангандай жайылуу, агуу. *Кан аралаш кандуу жаш, Омуроодо жошулуп* («Семетей»). *Сүрдүгүп Мурат бөлөнүп чаңга, Жошулуп дене жуулду канга* (Абдыраманов). *Кыпкызыл болуп жар бети, Чопосу агып жошулган* (Токомбаев). 2. Жайкалуу, көйкөлүү. *Көк шибер жошулуп кээ жерден чаң көтөрүлөт* (Сыдыкбеков).

**ЖӨМӨ жөмөлө** менен бирдей. Жөмөп сүйлөө.

**ЖӨМӨЛӨ** *сейр.* Чала-була, эптеп-септеп бирдемелерди айтуу, эптеп-септеп иштөө, жасоо. *Тили жаңы чыккан уулум жөмөлөп бир нерсени айтымыш болду.* (Мидин). *Жөмөлөп бир нерсени жасады* («Ала-Тоо»).

**ЖӨМӨЛӨӨ жөмөлө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨҢКҮ** Күргүштөп, удургугандай (мисалы, суунун шар агымында), томураңдап, дегдеңдегендей (мисалы, тоодон тик ылдый катуу түшкөндө) кыймыл-аракетте, абалда болуу. *Суу жөңкүп жөнөдү, – деди Мөкүш Абаздын кыйкырыгын сүрөгөн болуп* (Таштемиров). *Кошоктолуу кош музоо Какшап турган кемпирди Сүйрөп алып жөңкүдү* («Сейтек»).

**ЖӨРМӨ** Эки бөлөк тигилүүчү нерсени эки четинен беттеп, жибин тигиштин үстү жагынан алып, четин кошуп тигүү, тепчий саюу. *Айрылган каптын оозун жөрмөп тикти.*

**ЖӨРМӨӨ жөрмө** этишинин кыймыл атоочу.

**ЖӨРМӨТ жөрмө** этишинин аркылуу мамилеси.

**ЖУБАН II** Көңүлү, санаасы, ою тынчуу, тынч алуу, уюу, сооронуу. *Сайраңдап күлүп кубанып, сагынган жүрөк жубанып* (Нуркамал). *Бир ооз айткан кебиңе, Ким болсо да жубанган* («Мендирман»).

**ЖУБАНДЫР жубан** менен бирдей. *Ыйласам алдейлеген, жубандырган, Тилиңди эне, баркын эми билдим* (Токтомушев).

**ЖУБАР** 1. Аппак, тунук, таза. *Жүгүн чечип караса Жубар бермет кошо экен* (фольклор). 2. *өт.* «Аппагым», «асылым», «сүйгөнүм» маанисинде колдонулат. *Башкача жооп берейин, Байкап калды, жубарым* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖУБАРДАЙ** *өт.* Таза, тунук, аппак. *Жазыктуу ишке барбаган Жубардай киши деди эле* («Семетей»).

**ЖУЛМУГУЙ** Сакал муруту жок же жокко эсе. *Жулмугуй кара киши.*

**ЖУЛМУЙ** Сакал-муруту, жал-куйругу ж.б. жулунуп же жок катары көрүнүштө болуу.

**ЖУМЛА** *эск.* Сөз тизмектери, сүйлөм.

**ЖУРДУ** Бир нерсенин жыртылып, урап, кулап калган калдыгы, тамтыгы кеткен орду-түбү. *Энемдин жаман кийиз өтүгүнүн журдусу калбаптыр* (Жантөшев). *Атамдын мүрзөсүнүн журду калбаптыр* (Жантөшев).

**ЖУСАН лаңги** менен бирдей. Жусан тээп ойноо.

**ЖУУКА*** Тар өтмөк, кууш капчыгай

**ЖУУКТА*** Жакындоо, чукулдап калуу. К*үн-түн дебей жол жүрүп, Келди Курман жууктап.* («Саринжи-Бөкөй»).

**ЖУУКУР*** Анткор, куйтуланган митаам, чубут, куйту. *Журтту бузган жуукур кул* («Эр Табылды»). *Басмырлап бир тогузга бизди жыгып Үч жуукур бүтүм кылып мөөрүн урду* (Токомбаев).

**ЖУУКУРЛУК** Эки жүздүүлүк кылып куйтуланган мамиле, анткорлонуп калп эле билмексен болуучулук, чубуттук. *Түгөл сен жуукурлугуңду кой* (Бейшеналиев).

**ЖУУРА** *сейр.* Тынч алуу, тынч жатуу, магдыроо. *Тыптынч эле айлана Аалам жуурап калгандай* (Аалы).

**ЖУУРДА** *такт.* Жакында, жакын аранын ичинде. *Жуурда болгон окуя.*

**ЖУУШ** 1. Жакындоо, жакшы мамиледе болуу, аралашып кетүү. *Кыз-келиндерге таптакыр жууша албай жүрөм* (Мавлянов).

**ЖҮЙӨЛӨ** Сөздүн ылайыгын, жүйөсүн таап айтуу, жөнү бар далил келтирүү. *Жүйөлөп сөз айтканда Чеченди сөздөн тандырган* (Жантөшев).

**ЖҮЙҮР** 1. Арасы, аралыгы жакын, жыш, тыгыз (орунга карата). *Анарбек менен Макин экөө дем чыгарбастан, мурдагыдан да жүйүр тарта отурушту* (Абдумомунов). *Мамилеси жакын, ынтымактуу, таттуу. Улут айырбас дос тутуп, Жүйүр кылган орустар* (Тоголок Молдо).

2. Чукул, бат-бат, өтө тез, удаа-удаа (мезгилге карата). *Койлорду жүйүр төлдөтүү.*

**ЖҮРМӨЛ** Басыктуу, басыгы ылдам. *Жүрмөл жылкы.*

**ЖҮҮН*** Кыр аркалардын бириккен жери, муунактанып кошулган жери.

**ЖЫБЫТ** Кичинекей кокту, майдаланып бөлүнүп кеткен жылга. *Коён жүрөт жыбытта, Коркуп качып бултулдап* (Осмонкул). *Ормуш берки жыбыт менен өйдөлөп отуруп, эликтердин капталынан чыкмак болду* (Байтемиров).

**ЖЫБАНАК** *эск.* Жолборстун сөөгү. *Жыбанак саптуу ак кестик.*

**ЖЫБЫТТА** Жыбыт аркылуу, жыбыт менен басуу, өрдөө. *Жыбыттап басып отурдук.*

**ЖЫБЫТЧА** Кичинекей жыбыт, жыбыт сыяктанып кеткен жер. *Жыбытчанын ичи менен боортоктоп жылдык* (Сыдыкбеков).

**ЖЫГААН** Өзөндүн суусун арыкка буруп, байлаган жердеги кулак, тогоон, суу байлаган жер. *Абышка башкы жыгаандан сууну чоңойтуп, арык-арыкка салууда* (Сыдыкбеков).

**ЖЫКЫЛДА** Аябай көп болуу, жык толуу. *Жыйырма миң ат жыкылдап, Каптап келип калыптыр* («Манас»).

**ЖЫЛБАЯН** Болуп өткөн тарыхый окуялардын жылжыл боюнча баяндалып жазылышы, жылнаама менен окшош.

**ЖЫЛБЫРСКА** 1. Ара туулган, ичтен түшкөн малдын төлүнүн жүнү өтө кыска териси. *Атабек ара туулуп өлгөн жылбырска козунун терисин берди* (Жантөшев).

**ЖЫЛБЫТ*** Астыртадан, тымызын, жең ичинен, билмексен болуп иштөө, аракет кылуу, сөз сүйлөө. *Эчтемени билбегендей болуп жылбытып жүрө берип өз максатына жетти* («Ала-Тоо»).

**ЖЫЛГАМ***** Чөптүн бир түрү.

**ЖЫЛДЫРМА*** Билмексен болуп тымызын, астыртан кеп-сөз айтуучу же аракет кылуучу митайым. *Жылдырма билиндирбей ушак айтат, Көнгөн соң бул мүнөзгө кантип кайтат* (Тоголок Молдо). Түздөн-түз ачык айтылбай, байкамаксан же билмексен болуп айтылган, акырындап таралуучу (көбүнчө сөзгө карата). *Жылдырма сөз.*

**ЖЫЛНААМА** Окуянаама, тарыхый окуяларды жылма-жыл хронологиялык баяндаган чыгарма.

**ЖЫЛПЫШ** Сөзүндө турбаган, айтканынан жанган, туруксуз. *Жылпыштын айтканында алалы жок, Токтолгон бир сөзүндө карары жок* (Тоголок Молдо).

**ЖЫЛЫМЫК** Бир аз жылыган, жылуу тарткан абал. *Күн жылымык тартты. Жылымык сүт.*

**ЖЫҢ** Алты жүз граммга жакын оордук өлчөмү. *Апийимден сүт жакшы чыккан күнү Айылчы менен Түлөбай эки жыңдан кырат* (Элебаев).

**ЖЫП I** Өтө тез, лып эте түшкөн кыймыл-аракетти билдирүүдө колдонулат. *Тартып ийсе чуулдап, Жебенин огу чып этип* («Манас»).

**ЖЫЯР** Агын суу, булак. *Сүттүү-Булак, Кызыл-Суу, Жыяр менен бетиң жуу* (Эл ырлары).

# З

**ЗААДА I** Тегин, тукумун же тектүү адамдардын катарына жата тургандыгын билдирүүдө колдонулат. *Бек десең бектин уулумун. Бек зааданын биримин* («Семетей»). *Кожо заада кан ата, Дарыңыздын баарын бер* («Семетей»).

**ЗААДИ** Жаралгандан бүткөн мүнөз, түпкү табият, ата-бабасынан келаткан мүнөз өзгөчөлүгү. *Заадисиндеги кудай берген ушу боорукерлиги аны ушунусу кайра алсыз, жардамсыз кылгандыгын, жакшылыкка түнт каратып кайдыгер кылгандыгын, дагы-дагы көп нерселерге, эң негиз-*

*гиси жөнөкөй, кибир, кайраттуу турмуш менен жашаганга тоскоолдук кылгандыгын өзү да билбейт* (Жусубалиев). *Заадиси бузук адамдан жакшылык күтүп бекер.*

**ЗАБАР ЗЫНДАН** Азап түрмөсү, кыйноо түрмөсү (зынданы). *Забар зындан түбүнө, Алтоон азыр салалы* («Манас» С.О.).

**ЗАБАРЗАР** 1. Тоо хрусталы – асыл таштардын бири. 2. Асыл таш. Кээде сер-сабар же сабар-сер алтын-күмүш, алтын, кымбат баалуу буюм, кооздук маанилеринде да айтыла берет. *Сабар менен серисиз, Сары алтындын кенисиз* («Манас» С.О.).

**ЗАВИР** Шор жердин, саздак жердин суусун кургатыш же азайтыш үчүн казылган терең арык.

**ЗАГАРА** 1. Жүгөрүнүн уну же жүгөрү унунун аралашмасы. 2. Жүгөрү унунан жасалган нан. *Жолдо келе жатканда загарабыздан анча-мынча чайнап келип аябай чаңкаганбыз* (Абдукаримов). *Жумушчу колундагы загара нандын сыныгын тиштеп коюп колдуроодо* (Сасыкбаев).

**ЗАЙПАНА*** аял чалыш, алсыз, күчсүз, жүүнү бош, чабал. *Эшкул болсо зайпана кокуй күн* (Бейшеналиев).

**ЗАЙПАНАЛЫК*** Кайратсыздык, начарлык, жүүнү боштук, аял мүнөздүүлүк.

**ЗАЙЫМКЕ** *тар.* Кыргыздар Россиянын курамына кирген кездерде айрым адамдарга ээликке берилген жер. *Зайымкесинде жер түртүп доңузу калыптыр* (Сыдыкбеков).

**ЗАКМАТ** Азап, мээнет, кордук. *Закматын тарттым калдайган, Биябан кара талаанын* («Манас»).

**ЗАКМАТКЕЧ** Эмгекчил, мээнеткеч.

**ЗАЛУ** Жигит, улан. Жан жөкөр. *Ырчыга топшур тарттырып, Жан жөкөрү залулар* («Эл адабияты»).

**ЗАЛДАР** Кандайдыр бир терс көрүнүштүн зыяндуу калдыгы, кесепеттүү зыяндуу натыйжа. *Ачарчылык залдарынан элди келте оорусу каптай баштады* (Элебаев).

*Ошонун залдарынан оң көзүм көрбөйт* (Жантөшев). *Капа болбо Шарыйпа, Сенде эскилик залдары* (Маликов).

**ЗАЛКАЙ** Чоң көрүнүштө болуу, залкар, алибетүү көрүнүш. *Мына эми ошол бала мынабу залкайган азамат* («Советтик Кыргызстан»). *Ак кула минген аркайып Айкыра сүйлөп залкайып* (Маликов).

**ЗАМБИ***: замби тал** – солкулдак, чорт сынбаган ноодаларынан, жаш бутактарынан замбил ж.б. буюмдарды жасай турган талдын бир түрү.

**ЗАМПАР** Кар, көп жаткан кар. *Күзүндө жаап, жаз кеткен, Көбүктүү зампар кар белең?* (Калык).

**ЗАМБИЛ** Алды-артында сабы бар, ортосу чырпыктан согулуп жасалып, ага ар кандай нерселерди салып эки адам колдошуп көтөрө турган сандал.

**ЗАҢГАР** Эбегейсиз чоң, абдан бийик, даңкайган зор. *Бакыйып келип отурган Баягы Жолой зангарбы* («Манас»).

**ЗАҢГЕЛ** Абдан бийик заңкайган аска, зоока. *Илгери ушундай заңгелден жүктүү машина эмес салт атчан өтө албай сөөгү сөпөт болбодубу* («Жаш ленинчи»). *Бийик заңгелди минип турган коюу кара булут түнөрүп улам калыңдап келет* (Элебаев).

**ЗАҢГИ** *эск.* 1. Жергиликтүү эл башкаруучулардын эң төмөнкүсү, төмөнкү мансаптын бири. *Заңгилерге кеп айтат, баарың уккун –деп айтат* («Семетей»). 2. Эпостордо: кеңкелес, катаал дөө.

**ЗАҢКЕР (көк заңкер)** Суу, ным жерде турган нерсенин бузулушунан пайда болгон көк дат. *Ирип-чирип, заңкер болгон тамырын Түбөлүккө өлбөс кылып жулабыз* (Токомбаев). *Көк заңкер үйдөн кутулуп, Ак өргөө болду киргениң* («Мендирман»).

**ЗАҢКЕРДҮҮ** Көк даттуу, ным тартып көгөргөн, көк заңкер баскан. *Көк заңкерлүү сыз болсун Жамбаш коюп жатканың* (фольклор).

**ЗАНТАЛАК//САНТАЛАК** Жүзү кара, оңбогур. *Каткырышып кубанып, Кайра келет занталак* («Эл адабияты»).

**ЗАРБАП** *эск.* Алтындын же күмүштүн буусуна кармалып жип аралаштырып токулган кымбат баалуу кездеме, парчанын бир сорту. *Ак зарбап кийсең жарашат, аркар сындуу боюңа* (фольклор).

**ЗАРГАЛДАК**** Токойлуу жерде жашоочу боор жүнү сары же көк түстөгү анча чоң эмес сайроочу куш. *Заргалдак учту. Заргалдактын уясы.*

**ЗАРДАЛ II** 1. *эск.* Башчы, жетекчи, жол башчы. *Калк бийлеген журт кармап, зардал сыны бар экен* («Манас»). *Жообун берип салганы, Зор Кошой абаң зардалы* («Манас»). 2. Сүйүктүүм, сүйкүмдүүм деген мааниде колдонулат. *Санаага салбай уулду, Зардалым Чынар тилге кир* (Бөкөнбаев).

**ЗАРДАП** 1. Кесепеттүү натыйжа, салака, кээр. *Батма акырында жумуштун зардабынан оорулуу болуп, былтыр өлдү* (Баялинов). *Оор күйүттүн зардабы менин зээнимди абдан кейитти* («Ала-Тоо»). 2. Кайгы-чер. *Таратабыз түбүндө Көкүрөктө зардапты* («Курманбек»).

**ЗАРДЕ** Кайрат, күч-кубат, жигер. *Келечектеги улуу акын жүрөгүндөгү зардесин, кайнап турган ышкысын жашыра алган жок* (Бөкөнбаев). *Зардеси бар боз балдар Саяпкердин атындай* (Токтогул).

**ЗАРДЕЛҮҮ** Кайраттуу, күч-кубаттуу, жигердүү. *Чайнашкандын азуу тишин чакпаса, Зарделүүлөр эч убакта тынч эмес* (Маликов).

**ЗАРЕ** Үрөй, корккондогу кебете. *Укпайсың мурункудай зареӊ учуп, Элинин кыңкыстаган муңдуу үнүн* (Турусбеков).

**ЗАРУРАТ** Абдан муктаж, өтө зарыл. *Садагаң Жамал! Ушунчалык зарурет ишим болгондуктан сага шашып келдим* (Жантөшев).

**ЗАРУРАТТЫК** Бир нерсеге болгон муктаждык, зарылдык, абдан керектөөчүлүк. *Зарураттыктан келдим.*

**ЗАЯ** *такт.* Куру бекер, бош, куру бекерге, текке. *Айтканы зая кетпей көпкө макул* (Барпы). *Эмгегиң зая кетпесин* (Тоголок Молдо).

**Зая болуу** – өлүү, каза болуу. *Согуштан зая болду.*

**ЗЕЙРЕК** Сергек, акылдуу, эстүү, зээндүү. *Ашырды тааныган зейрек бир жигит кендин жайын сүйлөй баштады* (Сасыкбаев).

**ЗЕР III** Сыйкыр, дуба. *Көз байлаган дубакөй, Аялдардын зериби.*

**ЗЕРДҮҮ** Алтындуу, алтын менен коздолгон. *Сабы зердүү кылыч.*

**ЗЕРЧИ** *сейр.* Сыйкырчы.

**ЗЕРИЗА** Алтындуу таш, алтыны бар таш.

**ЗЕРБАСАР** *арх.* Баалуу мүлк, асыл-буюм-тайым, кооздук жасалга. *Ордодогу мүлкүмдү кара журтка көргөзүп, калкайтып жайып койбосун, Зумурут, көөхөр, зерсабар, лагул, жакут таштар бар* («Манас»).

**ЗИЛИ** *такт.* Негизи, түбү, акыры. *Зили бузук залимге Кай закон менен жактыңыз* (Токтогул).

**ЗИЛИНДЕ** Акыры, түбүндө, акырында. *Кайнатаңыз бул Көкдөө Сизге душман зилинде* («Эр Төштүк»).

**ЗИТ** 1. Жоо, душман. 2. Душманчылык, кооптуу иш. *Ата зитиңди Ашыкпастан тыңдап ал* («Манас» С.О.). *Абийири жок жигиттер агасы менен зит болот* (Токтогул).

**ЗИТЕТҮҮ** Душмандык кылуу, кордук көрсөтүү. *Экиэкиден кошоктоп, Эстен кеткис зитетип* («Эл адабияты).

**ЗОРУК** Тез жана тынымсыз чуркоонун, катуу жүрүүнүн, иштөөнүн натыйжасында абдан чарчап кыйналуу, кыймылдай албай калуу. *Зоруккан күлүк тырп этпей жан берди* (Токомбаев). *Эс алып тыным албастан, эң эле*

*жаман зоруктук* («Эр Табылды»). *Адылды мен табалбай, Кур буудандай зоруккам* (Жантөшев).

**ЗУБУН** 1. Уруу. 2. Топ, бөлүк. 3. Аскер бөлүгү. *Зубун-зубун калмактын Суусунан жылкы тийгизди* («Манас»). *Зубун-зубун сулуу бар* («Манас»). *Айкырык салып Айжаңжуң, Канча зубун кол менен, А да каптап кетти эми* («Манас»).

**ЗУЛМАТ** 1. Караңгы. 2. өт. Окубаган, илимден кабары жок.

**ЗУЛПУ** Каалганын кулпу бекитүүчү чынжыр-тээги. *Ломдун учун кулптун илмегине салып туруп, эки толгогонумда эле кулпу зулпу менен кошо суурулуп кетти* (Мавлянов).

**ЗУЛПУКОР** Эпостордо: шилтегенин бөлө чаап түшүүчү өтө курч кылыч. *Кара болот зулпукор Билекке кынай чалыптыр* («Манас»).

**ЗУМУРУТ** (зумурат) Тунук, ток жашыл түстөгү баалуу асыл таш, изимуруд. *Үстүн көрсөң зумурат* («Манас» С.О.). *Алган ташы зумурут, Асыл болуп калыптыр* («Манас» С. О.). *Инжу, маржан, зумурут* («Манас» С. О.). *Тоонун баары гүл, таштын баары зумурут көрүнөт* («Манас» С. О.).

**ЗЫБА** 1. Сулуу, көркөм, сыпаа. 2. Сүйкүмдүү, ажарлуу. *Зыбалыгың мен айтам, Шаарлыктын зырапа, Молдосундай Ноодайым* (Эл ырлары).

**ЗЫГЫРДАН** *сейр.* Ачуусу келүү, кыжыры кайноо.

**ЗЫМАН: зыман кылуу** – талкалоо, кыйратуу, жер менен жексен кылуу. *Бет алышкан душманды зыман кылган эр Кошой* («Манас»).

**ЗЫМКЫЯ: зымкыя жоголуу** – дайынсыз, дарексиз жоголуу, кабарсыз жок болуу.

**ЗЫРГЫ** Октос бере ыргуу, дыр коюу, атырыла тез жүрүү, зыркыроо. *Зыргыды таш түшкөндөй жерди карап*

(Үмөталиев). *Айбандан эстүү Кыл күрөң Булуттай учуп зыргыды* («Сейтек»).

**ЗЫРКААР ызгаар** менен бирдей. *Бет багып бул зырказарга баскан жан жок* (Токомбаев).

**ЗЫЯЛЫ** Илим-билимдүү адам. *Төбөттүк зыялуу чалдан сураган тура* (Абакиров).

**ЗЫЯПАТ*** меймандоо сыйы, урмат-сый көрсөтүүчүлүк, меймандостук. *Сиздин бул конок кылган зыяпатыңызды өмүр бою унутпайбыз* (Абдукаримов). *Ражаб келген балдарды үйүнө алпарып зыяпат кылгысы келди* («Абдукаимов»). *Жылкыдын тандап бээ союп, Баатырың зыяпатын арттырды* («Манас»).

# И

**ИБЕП** *эск.* Шек, күмөн. *Жалпы баарың ыйлайсың, Жаныңдан ибеп жейсиңби* (фольклор).

**ИДА** 1. Сан, канчалык экендиги. А*лтымыш эки кишинин идатын айтчы Токтогул.*

**ИДЕРЛҮҮ** *сейр.* Кайраттуу, күжүрмөн. *Идерлүү жигит, күлүк ат.*

**ИЙГИ II** Курч темирден жасалып, жумуру жыгачтан сапталган, эки жагы ай сымал келген, жыгач усталардын миздүү аспабы.

**ИЙДИ** Жыгачтан кашык, сузгу ж.б. жасаганда ичин оюучу ийри бычак сыяктуу курч курал.

**ИЙИК II** Көңүлү жумшаруу, жибүү, ак көңүлү кармоо. *Атай Жаныбектин мактоосуна ийиккен жок* (Каимов). *Келгениңе алты айдан ашты ушу бечараларга бир ийиккениңди көрбөдүм* (Касымбеков). *Жылуу сөзгө ийигер бекен деп, бири-биринен үмүттөнүштү* (Каимов).

**ИЙРЕК I** 1. Терини өңдөөгө ылайыкталып жасалган орокко окшош, мизи мокок курал. *Түшкөн экен колунан, Кемпирдин темир ийреги* (Тоголок Молдо).

**ИКМЕТ** 1. Билим. 2. Сырдуу иш.

**ИЛАЯ ШҮГҮР** Аллага алкыш, кудайга ыраазычылык айтуу, Кудайдын бергенине каниет кылуу. Кудайдын ырайым кылганына алкыш айтуу. *Жерим эркин жай болдум, Илая шүгүр кудайга, Жергемден озгон бай болдум* («Манас»).

**ИЛГЕР** Айла-амалдуу, куулук, арамза кытмыр.

**ИЛДЕКЕР** Айла менен алдоо, айлакер, алдамчы, куу. *Жумуш кылсаң мудаа кыл, Иштеп кетпе илдекер, Кара санап бирди алсаң, Колуңуздан миң кетер* (Токтогул).

**ИЛЕК I** 1. Жүз миң. 2. Сансыз, эсепсиз көп. *Кытай илек, мен жалгыз* («Манас» С.К.). *Болжолсуз Чүрөк сен үчүн, чачпасам илек малымды* («Сейтек»). *Атамдын арбын дүйнө, илек мал, Ушул аштан түк калбай, Ада болуп калсын деп* («Эр Төштүк»). *Калың илек зор колду, Жекеге өзү баштаган* («Сейтек»).

**ИЛЕК II: көзгө илек болбоо** – көзгө көрүнбөө, көздөн далдаа болуу. Көзгө илек болбой бастырып кетсеңиздер.

**ИЛЕКЕР** 1. Илелүү менен бирдей. 2. Дарыгер. *Жети илекер жыйналып, Жарага дары жабышты* («Манас»).

**ИЛЕКЕРЛИК** Амалдуулук, амалкөйлүк.

**ИЛЕКОР** Согуш ишинде амалкөй, айлакер, илелүү. Согуштун жол-жобосун жакшы билген акылман адам. *Беттеше албай бекинген, Илекор жетим ал экен* («Эр Табылды»).

**ИЛЕКТЕ** *сейр.* Сансыз көп болуу, эсепсиз көп болуу. *Болоттон айза аштаган, Илектеп түмөн кол чыкса, Бир адамдай баштаган* («Сейтек»).

**ИЛИК* I** Тууган, жек-жаат, тууган-туушкан. *Алыс жолго чыккан жолоочулар кеч киргенде илик кубалап конору эзелки салт* (Сыдыкбеков). *Кай бири жүк жүктөгөн топоз минип, Жайма-жай кобурашып издеп илик* (Токомбаев).

**ИЛИК IV** *сейр.* илмек, илгек, илгич. **Илик салбаган жылкы** – укурук салып кармалбаган, минилбеген азоо жылкы.

**ИЛИК V** Унаа, улоо. *Жалгыз илик көк чолок, Жандоого кантип чабамын* (фольк.).

**ИМЛА** *эск.* Жазуу эрежелери, орфография.

**ИНАБАТ** Ишенимдүү, адилет, асыл. *Инабаттуу жакшылар, Эл көзүнө мазардай* (Кылыч).

**ИНАЛ** (Энал). Байыркы кыргыздардын мамлекеттик башкаруу системасындагы колдонгон термини.

**ИНАЯТ** Жакшылык, камкордук. *Адамга кылгын инаят, Кылбагын такыр кыянат* (Санат).

**ИНЖУ** Берметтин бир түрү. *Инжу, маржан, шурумду Жарыя кылып мунумду* («Семетей»).

**ИРЕ-ШИРЕ** Күүгүм, иңир, каш карайып калган мезгил. *Эшиктен кирип келген кишиге үй ичи иңирдегидей ире-шире күүгүмдөй учурайт* (Касымбеков). *Ире-ширеде үйгө эки мейман келди* (Каимов).

**ИРСААЛЫ** Китепче, дин ажыттары жазылган китепче. *Анын анык эле календер экенине кийген кийими гана эмес, сол жагына асынган жыландын кабак сыяктуу башы, баштыкка салып оң жагына асынган «Ирсаалы» китеби, колундагы аса-мусасы, ийнине асынган жаман куржуну да күбө болгонсуп турат* (Жантөшев).

**ИРЭЭЛ** От араба, поезд. Армияга арнайлы, *Жөнөтөлү ирелге. Биз да курал кармайлы, Качырып жоого кирерде* (Тоголок Молдо). *Ошон үчүн Жалал-Абад аталды, Мындан кийдик жибек шайы чапанды. Ирээл аттуу от араба келгенде, Таң калганмын кармап улам жакамды* (Чоробаев).

**ИРК** *сейр.* Ирик. *Кочкоруң биттеп ирк кылгын, Коюңдун баарын түрк кылгын* («Манас»).

**ИСКЕНЕ** Ургулап жыгачты оюу үчүн колдонулуучу тешкич металл курал, аспап. *Искене менен көзөдү.*

**ИТААЛЫ** Эпостордо, жомоктордо айтылуучу эркеги ит кейпиндеги, аялдары кадимки киши кебетесиндеги калк. *Эргежээли, итаалы, Катыны адам эркеги ит* («Семетей»).

**ИШКИЛИКТҮҮ*** *сейр.* Ишкердүү. *Ишкиликтүү катышуу. Ишкиликтүү чаралар көрүү.*

**ИШМЕКЕР** Кандайдыр бир иш иштөөгө, кийим тигүү ишине мыкты, чебер. *Кийин күйөөңдүн калпагын ишмекерге көтөрүп жүрбө* (Сыдыкбеков).

# К

**КААРЫ*** 1. Ысытылган темир менен күйгүзүү, куйкалоо. *Ысык темир менен аттын санын каарып эн салуу.* 2. Аябай тызылдатып үшүтүү же ысытуу. *Бетти каарыган суук. Ызгаардуу шамал бетти каарып, борошо көз ачырбай турду* (Абдукаримов). *Ысык мештин түбүндө отурган бала-чакалардын бетин каарып, от алоолонуп күйүп жатты* («Ала-Тоо»).

**КААСЫЛ** Ишке ашкандык, орундалгандык, кабыл болгондук. *Мураты каасыл болуу.*

**КАБАЖЫК** Белге курчанган кур (эпостук чыгармаларда айтылат). *Белиндеги кабажык Баатырдын найзасына жарашып* («Манас»).

**КАБАК*** *эск.* Ичкилик сатуу, ичүү үчүн ачылган төмөнкү разряддагы атайын жай. *Кабактарда арак ичип, мас болуп, Жүрөбү деп ойлодуңбу тепки жеп* (Турусбеков).

**КАБАК II** Туш тарабы бийик кырдуу келген ойдуң жер, чуңкур, ой. *Кара кашка аргымак Кабакка оозун бурду эми* («Манас»). *Туш тарабы тоо менен курчалган ушул кабакта отуруп жапайы болуп кетет окшоймун* (Абдукаримов).

**КАБАК*** III** Тамак даярдоого, тоют катары колдонууга, идиш кылууга керектелүүчү, сабагы жерге төшөлүп

өскөн огород өсүмдүгү жана ошол өсүмдүктүн ар түрдүү формадагы чоң-чоң мөмөсү. *Ай, эне ай! Мухтумхан апамын кабагын сурап, суу куюп алсак жакшы болмок эле* (Жантөшев).

**КАБАРЧЫКТА** Ачуусу келип буулугуу, ызырынуу, кыжырлануу, ызасы келүү, кабаруу. *Мурда эле кабарчыктап араң турган байкуш өзүнө өзү ээ боло албай калды* (Касымбеков). *Качаган койлорго кууп жете албай күйүгүп, кабарчыктап, ыза болгон баланын демин басуу кыйын болду* («Ал-Тоо»).

**КАБЫР II** Жука темирден же калайдан жасалган нерсени ичин көздөй кабырлата майтаруу, майыштыруу, капшыруу.

**КАБЫШТА** Каттап бүктөө, бүгүү. *Айкөлдү кармап кабыштап, Алганда туура өңөрүп, Ак каңкыга табыштап* («Манас»). *Кайра байлап кабыштап Кызыл нарга табыштап* («Эр Төштүк»).

**КАГАЗ КЫЯК** Гармонь. *Акыл менен чыгарган, Кагаз кыяк карманды* (Молдо Кылыч).

**КАГЫЛЖЫ** Жек көрүнүү, бир нерсеге аралаша албай, четтеп калуу.

**КАГЫН II** Кар токтобогон, карын шамал учуруп кетме от жер. *Шамалдан ыктоо күнгөйлөр, кагын каккан жерлер карарган* (Жантөшев). *Бирөө кагынга айдап өз жылкысын, Бул жуттан аман багып чыккан малын* (Тоголок Молдо).

**КАДАК** 409,5 граммга барабар болгон салмак өлчөмү. *Үч кадак зыгыр, май, бирде акшак, картошка, пияз берет* (Абдукаримов). *Муслимахун белиндеги оромолун чечип, үстүнө төрт нан жана эки кадак жүзүмүн койду* (Жантөшев). *Бир күнү кечинде... бир кадак өрүк, туздаган үч бадыраң, бир бөлкө көтөрүп, Николай келди* («Ала-Тоо»).

**КАДАМА** Эпостук чыгармаларда: жоокерчиликте кийүүчү соот, чопкут. *Ок өтпөгөн кадама, Кийишкени калган го* («Манас»).

**КАДАМАК** Ордо оюнундагы айланта сызылган чийиндин жанына келип түшкөн чүкө. *Кадамакты кадашып, оюн салып жатканда, Тоорумакты тооруп атканда, Ичке тиштиң зор Манас* («Манас»).

**КАДАМАЛ** Кадоо салынган, кадап бекитилген. *Кадамал казан.*

**КАДЕК** *эск.* Эпостук чыгармаларда айтылуучу жибек кездеменин бир түрү. *Ичи кадек, тышы боз, Тышы торгун атилес* («Манас»).

**КАДЕКТЕ** Кадек деген кездеме менен ороо. *Кадектеп бутун таңды эми* («Эр Табылды»).

**КАДЕМ: кадеми катуу** – аябай алсыздануу, иши оңунан чыкпай, абалы начарлоо, муңкүрөө. *Каңгайдан калың жоо келсе, Кадеми катат дечү элең* («Манас»). *Кадеми каткан момундар, Качан жетет тынымга* (Тоголок Молдо). *Катыларга катылбай кадеми мындай катарбы* («Манас»).

**КАДИК I** Адистиги артык, машыккан, такшалган маш болгон. *Ошентип, кадик мерген ак асканын аркарын атып алып, тоого түнөп калат.* (Сыдыкбеков). *Бул жолду мындан мурда нечен ирет басып өтүп, кадик болгон аргымак аттар жулкуна, чүчкүрө таскактоодо* (Баялинов).

**КАДИК II** Шек, күмөн. *Булар урушканбы деген кадик менен карады* (Каимов). *Кадик кылып турамын кайта баштан сурадым* (Токтогул).

**КАДИКСИЗ I** Адис, маш, мыкты. *Карчыга деген кушу бар, Кадиксиз мерген ушу бар* (Тоголок Молдо). *Калың калмак элдерим, Кадиксиз адис мергеним* («Курманбек»).

**КАДИКСИЗ II** Шексиз, күмөнсүз, анык, кадиктенүүгө болбой турган. *Кадиксиз билем башынан Кайратынын ырасын* («Курманбек»). *Айылдагы бузукулардын ниети оңолоюн деп калды деген сөзгө кадиктенип, жакшы ишенбей да жүрдүм* («Ала-Тоо»).

**КАДИКТҮҮ I** Атанган, адистиги ашынган, машыккан. *Кадиктүү баатыр Канчоро, Бурулуп жолго салды эми* («Семетей»). *Агарган көбүк оргуса, Кадиктүү тулпар Чалкуйрук Казанды сүйрөп келгени* («Эр Табылды»).

**КАДИКТҮҮ II** Кадик кыла тургандай, ишеничтүү эмес, күмөндүү, шектүү. *Чоно жон-жондун башында аңдып жүргөн чыгар деп ойлоп, Мырсалы өзүнчө кадиктүү жонго чыгып, асты жагына көз жиберди* (Каимов). *Капилет жатып түш көрдүм, Кадиктүү жаман иш көрдүм* («Курманбек»).

**КАДЫМ** кадик менен бирдей. *Кадым мерген аны көзү чалар замат тааныды* (Сыдыкбеков).

**КАЖАР** Ал, күч, дем, кайрат. *Балдарыңдын жашын билбей, Эс-акылдан таныпсың. Кайда сенин кажар күчүң, Аштан дагы калыпсың* (Токомбаев).

**КАЖАРЛУУ** Алдуу, күчтүү, алибеттүү, кайраттуу. *Кыдын карыя канча кылса да кажарлуу эмеспи, карыганына карабастан, кетмен менен чакага ылай салып берип жатат* (Байтемиров). *Сансыз кажарлуу колу менен Ажарды сыга кучактап, бетинен өптү* (Жантөшев).

**КАЖАРЫ** Сайманын, өрмөктүн, таардын бир түрү. *Боёгун жакшы кандырган, Боосу терме кажары Адамдын көзүн талдырган* (Тоголок Молдо).

**КАЖЫГЫР** Начар, чабал, алсыз. *Кажыгыр күйөө кайынсаак, төлүгүр катын төркүнсөөк* (макал).

**КАЗАНАТ** 1. Чыдамкай, күлүк ат, буудан, тулпар. *Кара байыр казанат, Кетмен туяк, кең соору, Керишке минчү жылкы экен* («Сейтек»).

2. *өт.* Кубаттуу, кужурмөн (адамга карата). *Казак менен кыргызга Казанат элем чабылган* («Ала-Тоо«).

**КАЗАНБАК*** Көчкөндө сындырбай, көөсүн жугузбай алып жүрүү үчүн казандын чырпыктан согулуп, сыртына кептеп коймо кабы. *Жаман көргөндүн бөркү казанбактай* (макал).

**КАЗАНЧЫК** *эск.* Милте коюлуп атылуучу мылтыктардын дары сала турган бөлүгү. *Чоргодой болгон көк милте, Казанчыкка киргени* («Манас»).

**КАЗГАЛДАК**** Жапайы өрдөктүн түркүмүнө кирүүчү канаттуу. *Казгалдак деген кайран куш, Кайрылбай учат жем үчүн* («Сейтек»).

**КАЗГАЯК (казык аяк)** Орун-туруму жок селсаяк. *Же казгаяк экен деп, Кууратып мени чанбасын* («Мендирман»). Артканын берип ар кимге, Казгаяк бир күн түгөнгөн (Жантөшев).

**КАЗМУС** *сейр.* Кыжы-кыйма, эбегейсиз көп. *Казмус кумурска. Көптүгү казмус курт болду.*

**КАЗЫ* II** *тар.* Шарият жолу менен тергөөгө алып, тийиштүү чечим чыгаруучу сот. *Казыга салып, жүз балак урдурду* (Жантөшев). *Атасы казы айтылуу, Адамдан чыккан бу бир куу* (Тоголок Молдо).

**КАЗЫНА II** *эск.* Өкмөт, мамлекет. *Жардылар баш кошуп, казынадан жер кестирип, там салышып, отурукташып жатышат* («Ала Тоо»). *Казынанын нанын жеп Каламым курчуп жатамын* (Токтогул).

**КАЙГООЛ** *эск.* Кароол, чалгын, күзөт. *Каба өзүнүн уулу баштаган алты жигитти кайгоолго койду* («Ала-Тоо»). *Кайгоолдо жүргөн адам жок, бүгүн бир бейпил болгонсуйт* («Мендирман»).

**КАЙПЫ** 1. Үстүнөн жукалай кесүү, жукалап жонуу. *Бычак менен кайпып өт, кайпып кес.* 2. Нерсенин үстүнөн тиер-тийбес болуп өтүү. Кайпып учуу. *Калың чыккан гөдөөнү кайпып сыдырым жел жүрөт* (Абдукаримов).

**КАЙТ II: көңүлү кайт болуу** – көңүлү калуу, иренжүү.

**КАЙТУУЛА** Жол чалуу, жер көрүү, чалгындоо. Ч*алкалмак мени көргөн го, Жер кайтуулап, жол салган, Жоодон калган мерген го* («Эр Табылды»).

**КАЙЫК IV** Ат жабдыктарын жасоодогу узануунун бир ыкмасы.

**КАЙЫКЧЫ I** Кайышты беттеп кайыган чебер.

**КАКАС** Обочо, алыс, тынч. *Ууру-бөрүдөн какас жер.*

**КАКМАЛА** Кебин, айтайын деген оюн айттырбай, кагып коюп туруу, кайра-кайра кага берүү. *Кер какшык болсоң какмалап, Келеби адам жаныңа* (Калык).

**КАКМАЧЫ** Жапайы андарды үркүтүп айдап берүүчү киши, айдоочу.

**КАКСЫГУУ каксык** этишинин кыймыл атоочу.

**КАКСЫК** Көптү көрүп түрдүү иштерге бышыгуу, дасыгуу, бардык нерселерди баалай, өлчөй билүү. *Гүлүсүндүн кеби турмушка каксыккан эненин кебиндей салмактуу* (Сыдыкбеков).

**КАКТЫК** Ар нерсеге бышыгуу, кагылуу, тажрыйбалуу болуу. *Бейтааныш зайыптын мынчалык эзилишип сырдашканына али актыга элек жаш келин чечилген да жок* (Сыдыкбеков).

**КАКЫРЫМ** 1. Айран менен сүттүн же айран менен кымыздын аралашмасынан турган ачкыл ичимдик, суусундук. 2. Ушундай ачкыл даам. *Какырым болгон бозо.*

**КАЛА II** Тегирменге ун-талкан, шак салдырганда эгин түрүндө төлөнүүчү акы. *Каласын бербей тартабы Куда сөөк карындаш?* (Токтогул).

**КАЛА III** Эгин. *Ынтымагы бар элдин Калага карды ток болот* (Барпы).

**КАЛА IV 1.** Бир нерсени калкалап, тосуп коюу, айланта курчоо. Кийиз кала. Чий кала. *Терезелерди калап койгондуктан, бөлмө күңүрт эле* («Ленинчил жаш»). *Туурдук ордуна жалаң чөп калап койгон кара алачык Анаркандыкы* (Жантөшев).

2. Отунду (көбүнчө тезекти) күйүүгө ылайыктап, биринин үстүнө коюп тегеректөө, бирине бирин жөлөштүрүү. *Коломтодо койдун нагыз көңүнөн калаган от адамдын жүзүнө кызыл нур берип күйүп турат* (Каралаев).

**КАЛАБА** Чыр-чатак, уруш-талаш. *Калабаны арбытып, Качып калды кайрылбай, Алгара менен аргытып* («Семетей»). *Калабаны салбаңыз, Капилетте калбаңыз* («Эр Төштүк»). *Журт ушундай калабада турганда байлардын эгини кампага батпай, чирип жатканы көп* (Элебаев).

**КАЛАКАЙ I** Эпостордо айтылуучу калмак тон. *Сарыбайга кабылып, Калакай кара жамынып* («Сейтек»). *Жел-могуз уулу Сарыбай Жаткан экен дардайып, Калакай тонун жамынып* («Сейтек»).

**КАЛБАА калаба** менен бирдей. *Айылыңдан арман калбасын, Атап коюп хандыкка Артынан калбаа салбасын* («Манас»). *Калпалар калбаа кылганда, Кара жол Сибирь айдалып* (Токтогул).

**КАЛБААТ** 1. Оор басырык, салмактуу, кабелтең. *Калбаат мүнөз директор жүз аарчысы менен оозун сүртүп, сөзүн улады* («Ала-Тоо»). *Ал качан көрсөң барга-жокко да бирдей карагандай момпоюп, калбаат жүрө турган* («Ала-Тоо»).

**КАЛДАЙ I** *тар.* Монгол, калмак элдериндеги жогорку мансаптуу адамдын чини. *Келген экен мында деп, Калдай менен доотайың* («Манас»). *Аткарды жети калдайды, Ал мүнөзүн көргөн соң, Алат экен бурут деп, Адамдын көбү далдайды* («Манас»).

**КАЛЖА** Төрөгөн аялдарга же оорулууларга берүү үчүн эзилте бышырылган эт.

**КАЛКАГАР** Бийик аскалуу, асман мелжиген. *Калкагар тоону жашырган, Карагай менен кайыңы* (Бөкөнбаев).

**КАЛКАК** Үстү жагы тосулган, калканчы бар, чүмкөк. *«Үңкүр өтөк» дегендери зоонун түбү, үстү жагы калкак, короо ордундай ыктоо жер* (Убукеев). *Алдыңкы калкак ташты паана кылып, Жайылып мергенчилер келген болчу* (Токобаев).

**КАЛТА** 1. Баштык. *Аркасында асынган Калта болот дечү эле* (Токтогул). *Аяшпай той ээлери берип жат-*

*ты, Эгинге толтурушуп калта, капты* (Үмөталиев). 2. Кийимдин чөнтөгү. *Күмүш капкак, мүйүз чакчасын бай жан калтасынан суурун чыкты* (Сыдыкбеков). *Калтасына салып алып, камырабай басып кете бермекчи экен да!* («Чалкан»).

**КАЛТАЙ** (терс формада гана колдонулат). Ийменүү, уялуу, абийир сактоо. *Кайнага калтайбаса, келин келтейбейт* (макал).

**КАЛТЕК** Оор нерсени жөлөп түртүүгө же көтөрүүгө ылайыкталган жумуру таяк. *Мына дагы бир зор таш Өстөнчүлөр бат эле ал ташты айланта үңүп, туш-туштан калтек согушту* (Сыдыкбеков).

**КАЛЧА I** 1. Түрү суук, өңү серт. *Жок, мен саруумун, сен мени кайдан көрдүң эле? – деди узун бойлуу, кең көкүрөк, калча киши* (Токомбаев). *Көркү калча, көзү тик* («Манас»). 2. «Манас» эпосунда Коңурбайга карата айтылуучу эпитет. *Кечилдин каны эр калча Айласы мыкты Коңурбай Атаңды аңдып жетиптир* («Манас»).

3. Эпостук чыгармаларда «сакчы», «кароолчу» деген маанide да айтылат. *Кырк калчасы жанында Картайса да карыя, Катуу жаңжал салыптыр* («Сейтек»).

**КАМ II** Кайгы, муң, зар. *Ленин көзүн жумган ай, калайык камда турган ай* («Жазгыч акындар»). *Кайра баштан жүрөгү Камга толду, Токтогул* (Барпы).

**КАМБАРСЫ** Өзүн өзү мыкты саноо, кыйын, артык көрүнүү. *Жүрөктүн толто башы деп, Актинтени салды эми, Камбарсыган Канчоро Жер кучактап калды эми* («Сейтек»).

**КАМИЛ** *эск.* Бүтүн. Илимиң болсо билерсиң, Алыс менен жакынды. *Зыян менен пайданы, Билер камил акылды* («Жазгыч акындар»).

**КАМКА** Сырт кийимдик жибек материал. Алтын же күмүш жип аралаштырылып согулган бышык жибек кез-

деме. Кээде ошол кездемеден тигилген кийим. *Кара атымды мингендер, Камка тонум кийгендер* («Курманбек»). *Сүйүнчүм бар алуучу, Ат токуп, камка тон бергин* («Мендирман»). *Камканы кайрып бүктөшүп* («Манас» С.О.). Камкасын кайра бүктөдү, Качырга кошуп жүктөдү («Эл адабияты»).

**КАМСЫК** Кайгылануу, капа болуу, азап тартып кыйналуу, түйшүк тартуу. *Катты окуп капа болгондо, Камсыгып бала санаалап* («Эр Табылды»). *Кайгыга алдырса, камсыкпай жүрө алабы, кыйноонун үстүнө кыйноо боло берген да* («Ала-Тоо»).

**КАНАР*** Пахта, чөп, саман салып ташый турган чоң мүшөк, кап. *Тирелип, тоо-тоо болуп канар каптар. Чубашып жөнөп жатат машиналар* (Абдыраманов).

**КАНДАГАЙ** Баатырлар, балбандар кийиш үчүн тоо текенин терисинен багалегин кенен кылып тиккен шым. *Кагышка балбан кийүүчү Кандагай болду кийгени* («Сейтек»). *Жайы, кышы кийгени Кандагай теке шым экен* (Жантөшев).

**КАНДИМ** Машыккан, дасыккан, маш болгон. *Көп өтүп кандим болгондору токтобой эле сууга үңүлүштү* (Бейшеналиев). *Кулжыгачтыктар да кур жатпаган кандим немелер окшойт* (Осмоналиев).

**КАНДЫ БУЛООН** Мал көп союлуп, эт-аш көп болгон, бака-шака түшкөн көрүнүш. *Канча малын кырышып, Канды булоон кылышып* («Манас» С.О.). *Казан асып, эт салган, Канды булоон эт көрдүм* («Эр Табылды»). *Канды булоон союлган малдын саны жок* (Сыдыкбеков). **В.: Кандуу булоон.** *Тандап союп кандуу булоонго киришет* (Осмоналиев).

**КАНИГИ** Адис, дасыккан, өз ишин мыкты билген. *Каниги мерген жол кылат Карайган бийик асканы* (Токтогул).

**КАНТКОМ** *тар.* Кантондук комитет. *Биз кантком агайга келдик* (Сыдыкбеков).

**КАНТЕМИР ОГУ** Элдик ишеним боюнча: чагылган аркылуу түшкөн таш. *Кантемир огун сырттүрүп, Кабылдаган жараны, Кайра таңып салды эми* («Эр Табылды»).

**КАНТОН** *тар.* Майда административдик-аймактык жер бөлүнүшү. *Каракол кантону. Жалал-Абад кантону.*

**КАНЧЫ** *эск.* Оорулуу адамдан картык менен кан алып айыктыруучу табып.

**КАНЫКЕЙ** *тар.* Хандын кызы (бул сөздүн мындай мааниси унутулуп, адамдын аты катары колдонулушу гана сакталып калган).

**КАҢ I** Металлдан жасалган идиштердин, буюмдардын тешиктерин беттештирип, данакерлеген, каңдаган жери. *Чаканын каңы. Каңы ажыраган идиш.*

**КАҢКУЛУ**** Эпостук чыгармаларда айтылуучу сайроочу куштун аты.

**КАҢКУШ*** (кулагы каңкуш)** Кулагы каңырыш, жакшы укпаган, маңыроо.

**КАҢКЫ: ак каңкы** – алдыңкы кашы жазы, жарым тегерек иймек келген ээр. *Батийна мал айдатып саттырып, Анжияндын ак каңкы ээринен алдырды* (Сыдыкбеков).

**КАПА II** Желдетилбегендиктен, ысыктан же адамдын деминен пайда болгон үп, демиктирген оор аба. *Күн ысыкта канчалык желдетилсе да палата ичи капа* (Бейшеналиев).

**КАПАЛА II** Жел тийбеген ысык үп жерде ысылоо, демигүү. *Кышта тоңуп, жайда турсам капалап* (Токомбаев).

**КАПИЯ** Кысталыш, кыйынчылык абал, капилет боло калган кыйын шарт. *Капияда сөз тапкан, Караңгы түндө көз тапкан* («Сейтек»).

**КАПКА** Жыгачтан, темирден жасалган чоң каалга, эшик, дарбаза. *Капканы кайтарган күзөтчүлөр* (Бөкөнбаев). *Кайрылып ачар капкаңды катуу жаппа* (макал). *Он эки катар капкадан, Чыга калды шаңданып* («Семетей»).

**КАПСЫЛАЗАМ** *дин.* Жолоочуларды, башка жерде жүргөндөрдү колдоочу олуянын аты. Жолоочунун пири. *Кайтып келди Токтогул, Капсылазам жар болуп* (Токтогул). *Бирде касиеттүү Капсылазам колдосо, бирде Кырк чилтен, бирде жакшылык ыроологон Жоламан колдоп, куттуу ордосуна көңүлү куунак кайтат* (Субанбеков).

**КАПТАГАЙ** 1. Жапайы төө. *Атамдын аты Каптагай, Армандуу болдум бир далай* (Тоголок Молдо).

**КАПТЕНАРМУС** *эск.* Армияда азык-түлүк, курал-жарак, кийим-кечек ж.б. жактарын тейлеп туруучу адам.

**КАПТЫРГА** Желдик. *Каныбек чөптүн арасында жаткан каптырганы колуна алды* (Жантөшев). *Каптырганы эртең Актан келиштирип жасап бүтмөк болгон. Ээрдин ченин алып калган* (Бейшеналиев).

**КАПЧЫК** *өт.* Ич, карын, курсак. *Чаңкап турган кош буудан, Кош буудандын капчыгы, Чанактай болуп толду эле* («Семетей»). *Иштеп жаткан кедейлердин капчыгы толбой, Курсактарынын ачынан ыргалышат* (Каралаев).

**КАПЫЯ** **капия** менен бирдей. *Калкына кеңеш иш түшсө Капыядан сөз тапкан* («Эр Табылды»).

**КАПЫЯЛА** Какшыктоо, кээр сөз айтуу. *Капкайдагы сөздөр менен Тоту Сайкалды капыялап, каарый баштады* (Жантөшев). *Шарапат капыялап башкаларды, Тикендей тыз эттире сөз келтирет* (Абдыраманов). *Бүгүн түнү Москвага карап жөнөп кетсең да болот – деп, Чолпонбайды экинчи келин капыялады* (Жантөшев).

**КАР ЧЕРҮҮ** *тар.* Жергиликтүү башкарууну шайлоо учурунда эски, мурунку талапкерди жактоочу топ.

**КАРА II** 1. Кыйынчылык учурда, башына иш түшкөндө таяныч кылар, бел тутар жөлөк, тирек. *Аттанып жоого*

*чыкканда, Ала-Тоодой карасы* («Семетей»). *Жабдык салып ат минип, Жака салып тон кийип, Жанымда болгон карам жок* («Манас»).

**КАРА БАЙЫР** Жылкынын бир тукуму. Асыл тукум жылкы менен жөнөкөй жылкыдан туулган тукум. *Кара байыр тобурчак, Как соорусу бир кучак* («Манас» С.О.). 2. Күлүктүн бир түрү. *Кара байыр казанат, Калбыр өпкө, жез билек* («Манас»).

**КАРА КӨЗҮ** Дал өзү, нагыз өзү. *Бузукунун кара көзү экен, Бузуп айткан жалган сөзү экен* (фольк.).

**КАРА ООЗ II** Мылтыктын бир түрү. *А тургай, бирөөнүн кара оозу бардай көрүндү – сол колунда бирдеме коройот* (Даникеев).

**КАРА ТАКТА** Коомдук иште артта калгандар, жаман иштегендер, жалкоолор жазылуучу такта, атайын бет.

**КАРАБА** Магнит деген мааниде. *Түрсүлдөйт эки жүрөк ой чиркин ай, Караба бирин-бири тартышкандай* («Эл адабияты»).

**КАРАЖ** *тар.* Дыйкандар кырман башына үч койдон же алган түшүмүнүн бештен бирин төлөөгө тийиш болгон салык.

**КАРАЖАМА** жама *Какшатып неге жеген жок, Каражама оозумду* («Мендирман»).

**КАРАКАШ**** Канаттары кыска, куйругу узун, кара түстүү келген ири суу кушу.

**КАРАЛООЧУ** *эск.* Айыптоочу (жоопко тартылган адамдын айыбын мойнуна койгон адам).

**КАРАМЫК I** Кызыл гүлдүү, уругу уулуу отоо чөп.

**КАРАМЫК II** Денеге кызарып чыга турган, этти дүүлүктүрүп, ачыштырып жиберме тери оорусу.

**КАРАМЫК III** Карараак, кара сымак. *Өңү карамык келген металлдан жасалган барельеф.*

**КАРАМЫК IV** Уйкуга берилүү, уйкусу келүү, уйкуга мас болуп кыйналуу. *– Барбаймын, кеткиле! – деп, уйкуга*

*карамыгып, Кабыл чатырды башына чүмкөй түштү* (Элебаев). *Ширин...карамыгып жатып калды* (Сасыкбаев). *Токтогул уйкуга карамыкса да, эски кементайын тартып жамынды* (Токомбаев).

**КАРАП** Бүлүнгөн, талоонго түшкөн абал, бүлгүн кыйроо. *Толкуп кетсе тозогуң, Толгон жандын баарысын, Карап кылып салгандай* («Семетей»). *Калктын баарын коркутуп, Карап кылып таштадың* («Семетей»).

**КАРАП КЫЛУУ** Ойрон кылуу, талкалоо, кыйратуу.

**КАРАР** *эск.* Токтом, чечим. *Мал зооту Орто Азиядагы улут республикаларынын пайдасына калсын деген карар болду* («Эркин Тоо»).

**КАРГЫ II** Так түйүлө секирүү, алдыга умтула ыргуу. *Аста басып аңдыды, Түйүлүп түлкү каргыды* (Тоголок Молдо). *Ыргыштаган Тайбуурул Каргып барып тик түшөт* («Семетей»).

**КАРДОН** *эск.* Карагай же башка токой жыгачтарын өстүрүү, күзөтүү иштерин жүргүзүүчү жай.

**КАРК I** Аралашмасы, кошулганы жок, нагыз өзүнөн турган, таза нукура. *Кара башың карк алтын, хан Курманбек, аманбы* («Курманбек»). *Казынасын ачтырып, Карк алтынын чачтырып* («Семетей»).

**КАРК II** Мол, жетиштүү, кемчил эмес, кең-кесири. *Карк кылган дейт жалгыз уйдун майына* («Ала-Тоо»). *Көп дүйнөгө жедигер Көзү ачылбай карк болду* («Сейтек»). *Быйыл «Малай» артели кирешеге карк болуп, жылдык азыгын күрөп алды* (Элебаев).

**КАРКАП** Толук, кемчили, бөксөсү жок, нак өзүндөй. *Каркап бир миң кол жүрүп, Саналуу бир миң жол жүрүп* (Тоголок Молдо).

**КАРКЫБАР** Бирөөнүн эрдигин, кыйындыгын мактап, көтөрө чалып сүйлөөдө колдонулат. *Баатырсынган берендер, Келишкен экен каркыбар* («Манас»). *Оо, каркыбарым*

*десе, келип калдыңбы?* (Маликов). *Бул каркыбарым турганда биздин колдон келбей турган иш жок* (Баялинов).

**КАРКЫТ** Төөнүн терисинен жасалып, ооз жагы күмүш же башка жалтырак металл менен кырбууланган, ичине суюктук куюлуучу идиш. *Каркытка куйуп арактан, Жутуп ийип күү чертти* («Мендирман»). *Кош каркыт арак куйдуруп* («Мендирман»).

**КАРПЫ** Чоң-чоңдон тиштөө, сугунуу. *Андрей бир сындырым кара нанды эстеген жерде бир-эки карпып алып кете берет* (Сасыкбаев).

**КАРСАК** Карышкыр, түлкү, чөө сыяктуу жапайы жырткычтардын жалпы наамы. *Карсак жүрбөс калыңда Карайлаган бир жанмын* («Манас»). *Караңгыда карсактын, Изине түшсө жаңылбас, Укма билген кары бар* («Сейтек»).

**КАРТООН** Пилдин тумшугу. *Ушул жерге сен немине кыстоо менен келдиң? Көрк мүйүзүнө сайып кетпептир. Пил картоонуна салып чайнап кетпептир* (Тоголок Молдо).

**КАРТЫ** Учуру, удулу, маалы. *Карты келген кезинде, Кара жүргөн добулбас* (Дүйшеев).

**КАРТЫК** Кан алууга, канды сордуруп таштоого колдонулуучу мүйүздөн жасалган түтүкчө.

**КАРТЫМАК** Карыгансыган, карылыкка баш койгон. *Абаздын апасы картымак тартып калган экен* (Таштемиров).

**КАРЫ* II** Үйдүн төбөсүнө коюлуучу устун.

**КАСА II** Ашкан мыктысы, дал өзү, тазасы. *Карап турсам таапсың, Баатыр сен каса тулпар-Аккула* («Сейтек»).

**КАСАБА I** Бир жак бети жарданып калган, кыр тарткан кар. *Кыштай найза бою касаба жаткан өзөн тоборсуй баштады* (Сыдыкбеков). *Лыжасын камдап, бөбөктөр касаба карга жөнөшөт* (Токобаев).

**КАСАБА II асаба** менен бирдей. *Касаба желек туу толуп, Айгайлаган чуу болуп* («Сейтек»).

**КАСАП II** Каардуу, ырайымсыз, мыкаачы. *Аялга касап. Малга касап. Канчоро касап өлдү деп, Баарыга кабар салыптыр* («Сейтек»). *Катуу каар касапты, Салалыкпы жанга деп* («Манас»).

**КАСАП III** Каргаша, жолтоо деген мааниде. *Каргышка сени албасын, Касабы тийип калбасын* («Эл адабияты»).

**КАСАР** Бактысыз, жарды, байкуш. *Карып-касарга жардамы көп тийген адамдардын бири эле.*

**КАСКАК** 1. Желектин, туунун сабы, желек, туу байлаган узун таяк. *Бүгүн кыргыз дагы гүлгө бөлөндү, кызыл туунун нур каскагына жөлөндү* (Токомбаев). *Солдаттар тууну каскагынан жулуп алып, белдерине курчап, жеңиштин белгисин билдирип турушту* («Ала-Тоо»).

**КАТ НАМЕ** Жазма баян. *Бул окуя, бул кат наме, бул дастан. Бир күкүмү өткөн күндүн дат баскан. Күкүм эмес, бир бир мезгилде аскадыр, Көктү тиреп, көөдөнүнө сыр каткан* (Байзаков).

**КАТИК** Арык, кыржыйган. *Эттенбеген катик неме экен* («Ала-Тоо»).

**КАТКАК** 1. Катып калган, каткан. *Колунан чыгып кеткен сумкасы каткак топуракка тийип, оозу ачылганда, аппак халаты булая түштү* («Ленинчил жаш»). 2. Кургакчылык. Каткак жыл.

**КАТКАКСЫ** 1. Тамагы кургап суусоо, чаңкоо. *Каткаксыган мергенчи койчунун чаначын көрө коюп, кыргызчалатып сүйлөдү* (Сыдыкбеков). 2. Кургап калуу, какшыган абалга келүү. *Каткаксыган жер. Жер каткаксый баштоо.*

**КАТЫНБААКЫ** Мүнөзү, жүрүм-туруму аялга окшош, аял сымал. *Мен андай датканын мурдун көтөргөн катынбаакы уулу менен жай сүйлөшөм* (Жантөшев).

**КАТЫҢКЫ** Ичке, арык денелүү. *Маманазар, орто бойлуу, катыңкы кара жигит* (Жантөшев).

**КАЧЫК** Жакын эмес, аралары алыс, узагыраак. *Бул сыяктуу тумандаган ойлордон Дарыяхан да качык эмес эле* (Жантөшев). *Тыңшагын татынакай, ашык жигит, Иш менен сөз ортосу качык жигит* (Токомбаев). *Кокусунан! Үзөңгүсүн кагыштырып алгандар өзүн-өзү сөгүп, биринен-бири качык бастырууга тырышат* (Жантөшев).

**КАЧЫКТА** Качык болуунун аракетин кылуу, алыстоо, жакын жолобоо. *Көптөн бери качыктап, мага бой салбай калдың* («Ала-Тоо»).

**КАШЕК* I** Каалга терезелердин кырка жээктерине туура келтирип, аларды бекитүү, ачып-жаап туруу үчүн ылайыктап жасалган рама. *Эшиктин кашеги. Терезенин кашеги.*

**КАШТА** Дөң, тегиз эмес жерге суу чыгаруу, суу жаюу үчүн каш тартуу, кырдап, каш тартып сугаруу.

**КЕБЕЗ ӨТҮК** Үкөк сыяктуу тултук өтүк. *Кебез өтүк, кендир бел. Мен кечээ эле көрдүм эр Коңурбай калчаны* («Манас»).

**КЕДИК** 1. Бою кичине, чабал, арык. *Ак көйнөк, ак топу, кабыма кара шымчан кедик кара абышка кумалактарды шарактатып көчүп жаткан экен* (Убукеев). 2. Кой тукумунун бир түрү. *Кедик койдун тармал жүн, таза жерге жыктырып, тасмалдатып кырктырып* («Манас»).

**КЕЖЕҢ** Койлордун ылаңы. *Кежең болгон койдой диртилдеп, селделери силкилдеп* (Жантөшев).

**КЕЖЕРНАЙ** Булгаарынын мыкты сорту, сапаттуусу. *Кежернай таман. Кежернай өтүк.*

**КЕЖИ*** Кой байлоочу жип.

**КЕЖИМ** 1. Түктүү жибек кездеменин түрү. 2. Алтын жип кошулуп токулган баалуу кездеменин түрү. 3. Кооздук үчүн пайдалануучу алтын зым жип кошулуп токулган кымбат баалуу тор. 4. Кооздолгон кымбат баалуу ат жабуу. *Торгун, тубар, тор кежим* («Манас» С.О.) *Кара кашка ар-*

*гымак, Алтындан кежим жаптырып* («Манас»). *Токулуу даяр көк ала Тор кежим салып минди дейт* («Олжобай менен Кишимжан»). *Ак кежим үртүк жабуулап, Жетелеп алып баралы* (Токтогул).

**КЕЗ*** 1. Узундугу 0,71 метрге барабар болгон өлчөм, чен, аршин. *Жети кез коргон байдубал, Чарбагын кошуп ырдайын* (Токтогул). *Сарбардын сегиз миң кезден ашык ар түрдүү шайылары, баркыты, чыты өрттөнүп, күлгө айланды* (Абдукаримов). *Үч кез дубалы мыкты салынган, бак-дарактуу короолор биздики* (Айтматов). ‖ Ушундай өлчөмдү билгизген, ушундай өлчөм менен ченөөгө колдонула турган чен таяк. *Кезге салып өлчөө.*

**КЕЗДИК** Кийиз бычууда, оюуда колдонулуучу бычактын бир түрү.

**КЕЗЕН*** Бирөөдөн өч алуу же бирөөгө жамандык кылуу, кыйратуу, сокку уруу максатында ызырынуу, кыжырлануу, жаалдануу. *Эки тарап тең бир-биринин караандарын алыстан көрүшүп, кезене, чымыркана дуулдай бастырышты* (Сыдыкбеков). *Жүрөгү күйүп турган өткүр Жунуш Кезенди ачууланып, эрдин тиштеп* (Токомбаев).

**КЕЗИК** 1. Айыкпас дарт, узакка кармаган кайтпас илдет. *Кезик, келте жолугуп, Албады неге өзүмдү* («Мендирман»). *Кезик болбой айыкса* (Тоголок Молдо).

**Кезиктей куу** – бирөөнүн артынан сая түшүп алуу, калбай жабыша берүү, асылганынан кайтпоо.

**КЕЗМАЛ** Кездеме. *Даркан сельсоветине делинген кезмал, кант, чай өткөн айда эле берилген* (Баялинов). *Кезмал жок десем, элүү метр алдыңыз* (Осмонов).

**КЕЙБИР*** Акыл эси ордунда эмес келесоо, макоо, келжирек. *Топурагымды түйүп берем дегенден коркуп, ушул ишке кабылдың ээ, кейбир!* («Ала-Тоо»). *Эй, кейбир экенсиң да* (Бейшеналиев). *Кейбир кылат өзүңдү, Кеп салбагын маңызга* (Токтогул).

**КЕЛБЕК** Келжирек, көп сүйлөгөн, сөзүнүн мааниси жок. *Айдаралы, Аттокур, Акындын тантык келбеги* (Токтогул).

**КЕЛБЕР** 1. Кең, кенен. *Кең багалек келбер шым.* 2. *өт.* Келбеттүү, келишимдүү, көрүнүшү, сын-сыпаты келишкен. *Булар да кыйын ырчы экен өзүнчө сындуу келбери* (Токтогул).

**КЕЛБЕРСИ** Келбеттүү, сын-сыпаттуу болуп көрүнгөнсүү, ушундай болууга аракеттенүү. *Болуш келберсип ыңгыранып койду* (Сыдыкбеков). *Кебез бел боо, кең өтүк, Келберсиген көй кашка, Кечилдин каны Коңурбай* («Манас»).

**КЕЛБЕТО** Жоого кийүүчү ок өтпөс кийим, тон. *Ок өтпөгөн келбето Кийишермин деҹү элем* («Манас»).

**КЕЛБОТО** келбето менен бирдей.

**КЕЛЕБАЙ** Келесоо, кеңкелес. Мени келебай кылба.

**КЕЛЕҢКЕР** 1. Ар кандай түстөгү кооз жиптерден түрдөлүп жасалган чач учтук. *Келеңкер чачпак, кең сооруу, Керилген жеңең мен элем* («Сейтек»). 2. Кездеменин бир түрү.

**КЕЛЕП*** Чыгырыкка түрүлбөй, эндей чалып койгон, жөнүнчө топтолгон жип түрмөгү. *Бир келеп жип. Күлүктөрдүн көкүлдөрү ак кебезден чырмалган келеп жип менен түйүлгөн* (Осмоналиев).

**КЕЛЕПТЕ** Жипти келеп-келеп кылып топтоо, чалуу, келеп жасоо. *Бир зайып жип келептеп жаткан эле* (Токомбаев).

**КЕЛЕС I** келесоо менен бирдей. *Кедейлерди зардатып тартып алган мүлкү менен көөп жүргөн келестер да!* (Каралаев).

**КЕЛЕС II келемиш** менен бирдей. *Келес чычкандар.*

**КЕЛЕСИ келерки** менен бирдей. *Келеси базарга чейин жетсе болду* («Ала-Тоо»).

**КЕЛЕТОТО** Куурайдын түрү. *Биз алтообуз келетото, акшакар аралашкан куурайдан эки күнү чаап жыйнап койгонбуз* (Жантөшев).

**КЕЛЕЧЕ** Шылдың, маскара, келеке. *Кыз-келиндер Аманды бет алдыра бир катар келече сөздөрдү айтып өтүп кетишти* (Убукеев). *Эки калмак делдектеп, Келече кылат күн сайын* («Эр Табылды»).

**КЕЛТЕ II** Эски мылтыктын бир түрү. *Ак келте. Боз келте. Кара келте. Бараңдын үнү зыркырап, Келтенин үнү чыркырап* («Манас»). *Келтенин огу кеспеген, бараңдын огу батпаган* («Сейтек»).

**КЕЛТЕ БОЗ**** Алгыр бүркүттүн бир түрү.

**КЕЛТЕЙ** 1. Кыскаруу, чолок тартуу, келте көрүнүү. 2. Бир жагын көздөй кыңайып калуу, кыйшык болуу, кыйшаюу. *Чапаны шөлбүрөп, суу этек жагына сарыгып, келтейип кеткен* (Байтемиров). 3. Иймейүү, ыйба кылуу, тартынуу. *Кайнага калтайбаса, келин келтейбейт* (макал).

**КЕМЕЛ-КЕМЕЛ** Чоң, заңкайган, бийик. *Чабындылардын көбү быйыл апрелдин акырында эле кемел-кемел сары кыр болуп чыгып кетти* («Советтик Кыргызстан»).

**КЕМЕР II** Суу жеп кеткен жээк, жар, жарча. *Тентек-Сайдагы кемердин ыктоосуна келип конгон үйдү көздөй бет алдык* («Ала-Тоо»). *Ойлонуп баратып, так алды жагынан бийик кемерди көрө койду* (Абдукаримов).

**КЕМЕЧ** **кемээч** менен бирдей. *Кемеч салып оозуна, Келтирип Жаңыл байлады* (Тоголок Молдо).

**КЕМЗААРА** Алсыз, кубатсыз. *Карылык деген балакет кемзаара кылып бараткан* (Абакиров).

**КЕМЭЭЧ** Азоо малды (көбүнчө жылкыны) үйрөтүү, жетелөө үчүн оозуна салып байланган кайыш, жип же кыска таякча.

**КЕНДЕ** Кыска, кодоо, корто. *Мен таанымбаган бир кенде неме отурган экен.*

**КЕНДИР** Буласы мешок, таар согууга, аркан, жип жасоого керектелүүчү өсүмдүк, кара куурай жана ушул өсүмдүктүн буласы. *Кээ бир үйлөр айланасындагы бийик өскөн кендир менен эрменден араң байкалат* (Сыдыкбеков).

**КЕНЕЙ** Чүкө оюнунда чүкөлөрдү тиге турган жер. *Саканы кенейден алып чыгуу. Кенейди басып атуу. Кенейге тигүү.*

**КЕНИЗ** Ачкөз, тойбос, сараң. *«Тамак» деп алар пияз жеп, Айныды акыл-эсинен. Кесепетүү кенизге, Кез болду мээнет өзүнөн* (Тоголок Молдо).

**КЕНИЗЕК** 1. Малай кыз, аял. 2. Күң, башы бош эмес кызматкер кыз. *Кенизектен жетөөсү* («Манас»).

**КЕНТ I** Кыштак, айыл. Отурукташкан жай; шаар. *Таласты жердеп кент кылган* («Сейтек»).

**КЕНТ II кент кылуу** – жок кылуу, тып-тыйпыл кылуу, кыруу, жоюу. *Кезикkенди кент кылган, Алышканды мерт кылган* («Сейтек»).

**КЕП ТОН** Өңүн өзгөртүп, таанытпас үчүн жасалган кебете-кепшир, форма. *Коңурбайдын кеп тонун, Алмамбет алып кийинип* («Манас»).

**КЕПЕР: кепер суук** – карандай суук, суукчан, суугу бар. **Кепер ысык** – жалаң ысык, ысыгы бар, ысыкчан.

**КЕПЕРЕТ** 1. Ислам growth: орозо кармабай калгандык үчүн өтөлгөсүн берүү. *30 күн орзо кармабаса, бир кул азат кылышы керек.* 2. Акталуу, төлөп кутулуу. *Сүйлөгөн сөзүң алтындай, Кепереттин кантындай* («Эл адабияты»). 3. *өт.* Азабын тартуу, кыйноосун көрүү. *Ох, башым сынып калыптыр тим эле. Кечээ ашыкча кетип жиберген экенбиз Бийбаланын үйүндө, аттиң ай, минтип кеперетин тартып каларды да унутуп деп, каракушун сыйпалап, оозун ачып эстенип койду* (Касымбеков). *Кеперетин чыгарып, Эки жүз миң кой айдап* («Манас»).

**КЕПЕРЕС** Элдик медицинада дары катары колдонулуучу сымап калийи.

**КЕПСЕН** *эск.* Сураган кишилерге кырманчылар тарабынан берилген эгин. *Сурап кепсен алам деп, Кызыкпа кедей тегинге* («Жазгыч акындар»). *«Аккула» деп кепсенди, Арбын берген мол кылып* (Тоголок Молдо).

**КЕРЕ II** керүү менен бирдей. *Кереде сары журт болгон соң, Кер жорго калды басынып* («Кыргыз эл акындары»).

**КЕРЕ III** Тигинен тура калуу, типтик боло калуу. *Бүркүт шукшурулуп бара жатканда, түлкү кереп тура калды.*

**КЕРЕЛЕ** Бирөөнү кыйкымдап жемеге алуу, тил тийгизүү. *Касымбекти жемелеп, Кара кучкө керелеп* (Тоголок Молдо). *Кадыркеч Бермет мен эмес, Анчалык какшык айтпа керелеп* («Саринжи Бөкөй»).

**КЕРЕНЕ** Кездеменин же жоолуктун, кийим-кечеяин кыюуланган жээги, жээгине салынган кыюусу. *Көк керене кол жоолук. Айчыгы алтын керене, Желек кылып алалы* («Сейтек»).

**КЕРЕТ** Алдын-ала көрө билгендик, көрөгөчтүк. *Кенжебай деген бир уулуң, Керет сөрөй жан экен* («Эр Табылды»).

**КЕРИ I керүү** менен бирдей. *Келериңде дүнүйө, Керинде жайык конушсуң* (Токтогул). *Жылкысы кери жайылган, Койлору батпай байыган* (Осмонов).

**КЕРИ II** Тетири, тескери, оңго карама-каршы. *Байкабай, сезбей каласың, Атыңа кери мингизет* (Осмонов). *Аялдар сонун атын кери терген, Аталган Күлбөс делип ошол бойдон* (Осмонов).

**КЕРИК** Тумшугунда бир же эки мүйүзү бар, сүт эмүүчүлөрдүн түркүмүнө кирүүчү жапайы ири жаныбар, носорог (көбүнчө эпостук чыгармаларда айтылат). *Каарым келип какайсам, Керигим бар, билим бар* («Сейтек»). *Керик минген Чабалай Алды кийин карабай* («Семетей»).

**КЕРИШ I** 1. Талаш-тартыш, уруш, чатак. *Бүтө жаздап калганы Уруш-талаш, кериштин* (Үмөталиев). 2. Кармаш, салгылаш, согуш. *Кетмен туяк, кең соору, Керишке минер Чалкуйрук* (Эр Төштүк). *Журт бүлдүргөн Чорого, Кериштн мыктап салалы* («Сейтек»).

**КЕРКАНА** 1. *эск.* Устакана. 2. *өт.* Байлык. *Келбейби сенин үстүңө Керкана дөөлөт малдарың* («Олжобай менен Кишимжан»).

**КЕСЕГУЛ** *эск.* 1. Аякчы, шарап куюучу. 2. Кымыз сунуучу бала.

**КЕСЕП** Жүрүм-туруму, ниети бузук, алдым-жуттум, хулиган, каракчы. *Элдин оокатын уурдап бүлдүргөн кесеп* (Токомбаев). *Көрсө Чегиртке журттан чыккан кесеп тура* (Сыдыкбеков).

**КЕСЕР** Көкүрөк, омуроо (көбүнчө жылкыга карата айтылат). *Кесерден кара канды көр* («Семетей»).

**КЕСИК II** Айыкпас, узакка созулган оору. *Кайтара Кашкар барганда, Кесик ооруп калганда* («Эл адабияты»). *Өлбөй житпей Кожожаш, Каканчылуу Бээжинде, Кесик гана оору деп уккан* («Семетей» С.К.)

**КЕСИМ II** Чечим, өкүм, бүтүм. *Болуштун кесимине макул болбоско айлаң барбы?!* («Ала-Тоо»). *Он карадан бир кара Кесими бар дечү эле* (Токтогул).

**КЕСИМДҮҮ** Белгиленген мөөнөткө кесими бар. *Кесимдүү малай. Шоруң катып кесимдүү, Айга жүрдүң кедейлер* (Тоголок Молдо).

**КЕСТИК** Кичине бычак. *Жанында болот кестигин Кындан суурип алды эми* («Эр Төштүк»).

**КЕТЕ** Эпостордо айтылуучу кооз материалдын (кездеменин) аты. *Келинге кете кийгизип, Кете тондун этегин Керилтип жерге тийгизип* («Манас»).

**КЕТЕЧЕ** Майда буюм-терим салуу үчүн кооздолуп, саймаланып тигилген баштык. *Кетеченин ичинен Дайынсыз кетти дареги* («Мендирман»).

**КЕТЕЧИ** кетече менен бирдей. *Кең баштыктын ичинен Кетечинин түбүнөн, Алып чыкты бир буюм* («Эр Төштүк»).

**КЕЧЕ II** Тантык, тил билбес, кепке сөзгө жакшы түшүнбөс. *Кеченин тилин энеси билет* (макал).

**КЕШЕНЕ** Белге орой турган сызма кур, кездеме кур. *Беш оролгон кешене.*

**КИДИЙ** кидигий, кипкичине болуп көрүнүү, тыптырнактай болуп кыдыюу

**КИДИР I** Тоскоол, жолтоо. *Жолдо кидир болбос үчүн, Бул паровоз жар салат* (Токомбаев).

**КИДИР II** Токтоп калуу, буйдала түшүү, алаксуу, кечигүү. *Ошондо Сыргак талаадан кидирбестен жетти эми* («Манас»).

**КИДИРГИ** Токтоп калуу, буйдала түшүү, алаксуу. *Ал кандай нерсени баштабасын, бир кидиргимейинче аягына чыга албайт* («Ала-Тоо»). *Буттары шилтөөгө келбей кидиргий түштү* («Ала-Тоо»).

**КИЕ** Чөп, чөп өсүмдүктөрү. *Толуп жаткан киени Тоо кийиктер издеген* (Тоголок Молдо).

**КИСЕ** 1. Калың кайыштан коозодолуп жасалган, оттук таш, куу ж.б. салынуучу, курга боосунан бекитилип же илинип коюучу, жанга байланып жүрүүгө ылайыкталган булгаары баштыкча. *Мойнуна кисе салынып* («Манас»). *Бараңды асынып,, чоң кисе менен шамшар бычакты курга илип, ууга камынат* (Сыдыкбеков). 2. Жалпы эле кайыш кур (кисе, кын ж.б. кошумча бөлүктөрү менен) деген мааниде да колдонулат. *Төрөсү Манастан калган боз кисе, Кынап белге чалды эми* («Семетей»).

**КИЧИЛЕ*** Бирөөдөн көз артып сурануу, тиленүү, «кичи» деп калуу. *Көрүнгөндөн кичилеп, Кишиге жек көрүнбө* (Осмонкул).

**КИШ I** 1. Суусар тукумуна кирүүчү териси баалуу, күрөң түстүү майда жырткыч айбан. *Кишке ууга чыгуу. Киш кармоо.* 2. Ушул айбандын териси же ушул айбандын терисинен жасалга кийим. *Киш ичик. Карадан жорго тердеткен, Кара киш кийип кирдеткен* (Токтогул).

**КОБУК** Колдун манжаларында болуучу оорунун аты. *Кобук кылып дөөрүтүп, Колумду алдың карылык* (Тоголок Молдо).

**КОБУЛ** 1. *этн.* Уук, керегe, түндүк, чамгарак сыяктуу буюм-теримдерди кооздоо үчүн түшүрүлгөн ичке, жылга-жылга келген оюк, оюм, из. Териден тигилген кийимдин, башка буюмдардын тигишине тиштеп түшүрүлгөн из, орнамент. 2. Көңдөйчө. *Ээрдин кобулу.*

**Кобул колдуу** – ичке манжалуу (көбүнчө аялдарга карата айтылат). *Орто бойлуу он беш жаш, Кобул колдуу олоң чач, Өрдөк моюн, түймө баш.* («Манас»).

**КОЙГУЛ** Сүзүлгөн, коюуланган (уйкусураган, уйкусу келген, талыкшыган көзгө карата). *Мен дагы отурамын, жанымда Ажар, Ажардын көзү койгул, бети анар* (Турусбеков).

**КОЙГУЛЖУМ койгул** менен бирдей. *Жайдарым тике карап күлүмсүрөп, Койгулжум кара көзү мурун үрөп* (Турусбеков).

**КОЙГУЛТ койгул** менен бирдей. *Акылдуу койгулт көздөрү ойлуу тиктейт* (Сыдыкбеков).

**КОЛДОКМАТ** Жарамсыз, эби-сыны жок, колдогой. *Колдакмат киши.*

**КОЛЕК*** Дубал куруу үчүн ылайдан кол менен тоголоктолуп жасалган кесек. *Ар кайсы жерде чочойгон Колектен салган там эле* (Осмонкул).

**КОЛЕКТЕ** Колек менен куруу, колектерден тизип тургузуу (мис., тамды, дубалды). *Колектеп жасалган жалгыз там – Бердиники* (Жантөшев).

**КОЛО III** Коркуу, коркунучта болуу, коркуп качуу. *Бүлдүрүп сайып киргенде, Бүтүндөй калмак колоду* («Эр Табылды»). *Колоп калды деп баргын, Кошой баштык карысын Байлап алды деп баргын* («Манас»).

**КОЛОК I** *эск.* Жаанын огу. *Колок атып, жаа тартса, Аялда мындай баатыр жок* (Тоголок Молдо).

**КОЛОМОЧТО** Күрөшүү, кармашуу же кандайдыр бир ишке киришүү алдында колдорун жеңинен бошотуп эки

ийинге жеткире түрүү, шымаланып даярдануу, оңтойлонуу. *Эки колун коломочтоп, эки этегин түрүнүп* («Ала-Тоо»).

**КОЛОМОЧТОН** коломочто этишинин өздүк мамилеси. *Коломочтонуп түрүнүп, комузун алып ырдай баштады* («Ала-Тоо»).

**КОЛОО** Далыга доо кетүүдөн улам пайда болгон эки алдыңкы буттун аксагы (жылкыга карата).

**КОЛХОЗ** *тар.* Коллективдүү чарба (негизги өндүрүш каражаттарын коомдоштурууга негизделген, айыл чарбачылыгын биргелешип жүргүзүү, өнүктүрүү үчүн коллективдешкен эмгекчи дыйкандардын социалисттик формадагы өндүрүштүк бирикмеси). *Алдыңкы колхоз. Миллионер колхоз. Колхоз мүчөлөрүнүн жалпы тобу, коллективи. Жатпай ишке чыкканын, Жалпы колхоз билишти* (Барпы).

**КОМГОК*** Топурактын, тезектин ж.б. тоголоктошуп катып калган бөлүгү, кесеги. *Жылдызкан жолдун жээгинде жаткан комгокту ала коюп урду эле, тийген жок* (Байтемиров). *Татыбек колуна кармаган комгок топуракты талкалоо менен алек* (Байтемиров).

**КОММУНИЗМ** 1. Коомдук экономикалык түзүлүштүн бир түрү. 2. Ушул түзүлүштүн илимий теориясы.

**КОМОКОЙ** Найзанын сап аштала турган жериндеги жоон бөлүгү.

**КОМОКОЙЛУУ** Комокою бар, ашталуучу жери калыңдалган (найзага карата). *Комокойлуу сыр найза Коройтуп колго алды эле* («Сейтек»). *Комокойлуу сыр найза Уңгусун болот аштаган* («Манас»).

**КОМСУН** Ишенбегендей, алымсынбагандай абалда болуу, оңтойсуздануу. *«Сакайып кетмек» деген сөздү аксакалдар комсуна карап угушту.*

**КОМУК: кара комук** – кара көңдүн, кыктын үйүлгөн дөбөсү, топтолгон бөлүгү.

**КОМУТ** Өкүнүчкө, арман-муңга, кейишке баткан, кыйын абал, шарт. *Комутта өткөн кайраным, Козголуп калды арманым* (Тоголок Молдо).

**КОМУТТУУ** Наразылыгы бар, армандуу. *Кордогон душман жоголуп, комуттуу иши оңолуп* («Сейтек»). *Черин жазып кармашпай комуттуу болуп калуучу* («Семетей»).

**КОМУТУ ТОЛБОО** Алымсынбоо, наразы болуу.

**КОНДУРГА** Жонундагы жоорун кашып, каккылап жибербес үчүн жылкынын омурткаларынан жипке тизип, аркасы жоор болгон аттын мойнуна тагып коюучу кынжы.

**КОНОГО** Алыска чабылуучу аттардын түнөгү. *Коного атын чаптырып, Желдетке кылыч тактырып* («Эл адабияты»)

**КОНОЛГО** 1. Коно турган, түнөп жатууга тийиш болгон жер, түнөк. *Коноолгомо жеткиче Кокуй күндү не салдың* («Эр Табылды»). 2. Атчан киши бир конуп өтө турган аралык. *Ташкенттен чыгып, беш конолгондо Чүйгө кирип барчу экен.*

**КОНОЛГОЛУУ** 1. Конууга, түнөп калууга ылайыгы бар оңтойлуу. *Жүргүнчүлөр коноолголуу жерден өтүп кетишпесин, биз аттаналы* (Жантөшев). 2. Түнөгү, коно турган жери, коноолгосу бар. *Конолголуу куш элем, Конуп учуп кеткенче, Кокуй күндү не салдың* («Эр Табылды»).

**КОНОО** Ат чабыштын жолдо конуп, эртеси эртең менен келүүгө тийиш болгон эң алыс аралыгы. *Коноого чапкан күлүктөй Кызыганда элирген* (Токтогул). *Коноого чапсам чыгар деп, коштоп алып жүрөмүн* (Токтогул).

**КОНТУКТА** Өз унаасын аяп, багууга (кароого) берилген бирөөнүн унаасын минип арытуу, бирөөнүн унаасын иштетүү.

**КОНТУКЧУ** Бирөөнүн малын, унаасын иштеткен, өз унаасына, малына аёо кылган адам. *Контукчу бай*

**КОҢ I** сан эт.

**КОҢТААЖЫ** Кандын уулу, акимдин баласы. *Коңтаажы ээн жер, ээн элге келип, Чүйдүн башы Келинден орун алган* (Тоголок Молдо).

**КОҢУР МЫРЗА** Бүркүттүн бир түрү.

**КОО БУЗГАН КҮЛҮК** Ашкан, мыкты, чыгаан күлүк.

**КООК** 1. *эск.* Күнөөлүү адамды же душманды жазалоодо башына кийгизилүүчү тери, шире. *Башына коок капталып, Мойнуна зоолу салынып* («Манас»). *Башына коок кийгизип, Эсенканга баралык* («Манас»). 2. Кылмыштуу адамдын мойнуна кийгизилген тактай моюнтурук.

**КООЛУ** *эск.* Токтом, чечим. 1920-жылдары колдонулган термин. *Сөз токтоду, коолу кабыл алынды* (Токомбаев). *Азырынча Ташкентте калсын деген коолу болду* («Ала-Тоо»).

**КОПО** Сазга чыгуучу өлөң чөп. *Кара кыяк, копосу Уйдун жери Ала-Тоо* (Тоголок Молдо).

**КОР I** Очоктогу, от жаккан жердеги чок аралаш ысык күл. *Талча чайды демдеп, очоктогу корго койду* (Байтемиров).

**КОР II** Бозонун бир нече күн салынып, күчтүү ачытылышы, бир нече күн кордолушу. *Бозонун күчүн жетилткен, Корун кандай унуттуң?* (Токтогул).

**КОР IV** 1. Уютку, негиз, түп. *Бар мактанса табылат, Сабасында кору бар* (Калыгул). 2. Байлык, жыйган-терген мүлк. 3. Кам, даярдык. 4. Көп эл, жыйылган калк. *Туңша шаар кентунда Кытайдын төккөн кору бар* («Манас» С.О.).

**КОРБАШЫ** *эск.* 1. Кокон хандыгындагы жергиликтүү полициянын башчысы. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген кор башы* (Токтогул). 2. Басмачылар шайкасынын жетекчиси, уюштуруучусу. *Иштин түбү Мамат корбашыдан, – деп энем дагы ыйлады* (Жантөшев).

**КОРГУЛ корум** менен бирдей. *Айланам үйгөн коргул таш Айлансам кайдан чыгасың* (Токомбаев). *Андан ары коргул болуп, коргулдун үстү жалама зоолуу аскага айланган* (Жантөшев).

**КОРОСОН* I** 1. Чечек оорусунун уусу. *Коросон арак суусуну* («Манас» С.О.). 2. Курч, өткүр. *Коросон кылыч. Коросон оттук.* 3. *өт.* Күчтүү, күчү жетилген. *Коросон бозо.*

**КОРТУК*** Кочкор салууга жарабаган, бирок бычылбай калган начар кочкор. *Койду кортук бузат* (макал).

**КОРЧОЛО** Далдалоо, көрсөтпөө. *Көрсөтпөй бизге корчолоп, кайда катып койду экен* («Эл адабияты»).

**КОРЧУ** *эск.* Илгери Орто Азияда жашаган өкүмдарларды кайтаруучу адам. Өкүмдарлардын сакчылары. 2. Эгин талаасын коруучу адам.

**КОШАҢ** Эттүү тамактын бир түрү.

**КОШКОН МАЙ** Талканга май, бал аралаштырып жасалган көбүнчө жентекке берилүүчү тамак. *Бал эле дейсиңби, сары майга эритип кошкон май жасайбыз* (Бейшеналиев).

**КОШМОН**** Жемсөө жүнүндө тик кеткен ак тагы бар ителгинин түрү.

**КОЮНДА** Койнуна салуу. *Ак сакалын коюндап, Аргымагын моюндап* («Манас»).

**КОЮШ*** 1. Уруш, мушташ, карпа-курпа карама-каршы чыгып бири-бирине күч колдонуу. *Коюшканы кочкордой* (фольк.).

**КӨБӨК** *эск.* Ит.

**КӨБӨНӨК** *эск.* Кепин. *Көбөнөк кийгенден түңүл, кементай кийгенден түңүлбө* (макал).

**КӨБӨҢ** Көпкөлөң, көпкөн өңдүү. *Ат көбөң тартып калды.*

**КӨБӨӨ** Тондун этек жеңдеринин жана тери шымдын багалектеринин сыртынан тегерете карматылган анча жазы

эмес кездеме же көрпө. *Карыяны кубанткан, Карыш көбөө карматып Калдайтып кийген тон болот* (Осмонкул).

**КӨБӨӨЛ** Жардын, жээктин ж.б. үңүлүп, оюлуп кеткен жери, оюгу. *Каныбек жарча зоонун алдындагы үңкүр сымак көбөөлгө кирди* (Жантөшев). *Орусбек суунун көбөөлүнө колун сала коёт* (Жантөшев). *Таштын көбөөлү гана кара болбосо, башка жердин бардыгын кар каптаган* (Жантөшев).

**КӨБҮРГӨН* I** Жапайы пияз, тоо пиязынын бир түрү. *Кенже таң эртеңден кыздар менен бирге ышкын, кымыздык, көбүргөн терди* («Жаш ленинчи»).

**КӨБҮРГӨН* II** Көбүнчө колдун тырмактарынын түбүнө чыкчу жаракат.

**КӨДӨӨ I** Бетеге сыяктуу чөп өсүмдүгү, от. *Ойдуңдарга тулаң сыяктуу көдөө чөптөр чыгат* (Убукеев).

**КӨДӨӨ II** Малга (көбүнчө жылкыга) жана адамга чыгуучу жара, күйдүргү.

**КӨДӨӨЛҮҮ** Көдөө өскөн, көдөө чөп чыккан. *Көдөөлүү бет мелтирейт* (Жантөшев).

**КӨЖӨЛ көжөр** менен бирдей. *Армиядан келгенден кийин өзүм иштеген цехке барам деп, көжөлүп олтуруп алды* («Ленинчил Жаш»).

**КӨЖӨР*** Көшөрүү, өжөрлөнүү, көгөрүү. *Көжөрүп тил албай коюу. Көжөрүп жатып алуу.*

**КӨЗ АЙНЫГАН** Көз тайгылган, көз жетпеген. *Көз айныган мунарык, Чөлгө түштү Эр Төштүк* («Эр Төштүк»).

**КӨЗДҮК*** Үркүнчөөк, азоо жылкынын көзүнүн арт жагынан далдалап, үркө турган нерселерди байкатпоо үчүн жүгөнгө тагылган калканч.

**КӨЗӨМӨЛЧҮ** *эск.* Сакчы, кароолчу.

**КӨЗҮН САТУУ** Бирөөдөн же бир нерседен үмүттөнүп зарыла кароо, үмүткөр болуп жалдыроо, телмирүү. *Жалгыз балам Шайымбет Ар кимге көзүн саткандыр* («Эр Та-

былды»). *Көңүлүм өспөй жаш калып, Көзүмдү кимге сатамын* («Курманбек»). *Узун жолду көп карап Көзүн жолго сатабы* (фольк.)

**КӨЙ** 1. Мыкты, чыгаан, тандалган. *Көй кашкалар баарың бил* («Манас»). *Алтын чынжыр жез түркүк, Аса байлап көй күлүк* («Манас»). *Көй буудандын баарысын, Такыр тартып алды де* («Манас»). 2. Өңчөй, жалаң, абдан. *Кыркы кылымдан чыккан көй кашка* («Манас»). *Көй төрөлөр жөнөдү, Көпкөк темир кийинген* («Манас»).

**КӨЙКАП** 1. *миф.* Жердин айлана-четин курчап турган тоолор. 2. Өтө алыс жерлер, дүйнөнүн бир чети. *Көкөйдү кесип зар заман, Көйкапта элим жатканда* (Бөкөнбаев). *Көркөмдүү элден ажырап Көйкапта кандай жүрдүңүз?* (Токтогул).

**КӨЙЛӨ** Майда нерсени (мис., талканды) суюк нерсе менен мыжыгып аралаштыруу.

**КӨК V** Малдын чылгый терисинен тилинип жасалган бир нерсени (мис. чокойду, керегени) көктөш, бекитиш үчүн колдонулуучу ичке тасма.

**КӨК АШЫК** Иттин эки жаштагысы.

**КӨК БАРАҢ** 1. Эски мылтыктардын бир түрү. *Көтөн ооз көк бараң* («Манас»).

**КӨК ЖЕКЕ** Эркектердин баалуу, сымбаттуу бут кийими.

**КӨК ЖОН** Шайы кеткен, алсыз, начар, дарманы жок (көп төрөгөн аялдарга же көп тууган малга карата айтылат). *Көп төрөдү, бечара көк жон болбогондо эмнеси калды.*

**КӨК КҮБӨ** Баатырлар, шерлер, эрендер, берендер кийүүчү кылыч кеспес, жебе тешпес, узун жеңдүү тон. *Бирок уздар ушул аралыкта ийине жеткире ийленген териден көк күбө тон, көк жеке, кандагай, ак чүштөдөн көйнөк, саптудан дамбал тигип бүтүштү* (Субанбеков).

**КӨК ЧЫБЫК** Эски мылтыктын бир түрү.

**КӨК ШАЛЫ** Маасынын, кепичтин кончуна, тумшугуна коздук үчүн салынган түр, сайма.

**КӨЙКАМАН*** Жылдыздын аты. *Көйкаман көккө батканча,, Көпөлөк уйку кандыртып* (Дүйшеев).

**КӨКМӨК II** 1. Эки жаштагы аркар. 2. Бугунун эки жаштагы букачары.

**КӨКӨНӨ** 1. Согуштук ураан. Көктү кудай деп түшүнүп, анын атын атап, ага кайрылып согушка кирүү. 2. Оо кудай! Маанисин туюнткан көктөн жардам тилегенде айтылуучу сөз. *Көкөнө! – деп, чуркурап* («Манас» С.О.).

**КӨКҮ** 1. Эсирүү, тил албоо, кежирленүү, көгөрүү, оюна келгенин бербөө. *Атасы келгенден бери көкүп кетти.* 2. Үркүү, чочуу, чочуп жалт берүү. *Ат укурукту көрүп көкүп кетти.*

**КӨКТҮН КЫЙГЫЛ СУУСУ** Шарап. *Кызмат кылган кыз-келин, жигиттер каткырып-күлүп, тамашага чалып, дембе-дем көктүн кыйгыл суусунан улам чөйчөккө толтуруп, сунуп жатышты* (Даникеев).

**КӨКТҮН СУУСУ** Жуурат, айран, сүт, кымыз сыяктуу суюк тамак-аш. – *Көктүн суусун аябай бир кесе айран куюп кел, деди* («Ала-Тоо»).

**КӨКШАЛ** *тар.* Кашкар тараптагылардан тараган көгүш, жашыл түстүү булгаары жана ушундай булгаарыдан тигилген өтүк.

**КӨКШҮН I** 1. Өтө карыган абышка. 2. диал. Кемпир

**КӨЛБӨ** 1. Көөлгүү, жайпоо (сууга карата). Суу көлбөдү. 2. Улам бир капталына ооп, оодарыла берүү, каалгып козголуу. *Датка көлбөгөн ингендей ооналактайт да, анда-санда сүйлөйт* (Токомбаев). *Ашым кийимдерин чечинип, сууга көлбөдү* (Убукеев).

**КӨЛӨ** Тоголок.

**КӨЛПҮ** 1. Кең-кесири, келишимдүү болуп, жайкалып туруу (кийим-кечеге, буюмга карата айтылат). 2. Кенен-

чонон, жайкалган жакшы кийим кийип салмактуу, жай басуу.

**КӨЛТӨК*** Олбурлуу, жоон-жолпусунан келген, бирок ишке жалкоо, жанбакты, жөндөмсүз, олдоксон адамдарга карата айтылат. *А-ай, көлтөгүм, көлтөгүм, Билсеңчи шишиң толгонун* («Чалкан»).

**КӨМҮК** Көмүскө, жашыруун. *Көрүнсө атып салбасын көмүктө жаткан душман бар* («Эр Табылды»). *Көмүктөгү калың кенди көрүп табар инженер* (Бөкөнбаев).

**КӨМҮРКӨЙ** Аспап, майда-чүйдө буюм-теримдер салына турган сандыкча. *Кычан темир көмүркөйдү ачты* (Бейшеналиев). *Көңүлү менен болтуруп, Көмүркөйдүн баарысын, Көп алтынга толтуруп* («Семетей»).

**КӨНӨК** 1. Саан сааганда, суу ташыганда колдонуу үчүн төөнүн терисинен ыштап жасалган идиш. *Үч ийдирип сааганда Көнөк толгон сүт алдың* (Тоголок Молдо). *Көдөөдөн жулуп чөп берип, Көнөк менен суу берип* («Манас»).

**КӨНӨӨ** *эск.* Той жөнүндө көнөө караштарга кабар бер.

**КӨНӨЧӨК** Төөнүн терисинен ышталып жасалган, көнөктөн кичирээк келген идиш. *Желени көздөй көнөчөктөрүн көтөрүп, үч-төрт аял басышты* (Абдукаримов). *Суу бойлоп көңүл ачып, ойноп күлүп, Тересиң көнөчөккө карагатты* (Шүкүрбеков).

**КӨҢКӨ I** Жеңил автомашина, автобус. *Түш оой мектептен чыгып, туура көчө менен үй жакка бурула бергенимде, эшиктин алдында турган көңкө көрүндү көзүмө* (Даникеев). *Ал анткени көңкө минип шаттанган. Сенин көңкөң менин атымдан да күлүк белем* (Сыдыкбеков).

**КӨҢКӨ II** Калың, чытырман. *Көмүрүнө чыдабай, Көңкө токой кыйылды* («Эл адабияты»).

**КӨҢКҮ** Жалпы, текши, бардык, көп, көпчүлүк. *Көңкү кыргыз элимди Көрө албайм го деп жүрдүм* (Токтогул). *Көңкү черүү аттанып, Көлдү көздөй барышты* («Манас»).

**КӨҢСҮ** Көңдүн жытындай борсуган жыт чыгуу, көң жыттануу. *Ачыган шактын, көңсүгөн топтун жыты каңырсып, түз эле каңылжаарга урат* (Касымбеков).

**КӨӨДӨ I көөдөк** менен бирдей. *Баарысы көөдө жаш бала* («Саринжи Бөкөй»).

**КӨӨДӨ II көөдөн** менен бирдей. *Жигиттин баары бирдей боло бербейт, Жоолугун көөдөсүнөн бууган менен* (Токтогул). *Кыраңдын тунук жели кечки салкын, Оп тартсаң көөдөн толуп жаның сергек* (Абдыраманов). *Талып калган Жакыптын көөдөсүнө бүрккөнү* («Манас»).

**КӨӨДӨ III көдөө** менен бирдей. *Атыма көөдө жулуп, дем алдырып, Таң ата муз давандан өткөн дурус* (Токомбаев).

**КӨӨДӨК** Көтөрүлүп, мактанып кетме адаты бар, аркы-беркини билбеген мактанчаак, опурулма, ала көөдөн, алаңгазар. *Көкдөөнүн Көкдөө экенин Көөдөк күйөө билсин де* («Эр Төштүк»).

**КӨӨДӨН** 1. Дененин көкүрөк, төш жаккы бөлүгү. *Көөдөнүн найза аралап, Көкүрөктү жаралап* («Курманбек»). *Касымбек ич күптүсү эми чыккандай, көөдөнүн кере дем алды* («Ала-Тоо»). 2. *өт.* Көңүл, ой-пикир. *Калтырбай айтып берейин Көөдөндөгү сырымды* (Каралаев).

**КӨӨЛҮ** Тегирмендин суу менен айланып туруучу барасы.

**КӨӨНӨ*** Эски, эскирип калган, көөнөргөн. Көөнө кийим. *Топтун ортосунда көөнө кара шинель кийген кубакай жигит сүйлөп жаткан экен* («Ала-Тоо»). *Эски көөнө дүйнөнү, Эстүү пенде апкетет* («Эл адабияты»).

**КӨӨСӨР I** Акыл-эси төмөн, алаңгазар, көөдөк, пас дамдарга карата айтылуучу сөз (уй баш, өгүз баш). *Көөсөрүң болсо калыңар, Көсөмүң болсо барыңар* («Манас» С.О.). *Көтөрүлүп көп сүйлөп, Көөсөр жүргөн. Көйрөң чалыш кул экен, Көөсөр сымак уул экен* («Эр Табылды»). *Көрө албасаң, сен Көкчө, Көөсөрлүк сөздөн кайра кайт!* («Манас»).

**КӨПСҮН** Көп деп сезүү, көп көрүү. *Көпсүнбөйлү буга деп, Көңүлү чөгүп калганы* («Манас»).

**КӨР КАШКА** Мааниси жок, акылсыз.

**КӨРКАП** Көп деген мааниде. *Көркап бир миң жол жүрүп, Саналуу бир миң жол жүрүп* («Эл адабияты»).

**КӨСПАНТ** Кой, кой-козу. *Көпсанттан канча салалык, Көбүрөөк кылып алалык* («Манас»).

**КӨТӨРМӨ** *эск.* 1. Жумуш иштеп берүү үчүн алынган карыз, насыя. *Жакып тыңыгандан кийин, Ийгилик экөө көтөрмөгө сугат сугаруучу болду* («Ала-Тоо»). 2. Белгилүү мөөнөттөн кийин процент кошуп (көбөйтүп) төлөп берүүгө милдеттенип алган карыз. *Мындай сүткор байлардан көтөрмөгө пул алба* (Токтогул). *Чейрекер байдын кампасынан келерки жылдын эсебинен көтөрмө алды (*Абдукаримов).

**КУБАР*** түпкү ата-баба. *Кубарыңдын куу чокусу! Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы!*

**КУДУ II** Бийиктиктен төмөнгө шукшурулуп түшүү, тийүү (канаттууларга карата айтылат). *Карай салса үстү жакта канатын куушурган бүркүт кудуп калыптыр* (Сыдыкбеков).

**КУЙ II** Жердин жарыгы, чуңкур, аң болуп калган жер, жардуу аң, жер титирөөдөн пайда болгон жарака жер. *Мал куйга кирип кетти.*

**КУЙТАН: куйтан ойнотуу** — баш катыруу, баш айлантуу, жинди кылуу, акмак кылуу.

**КУЛКУТАН** *тар.* Бирөөнүн ирегесинде жүрүп, эптеп жан баккан малайлар, жакыр адамдар. *Кечээ эле эптеп күн көрүп жүргөн кул-кутандар өз оокатын өзү эптеп кеткени кожоюнду жиниктирди* (Абдукаримов).

**КУЛАК КАЙЧЫ** Ууру, кески, кээде каракчы. *Кулак кайчы бурут көп* («Манас»). *Анда калтаң кеп айтат, Камыкпа каным деп айтат, Кулак кайчы буруттур, Көбөйүп кетти дейсиңби, Көк теңир аны уруптур* («Манас»).

**КУМАЙ I** Кум, кумдуу жер. *Барган жерин кумайга толтуруп, далай жерди суу каптайт* (Байтемиров). *Айланасы боз кумай, Мээ кайнаткан чөл болот* (Жантөшев).

**КУМАЙ II** Бийик тоолордо жашоочу жорунун бир түрү.

**КУМПАЙ I** (куу кумпай) Өзү боз, көлөмү кичирээк өтө алгыр ителги. *Кыргыйдын зорун шумпай дейт, Турумтай зорун кумпай дейт* (Тоголок Молдо).

**КУМПАЙ II** Ынак, жакын. *Кичине чагынан эле Адыл дыйкандар менен кумпай боло турган* («Жаш Ленинчи»).

**КУМПАЙДАН ТУУЛГАН** Сүйүктүү баатырларга карата айтылган оң эпитет. *Кумпайдан туулган кабылан, Кузгундан туулган куу Кыяз* («Сейтек»).

**КУНАБА** Кандуу жаш, катуу кайгы, азаптануу, убараны абдан тартуу. *Санаа тартып саргарып, Дартизар болуп сандалып, Кунаба жутуп кумсарып* (Тоголок Молдо).

**КУНАС**** Моюну, буту узун, илегилек түспөлдүү куш. *Кара кунас, көк кытан, Илегилек чөкө таан* (Тоголок Молдо).

**КУНАСА** Сараң, ач көз, битир. *Кунаса байлардын сазайын берербиз* (Абдукаримов).

**КУНДА** Кара курт, уулуу жөргөмүш, тарантул. *Кунда, кунда, кунда курт, Атын билген кунда курт, Жайын билген кунда курт. Курт куурам, түбүң менен суурам* (Дарым).

**КУНДАК II** Жаңы төрөлгөн баланы бешикке салынганга чейин жаткырып туруучу ылайыктап, койдун же төөнүн жүнүнөн атайлап жасаган төшөк. *Ал алачыкка кирер менен, балага жасалган кундактын башындагы түйүнчөктү ала койду* (Токомбаев).

**КУНУ** Суусар түркүмүнө кирүүчү териси баалуу жырткыч жаныбар.

**КУНУ ДАРЫ** Канын ичүүгө даяр, өлтүрүүгө даяр деген мааниде. *Ал-Каныбек, мындагы Айдарбек датка гана*

*эмес, Кашкардагы Зуннахун бекке да куну дары экенин билебиз* (Жантөшев).

**КУНУТ** 1. Кулчулук кылуу, жалынуу.

**КУПА** 1. Ат жабдыктарына жалтырак металлдан түшүрүлгөн коолдук. 2. Жалпы эле буюм-теримдин ушундай жасалгасы, кооздугу. *Жүк бурчу бакан ачалуу, Купасын чапкан дилдеден* («Манас»). *Купа баскан шурусу аркасында шаркылдап* («Манас»).

**КУПАЛА** Бир нерсени бетине купа салып кооздоо, купа кылып жасалгалоо. *Купалап күмүш койдуруп* («Манас»).

**КУРА КӨРҮҮ** Жылдыз төлгө ачуу, жылдыздарга карап төлгө тартуу. *Кура көрүп, бал ачты* («Манас»).

**КУРТ II** *эск.* Бөрү, карышкыр. *Мал куш курттан аман болсо жакында жайлоого көчөбүз.*

**КУСЕЙНИ** 1. Сонун, көркөм, кооз, сулуу. 2. *өт.* Сүйрү жүзүм, жүзүмдүн бир сорту.

**КУУ АШЫК*** Иттин жашы. 3-4 жаштагы ит.

**КУУ КАЗАН** Казан-аягынын берекеси жок, үйүнөн адам тоёрлук тамак-аш бере албаган. *Эсентай кууказан киши эле* («Ала-Тоо»).

**КУУРМАЧ** Куурулган дан, майга куурулуп, тамакка кошулган катык (эт, пияз ж.б.)

**КУУРСУН** Куштун канатынын сөңгөгү. *Куурсундай колуңуз, Кумурскадай белиңиз* («Эл адабияты»).

**КУШ БАЗАР** Океан, деңиз жээктериндеги тик аскаларда, аскалуу жарларда деңиз куштарынын (кайра, чардак, эселектер, пингвин ж.б.) колония түрүндө уялашы. *Айрым куш базарлар ондогон км ге созулуп, анда жүз миңдеген куштар болот.*

**КУШБЕГИ** Кокон хандыгынын убагындагы чоң мансаптын аты. *Көп өтпөй буларга Маргалаң беги, Өтөмбай кушбеги кошулду* (Касымбеков). *Кокондогу кушбеги, Сени менен элчилиги азыраак* («Семетей»).

**КУШКАНА** Мал союу жана союлган малдын эттерин белгилүү тартиби боюнча жөнгө келтирүү жумуштарын аткара турган иш жайы.

**КУШКЕР** 1. Сиңимдүү, оңой сиңе турган. 2. *өт.* Таттуу, ширин. Арзан тамак пияздан, Барып алып жээрсиңер, *Кубангандан баарыңар, Кушкер экен дээрсиңер* (Тоголок Молдо). *Эненин бул сөзүндө: «үйлөнсөң боло, кушкер тамак жегин келсе» – деген купуя кеңеш, тымызын пикир билдирүү бар эле* (Мавлянов).

**КУШТА** Барктоо, жакшылап сый-урмат көрсөтүү, көңүл бөлүү. *Аларды кандай куштады, Жеринен качты дебестен* (Тоголок Молдо). *Жакшы менен дос болсоң, Өмүрүңө кушташат* (Калыгул).

**КУУСУН** Замбиректи от алдырыш үчүн даярдалган куу, отун.

**КУЯ*** Балээ, кырсык, балакет. *Сырын айтып жолукту Кутулбас куя балаага* (Жантөшев).

**КУЯҢКЫ** Көптү көргөн, кексе, куу, арамза. *Куяңкы киши. Куяңкы кой.*

**КҮБӨК** Кооздук үчүн тагынуучу алтын, күмүштөн кооздолуп жасалган майда-майда желбирөөчтөрдөн турган жасалга. *Алтын-күмүш аралаш, Алкымга таккан күбөгү* (Токтогул). *Күлүк ат салып калыңга, Күбөк боолуу куш берип* (Үсөнбаев). *Күмүшү белең күбөктүн, Күйүтү белең жүрөктүн* («Эл адабияты»).

**КҮБӨНААМА** *эск.* Күбөлүк.

**КҮЖҮ** Көрүктүн отту, чокту үйлөп, күйгүзүп, кызартып туруучу ооз жаккы бөлүгү. *Күжүнүн оозунда жаткан темирлер көмүрдүн табына кызарып-татарат* (Убукеев).

**КҮЗӨМ*** 1. Кыркын (койдун күзгү жүнүн кыркуу иши). 2. Күзгү кой кыркуу мезгили.

**КҮЙ* I** Абал, ал-абал. *Бир күйдө болуу.*

**КҮЙМӨ** 1. Кап, каптагыч. 2. Эки дөңгөлөктүү жеңил арабанын үстүндөгү калканч жапкычы-кабы, кооздолгон

жабуусу. 3. Баатырлардын минген аттарынын согуштук жабуусу. Калың тери, кайыштан иштелген каптагыч жабуу. *Тула бою күймөлүү, Туягынан башкасы, Баары күмүш түймөлүү* («Манас»).

**КҮЛ IV: үч күл.** Үч бурчтук.

**КҮЛАПСА** Чыйкан сыяктуу, бирок көгөрүп муундарга чыгуучу жаман жара.

**КҮЛ КУРЖУН** Күл азык салууга арналган куржун.

**КҮЛ ОЙРОН** Көбүнчө аялдар кошок кошкондо, айрыкча жаш өлгөн күйөөсүн жоктоочу кошоктордо колдонулат. *Асылым Арпа күл ойрон, Кандай жорук баштадың* (Тоголок Молдо).

**КҮЛҮС** Каза болгон жаш адамды жоктоп ыйлаганда, кошок кошкондо колдонулат.

**КҮНДӨ II** *тар.* Колго салынуучу кишен. *Күндө салып колуна, Чынжыр менен байлаган* («Манас»).

**КҮНДӨЛӨ** Күндө салуу, кишен салуу. *Күндөлөп колун бекитүү.*

**КҮНДӨӨ** 1. Айыл башчысы.

**КҮНДҮКЧҮ** *эск.* Күндөлүк иштеген ишине карай акы алып, убактылуу жалданып иштөөчү.

**КҮНҮ** *этн.* Эки же андан көп аялдуу кишинин аялдарынын бири-бирине карата болгон абалы. *Абысын – аңдышкан жоо, күнү – күйүшкөн жоо* (макал).

**КҮҢКҮ I күңкүл** менен бирдей. *Калппы, чынбы ким билсин, Күңкү ушак деп угам* («Мендирман»).

**КҮҢКҮ II** Буруксуп жыттануу, буркураган жыт чыгаруу. *Шекер сөздүү, нур көздүү, Жыпар күңкүп жаз бурап* («Манас»).

**КҮҢКҮЛ*** Эмне экени ачык, даана болбогон, мааниси түшүнүксүз болгон туңгуюк кептер, ачыкка чыкпастан, астыртан тымызын айтылып жүргөн, имиш-имиш, күбүр-шыбыр, тууралыгы текшерилбеген, аныкталбаган сөз. *Бир*

*кезде кулагыма кейиген, мени каргап жемелеген абышкамдын күңкүлү угулду* (Сыдыкбеков).

**КҮНКҮҮ** Ушак сөз. *Күнкүң кептер.*

**КҮҢҮТАЙ** Сулуу, келбетүү, келбети келишкен. Курбудагы куу казык, *Кулжанын эти жол азык. Курдашын таап ойногон, Күңүтай кызда не жазык* (Эл ырлары).

**КҮП* I** 1. Цилиндр формасындагы май бышып алуучу узун, ичкерээк келген жыгач челек. 2. Кымыз ачытуу, же бозо салуу үчүн да колдонулуучу малдын терисинен жасалган идиш. *Уу төгүптүр күбүңө, Ушу турган Канчоро, Балам жеткен экен түбүңө* («Семетей»). *Дагы да Тасма менен Түбүн айтар, Ачыткан кымыз бозо, күбүн айтар* («Жазгыч акындар»).

**КҮП* II ак күп** Балапандардын денесиндеги үрпөйүп калың чыккан жаңы назик түк. *Бөбөктөрүм ак күбү чыга элек балапандардай кызыл эт* (Сыдыкбеков).

**КҮПКӨ** Боз үйдүн жаңы туулган төл (козу, улак) коюлуучу сол жак тарабы. Жаш төлдү, куштарды, канаттууларды багуу үчүн ылайыкталып жасалган кичинекей жапыз үй, кепе. *Бермет күпкөдөн эгиз козуну көтөрүп чыкты* («Ала-Тоо»). *Тиги кыштан тургузулган күпкөнүн биринчи эшигин ачты эле, ак ала, сары ала болуп тооктор жайнады* («Ала-Тоо»).

**КҮПСӨР** 1. Мылтыктын дарысын салууга ылайыкталып, териден жасалган идиш, баштык. *Күпсөргө дары куйганым, Куйүкпөй баскан бууданы*м (Тоголок Молдо). *Саадакта огум түгөндү, Күпсөрдө дарым күбүлдү* («Семетей»). 2. *диал.* Ичине жел толтуруп алып, суудан өтүүдө колдонулуучу чылгый чанач. 3. Күпүйгөн, күпсөйгөн, күпсүйгөн, күпсөрдөй.

**КҮПҮ** 1. Тайлактын көрпөлүү терисинен жасалган кыска тон, кемсел. 2. Жаанын огу өтпөгөндөй кылып, олпок сыяктантып жасалган жоо кийими. *Деп ошентип эр*

*Кыяз, Ок өтпөгөн көк күпү, Этеги жайык бек күпү, Чүрөккө чечип берди эле* («Сейтек»). 3. *эск.* Ичине жүн толтуруп жасалган жаздык. *Күрсө-күрсө жөтөлүп, Күпүдөн башты көтөрүп* («Манас»).

**КҮРЗҮ** *тар.* Урушта, чабышта колдонулуучу, баш жагы жоон келген, металлдан уютулуп жасалган жоо куралы, чокмор. *Казандай күрзү көтөргөн Төрт жүз балбан дагы бар* («Манас»).

**КҮРКӨ** 1. Кепе алачык, кепе үй. *Караңгы быкшыган тамдарды, күркөлөрдү бузуп, көк тиреген бийик үйлөр салабыз* (Элебаев). 2. Жаш төлдү, бакма канаттууларды кийирип коюу үчүн ылайыкталып жасалган кепече. *Ал күркөдөн күркөгө кирип, тооктун кыгын жыйнап жүрдү* («Ала-Тоо»).

**КҮСПАНТ** Кой, соолук. *Күспанттан канча салалык* («Манас»).

**КҮЧАЛА** Топчу формасындагы ак даны бар көп жылдык уулуу өсүмдүк. *Тиги Сапар эмне күчала жегендей болуп, тырп этпейт* (Бейшеналиев). *Күчтүү арак алдырып, Күчү кайтып калат деп, Күчала туурап салдырып* («Манас»). *Күч кайраты ташыды, Күч аладай ачыды* (Жантөшев).

**КҮЧҮГӨН** *эск.* Көк жору. *Күчүгөн жүндүү сыр жебе, Киричине чалынып* («Манас»).

**КЫБАЛОО** 1. Сынып же чыгып кеткен (мис., кол, бут ж.б.) сөөктү оңдоо, ордуна келтирип, түзөтүү, эби менен кылдат таңуу. 2. Бир нерсени өзгөчө көңүл коюп, өтө кылдаттык менен же чебер жасоо. *Жол кеңитти кыбалап* («Манас»).

**КЫДЫРМАЧЫ** 1. *тар.* Кыдырып соода жүргүзүүчү соодагер.

**КЫЗЫЛ БООР** Кембагал, кедей, колунда жок. *Катагандыктар... куур куур тонду эттерине кийген кызыл боор кембагалдар* (Сыдыкбеков).

**КЫЗЫЛ БУТ** Аялы жок, бойдок. *Кызыл бут жигиттер көп.*

**КЫЗЫЛ ЖҮК** Дан тапшыруу учурундагы эгин жүктөлгөн араба, унаалар тобу. *Кызыл жүк жатат уюшуп, араба жетпей тартууга* (Үмөталиев).

**КЫЗЫЛ КАР ЖААГАНДА** Эч качан болбой турган же качан болору белгисиз нерсеге карата айтылат. *Кызыл кар жааганда тилегибиз орундалат тура,- деп мыскылдап күлдү* («Чалкан»).

**КЫЗЫЛ КИЙҮҮ** *эск.* Баатырдын, кандын, эл башында турган адамдын үстүнө кызыл кийип, сары менен башын ороосу, согуштун белгиси, жоого аттанып жортуулга чыгуунун белгиси. *Кызылды Манас кийиптир, Кыргызга кылар каары бар, Кызылды эндей жамынып, Кылар иши дагы бар. Сарыны башка чалган соң, Бир шумдук кылар чагы бар! Муну айтышып баарысы, Муңайышып калышты* («Манас» С.О.). *Кызыл кийип үстүнө, сары селде чалынып* («Манас» С.О.).

**КЫЗЫЛ КИРЕ** *эск.* Эгин жүктөлгөн арабалардын тобу. *Кызыл кире күндө келет мамлекетке дан ташып* (Нуркамал).

**КЫЗЫЛ ТЕБЕТЕЙ** *тар.* Хандын белгиси катары өзгөчө тигилген баш кийим. 2. *өт.* Хан, бек. *Кыргызда ар элдин бир кызыл тебетейи бар деген сөз калетсиздей.* (Бейшеналиев). *Булар кызыл тебетей болгон Казатты өлтүрүшкөн* (Осмоналиев). *Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка, ыман, чоронун мүлдө кызыл тебетейлерине жакты* (Бейшеналиев).

**КЫЗЫЛ ЧОК I** *тар.* Жергиликтүү башкаруу органдарынын чабарманы. *Келди да Мамбетти «аттан түшкүн» деди. «Кызыл чок деген мен бир күчмүн» деди* (Турусбеков). *Шертай мындай кызыл чоктон канча адамды сактап калбады* (Бейшеналиев).

**КЫЙДАМ** Шарты, ылайыгы. *Кыйдамы келсе турабы, Кыянаттуу эр киши* («Эл адабияты»).

**КЫЙМА* I** Туюк шишип чыгуучу жара, шишик. *Колуна кыйма чыгыптыр.*

**КЫЙЫК 5.** *эск.* Жамбыны байлоочу жип. *Кыраанынды карасаң, Кыйык атып кеткени* («Манас» С.О.).

**КЫЛААН** Сүт, суюлтулган сүт. *Дарымчынын айтканына карата Ашымга кылаан бердире баштады.*

**КЫЛАБДАН** Кын, майда буюм салган булгаары калта, баштык. *Боз кисенин жанында, булгаарыдан кылабдан, Анын ичи толтура, Тырмак алчу чарапжал* (Чоробаев). *Экинчи көзүнө – түбүнө өтүгүмдү, анын үстүнө аңчылыкка алып жүргөн булгаары кылабданымды, үйдө пайдаланган чарапжалымды сал, анан чаарчыктын тулубу бар го, ошого толтура көмөч нанды бастырып үстүнө коюп кой* (Абакиров).

**КЫЛАП** Ык, оңтой эп. *Кароолго карап келтирип, Кылабына жеткирип, Машааны ирмеп ийгени* («Манас»). *Кылабына келгенде, Кырк баатырды жайлаган* (Эл ырлары).

**КЫЛТА** Чандыр, тарамыш.

**КЫЛЫЧЫН ДАТ БАСУУ** *эск.* Тынч, жай баракат оокат өткөрүү, уруш, согуш дегенди ойлобоо. *Ошентип, кылычыңарды дат басып, эндекей жатканыңарда, табактагы этиңерди, сабадагы кымызыңарды тартып кетсе кантет?* (Касымбеков). *Анан эмне болмок эле? Албетте, бир күнү болот кылычты дат басат* (Көчкөнов).

**КЫМЫРАН** Суу көбүрөөк кошулуп кайнатылган сүт. *Түш болсо берет кымыран, Чыдабай калдым шунуңдан* (Барпы).

**КЫҢЫРАК** Эки жагы тең миздүү, көрксүз жасалган бычак. Көбүнчө кийиз кесүү сыяктуу жумуштарга колдонулат. *Кемпир кыңырагын алып, жүгүрүп калды* («Эл адабияты»). *Кыңырак менен кескилеп, ийне менен тешкилеп* («Эл адабияты»).

**КЫПЧЫК** 1. Бешиктин күлтүк коюлуучу оюгуна же күлтүктү жээктете коюлуучу кыпчынды чүпүрөк. 2. Казанга нан жаап бышырганда ачык калган жерине кыпчылып кошулган бөлүгү.

**КЫРААТКАНА** *эск.* Китеп окуй турган жай (1920-жылдары колдонулган сөз).

**КЫРАКА** Чөлдө, кургак жерде өсүүчү катуу чөптүн түрү. *Кызыл-Кумдун чөлүнө, Кырака кулан чөбүнө* («Манас» С.О.).

**КЫРГАК II** Найзанын болот учу. *Кыргак болот сыр найза* («Семетей» С.К.).

**КЫРГЫЛ** 1. Бозомтук, сакал мурутка ак аралап калган. *Кырктын башы Кыргыл чал, Кыркында көпкөн жинди чал* («Манас»). 2. Таштуу аска.

**КЫРК КӨЙНӨК** *этн.* Жаңы төрөлгөн ымыркай бала кырк күнгө толгондо, анын кыркын чыгарып, ырымдап кийгизилген курак көйнөк. *Кырк атаңдын жөрөлгөсү, Ата-энеңдин өбөлгөсү кырк көйнөк* («Манас»). *Айылдын аялдары чогулуп, ымыркайга кырк көйнөк кийгизип, ырымын жасашты* («Кыргызстан маданияты»).

**КЫСА I кысса** менен бирдей. *Байдыкына барганы да, өзүнчө бир кыса* (Даникеев)

**КЫСА II** Өч, кек. *Кыса кыямат кетпейт* (макал). *Жазасын алуу. Кандай кордук өткөрдүң, Кысасы жетет көпкөндүн* («Эл адабияты»). *Бирөөгө ыза көргөзгөн кысасын тартат. Бирөөгө ыргыткан куу сөөк, айланып-айланып өз чыкыйыңа тиет* (Садыбакасов).

**КЫТА** Сыртынан жабуу, сырт жагынан калкалоо. *Кыта кылып кесектен, Тизип коёт бир күнү. Кыз-келинин көңүлүн, Үзүп коёт бир күнү* (Эл ырлары).

**КЫТАТ** 1. Кара боёк. 2. өт. Капкара. *Окшош кылып күзөгөн, Кытат кара чачтары* (Токомбаев).

**КЫТГА** Дүйнөнүн жер бөлүктөрү. *Асирдин ушул кезинде, Беш кытганын жүзүндө, Илимсиз эл жок экен, Бизден башка эч жерде* (Эмилов).

**КЫЯ ТАП*** Абдан табына келген. *Кыя тап келген кулуктөр, Чуркабай карап турабы* («Эр Табылды»).

**КЫЯЗ** Тиленүү, суранууу.

**КЫЯҢКЫ** *эск.* Арамза, куу, көптү көргөн, көк чоку деген мааниде. Кээде «кыян-кески» деген кош сөз болуп айтылат. *«Кош, кош!» десе кыяңкы кой кошокко өзү кошулат* (Эл сөзү).

**КЫЯПАТ** Түр, көрүнүш. *Саламаткандын кыяпатын Анархан байкабады* (Жантөшев).

**КЭЭЖИМ** 1. Ичине жибек салып шырылган күрмө, илгери баатырлар сооттун ичинен кийген 2. *өт.* Жибектин бир түрү. *Аттанарда аларга Ак кээжим кымкап кийгизген* (Тоголок Молдо).

# Л

**ЛААЛ** Акак, асыл таш.

**ЛААЛА** Кызыл гүл, тюльпан. *Экөөбүз – экөө болгону, досум, Абал бир баар – жаз эле, досум. Адыр-түз лаала саз эле, досум* (Байзаков).

**ЛААНАТ** Каргыш тийген, каргышка калган. *Башкы атасы маңгулдан, Басташканын нан кылган, Лаанатты жат кылган* («Манас»).

**ЛАББАС** Кийим, чапан, тон. *Кан алдында турат де, Шайы лаббас киет де* (Чоробаев). *Сүйүнчүсүн мол берип, Алтын лаббас тон берип* («Эл адабияты»).

**ЛАГИЛ** Асыл таш, акак. *Чылк жибекке чырмалып, Жыгылчуудай ыргалып, Лагил алтын жыгасы, Оң чекеде кырданып* («Манас»).

**ЛАЙРАҢПОЗ** Бекерчи, каңгып жүргөн, селсаяк, аракеч. *Беш миңчеси кумарчы, Алты миңи лайраңпоз* («Манас» С.О.).

**ЛАНГЕР** 1. Көрүстөндү айландыра тоскон дубал. 2. *эск.* Карып-касарлар токтоп тыныга турган жай (лангерхана деп да аталат).

**ЛАТИПА** *адаб.* Эл ичинде оозеки тараган күлкүлүү, кыска баяндар.

**ЛЕЗ** Бир заматта, өтө ылдам. *Бир лезде жетип келди.*

**ЛОМ КАЛАМ** *дин.* Адамдардын тагдыры жазылып коюлган, Алланын тактысынын жанында жайгашып сакталуучу китеп. *Лом калам жазуудан* («Манас» С.О.).

**ЛУКМАН** *эск.* Көп жашаган, акылман, көптү билген адам. *Миңге кирсең Лукмандай, Бир күн өмүр сап болот* (Эл ырлары).

# М

**МААЗИР** Өтүнүч, келди-кетти сөз. – *Ие,...иши курусун! – деди Шер датка чарчаңкы. Ошол бойдон сөз кечки маазүрдө дасторкондун четинде уланды* (Касымбеков).

**МААЛАМ** Мазарга самсаалатып байлаган чүпүрөктөр. *Башына маалам байлаган Мал сойдуруп этин жеп, Мазар кылып байлаган* («Эл адабияты»).

**МААНА** 1. Баш калкалай турган жай, калканч, паана. *Бакыр киши маанада, Сокур киши шоолада* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Жөлөк. *Маңдайдагы бараанды Маана кылып берипсиң, Бала Манас кыраанды* («Манас»). *Басып келген адам жок маана кылып кашымда* (Токомбаев).

**МАГАРЫП** Батыш, күн батыш тарап (1920-жылдары колдонулган термин). *Өктөбүр төнкөрүшүнүн шаңы машырыктан магарыпка чейин угулду.*

**МАГАРЫП ШУГБА** Агартуу бөлүмү. (1920-жылдары колдонулган термин). *1923-жылы Караколдогу магарып шугбасынан кагаз алып, Ташкендеги Кыргыз-казак таалим-тарбия институтуна барып окууга киргенмин.*

**МАГДЫР** 2. Жарашыктуу, келишимдүү, ыңгайлуу. *Магдыр тон.*

**МАДА** 1. Житире саюу, кагуу, уруу. *Мадап туруп бекитти.* 2. Кадала кароо.

**МАДАЛ II мада** этишинин туюк мамилеси. *Сокур көзү бүтүйүп, соо көзү тастайып, мадала түштү.*

**МАЖМУА** Тарых жыйнагы. Бул эмгек 16-кылымда жазылган. Хайдардын тарыхы деп да аталат. Бул эмгекте кыргыз уруулары да айтылган. Атактуу Тагай бий Багдад халифасына кат жазып, Сеид Мир Жалилди үйүнө алып келгени, анын батасын алганы, кыргыз уруулары жана «Манас» жөнүндө да маалыматтар бар.

**МАЗИН** Азанчы, азан чакыруучу, сопу. *Мазин мечиттин башына чыгып азан айтты.*

**МАЗҮҮР** 1. Кечки маал, күн батаар маал. 2. Ошол кездеги сүйлөшүү, кечки сүйлөшүү, баарлашуу. *Шамал кармаган Жоомарт кечки мазүүр маалында жетип барсам деп шашкалактайт* (Станалиев).

**МАЙМАК** 1. Төөнүн бутунан баса албай калган оорусу. *Төө маймак болсо эч нерсеге жарабай калат.* 2. Ийкемсиз, копол, колдогой.

**МАЙМЫНЖАН** Кара бүлдүркөн.

**МАКРУМ** Куру, куру калуу. *Жаш кезинде кой кайтарып жүрүп, окуудан макрум калган.*

**МАКҮЛ** *дин.* Колдоочу, колдоп жүрүүчү. *Мунуңардын макүлдөрү меникинен күчтүү экен, – дейт чоң бакшы эсин жыйып-жыйбай* (Жигитов).

**МАКШАР** (туурасы Махшар) *дин.* Адамдар көрлөрүнөн туруп, чоң суракка бара турган жай. *Мен энекең бейбактын, Түгөнбөй турган кеби бар. Таңды макшар күнүндө, беш балбандай момунга, Кара эшек болор эби бар* («Каныкейдин жомогу»).

**МАЛААМ** 1. Жарага тартыла турган, көбүнчө эзилген ун сүйкөлгөн чүпүрөк. 2. Мазарларда жыгачтын бутактарына байлап, илип коюла турган тилке чүпүрөк, кебез.

**МАЛАЛ** Өкүнүч, кайгы, күдүктөнүү, капалык, кыйынчылык. *Алмамбеттин көөнүнө Аябай салган экенмин,*

*Албан түрдүү малалды* («Манас»). *Эшитилсин элге деп, Энди айтамын пахтаны. Эч кимге малал келген жок, Алты айланып чапканы* (Эл ырлары).

**МАЛГУН I** 1. *дин.* Кудайдын каргышына калып куулган шайтан. 2. *өт.* Каргыш тийген бетпак. 3. Жапайы, орой, мал (айбан) мүнөздүү адам. *Кызыталак Малгундун* («Манас» С.О.). *Макел Малгун дегендин көзү ушу деп билгин* («Манас»).

**МАЛМА** Тери, кайыш булгаарыны иштетип ийге келтирүү үчүн ылайыкталган ар кандай кошунду ачыткыч. *Илгери терини малмага салуу, кыруу, ийлөө процесстери кол күчү менен иштелчү* (Сасыкбаев). *Ашаткысын кандырган, Малмага беш ай жаткырган* («Семетей»).

**МАМАЛЫГА** Жүгөрүдөн жасалган ботко.

**МАНДИЛИ** Кездеменин бир түрү, андан элечек, селде, суу жоолук, оромол жасалган. *Баса түшүп жыгылды, Мандили баштан чубалып. Баса албай көзү тунарып* (Тоголок Молдо).

**МАҢГЕЛ** Сабагы катуу чөптөрдү орууга, куурай алууга ылайыкталган орок.

**МАҢГИ I 1. банги** менен бирдей. 2. *өт.* Дөдөй, макоо, келесоо. *Адам болбой баарыбыз, Маңги болгон экенбиз* («Эр Төштүк»). *Көп сүйлөгөн маңгилер, Күзгү кирген текедей* (Молдо Кылыч).

**МАҢГИ II** Түбөлүк.

**МАҢГИЛИК I** Нашаа пайдалангандык. *Маңгиликке жол берип, Машакатка кимдер даар* («Эл адабияты»).

**МАНГИЛИК II** Түбөлүктүк. Кылымдар бою.

**МАҢГЫЛ** Кызгылт.

**МАРЗЕ** Чек, чек ара. *Садыр кетмен-күрөктөрдү марзедеги алмуруттун түбүнө чогулттурду* (Касымбеков).

**МАРКАДАР** Береке, жакшылык. *О бечара, маркадар тап!*

**МАРКАЛАШ** Бир кызыкчылыкта болуу. *Тилегибиз бирдей маркалаш, айлыбыз бирге аркалаш.*

**МАРТУУ** 1. Кыргыздардын байыртадан бери келе жаткан эң эски ишенимдеринин биринен –аял төрөтүнө байланышкан оорунун ээси – зыяндуу, терс күч, кээде ошол оорунун аты катары да айтыла берет. Элде кара басуу, албарсты – деген аттар менен да белгилүү. Аялдын төрөт учурунда эси ооп калуусун мартуу басты же кара басты, албарсты басты – деп түшүндүрүлөт. 2. *өт.* Туура эмес иш иштеген күнөөлүү адамга карата: Эмне болду? Эмне болуп жатасың? Сыяктуу маанилерде колдонулат. *«Энекесин нетти» деп, «Мартуу басып кетти» деп, Катындын баары чочуду* («Манас»). *Куучу жүргөн жерде төрөгөн аялды мартуу баспайт* (Каимов).

**МАРЧА** Тоо этектеринде же боорунда пайда болгон шорлуу жер. Кой-эчки же жапайы кийиктер жалап үңкүр кылып койгон жай. *Бадалдан бугу бышкырат, Марчадан элик бакырат* («Манас»).

**МАРЧАЙ** Кыска бойлуу, борпоң толук адам.

**МАСЕЙИЛ** Коо, кашат, жото. *Аласыңбы деп кербей Масейилге барышпай, Барып кабар алышпай* («Эл адабияты»). *Масейилдин жолунан, таап алган көк кучук* («Манас»).

**МАСЛАКАТ** *эск.* Кеңеш, акылдашуу, пикир алышуу. *Бу Муңдуубай малын алмакка маслакат кылды.* («Эл адабияты»). *Баатырларды чогултуп Маслакат кылам келгиле* («Эл адабияты»).

**МАТАТ** Кайрымдуулук, жардам тилөө. *Эстебей мени жүргөн күндөрүңдө сыйындым матат бер деп пирлериме* («Эл адабияты»).

**МАТБУГА** *эск.* Басмакана, типография.

**МАТБУГАТ** Басылып чыккан китеп, журнал сыяктуулар. *Мына азыр өкумат, Ачты бизге матбугат. Мектеп ачып ар элге, берди илим, таглимат* (Тагай уулу).

**МАУХПУЗ** эск. Кудайдын ыйык китеби, буйругу. *Силкинди уккан адам жалгыз кыздан, Не иш болсо маухпузда кудай жазган* («Эл адабияты»).

**МАХТАЛ** 1. Мактоо, даңктоо ырлары. 2. Атак-даңкын чыгаруу. *Жаратканга жан берип сыйынуу менен ага арналган ыйык махтал ырларын бу музыка жөн гана коштоп турбайт* (Станалиев).

**МАША I** 1. Эски мылтыктын кууга от коюучу, от алдыруучу тетиги. *Машаны ирмедим. Машага от коюу. Машаны ирмеп салышты* («Манас»). 2. Атылуучу куралдарда атуу үчүн сөөмөйү менен басып жиберүүчү тетиги.

**МАШТА** 1. Үйрөтүү, такшалтуу, маш кылуу. *Үлгү берип маштадың, Өспүрүм келин кыздарды* (Осмонкул). 2. Айтар сөзүн даярдоо камдоо. *Чачылба бекер баатыр – деп, Айтарга сөзүн маштады* («Эр Табылды»).

**МЕДӨӨ** Үмүт, колдоо. *Мен сени медөө кылдым.*

**МЕЙИТ** Өлүк, сөөк. *Батага көтөргөн алаканы бетин сылай бергенде: Мейит болгон Осмонго атаган талкан өзүнө тийсин, сообу мага тийсин алло акбар! Эми мага ыраазы болгула* (Токомбаев).

**МЕКЕ I** Жазында, жайында чала сууган жылкынын моюнунун кээ бир жеринен чыгып туруучу кан.

**МЕКЕ II** Куу, амалдуу. Т*оргой чал ээгинде эки тал сакалы жок, чүрүшкөн, кол башындай чал болчу. Өзү меке чал болсо, башындагы саңсаң тебетейи көмкөргөн казан кебетеленип калар эле* (Айтматов).

**МЕТИ** 1. Чукулдук. *Жумушкер мети кармап кенге кирет.* 2. Чеккич, тегирмендин ташын чегүүчү балка. *Тегирмендин ташын мети менен чегет. Балка, мети Уруш салат таш менен, Жана жеңет Мен команда беремин* (Токомбаев). *Бул кенди казайын мен бергин мети* (Үмөталиев).

**МЕЧКЕЙ** *эск.* Опкок, соргок. *Жолой мечкей соргок экен, Жеген тамакка тойбоду* («Эл адабияты»).

**МИЙЗАМ II** Күз болгондо жел менен кошо учкан ак түстүү желе сыяктуу үлпүлдөк нерсе. *Каакымдын учкан гүлдөрү. Мийзам учуп күз болуп* («Семетей»). *Былкылдак куурай бышкыча, Мийзамдын гүлү учкуча, Аябай алты ай салышып* («Манас»).

**МИЙНА** Эмаль, нерсенин бетине төгүлгөн жалтырак. *Мийна чөгөрүп жасалган жүгөн, куюшкан.*

**МИЛТЕ** 1. Дүрмөткө от коюу үчүн колдонулуучу эшилген кебез; бир нерсени жаруу үчүн коюлган, салынган жарылгыч затка от жеткирүүчү ичке жип. *Жылдыз болуп, жылтылдап, Милтеден күйгөн оттору* («Манас»). *Ырдабай кантип коемун, Дарылап милте от коюп, Капчыгай зоосун жарганын* (Сасыкбаев). *Мылтыктын көркү огунда, Милтенин көркү чогунда* (Токтогул). *Милтесине чок коюп* («Семетей»). 2. Бир нерсенин четине же тигишине кошуп тигилүүчү чүпүрөк. *Арасына оюунун Актан милте койдурган* (Тоголок Молдо). 3. Чырактын билиги. *Бүлбүл жанган Кебез милте чырагы* (Маликов). 4. Мылтыктын ок дарысы салынган баштык.

**МИЛТЕКЕЧ** Милтелүү мылтык. *Жанында элүү киши милтекеч бар, Милтеге оттук чагып от коюлар* (Чоробаев).

**МИЛТЕЛҮҮ** *эск.* Милте аркылуу атыла турган. *Милтелүү мылтык.*

**МИҢ БАШЫ** Аскердик мансап. Сөзмө сөз миң жоокердин башчысы дегенди туюнтат. Бирок чынында мансабы миң башы аталганы менен өзү бир топтун, бөлүктүн, атайын жайдын башкаруучусу болуп кызмат өтөшү да мүмкүн. 2. *өт.* Башчы, жетекчи, башкаруучу. Зындандагы миң башы («Манас»).

**МИРАШ** Моюндагы милдеттен кутулуу. *Алып мираш бермекке, Акылың болсо жөнөгүн* («Манас»).

**МИС** Жез. *Тээ тетиги окшош боорлордон томсоргон алтын, күмүш, коргошун, мис табылар* (Турусбеков). *Той*

*кызматындагы аялдардын экөө бир-бирден мис чылапчын алышты* (Абдукаримов). *Туурдугуң киш болду, Ит аягың мис болду* (Тоголок Молдо).

**МИСПИЛДИРИК** 1. Чымын-куюн болуу, козгө илешпей учуп кетүү. 2. Жоголуу, житип кетүү. 3. *өт.* Таш талканын чыгаруу, кыйратып жоготуу. 4. Эпосто: турмушта жок, коркунучтуу жандыктын аталышы, же анын сапаты катары да колдонула берет. *Миспилдирик алаткак* («Манас»). *Миспилдирик болду. Миспилдирик кылды.*

**МИШТЕКТЕЙ** Кичинекей, чүрүшкөн. *Миштектей болгон неме.*

**МИЯТ** 1. Жак, тарап, жактоочу, болушуучу. *Жалгызга жок мият деп, Жадымда менин жок эле Бөкөй, ушундай ишти кылат деп* («Эл адабияты»). 2. Колдоочу, коргоочу. *Душмандарга мөндүрдөй ок төккөндө, Кимдер мият, кимдер болот арачы* (Токомбаев).

**МИЯТТЫК** Кандайдыр бир бирөөнүн кызыкчылыгын колдоп, ошол тарапка өтүп кетүү.

**МОЙНО** 1. Колдон чыгып кетүү, жулуп кетүү. *Коштоодогу ат жигиттин колунан мойноп кетти* («Ала-Тоо»). 2. Макул болбоо, каршылык кылуу, моюн бербөө. *Ай, Каньшай ай, Каныша́й, Тилимди албай мойнодуң* («Мендирман»).

**МОЙСОПУ** 1. Улгайган киши, токтолгон адам. 2. *өт.* Салабаттуу, кээде жоош адам. *Бир мойсопу жан болуп* («Манас»).

**МОЛТО** Амал, айла, куулук, митайымдык (Эпосто көбүнчө «Молтолуу дуба» түрүндө колдонулат да, амал-айла дубасы, зээр дуба, көз боочулук дубасы маанисин уюнтат). *Ташка салып молтону* («Манас»). *Молтолуу дуба билгенден, Болумдуу күлүк мингенден, Асты бирөө калбасын* («Манас»). *Акундун кызы Айчүрөк, Өзү аяр молтолуу* («Манас»). *Казактардан кан Тооке, Өзү аяр молтолуу* (Тоголок Молдо).

**МОЛУТ** 1. Туулуу, төрөлүү. 2. *дин.* Мухаммед пайгамбардын туулган күнү.

**МОМО** Бууга бышкан тузсуз тоголок нан. *Ак момосун жечү элек* («Семетей»).

**МОМО ТОГОЛОК** Курулуш материалы катарында көбүнчө дубал салууда колдонулуучу тоголоктолгон ылай. *Момо тоголоктоп салган үй.*

**МООТ** Сукно. *Токсон боздон жактырып, Баарын семиз бактырып, Мойнуна тумар тактырып, Моот менен жаптырып* (Тоголок Молдо). *Жалаң кабат көк моот чепкенин кийип үңкүрдөн чыкты* (Жантөшев).

**МОРДО** Жыгачты түздөө. *Ийри жыгач түз болот, тезге салып мордосо* («Эл адабияты»).

**МОЮЛ II** Жоон, уюлгуй чыккан бутак.

**МӨГДҮКТӨӨ** Чарчоо, үргүлөө, мөгдүрлөө.

**МӨКҮ** Булгаарыдан, же кайыштан бүйрүй жасалган жеңил бут кийим. *Сол жактагы даекчи турган топтон узун бойлуу, кара лампук тик жака кемселине күмүш кемер курчанган, саймалуу чалбарынын багалеги булгаары мөкүн жаба суусар тебетейин кырданта кийген Ниязбектин кенже уулу Түлкү аксакалдардын алдына келип, тизелей бүгүлүп салам берди* (Токтоналиев). *Бутуна мөкү кийген аксакал абышка* (Жантөшев).

**МӨӨСҮЛ I** 1. Бириккен, байланышкан. 2. *өт. диал.* Байланыш, алака. *Башкаларга мөөсүл болуунун кажети не? Мен жөн жүргөндү жакшы көрөм* (Абдыраманов).

**МӨӨСҮЛ II** *тар.* 1. Алык-салык жыйноочу адам. *Күндөрдүн бири болгондо, Мөөсүл келди жериме* («Манас»). 2. Уруу башчыларынын же бийлик башында тургандардын жигити. 3. Хандын, уруу башчысынын же кол башчынын үлүшүнө бөлүнүүчү олжо. *Мөөсүлүнө Кочкордун бир миң жылкы бер деди* (Тоголок Молдо). 4. Жортуулдан, чаап алуудан түшкөн олжодон ага катышпагандар да ала турган

үлүш. *Мөөсүл деп олжо алмакка Далай эл келген Тайлакка* («Тайлак Баатыр»). *Мөөсүлүнө он казак түшкөн олжо, Берген экен ошондо* («Эл адабияты»). *Олжо бөлүштөн өзүнө тийген мөөсүлдү колунда жок курбуларына бөлүштүрүп берген имиш* (Токтоналиев).

**МӨӨСҮЛДҮК** *эск.* Хан, феодал же согуш башчыларынын согушта табылган олжонун бир бөлүгүнө болгон укугу. *Ошолордон көп алтын мөөсүлдүккө алгыдай* (фольк.).

**МУБАА** Оору, чума. Мубаа тийгенби буларга, - деген ой келди Шабданга (Касымбеков).

**МУБАКҮЛ** Күч, сыр. Душманын кудай берген соң, *Тура турган Манаспы? Мубакүлдүү найзаны Булгап колго алганы* («Манас»).

**МУБАКҮЛДҮҮ** Касиеттүү, сырдуу. *Мубакүл найза салайын* («Манас»). *Мубакүлдүү сыр найза* («Манас»).

**МУДААЛАП** Атайылап көңүл бөлүп. *Мудаалап аркан түйдүргөн Торлору бар калмактын* («Эл адабияты»). *Төкөй деген арыкчырай, кийим-кечесин мудаалап таза кийип жүргөн абышка* (Айтматов).

**МУДАР** 1. Тарп, өлөксө. 2. Арам, булганыч, ыпылас. *Муруntадан ойлобой, Мудар болдук канча жан* («Манас»).

**МУККАДДАМА** *эск.* Башталгыч, алгачкы. *Билбеди фан илимди баары наадан, Фалсафа, хикметлерден кабары жок, Аз билген мукаддама бахесларден* (Тагай, 1916-ж.)

**МУКАДДАС** Ыйык, касиеттүү. *Мукаддас жайларга барып зыярат кыламын деп, илгери карыган адамдар мекеге кете турган.*

**МУКАДЫР** Жакын, ынак. *Мен бардым деп кайгырба, Мукадырлар жаткан жер* («Эл адабияты»).

**МУКЛУС** Чыныгы берилген, жаны бирге, айтканынан чыкпаган. *Тайды жеген эшендер, Койду жеген эшендер, Кудайына жазат дейт. Куйругун тосуп көтөрүп, Мурут менен муклуска. Кара кашка кунаажын болуп качат дейт*

(Токтогул). *Муклусу болот муруттун, Жааны болот булуттун* (Эл ырлары).

**МУКУР** 1. Жешилип, сүрүлүп түгөнгөн, кыскарган, кыска. *Такаларынын эмчектери мукур болуп түгөнүп калды* (Сыдыкбеков). *Калканбай мукур тишин кычырата чайнады* (Бейшеналиев). 2. Токол. *Мукур эчки.*

**МУКУРА** Бир нерсеге жетишпей, кемчил болуп жүдөө, абдан кыйналуу, айласы кетүү. *Үйдөгүлөр азык-түлүгү түгөнүп, оокаттан аябай мукурады* (Абдукаримов).

**МУКУРАЙ** Жешилип, сүрүлүп, түгөнүү, кыскаруу, мукур абалга келүү. *Мукурайган көсөө.*

**МУЛУК** Дүмүрү гана бар, түбү гана калган. *Ал Көчөрбайдын тубаса бир кулагы мулук болгон* (Тоголок Молдо).

**МУНАСИП** Ылайыктуу, туура келүүчү.

**МУРДАР** 1. Арам, булганыч, ыпылас. 2. Тарп, өлөксө. Мурунтадан ойлонбойт, *Мурдар болдук канча жан* («Манас»). 3. Бузук, өлүксүз ж.б. маанилеринде кемсинтип тилдөөдө да колдонула берет. *Мурдар шайтан каапыры* («Манас» С.О.).

**МУРАЖААТ** Кайрылуу, элге кайрылуу (1920-жылдардагы документтерде колдонулган).

**МУРАКЫР** 1. Ат багуучулардын башчысы, акыр башы. 2. *өт.* Ат багуучу, атчы.

**МУРАПЫ** 1. Мурас, ата-бабадан калган энчи. 2. *өт.* Тукум, өлгөн адамдын артында калган уулу, мураскору. *Мурапыны өлтүрүп, Мурдар кул түпкө жетти* («Манас»).

**МУРДАР** 1. Арам, булганыч, ыпылас. 2. Тарп, өлөксө. *Мурунтадан ойлонбойт, Мурдар болдук канча жан* («Манас»). 3. Бузук, өлүксүз ж.б. маанилерде кемсинтип тилдөөдө да колдонула берет. *Мурдарчылык кылыптыр* («Манас»).

**МУРДАРЧЫЛЫК** Нааданчылык, түшүнбөстүк, билимсиздик, билбестик. *Мурдарчылык кылыптыр* («Манас»).

**МУРУТ I мурид** менен бирдей. *Күткөн сенин мурутуң* («Манас»). *Ажыдан кайтканда ак эшендин муруту Шадыбек ажы аталды* (Токомбаев). *Кала берген бириндеп, Мурут кылып кыйланы* («Эл адабияты»). *Далай эшендерге кол берген мурут болгон* (Карачев).

**МУРЧА** Чоло, ара-чоло, бош убакыт. *Мурчам жок баралбадым.*

**МУРШАП** 1. Түнкү кароолдун башчысы. 2. Желдет. *Кан төккүч муршаптарын көбүн кырып, Калганын байлаштырып колун бууп* («Эл адабияты»). *Бул сөзүңдү ит уксун, Ит укпаса, ким уксун. Кара бет сөздү койгун дейт. Муршаптарым турбастан кара койду сойгун дейт* («Манас»).

**МУСАП КЫЛУУ** Көңүл буруу, дитин коюу. **В.: Мусап тутуу.** Баш ийүү, бедел катары көрүү, айтканына макул болуу.

**МУСТАР** Байкуш, мусапыр, бечара. *Куштарлыктан күйөмүн, Куп мустар болуп жүрөмүн* (Эл ырлары). *Эч жерде мустар бовойсуң, Бейчеки жолду баспасаң* (Санат).

**МУСТАРАП** Санаа, тынчы кеткендик, убайым, кынжылуу. *Эмнеси болсо да эми, балам, бизди мустарап кылбастан, мага бала, Саламатка ага болуп бер* (Мавлянов).

**МУШТЕК** Көбүнчө алгыр куштарды куйрук жагынан канаттары менен куушура кармап, салууга, ыргытууга даярдоо абалы.

**МУШТУ** 1. Урук, жандык пайда боло турган урук. 2. Укум-тукум, уруу, тукум. *Мени жети муштумдан эч нерсе калтырбай тилдесе болобу! Бизге берген дубаңыз, Жети мушту бабаңа* (Кылыч).

**МҮЛГҮ 1. Мүргү** менен бирдей. *Ал эриксиз ыксырап, кээде мүлгүп келе жаткан эле* (Токомбаев). 2. Жайкалуу, ыргалуу, теңселүү. *Ыксырап назик мүлгүгөн, Ыргалат эгин жеримден* (Токомбаев).

**МҮН** Кемчилик, айып, күнөө; мүүн менен бирдей. *Күйөөсүн таштап келди деп, күнүлөп кызга мүн кылып* (Үсөнбаев). *Ак бетиңде мүн барбы? Ага жетер үн барбы* («Эл адабияты»). *Ак Сайкалды караса, Эч бир мүнү таппады* («Эл адабияты»).

**МҮРГҮ** 1. Өтө чарчоо, шалдыроо, алсызданып араң эле туруу. *Жылдызкан канчалык жумуштан кеч келсе да, уйкусу келип мүргүп турса да чыдайт* (Байтемиров). 2. Сүрдүгүү, мүдүрүлүү, тайгылуу. *Аты жүрбөй кыйласы, Мүргүп кетип баатыр* («Манас»). *Суу ичинде тарталбай, Самын ташка ат мүргүп* (Эр Табылды).

**МҮРДӨМ: мүрдөмгө келбей** Токтоосуз, өтө тез, көз ачып жумгуча, бир заматтын ичинде. *Келтек экинчи жолу карышкырдын кара тумшугуна тийгенде, ал мүрдөмгө келбей шалак дей түштү* (Каимов).

**МҮРӨЛ** Арбын, мол, көп. *Сүтү мүрөл инек. Уламыш сөздөр, санжыра бизде мүрөл* (Даникеев).

**МҮРӨӨН** 1. Дарыя, өзөн. 2. *өт.* Кенен. *Топурагы семиз, жери тегиз, сууга мүрөөн жерлерди көздүн карегиндей сактап келишкен* (Касымбеков).

**МҮРТӨМ** мүрдөм менен бирдей. *Жан алгыч болсо, мүртөмгө келтирчүдөй эмес.*

**МҮСӨӨЛ** Олжо, соогат. *Мүсөөлгө муну бөлдүрбөй, Соогатчыга бердирбей, Алып келип өзү алган* («Эл адабияты»).

**МҮСҮРӨТ** 1. Өтүнүч, тилек. *Аттын сасык терине мүсүрөтүм жетпегенден кийин, эмнем Айым* (Садыбакасов). 2. Кубаныч, шаттык. 3. *өт.* Сый, бедел. *Кызыр берип мүсүрөт, Кыргыздын башын кураган* («Манас»). *Баягы эрте замандагы салт-санжыраны сактаган оболку гейшелер жок, эми башка шартка жараша өзгөрүштү, мүсүрөтү өчтү* (Жусупов).

**МҮҮН**. Кемчилик, айып, кемтик, мүн. *Үйдүн жасалгасында мүүн жок* (Жантөшев). *Каары катуу кайнене канча кадалса да келининин кылган-эткенинен эч кандай мүүн таппады* («Ала-Тоо»).

**МҮЧҮ** Жете бербөө, кемип калуу, мүчүлүш болуп калуу. *Колун алыстан сермеп, жете албай мүчүп, колун экинчи сермеп убакытын бошко кетирген теримчилер да болот* (Убукеев). *Бирок алдыңкыларга жетпей мүчүп калышты* (Осмоналиев). *Жана сайдан чыкканча өксүп калганын жакшылап эселей албай, бир чабым эле камчынын деми жетишпегенсип, мүчүп баратат* (Жакыпбеков).

**МҮЧҮГӨН** Жүдөгөн.

**МЫЛАЛ** Кайгы, капалык, өкүнүч, тынчсыздануу. *Ылайык арам-алалды, Көңүлүмө койбоңор, Көз жетпеген мылалды, Көрбөйлүк бөөдө залалды* («Манас»).

**МЫЛГЫ** Матырылуу, кирүү, сайылуу, батып кетүү. *Ок көзүнө мылгыды* («Манас»).

**МЫЛК** Көбүнчө мылгыган, кандайдыр бир жумшак нерсеге бата түшкөн абалды билдирүү үчүн колдонулат. *Найза кирди мылк этип.*

**МЫРАКЫР** Атчы. *Жолойго кирип келгенде ат багуучу мыракыр кылды* (Эл адабияты).

**МЫРШАП** *эск.* 1. Жигит, жасоол. 2. Илгери Кокон хандыгынын мезгилинде түнкү кароолчу полициянын башчысы. *Кармалып кеттиң Шыбырга Кай бирөөнүн зарпынан. Эки салдат, бир мыршап Айдап кеткен артынан* (Токтогул).

**МЫЯТ** **мият** менен бирдей. *Жаңы уставды кабыл аларда Мамбеткулга мыят болуучулар өтө аз сыяктанат* (Каимов).

**МЭЭЛЕЙ КАКТЫ** *аңч.* Түлөгөндөн кийин куш, бүркүт семирип үндөккө келбей калуусу.

**МЭЭН** Ыракат деген мааниде. *Отубуз күйүп оболоп, Мээн алган улуу суу* (Даникеев).

**МЭЭР-ШАПКАТ** Аёо, боорукерлик. *Караңгылык болду бала, Мээр-шапкат көтөрүлдү ич арада* (Тагай, 1916-ж.).

**МЭЭРИПАЗ** Боорукер, жароокер, сүйкүмдүү.

# Н

**НААЛЫ I** Өтүктүн такасына урула турган темир. *Наалысы алтын, жез өкчө Айдаркандын баласы, Ала көөдөн эр Көкчө* («Манас»).

**НААМА II** Окубаган, сабатсыз, караңгы. *Наама киши.*

**НААМАЧЫ** Музыкалык аспапта ойноочу-өнөрпоз. *Алтымыш сегиз наамачы* («Манас»).

**НААПА** Эки дөңгөлөктүү, чүмкөмөсү бар араба.

**НААР II** 1. Көбүнчө булгаарыга ныгыра басып түшүрүлгөн оюу, гүл, түр; жол-жол из. 2. Алакандагы, беттеги майда сызыктуу издер. *Колдун наары, Беттин наары.*

**НААРДУУ** 1. Наары бар, наар түшүрүлгөн, наар түшкөн. 2. Ажарлуу, өңдүү.

**НААҮМҮТ** Үмүт кылбаган, келечектен үмүтү жок. *Жалпы журтка жар салды, Нааүмүт бенде кетпе деп* («Манас»).

**НАБАТ** 1. Кандайдыр бир коркунуч тууралуу, жоо кол салганда суу ташкыны, жер титирөө ж.б. кабар кылган коңгуроо үнү. 2. Дүрбөлөң салуу, бака-шака түшүрүү, кымгуут кылуу. 3. Кристалл түрүндө катырылган кант. 4. Кадыр, бедел.

**НАБАТТУУ** Беделдүү, кадырлуу, асыл. *Аялдардын жоро бозо ичкени Салыйдыкынан ары уланбады. Эрмек, Таты, Зууракан, Айша сыяктуу набаттуу аялдар эртесинде эле аткез кылышты* (Садыбакасов). *Набаттуу жакшылар Эл көзүнө маардай* (Молдо Кылыч).

**НАБИ I** Пайгамбар. *Иса деген Кудай эмес. Ал наби* (Даникеев).

**НАБИ II** Пайда. *Ийри отуруп түз кеңешип, эки тарпака бирдей наби чыккыдай алака түзүүнү тынымсыз издедик* (Касымбеков).

**НАГАРА** Барабан, добулбас. *Тойго какчу нагара, Атемир азыр чалдырды. Ак сакалдуу улама Алтымышын алдырды* («Манас»).

**НАЕСЕП** Алкы жаман, тойбос, сорунган. *Эй, сакалың кыркылган наесеп, сен эмне үчүн бир кой төлөбөй, булардын арасында жашынып отурасың* (Жантөшев).

**НАЕТИ** Өтө эле, эң бир абдан. *Наети жаман иш болгон экен. Үндөөнүн окулушу наяты жарты саатка жеткен жок* (Элебаев).

**НАЖАСАТ** Булганыч, ыпылас. *Кийимге жуккан нажасатты абдан тазалаш керек.*

**НАЖАТ** Кутулуу, коргонуч. *Элимден качып, нажат издеп сизге келдим.*

**НАЖИС** Булганыч, ыпылас, шалтак. *Нажис жерди баспай жүр.*

**НАЙЧА** Кичине түтүк.

**НАЙ** 1. Музыкалык аспап – ичи көңдөй, жыгачтан же металлдан (көбүнчө жезден) жасалган, атайын тешиктери бар түтүк чоор. *Аярлык найын салганы* («Манас»). *Сыбызгы чоор ызылдап, Жез най үнү тызылдап* («Манас»).

**НАЙРАНБАЗ** 1. Куу, алдамчы, шылуун. 2. *диал.* Көз боочу, амалкөй.

**НАЙҮМҮТ** Бакытсыз, үмүтсүз, илгери умтулбаган, үмүтүн жоготкон адам. *Найүмүт адам калбасын. Адам деген илгери умтулуш керек. Найүмүт шайтан деген.*

**НАЙЫМ** *эск.* Адат, салт. *Тегинен болот найымы, Темирден чокой тартынды* («Эл адабияты»).

**НАЙЫНСАП** Нысапсыз, чынчыл эмес, шүгүр кылбаган адам.

**НАЙЫП** *эск.* Орунбасар, жардамчы, улук. *Ашкере кылып айбыңды, Айдатып барар найыпка* (Тоголок Молдо).

**НАКЕР** 1. Сыйга кийилүүчү коооздолгон, кайкы тумшук, кончу узун өтүк. 2. Баатырлар кийүүчү атайын жасалган ок өтпөс өтүк – жоо кийиминин бир түрү. *Кош жылаажын шыңгырап, Накери бутта кыңгырап, Теминсе Жаңыл кыңгырап* («Эл адабияты»). *Ошол кезде кабы-*

*ланың, Аккула минип болкоюп, Накери бутта чойкоюп* («Манас»).

**НАКҮСТӨ** Сараң, битекарын, катуу баш. 2. Ичи бузук, ичи арам. *Мамбет мал дегенде жантыгынан жата калып, башын малга сатчу накүстөнүн өзү болучу* (Токомбаев). *Кааданы билбес накүстө, Сага ылайык эмес башым ай* («Эл адабияты»).

**НАМАКУЛ** 1. Жүйөөсүз, туура эмес. 2. Уяттуу, айыптуу. *Мен сиздин алдыңызда намакулмун, кечирип коюңуз.*

**НАМАКЫРАМ** Жакын эмес, жат, бөлөк, башка.

**НАМПАЙ** Ынак, жолдош, жакын. *Экөө тегеле нампай, бирисиз бири чай ичпейт.*

**НАМСИН** Эс алды, уктады. *Эраалы жатты эле зарлык кылып, Аз гана намсин алды көзүн жуумп* («Эл адабияты»).

**НАМЫР** Буйрук, өкүм. *Асты оорутпайт пейлиңди, Намырыңдан үргөлүп* («Эл адабияты»).

**НАНҮШТӨ** 1. Эртең мененки чай же тамак. Кээде түшкү жеңил тамак маанисинде да айтыла берет. 2. Убакыт мезгили, нанүштө учуру, нанүштө ичер маал. *Ал күнү антип жаткырып, Эрте менен нанүштө, Ар түрлүү тамак таттырып* («Манас»). *Нанүштө маал кезинде* («Манас»).

**НАП** Пайда, ийгилик. *Жарык күндүн нурунан, Жанжаныбар нап алган. Гүл ачылып көк жайнап, Булбул куштар сайраган* (Барпы). *Эрден эрге –нап* (макал).

**НАПАЗ** Дем алуу жолдору. *Напаздарың бузулуп, Ыктытканың көрбөдүм* («Эл адабияты»).

**НАПАКА** 1. Бүлө каражаты, аял, балдардын каражаты. 2. Алимент, ажырашкан аялга балдар үчүн атайын төлөй турган акчасы. 3. Кудалаган кыз башкага кетип калса, кыздын атасы тартуучу айып. *Өтмө катар куда сөөк, илик-жарма кыргыз урууларынын арасындагы жашоонун оош кыйыш көрүнүштөрү: жесирдин башын ачуу, жетим*

*акы, напака, кун, эриш бузган үчүн айып жана башка эл ынтымагына доо кетирүүчү, улут биримдигин иритүүчү маанилүү маселелер ортого салынып, бийлердин, билермандардын талкуусуна түшөт* (Токтоналиев).

**НАПАТ** Өлүү, житүү, жок болуу. *Напат болду канча жан, Аз кутулду ушундан.*

**НАПИ нап** менен бирдей. *Кадырын билбес тууганга Напи жок какшап ыйласаң* (Санат). *Акылдууда напи көп, Акылдык сөзүн тыңдасаң* (Терме).

**НАР КЕСКЕН** Өтө курч (төөнүн чоңу нарды да жара чапкан деген мааниден алынган) болот кылыч. *Кара болот нар кескен* («Семетей» С.К.). *Уста менен дос болсоң, нар-кескенин аларсың* (макал). *Жакын келсе чалалы деп, Нар кесер кылыч кадаттым* («Эл адабияты»). *Нар кескенди байланып, Артынан колду айдады* (»Эл адабияты»).

**НАРЗАН** Көмүр кычкылдуу дарылык касиети бар минералдык суу. *Көргөн жан айран калгандай, Түгөнгүс нарзан кенин көр* (Токомбаев).

**НАРКОМ** *тар.* Эл комиссары.

**НАСИЛ** Түпкү теги, тукуму. *Теги насилиң артык жаралган, Чаке...* (Сыдыкбеков).

**НАСИЛДЕШ** Насили бирге, түпкү теги окшош, тектеш, тукуму бирдей. *Арашанга насилдеш болобу деп болжосом* (Молдо Кылыч).

**НЕЗ БОЛУУ** Дал болуу, жалдырап эстен танып эмне кыларын билбей калуу. *Көп ойлонуп нез болду* («Манас»). *Алтыбайдын акылы кетип нез болуп* (Эр Табылды). *Нез боло түшкөн Үпөл тамдын сырткы эшигинин ачкычын араң тартты* (Бердикеев). **В.: Нес болуу.** *Барсам кабинетинде жалгыз отуруптур, нес болуп катып калыптыр* (Бердикеев).

**НЕЗ** Дүлөй, кереӊ, макоо.

**НЕПАДА*** Кокус, кокустан. *Непада ал келбей калса да, биз ишти баштай беришибиз керек.*

**НОГОЛ** Жыгач, дарак, жаш дарак. *Коргондун ортосунда жаткан баягы өрүк ноголунун үстүнө сол бутун саал суна Ысхак кумсарып отурду* (Касымбеков).

**НИЯЗ** Тиленүү, жалынуу, садага. *Назир, нияз маашарда, Минүүчү атың болот дейт* (Тоголок Молдо).

**НОКО** Бир нерсенин четин кооздоо үчүн колдонулуучу алтындын же күмүштүн буусуна кармалган жип коюлуп согулган тасма, сызма, око. *Чоң энемдин ноко бастырылып кооздолгон белдемчиси өңү бир жеринен өчпөй күнү бүгүнкүдөй сакталып турат* («Ала-Тоо»).

**НОКОЛО** Ноко менен кооздоо, ноко карматуу. *Кыргагына калпактын, ноколоп сайма сайдырган* («Мендирман»).

**НОКОЛУУ** Ноко менен кооздолгон, ноко бастырылган. *Башында жекей, көйнөгү кызыл тубар, сары ноколуу кызыл манат бешманты бар* (Жантөшев).

**НОКОРО** Кооздолуп өрүлгөн ат жабдыгы.

**НОКОТ I** *эск.* Чекит, точка. *Зарылдын капкара көздөрү төнүп, бир нокотко кадалат* (Сыдыкбеков).

**НОЛОК** Бардык нерсеге чоркок; эч нерсеге эби жок. *Коңушуң жакшы бобосо, Нолокту арман кылбаңар* (Эл адабияты).

**НОНОК** Чоркок, ийкемсиз, сөзгө жок. *Сөзгө нонок неме жакшы жооп бере алган жок.*

**НООДА** 1. Солкулдак түз бутак. *Босогоң кайың ноодасы, Түндүгүң кайыш шыңгасы* (Эл ырлары). 2. *өт.* Сымбаттуу, ичке. *Боюң талдын ноодасы, Бетиң айдын шооласы* (Элдик ыр).

**НООЛУ** Топурактан согулган жапыз коргон, тосмо дубал.

**НООПАЗ** **оопаз** менен бирдей.

**НООПАЛАҢ** Үч жашар букачар, үч жаштагы оопаз.

**НООПАТ** Өлүү, каза табуу. *Айтаалынын фронтто ноопат болгону жөнүндө «кара кагаз» өз сумкасына түш-*

*көндө, кетирген кемчилигимди эстеп, бармагымды тиштедим* (Айтматов).

**НООРУСТАМА** Жаңы жыл майрамында жасала турган суюк тамак, көжө.

**НООТ** Набыт болуу, курман болуу. *Орустан окуп-чокуп келериң менен быйыл жайда, атабыз ноот болбогондо өзүңдү ээрчитип кыз тоюн жүктөп барып, колуктуңду алып келмекпиз.*

**НООТУ*** Жүндөн токулган кездеме. Сукно. *Ак ноотудай кийизи* («Манас»). *Кулпунган жаңы көк нооту Үстүндөгү кийгени* (Нуркамал). *Иранга мындан барабыз Манат, нооту алабыз* («Эл адабияты»).

**НООЧА*** Бойлуу, сымбаттуу, шыңга бойлуу. *Ажыбай датка сол жагында отурган нооча кара жигитти карата жаңсады.* (Касымбеков). *Нооча бойлуу, москоол денелүү кара киши партия ячейкасынын катчысы – Эргеш* (Жантөшев).

**НОЮ** Чарчоо, чаалыгуу, күчү кетүү, чыдамдуулугун жоготуу.

**НОЮБАС** Чарчабас, чаалыкпас, бышык, чыдамдуу.

**НӨКӨРЛӨ** Оюу менен кооздоо. *Нөкөрлөнгөн кең өтүк.*

**НУКУС** Зыян, залака, таасир, шек туудуруу. *Ата динден айрылып, Нукусу тиер динимде* («Манас»).

**НЫГАЙ** Нык болуу, бекемделүү, чыңдалуу, күчөө. *Кызылдар жөнүндөгү чындык күндөн күнгө эл арасында ныгайып таралууда* (Жантөшев). *Мекендештердин мамилеси күндөн күнгө ныгайды* (Жантөшев).

**НЫЛ** 1. Капкара. 2. Кара көк. *Ак жыгачты жошорлоп, Ныл кылбасам өлөйүн* (Эл ырлары). *Ууктарын ныл-даган, Каалга менен керege, Канча түрдүү сырдаган* (Эл ырлары). 3. Капалуу, кайгылуу. 4. Калың, терең, коюу. *Көзүнүн жашы ныл болгон* («Манас» С. О.). 5. *өт.* Көздү чел басуу, көз көрбөй калуу. *Эки көзү ныл тартып* («Манас» С. О.).

**НЫМЧА** Жеңил, жүн, кебез салынбаган жалаңкат кемсел. *Анын нымча кемселинен ак балыктай туйлаган денеси көз алдына тартыла түштү.*

**НЫШАП** Кудайдын буйругу, шыпаа. *Нышап менен жаралып, Мынтыгын жонго асынып* («Эл адабияты»).

# О

**ОБОДО** Эскирген шырдак же кийиз. *Пешайванда турган жыгач керебеттин үстүндө жаткан ободонун таптакыр тамтыгын чыгарды* (Жигитов)

**ОБОДОЙ** 1. Алк, кулкун. 2. Ачкөздүк, сугалактык.

**ОБОЗ II** Биринин артынана бири чубаган жүктүү арабалар, кире ж.б. *Кызыл обоз.*

**ОБОЗ III** Даңаза даңк. *Обоздору эң кызык* («Манас»).

**ОБОЗО** Имиш-имиш даңаза. *Анын эрдигин эл бир далай обозо кылып жүрүштү.*

**ОБОН СОРГОК**** Кыраан бүркүттүн бир түрү.

**ОБОО*** Жылкыда болуучу жугуштуу ылаң, жылкынын маңкасы. *Обоого шыйпаң үйүр* (макал).

**ОБОР** 1. Сук, суктук. *Айрыкча адам өлгөндө, Молдонун тойбойт обору* («Эл адабияты»). *Байгесине Көкөмдүн Баары агытып оборун* («Манас»).

**ОБОР: обору ачылуу** 1. Тамак жегиси келүү. *Алардын сыртынан көзөмөлдөгөндөр, оборлору ачылып, ...эт көтөрүп бараткан жигиттерге жардамдаша кетишет* (Токомбаев). 2. Алкы бузулуу, бир нерсени жеп алгысы келүү, алдым-жуттумга берилүү. *Эсирген калпанын обору бара-бара ачыла баштады* (Бейшеналиев).

**ОБРОК** *тар.* Помещик тарабынан крепостной укук мезгилинде дыйкандардан акчалай же натуралдык түрүндө алынган салык.

**ОБУЗ** Жасалма көл, көлчүк, чөөт. *Ортосунда карарган, Обузга тиккен тал бекен?* («Эл адабияты»). *Обузга тиккен тал бекен, Удургуган көп караан* («Курманбек»).

**ОБУРАК** Барк, бедел. *Обурактуулардыкы бөлөк* (Даникеев). *Обурагы артык жан экен, Оң жагында жолдошу, Арылдап жанын жаланган Ач арстаны бар экен* («Манас»).

**ОБУРАКТУУ** Баркы бар, беделдүү. *Акунжан да эл ичинде сөзгө аралашып калган обурактуу жигит* (Байтемиров).

**ОВОДО** Эски-уску кийим-кечек.

**ОГОЖО** 1. Тирек, жөлөк, таяныч, сүйөнүч. 2. *өт.* Башкарып-тескөөчү.

**ОГОЖОЛО** 1. Тирек коюу, таяныч коюп тирөө. 2. *өт.* Таяныч жөлөк болуу, байкап-тескеп жүрүү.

**ОЁН** Улук, төрө, башчы. *Оёнум сени тосууга, Он эки миң колум бар* («Манас»). 2. Баатыр, жалтанбас, эр. *Орто жерин талкалап, Оён Манас арстан, Оюп кырып берди эле* («Манас»). *Оп дайранын боюнда, Оён Жаңыл туулган* (Тоголок Молдо). 3. Салабаттуулук, мыктылык. 4. *өт.* Какшыктоодо, шылдыңдоодо «кайран», «кайран неме», «мыкчыгер маанисинде колдонулат». *Ага-ини, дос тууганы, жолдоштору – Эй, оён, кыйратарсың, – деп күлүштү* (Осмонов). *Олжону кабат тапканым, Оёнум дыйкан арстаным* (Тоголок Молдо).

**ОЖОО** Чөмүч. *Ожоону Эрмек тосуп турду* (Айтматов).

**ОЗГУН** Илгери, алга чыккан. *Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озгун* (макал).

**ОЙМОКПООЧ оймокпооч салуу** Көбүнчө көмүскө, башкаларга билдирбей туруп, бурай чымчып алуу. *Акия кээде үч колдун башын батырып, оймокпоочту салып, Элебестин бир жерин үзүп алат* (Сыдыкбеков).

**ОЙМУЛ** Оюк, оюп алынган орун.

**ОЙРОН I** 1. Кыргын, бүлгүн, талкалануу. *Эринип барбай койгонуң, Эртең чыгат ойронуң* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Баатыр, эр, кыйраткыч. *Он эки кеткен ойрондор, Баатырдыгы башкача Озуп калган кези экен* («Манас»).

*Оён Кошой карыңыз, Оң жак бутун салганы. Ойрон Кошой абаңдын, Балтыры батпай калганы* («Манас»). *Эр Табылды Ойронуң, Ташка жакын бастырып.* («Эр Табылды»). *Оң жагында баатырдын, Ойрон Бакай баш болуп* («Манас»). 3. Күл ойрон менен бирдей. 4. Абдан, эң бир. *Ойрон мыкты*

**ОЙРОН II** Кыйранды, таш-талкан, бырын-чырын. *Ойрон болуу. Ойрон чыгуу. Ойронун чыгаруу.*

**ОЙРОН БОЛУУ*** 1. Көзү өтүү, жок болуу, өлүү. *Ал байкуш жаш кезинде ойрон болду.* 2. Талкалануу, кыйроо, бүлгүнгө учуроо. *Отун алып, от жактың, Ойрон болуп кой бактың* (фольк). *Басмачылар ойрон болду.* **В.: Ойрону чыгуу.** *Тек, биз мыктылар барсак, ордонун зынданына салып ойронубузду чыгарбасын деп чочулашты* (Абакиров)

**ОЙРОТ*** Азыркы калмак аталган элдин эски өз аты. *Мурда эле көчмөн көп ойрот болгондо 1521-жылы ченден кыргызга жортуулдай баштаган.* (Касымбеков). *Ойротту бузуп, олжо алдым, Мындай олжо кайда алдым* («Манас»). *Ойрот жоңгорду кыргыздын жерине жолотпой, алдын-ала сокку берүү аракети ошол ага бий Супатай кашкадан чыккан акыл имиш* (Айтматов).

**ОЙРОТТО ЖОК** Теңдешсиз, баа жеткис, эң мыкты. *Омурткасы он кула, Ойротто жок чоң кула* («Семетей»).

**ОЙСУРА** Алы кетүү, түгөнүү, эңшерилүү.

**ОКТОС БЕРҮҮ*** Алдын көздөй тез, катуу жүткүнүү, атырыла алга катуу умтулуу. *Жээрде кашка башын чулгуп, алдыга жөнөөгө октос берип зымырады* (Бейшеналиев). *Отурган жеринен шырт этип, октос берип учканын айтпайсыңбы!* (Жусупов).

**ОКТЯБРЯТ** *тар.* Совет мезгилиндеги 2-3-класстардын окуучулары. *Үчүнчү класстагы октябряттардын бардыгы пионерлердин катарына өтүштү* («Кыргызстан пионери»).

**ОКУЙ** Соксоюп жалгыз калуу. – *О кокуй, окуюп эшикте жалгыз отурасыңбы?* (Убукеев).

**ОКУС*** Күтүлбөгөн жерден же этибарсыздыктан болгон иш, окуя, кокустук.

**ОКУС БОЛУУ** 1. Бир жерин чыгарып алуу, майып болуу. 2. Өлүмгө учуроо. – *Уулум, тынччылыкпы? Байбиче анын ата-энесинин бири окус болгонбу дегендей шек менен сурады.* (Каимов).

**ОКЧО** Туура эби менен кармалган абал. *Ырайымжан автоматын окчо кармап, душмандын тобун тушмалдап, быдыратат* (Касымбеков). *Колундагы чорт келте, Окчо кармап бир койду* («Манас»).

**ОКЧОНТОЙ*** 1. Саадактын огун салуучу баштык. 2. Дүрмөттөлгөн жездердин ар бирин өүнчө салуу үчүн ыңгайлуу көз-көзү бар кур. *Айтуу окчонтойдон бир окту ала коюп, тиштеп туруп Байтерекке берди* (Токомбаев). *Окчонтой жыйнап ок кылган* («Манас»).

**ОЛДО-БҮЛДӨ** Кудай урсун, теңир урсун деген мааниде. *Олдо-бүлдө! деп койчу, мен ишенейин.*

**ОЛОГОЙ** Олойгон, олоюп турган, алайып турган. *Ологой көз.*

**ОЛОЙ** 1. Бир көзү сокур болуу. *Найза тийип көзүнө, Олойгондор дагы бар* («Манас»). 2. Олураюу, көзүн акшыйтып кароо. *«Окубайсың» деп айтсаң, Олое карап ормоет* (Маликов).

**ОЛОК** Сокур, олойгон.

**ОЛОҢ* I** Аялдардын жоон жана узун чачы. *Олоңдой болгон кайран чач* («Семетей»).

**ОЛОҢ* II** Басмайылдын артыраак жагына тартылуучу, ээрге бекитилген кайыш. *Басмайыл, олоңдору куудулдун оюнчуктарына окшоду* (Токомбаев).

**ОЛОҢГО БАТПАС** Аябай семиз, болуп-толуп турган деген мааниде. **В.: Олоң жетпес.** *Олоң жетпес агаң бар.*

**ОЛПОК** 1. Бешикке баланын астына салынуучу жумшак, мамыкка окшош төшөк. 2. тар. Калың, кабат жүн салып тигилген, урушта кийилүүчү сырт кийим. *Эки чопкут бир олпок Каттоо менен кийиңер* («Эр Табылды»). *Ок өтпөс олпок анда бар* («Эл адабияты»). *Олпок тондор түлүндү* («Манас»).

**ОЛПОҢ** 1. Кокон хандыгында буудай салыгынын аты. *Олпоң деп алды эгинди* (Арстанбек). 2. Салык жыйнаганда ченеп алынуучу мүшөк.

**ОЛУ*** Бир нерсени оюп же чукуп алуу, оё алып кетүү. *Чылпагын алам деп көзүн олуп алган. Жүрөктөн тийип, аркасын бир топ олуп кетиптир* (Жантөшев).

**ОЛУТ** Орун. *Олут алды.*

**ОМБУ** 1. Түз эмес, шамал үйлөп дөбөчө-дөбөчө болуп каткан кар, муз. ... *Ашуунун белинде омбулар жукарып, жол ачылат...* (Айтматов). 2. Алабарман сүйлөгөн, туругу жок, тигини муну бир айткан.

**ОН БАШЫ** *тар.* Он жоокердин башчысы. *Он башчысы ороктоп* («Семетей»).

**ОНЖОГОЙ** Олдоксон, өтө узун. *Онжогой куйрук күрөң ат, орустан ашпайт дечү эле* (Арстанбек).

**ОНЖОҢДО** Тартайган, тартаңдаган эби-сыны жок кыймылда болуу. *Деп, ошентип Айчүрөк Онжоңдогон тору аттын Оозун тартып турду эле* («Сейтек»).

**ОНОК** Эби жок, шыгы жок, чоркок. *Күч черте албас онокко Жазалап арак бериши* («Мендирман»). *Султан өзү сөзгө онок киши* («Ала-Тоо»).

**ОҢКОЙ** Эби-сыны жок болуп, өзгөчө колдоюп бөлүнүп туруу, коңкойгон көрүнүштө болуу. – *Кырдач мурун жар кабак, Ызырынып оңкоюп* («Эр Табылды»).

**ОҢЧУЛ** *тар.* Коммунисттик идеологияга көз караштары карама-каршы келген агым. *Оңчул партия. Оңчул багыт.*

**ООЖ*** Күч алуу, жандануу, тез өсүү. *Кең казына эмгектен Кызматын кылган олжо алат. Байтеректей буралып, Кыз балдары жетилип, бары бир жогу оож алат* (Эл ырлары).

**ООЗ ОТУ** Салык, алман, салым.

**ООЛА** Бир жакка ооп кетүү. *Бул тоодон тиги тоого оолап кетти.*

**ООЛАТ II** Тукум, уруу, урук-жуурат. *Оолаты кыргыз, улуу журт* («Манас»).

**ООЛУ** Үй, короо жай. *Беш теше жерди айландыра там салдырган оолусу, оолусунда түрдүү багы да бар* (Жантөшев). *Ат чабым жерде оолуң бар, Оолу толгон коонуң бар* (Токтогул).

**ООРУК** 1. Калктын туруктуу жашаган негизги жери, туруктуу жашаган жай. *Ооруккa калар жер экен* («Манас»). 2. Жортуулда жүргөн, согушка аттанган колдун негизги бөлүгү жайгашкан жай. *Чалгынды калмак чалабы? Ооруктa Чубак калабы?* («Манас»). 3. Тыныгуу жайы. *Чоң үйдүн баары калыптыр Анжиянга ооруккa* («Манас»). 4. *тар.* Жалпы көч менен чогуу кете албай жакыныраак жайытка калып калган айыл.

**ОПКОК** 1. Соргок, тамаксоо, оңой менен тамакка тойбогон. *Мергендин көзү милтеде, Опкоктун көзү кулчөдө* (Токтогул). 2. Аш болуму аз, кубаттуулугу төмөн. *Жарма опкок келет.*

**ОПКОКСУН** Тойбогонсуп жутунуу, тамакка ач көздүк кылуу.

**ОПСОЛОҢ** 1. Акылга салбаган, акыл менен иштебеген, ойлобостон кылган, орду жок, обу жок, көйрөң адам. *Опсолоң барып өлдү.* 2. *өт.* Өтө, эң. *Отуз жерден жара жеп, опсолоң жаман болуптур* (фольк.).

**ОПУЛДА** Ач көздүк кылуу, жутунуу.

**ОПУРМА** Мылтыктын түрү.

**ОРДОЛУК** Сарайда болуу, хандын жанында болуу. *Ордолук черүү.*

**ОРДОЛУУ ШАЙЫК** Аксакалдар башында турган борборлошкон кандык.

**ОРМОН** Калың токой. *Өтөгөн оюу Шибердин ормонунда болот дегенди укчу элек* (Абакиров). *Тоо жыгачтуу жер болгон, Токой ормон чер болгон* («Манас»).

**ОРОЗДУУ** Бактылуу, жолдуу. *Ороздуу менен оттош бол* (макал).

**ОРЧУН** 1. Көп, көпчүлүк. 2. Ири, чоң, башкы, негизги. *Орчун кошун жыйылып* («Манас»). *Орундалып – улуу тилек орчуну Далай, далай элес келип көзүмө* (Турусбеков).

**ОСМОК** Божомолдоо, болжолдоо.

**ОСМОКТО** Божомолдоп иш кылуу.

**ОТ МАЙ** Башка бирөөнүн жайытынан пайдалангандыгы үчүн төлөнүүчү акы. *Калпа ажынын миң жылкысынын от майы деп...он эки семизин тандап, бөлүп союп жешет* (Бейшеналиев).

**ОТОГО** *тар.* 1. Аскер жана мансап адамдарынын бийлик даражасын айырмалап көрсөтүү үчүн бөркүнө тагылган асыл таш, чачы же куштун канаты. *Ак отого диңсе Дал ортодо жаркылдап* («Манас»). 2. Үкү же шуру тагылган кундуз тебетей. *Үкү таккан шуру отого кундузу, Кыз башынан түшө жаздап оңолду* (Эралиев).

**ОТОРЛО** 1. Оторго кетүү. 2. *эск.* Алыс жакка, алыскы өлкөлөргө кетүү. 3. *эск.* Колонияга кетүү.

**ОТОР ЖАШОО** Убактылуу бир жерде жашап туруу. *Биздики азырынча отор жашоо.*

**ОТУК*** Кичинекей козу, музоо, кулундардын чөп оттой баштоосу. *Козулар отугуп калды.*

**ОЧ** Төөнү айдоодо колдонулуучу сөз. *Төө кыядан өткөн соң «оч»! дегениң курусун* (макал).

## Ө

**ӨБҮЛГӨ** Сүйүп сураган нерсе.

**ӨЗӨЛӨН** Катуу ыйлоо, кошуп өксөп ыйлоо, абдан катуу кайгыруу. *Кой эми, Каныбек! Өткөнгө өзөлөнө бербе* (Жантөшев).

**ӨЗҮМСҮТ** Өз кишиси, жакыны катарында көрүү, өз, жакын кишиси деп эсептөө.

**ӨЛДӨ** Суулоо, нымдоо, суу кылуу.

**ӨЛҮҮ СӨӨК АДАМ** Чыдамкай адам.

**ӨМ** Көп, сансыз, каптаган, жыш. *Жер кайыбы өм болгон, Алчасы чирип дөң болгон* («Манас»).

**ӨМГӨК** Омуроо, омок, өмөк. *Аттын өмөгүнө салып, суудан күч менен алып чыкты* (Сагынбаев).

**ӨМДӨ** Көптөө, каптоо, жалпы колдун душманга карай жапырт чабуул коюшу. *Калың колго өмдөтүп, өмдөгөн жоо качырат* (макал).

**ӨМӨЛ** 1. Өмгөктөй алдын карай жүткүнгөн абалда болуу. 2. Тартынбастан, көшөрө качырып кирүү. *Өжөрлөнүп көп калмак, Өмөлүп кирди таптакыр* («Манас»).

**ӨМӨЛЧҮ** Чабуулга коркпой кирүү маанисинде. *Өмөлчү журттан айрылып, Өлөйүн деп чак кайнап* (Эл адабияты).

**ӨНТӨ** Кыздан жигитке берилчү белек; кымбат санаган белек.

**ӨНТӨЛӨ** Жакшы көрүп, кадырлап, сыйлаган адамына жаналы калбай аракеттенип кам көрүү, кадырлагандыгын, сыйлагандыгын билдирип өнтөлөө. *Сөз айтпас дөдөй болсо, андай адамга эмне үчүн Кубат өнтөлөйт* (Жантөшев).

**ӨҢКӨЙ I** Өңчөй, чылкый, жалаң, бүтүндөй. *Сугарып окуу билим булагына, Окутуп өңкөй жашты алга сүрөп* (Үмөталиев).

**ӨҢКӨЙ II** Эңкейе бөкчөйүү, далысын бүкүрөйтүп өбөктөгөндөй абалда болуу. *Саал өңкөйүп..., кичирээк асканын башында мылтыгын асынып Алыбек турат* (Жантөшев).

**ӨҢӨР I** Бир нерсенин ички бетине пайда болгон жука кыртыш, былжырлуу бүртүкчө, кабыкча. *Тиштин өңөрү эртең менен көп болот* («Ден соолук»).

**ӨӨК I** Чыныгы, анык, нак өзү. *Элди сактап душмандан, Өөк сырттан ушу дейт* (Чоробаев).

**ӨӨК* II** 1. Мал терисинин көкүрөк жаккы бөлүгү. *Өөк жүнүн кыркып бүткөндөн кийин койдун алдыңкы оң буту кыркмачынын оң тизесин көздөй артка тартылат* («Кыргызстан айыл чарбасы»). 2. Малдын көкүрөк жак капталы. *Качып бара жаткан шайкалардын кээ бирөөлөрү аттарынын ары өөгүнө бир түшүп, берки өөгүнө бир түшүп баратат* (Сыдыкбеков).

**ӨӨН II** Ойдуң жер, кокту. *Машырап чымын-куюн болуп өөнгө түштү* (Абдукаримов).

**ӨР** 2. Көкүрөгү бийик, көкүрөктүү. *Өркөчү бийик өр кула* («Манас»).

**ӨРҮҮ I** Дем алуу, тыныгуу; тыныгуу үчүн бир жерге токтоп өргүү. *Өрүү болуу. Өрүүдө үч күн болушат.*

**ӨСӨРКҮ** Өспүрүм деген мааниде. *Өсөркү жаштан айрылып, Карыганымды айтамын* (Тоголок Молдо).

**ӨТӨК** Тоо этегиндеги ойдуң, оюраак жер, тоо этеги. *Мен өтөктөгү корумга чыктым* (Жантөшев). *Жайыттын ойдуң өтөк жерлери ыргалган кара кыяк* (Убукеев). *Өтөк жери көйкөлгөн, Өзөндө аккан суусу бар* (Осмонов).

**ӨТӨЛГӨ*** Кандайдыр бир көрсөткөн кызматы, жардамы ж.б. үчүн берилүүчү сый, алкыш, акы, кайрым.

**ӨТҮРҮК** Жалган, калп. *Кайдасыңар кадимки старчындар, Сөзүнүн жарымы өтүрүк, жарымы чындар* (Тоголок Молдо). *Өтүрүк сөз –жанга кас, өтпөс бычак – кынга кас* (макал).

# П

**ПААНИ** Жалган, өтүп кете турган, түбөлүк эмес. *Бай Көкөтөй өлдү деп, Паани дүйнө чын жайды, Барып акыр көрдү деп* («Манас»).

**ПАЙНЕК** 1. Жумуртканын тумтук жагы.

**ПАЙСА II** 50 грамм өлчөмүндөгү салмак чени. Эки пайса чай.

**ПАЙТАБА** Чылгоо, бут ороoч.

**ПАЙТАХ** Хандын тагы. *Хан олтурган пайтахтай, Кыргыз, казак сураса, Башкой, Канай баласы* (Эл адабияты).

**ПАК** 1. Таза, ыпылас эмес. *Пак суу менен жуунуш керек.* 2. Таза, бузуктук кылбаган адам. *Күнөөдөн пак жүргөн адам.*

**ПАЛАҢ II** Жүк артылуучу ээр. Жүкчү кишинин жонундагы ыңырчак. Эшек ээрдин куюшканы.

**ПАҢСАТ** *тар.* Беш жүз кишинин башчысы, ошондой эле басмачылар отрядынын башчысы. *Кабар берди элине, Увазир паңсат бегине* (Эл адабияты).

**ПАРВАНАЧЫ** *тар.* Бухара хандыгынын убагында: кандын буйругун таратып берип туруучу мансап, кызмат адамы. *Биринчи увазир Калназар парваначы көтөрүлүш чыгарып жаткан тоолуктардан белгилүү* (Касымбеков).

**ПАРМАН** Кудуреттүү күч. *Кудайдын парманы менен мен да үч бөлмөлүү үйгө жеттим* (Ала-Тоо). *Акындарга акын турат Пар болуп, Андай парман берилгенсип Алладан* (Гилязетдинов).

**ПАРТ** 1. Куштун жүнү, канаттуунун жүнү. 2. *өт.* Түк, түктүү. *Тооктун партын жулуш керек.*

**ПАРТАЛ АТ** Жүк жүктөлгөн ат. *Партал атты жетелеп, улуу жолду төтөлөп* (Эл адабияты).

**ПАРТОРГ** *тар.* Советтик коомдо жергиликтүү уюмдарда партиялык идеологиялык иштерди уюштуруучулар ушинтип аталган. *Цехтин парторгу.*

**ПАШАЙЫ** Кустардык станокто согулган эриши жибек, аркагы жип, эни тайкы, айчык гүлдүү кездеме. *Пашайы, килем, жабуу, шайман, жарак, Ар түрдүү ачуу, таттуу алгын шарап* (Токомбаев).

**ПЕЧЕК*** 1. Малдын ичин көптүрө турган зыяндуу чөптүн бир түрү. *Өгүздөрдүн бири печек жеп өлдү* (Абдукаримов).

**ПОШ** *эск.* Мындай болгула, жол бошоткула деген маанидe колдонулат. *Тар көчөлөрдө араба айдаган адамдар: пош, пош! деп кыйкыра турган. Аттарынын мойнуна он чакты коңгуроо тагып алып, «пош-поштоп» бай уулдары жорго салдырып жүрөт* (Жантөшев).

**ПУЛ** 2. *тар.* Жарым тыйын, жарым тыйындык монета. *Жалгыз чака пулу жок, Жакшылык көргөн жылы жок* (Тоголок Молдо). 3. Кездеме, товар. *Фабрикадан чыгарылган көп пулду, Баалап кылган балбан алсын кенелип* (Осмонкул). *Калаага бир иш менен шашып бардык, Кайтарда көп таза пул сатып алдык* (Осмонов).

**ПУШТУ** Мала кызыл, күлгүн түс. *Жашыл шайыдан, пушту жибектен тигилген көйнөктөрүн алып көрсөтүп жатты* (Абакиров).

# Р

**РАБАТ** 1. Таш үй, Кербен сарай. 2. Бекет. 3. Эл отурукташкан жайдан алыс жолдун тоомуна ары-бери өткөн жүргүнчүлөр өргүп, эс алып, конуп өтүү үчүн атайын тургузулган имарат. *Кумга рабат салгандан, Кумарайым пааша дээр* («Манас»). *Колдон келсе рабат, Коргон салгын бир жерге* (Молдо Кылыч).

**РАБАЯТ** 1. Илгертен калган накыл. 2. Уламыш, икая, аңгеме жомок.

**РАБФАК** *эск.* Жумушчу факультети (жумушчу жана дыйкан жаштарын жогорку окуу жайларында окууга даяр-

доо максатын көздөгөн жалпы билим берүүчү окуу жайы, жумушчу факультеттери 1919-жылдан тартып 30-жылдарга чейин болгон). *Муну Фрунзеде рабфакта окуган байкемден үйрөнгөм* (Бейшеналиев).

**РАМАТ** *тар.* Революцияга чейинки алык-салыктын бир түрү. *Раматка саттырып, ыстарчын алды тайыңды* (Тоголок Молдо).

**РАПИС** 1. Болот. 2. Көк темир. 3. Ок өтпөс. *Ак сүйүүдө аскар тоодон көк рапис зоо тосуп да токтото алгыс көчкү жүргөн учурлар болот, андайга сөз айтылбайт* (Айтматов).

**РАСМИ*** Салт, каада. *Элимдин расмисин кылууга уруксат этиңиздер* («Ала-Тоо»). *Биздин расмини унуттуңбу Метрей?* (Сыдыкбеков).

**РАХБАР** *эск.* Жетекчи, баштоочу, жол башчы (1920-жылдардагы термин).

# С

**СААДАТ** 1. Бакыт, таалай, ырыс. 2. Кубаныч, жыргал.

**СААЛЫ** 1. Куранда аты эскерилген пайгамбарлардын бири. *Онунчусу Саалыдыр* («Манас»). 2. Зээндүүлүк, жөндөмдүүлүк. 3. Даам, даамдуу.

**СААЛЫК** Жай, шашпай кыймылдоо.

**СААЛЫКТЫР** Кечиктирүү, күттүрүү.

**СААЛЫТ** Күттүрүү. *Пейили жаман адамдан аттык майын сурасаң «Эртең кел» деп саалытат.*

**САГАНА** 1. Күмбөз, бир тукумдун күмбөзү. *Сагана кылып койдуруп, Таманын терең ойдуруп, Казыга кепин бычтырып, Калың элди чыкырып* («Курманбек»). 2. Курбу.

**САГАСА** Чекенде. *Сагаса күлүн салдырган, Тартса кумар кандырган. Насыбайды алышып, Алаканга салышып* («Манас»).

**САДЫК** Чынчыл, ачык.

**САЗАР** Саргаюу, саргарып кетүү. *Өңү сазарып ачуусу келди.*

**САЙ II** 1. Абдан, мыкты, белгилүү, атактуу (Күлүккө карата айтылат). *Сай кашкаңды жайлатып* («Манас»). *Сай күлүк. Сай тулпар. Сай буудан.*

**САЙ КАШКА** Мыкты, баатыр, асыл адам, чыгаан азамат маанилерин туюндуруучу сыпаттама сөз. *Сай кашка сөзүн билип ал* («Манас»).

**САЙРООН** Суунун тайыз тарткан жери. *Чөп башын кертпей ылаалап, Жылкылар турар сайроондо* (Маликов).

**САКАНАК** Керееге канатынын учтарындагы кыска таякчалар. *Саканактары сынып бүткөн кереге* (Жантөшев).

**САКАП** Ашык, ашык болуу. *Сакап болгонум да ырас, сүйгөнүм да ырас эле* («Эл адабияты»).

**САКТА** 5. Белгилүү бир жайда болуп туруу. *Каркылдап каздар көл сактайт, Кара ылаачын чөл сактайт* (Токтогул). *Алтымыш жаштан ашканда, Айылдын дөңүн сактайсың* (Тоголок Молдо).

**САКТЫЯН** *эск.* Кой, эчки терисинен боёлуп жасалган булгаары. *Сабам сулуу болсун деп, Сактыяндан жасаткан* (Эл ырлары). *Сол капшытында иймекей кара мурут, суусар тебетей, кемер кур, сагдыян жалтырак өтүк жаш жигит Дүр экенин болжоду* (Бейшеналиев).

**САКЫ** Март, берешен, колу ачык. *Сараңдык кылган бакылдан, сакылык кылган март артык* (Тоголок Молдо). *Сакылыгың ким билсин, кайырга колуң ачпасаң* (Терме).

**САЛ УСТА** Усталардын пири. *Сал устадан сураган, сандалып бара жатканда* (Дүйшеев).

**САЛАҢДООР*** 1. Желбиреөч. 2. Салаңдап байланып, асылып турууучу нерсе.

**САЛАР** *эск.* Башкаруучу, башчы, улук. *Сен салар да, мен салар – атка чөптү ким салар.*

**САЛГАР** Чоң, кенен тоонун жолу. *Суркоёнго камчы уруп, салгар жолго салды ошол.*

**САЛДА** өтө күчтүү. *Санынан артык сапаттуу Салда дөөдөн тандап бер* («Эл адабияты»).

**САЛДАР*** Жаман таасир, калдык. *Эски турмуштун салдары.*

**САЛЫК II** Саландап түшүп турган, ылдый түшүп турган. Карды салык. Салык жүктө. *Ийни салык, өзү зор* («Сейтек»).

**САМАР** 1. Жемиш. 2. Пайда, натыйжа, ийгилик.

**САМТЫР*** Жыртылган, тытылган, тамтыгы жок. *Үстү-башы самтыр.*

**САМЫРДАЙ КАКШАП** Көп сүйлөө, баса сүйлөп, сөзүн жан талаша далилдөө.

**САНДАЛ II** *эск.* Үйдүн (боз үйдүн) ичин жылытуу жана жылынуу үчүн жасалган очок. *Бай ушундай деп айтты да, бутун ичкерилетип, сандалга өбөктөдү. Жасанжан сандал үстүнө тасторконду жайып, колго суу берди* (Абдукаримов). *Капшыт жакка сандал салып коюптур, Оорусоону ылгамакпы кыш айы* (Байзаков).

**САНДИ** Алтындуу жип жүгүртүлгөн жибек кездеме, тукаба. *Санди бешмант кийген, кара көз, кара каш татына кызды отургузуп коюшту* (Абакиров).

**САНДУГАЧ**** Булбул, сайроочу кучкач. *Муса менен Калмурат, Ырдаса булар сандугач* (Тоголок Молдо). *Күздүн бул сандугачы (сүтак) бирде көңүлү эргип көтөрүңкү, шаңдуу, мукамдуу үнгө салды* (Касымбеков).

**САНДУРГАЛУУ** 1. Келишимдүү, келишкен, кооз, салтанаттуу, сүрдүү. 2. *өт.* Белгилүү, даңктуу, атактуу, даражалуу, кээде баатыр маанисинде да айтыла берет. *Сандыргалуу Манастын, Баргөйүнө барганы* («Манас» С. О.). *Салмагың оор зар элең, Сандыргалуу жан элең* (Казыбек).

**САНЖАП** 1. Кооздук, сайма, чачы, жээк. 2. Тартип, ирет, бир нерсенин орун алып туруусунун тартиби. *Өт-*

*көндөн аңгемелейт кээде баштап, сөз кени оргуй берет санжап-санжап.* 3. Ирет, кынап, кастар. *Сарайды санжап кылдырып, Санаасын кашкөй тындырып* («Манас»).

**САНЖАПТУУ** Ирети менен иреттүү. *Санжаптуу жарак байланып, Сакалы белден сеңселип* («Эл адабияты»).

**САНЖЫРГА** 1. *эск.* Көчкөндө көч жүктөлгөн унааларга жасалуучу жасалга. 2. Кыраан куштун бутуна тагылуучу боо. 3. **санжыра** менен бирдей.

**САНЖЫРГАЛУУ** 1. Санжыргасы бар, коoздолгон. Санжыргасы бар көч. Санжыргалуу унаа. 2. Бутуна санжырга боо тагылган (кыраан куш жөнүндө). 3. Мансаптуу, беделдүү, кадыр-барктуу. С*анжыргалуу Канчоро* («Сейтек»). *Санжыргалуу селкилер* (Маликов).

**САНТАЛАК** 1. Катыны талак. 2. Оңбогур. Шүмшүк. *Кызы талак, санталак, Кайдан келдиң анталап* (Эл ырлары).

**САҢЗА** Селде нан.

**САҢООР** Канаттуулардын буту менен куйругунун арасындагы жумшак жүн. *Саңоорлору сары алтын* («Манас»). *Пейли жакшы эң жумшак, Шумкардын саңоор жүнүндөй.*

**САҢСА** Кызылча отоо, суюлтуу үчүн колдонула турган калак.

**САҢСАҢ** Көрпөдөн өтүп кеткен күрпөң козунун териси. *Сансаң жакалуу ичик. Кара саңсаң көлдөлөң.*

**САПАЛ** 1. Асанкайгычыл адам, көңүлү чөгөт, көп кайгырган адам, басмырт. *Санаасы кыска сапал көп* («Манас»). *Жалгыз перзент маңдайыма кармаган, Тапканымдын баарын ага арнагам. Картайганда кыйын экен кайгы оту – Санаам сапал кырсык тооруйт сандаган* (Байзаков).

**САПАН** 1. Ар тарапка кубалоо, таратуу. 2. Бир нерсени аягын таппай калганга чейин чачыратып жиберүү. *Башын бапан, аягын сапан кыл.*

**САПСАЛГА*** 1. Кыскыч, кыстыргыч, атты быча турган жаак жыгач.

**САПСАЛГАЛА** Бычуу. *Акеркечти алам деп, Жайы келсе, Көкчөнү, Сапсалгалап салам деп, Көгала атты минем деп* («Манас»).

**САРА** 1. Таза, мыкты, тандамал. *Жер соорусу сара – дейт.* («Манас»). *Болсун үйдүн сарасы* («Манас»). *Ала-Тоонун арасы, Жалпы жердин сарасы. Телегейиң тең экен, Артык жердин сарасы* (Тоголок Молдо). *Эрдигинин чеги жок Кырк чоронун сарасы* («Семетей»). 2. Жер соорусу, суулуу, оттуу жер. *Саржан салып бөлүнүп, Сарасы кетме жериңдин* (Арстанбек).

**САРАЙБАН** Жүргүнчүлөр токтой турган үй кармоочу адам.

**САРАЙЧЫ** Кербендер токтоочу жердин ээси.

**САРАПЧЫ** I Соот, чарайна. *Саадактарын артынып, Сарапчысын тартынып, Саган кайда аттанды* («Эл адабияты»).

**САРАПЧЫ III** Көз айнек. *Үйдүн кожоюну бийик бойлуу, жээрде сакал, көзүнө айнек сарапчы тартынган орус төрө тосуп алды* (Абакиров). *Сарапчысын тартынып.*

**САРБАЗ** 1. Черүү, солдат, аскер. 2. Кокон хандыгынын убагында – атчан черүү. *Сарбаздар дуулдап алик алышып, сыпаалык үчүн колдору боорунда таазим кылган болуп калышты* (Касымбеков).

**САРБАП** 1. Парча, жибек кездеме. 2. Алтын, күмүш жип аралаштырып токулган кездеме. *Кан Көкөтөй өлгөндө, Замзам менен жуудуруп, Сарбап менен буудуруп* («Манас»).

**САРДАЛ** 1. Алп, кайраттуу, баатыр, жетилген балбан. *Сардал боюң көрсөм деп, сагынып жарың умсунат* (Эл ырлары). *Журт бийлеген сардалдан, Билеги жоон балбандан* («Манас»). *Сайапа майдам талдайым, Сардалдыгың айтайын* («Эл адабияты»). 2. Бойго жеткен, толукшуган (кыздарга карата). *Ак сардалга жетпеген, Армандуу малдын жоктугу* (Элдик ыр).

**САРДАЛДУУ** Күчкө толгон, кайраттуу. *Сардалдуу жигит болгондо, кара бир жерде ыпырап* («Эл адабияты»).

**САРДАР** 1. Аскер башы, кошуун башчысы.

**САРЖА** Кийимге ич кылууга колдонулуучу тыгыз согулган жибек кездеме.

**САРЖАН II** 1. *эск.* 2.134 метрге барабар узундук чени. *Үйлөрдүн аралыгы он саржандан* (Жантөшев). 2. Жерди, аралыкты ченөө үчүн колдонула турган 2 метр өлчөмүндөгү курал.

**САРИНЖИ** 1. Алтын жип кошулуп токулган баалуу калың кездеме, же ошол кездемеден тигилген сырт кийим. 2. Кээде сырт кийимдин өзүнчө түрү катары да айтылат (саринжи тон). *Тонуң алтын саринжи* («Манас»).

**САРКЫТ** Кадыр-барктуу коноктордон кийин калган суусундук, тамактардын калдыктары. Калдык, кешик. *Караталдын саркытын, Калтырап ичип семирдиң* (Калмырза). *Жетелүү шумкар болсом, саркыт койбой, жем жебейт* (Калыгул).

**САРПООЧ** Өлүктү тирүү кишиче атка мингизип, алыс жерден алып келүүнүн бир ыкмасы. *Тиги өлгөн Маманы өңөрүп, берки экөөнү сарпоочтогула, калганың жүргүлө жылкыга, – деп Корчу жөнөп калды.* (Жантөшев).

**САРТ БАЙЛОО** Ээр-токумдуу аттарды токтогон жерде кеткис кылып байлаштыруунун бир ыкмасы. *Ар кайсы жерде топ-топ болуп сарт байлоо кылынган аттар турат* (Бектенов).

**САРЫ КАРЫН** Үч-төрт жолу төрөгөн аялга же үч-төрт жолу тууган бээге карата айтылат. *Сары карын болгон аял. Сары карын бээ.*

**САРЫ ЭСЕП** 1. Пайда чыгаруу, пайда көрүп калуу аракетин жасап, аябай так, зыкымдык менен эсеп жүргүзгөн киши, сараң. *Сарамжалың ат жеткис Сары эсеп киши экенсиң* (Калык). 2. Эсеп-кысапты, соода-сатыкты мыкты

билген өңдөнүп зыкымдык кылган же эсептейм деп жатып жаңылыштык кетирген кишиге карата колдонулат. *Сарамжалы сары эсеп, Казына кедей мүлкү деп* («Жазгыч акындар»).

**САТАҢ** 1. Сылаңкороз, көйрөң. 2. *өт.* Бекерчи, кылар иши жок бош басып жүргөн. *Басып жүргөн сатаңдын, Куйрукка найза мылгытып* («Манас»). *Сатаң окшойт, көшүлүп, Эси-дарты тамакта. Оокаттын жайын биле албайт, Акыл айтса тил албайт* (Тоголок Молдо).

**САТИ МОНЧОК** Бир кылка тизилген мончок.

**САТИЛ** 1. Чака, челек.

**САЯҢ** Сейрек, сыйдаң. *Куйругу саяң, жалы аз, Куланды көрсө куткарбас* («Манас»).

**СЕБИЛ** 1. Жоо кийими – ок өтпөс сырт кийим. *Себил тон. Жоо жарагы себилди, сом бүтүрчү темирди, Баатырлар алчу жаракты.* 2. Курал-жарак. *Сүмбөң кызыл табылгы, Үйрөндүң мылтык себилди* (Тоголок Молдо). 3. *өт.* Алгыр, кыраан (жырткыч куштарга карата айтылат).

**СЕБИЛДҮҮ** Курал-жабдыктуу, себили бар. Себилдүүсү сексен төрт, *Серп салган жагы кызыл өрт* («Манас»). *Тееөрү болот темир дейт, Серпкени өлгөн себил – дейт* («Манас»).

**СЕЙИН** 1. Куураган жыгач. 2. *өт.* Алы кеткен, арыктаган. 3. Күлүк атты таптоо учурундагы тапталып жаткан аттын абалы, ашыкча майынан ажырап, тапка келүүнүн учуру, арыктаган, бирок алы-күчү төмөндөбөй, тескерисинче, талаптагыдай чуркоо абалына келген учур. *Семизинен арытып Сейиндейин жаратып* («Манас» С. О.).

**СЕЛБИ** Бир нерсени иретке келтирүү, оңдоп-түзөө.

**СЕЛБИН** Жардам. *Коюм жүзгө бир жетсе минтип селбин сурар оюм жок* (Калмырза).

**СЕЛЕБЕ** *эск.* Кылыч. *Салаңдаган мурууну, Селебенин кабы окшоп* («Манас»).

**СЕЛИБИК** Бир нерсени үстүнө кошумча берүү, кошумчалоо.

**СЕПАЯ** Үч бут кылып жасалган нерсе. Көбүнчө өзөндү тосуу үчүн баштарын бириктирип, үч бут кылып, арасына бутактарды, таштарды толтуруп сала турган.

**СЕРБАА** Кымбат баалуу жасалга.

**СОГОН** Кумдуу жерге өсүүчү жапайы пияз. *Согону кумда түптөгөн, Соорусун гүлүн ачпаган* (Тоголок Молдо). *Талды-Булакта тоолордун беттеринин баары согон, танаа, сонун чөп* (Сасыкбаев).

**СОЙГОК I** *аңч.* Капкандын ордун казуучу аңчынын куралы.

**СОЛБУ** 1. Тандай албай бир муну, бир тигини кармоо. 2. *өт.* Бир мындай, бир тигиндей, бөлөк кыймылдоо. *Балдагын таяна бутун солбуп алды.*

**СОКБИЛЕК** 1. Сокунун жанчуу, күйшөө, майдалоо үчүн ургулай турган кошумча куралы.

**СОМО** Жалпы жону, жалпы жыйынтыгы, болжолу. *Шарип жалпы сөздүн сомосун улап олтуруп, эптеп түшүндү* (Бейшеналиев).

**СОНО I** Чиркейдин бир түрү.

**СОНОР I** 1. Жаңы жааган жаш кар. 2. Жаңы издерди кууп, ушундай карда кылган аңчылык. *Ыбырайым деген аңчыга кошулуп сонорго чыгат* (Каимов). *Сонор кууган аңчыга Кыламык жааган кар жакшы* («Мендирман»). *Сонундап сонор кылалык* («Манас» С. О.). *Сонор болуп жаңы кар, Калган экен эленип* («Эл адабияты»).

**СОНОРЛО** Жаңы жааган карда аңчылыкка чыгуу. *Бөксөгө чыгып сонорлоп, Бөрүнү атып кыйратты* (Тоголок Молдо).

**СОП*** Кошко, арабага чегилген өгүздөрдү айдоо үчүн колдонулуучу сөз. *Чаң чыгып темир соко жүрүп кетсе, Абамдын үнү угулат «соп, соп» деген* (Маликов).

**СОПОЛ** Кыска, чолок. *Жалгыз аты жардынын куйругу сопол, өңү көк* (Тоголок Молдо). *Сопол куйрук келген чоң сур атка минген адам көрүндү* (Сыдыкбеков).

**СОПУ-САДЫК** Чыныгы таң, таң агаруу, таң куланөөк болуу. *Сопу-садык чалганда, Таң саргарып атканда, Тараза жылдыз батканда* («Манас»).

**СӨДӨР** Ылайыксыз, жагымсыз, уяткарыла турган. *Эстүү киши да сөдөр иш кылат.*

**СӨКӨТ** 1. Нааразылык туудуруу, кеп-сөзгө калуу, күнөөлөнүү. *Элге сөкөт кылбайын* («Манас»). 2. Сөгүш берүү, уяткаруу. *Көңүлү чөгөт болду – деп, көп сөкөт бизге коёр – деп* (фольк.)

**СӨЛКӨБАЙ** *эск.* 1. Бир сом элүү тыйындык күмүш монета. *Дагы бир жолу Шаршен коштошуп, жаңы эле босогодон аттай берерде кайра чакырып, тогузгат кылып оролгон чүпүрөгүн жазып, бир сөлкөбайын алып чыгат* (Даникеев). 2. Ушундай монетадан жасалып, кооздук үчүн аялдардын чач учтугуна тагуучу буюму.

**СӨЛПӨР** Чокмор сыяктуу таяк. *Дал тийсе четин сөлпөр болбой кырсык, бөрүнүн талуу жери кара тумшук* (Токомбаев).

**СУК II** Батыра саюу, батыра уруу. *Аркамдан бири келип кармарында, кайрылып жүрөгүнө найза суктум* (Үмөталиев).

**СУКАНЫ КАЧУУ** Коркуу, тилден калуу, сүйлөй албай калуу. *Бул кишинин суканы качып, чачы жайылды* (Бектенов). *Үлдүрөп суканы качкан аял бут шилтөөгө алы келбей бети менен жыгылды* (Элебаев). **В.: Суканы учуу.** *Ушинтип не кыларын билбей шалдырап, айласы куруп, суканы учуп, өзүнөн-өзү корунуп, теректин түбүнө отурду* (Айтматов).

**СУКСУР** 1. Өрдөктүн түрү. 2. Өрүмдүн өзгөчө түрү – майда өрүм. 3. Майда өрүм менен өрүлгөн сымбаттуу

камчы. 4. *өт.* Сымбаттуу, көркөм, койкойгон (сымбаттуу моюнга карата). *Суксур моюн, сумбул чач* («Манас»).

**СУПА II: супа салуу** Таң агара баштоо, таң куланөөк боло баштоо. *Таң супа салганда Жылдызкан да көз ачты* (Байтемиров). *Ашыр таң супа салган ченде аттанып кетти* (Сасыкбаев).

**СУПА САДЫК** Таң атуу, таң жарыгы. *Супа садык чалганда, Таң саргайып калганда* («Манас» С.О.)

**СУПАР** Кош буурусуну.

**СУПСУН*** Кир жуулгандан кийинки калган суусу. *Чынар кирдин супсунун жанында турган чакага куйду.*

**СУРАБА** *эск.* Ийри кылыч. *Мурундарын карасаң, Сурабанын кабындай.*

**СУУЛУК* II** Сүлгү, суу жоолук, кол аарчы. *Белен турган ак баржак суулукту алып сүртүнүп, кургандым* (Убукеев).

**СҮЗӨК** Этти ысытып, калтыратып, жөөлүтүп кармай турган жугуштуу оору. *Токол болсо төшөктө, Сүзөк менен ооруптур* («Мендирман»).

**СҮМБӨ** Оозунан дүрмөттөлүп атылуучу куралдарда ок, дарыны салуу, ал эми тээгин басуу аркылуу атылуучу куралдарда майлоо, тазалоо үчүн колдонулуучу таякча, шомпол. *Колодон кылган чоң сүмбө, Огун чыңап турду ошол* («Семетей»).

**СҮМБӨ ЧАЙ** Майдаланып ныкталган чай. *Каракытайлар кара сүмбө чайын тартуулап алдаса...* (Абакиров).

**СҮМБӨДӨЙ** Келишкен, эттүү, толук (жылкыга карата). *Секиргени бүргөдөй, Семиргени сүмбөдөй* («Семетей»). *Ашырдын мингени сүмбөдөй болгон карагер быштыы* (Сасыкбаев). *Бугудай басып буралып, Сүмбөдөй бою суналып, Түбү асыл кайыптан, Түзүлүшү сүмбөдөй.*

**СҮМБӨЛӨ** Сүмбө менен ургулоо, уруп октоо. *Сүмбөлөп окту урайын* («Манас»).

**СҮТ УЙКУ** Көшүлүп, мемиреп бараткан өтө таттуу, тынч уйку. *Жаш балдар сүт уйкуда мемирөөдө. Түн жарымында сүт уйкудан ойготуп* (Осмонов). *Жетекчилер али сүт уйкуда.*

**СЫДЫК** Чынчыл.

**СЫЙКЫ БУЗУЛУУ** Өзгөрүлө түшүү. *Отургандардын сыры ачылып, сыйкы бузулгандай боло түштү* (Жантөшев).

**СЫЛАЙ ЖҮКТӨӨ** Толук жетишерлик өлчөмдө жүктөө.

**СЫЛАЙ КАМЧЫЛАНУУ** Чала-була тийгизе, жанып камчылануу.

**СЫНЫП** *эск.* Класс. *Дээринде бар балдар биринчи сыныптан эле адам болуп чыгат* (Сыдыкбеков).

**СЫПАЙ I** *эск.* 1. Черүү, жоокер, солдат (Кокон хандыгы кезиндеги). 2. Кокон хандыгынын убагындагы мансап ээси. *– Абдырахман...-деди Абыл бий өрттөнүп, – Мага 200 сыпай чыгарт Анжияндан. Бир сыпай набыт болсо, кунун төлөйм* (Касымбеков)

**СЫПАЙ II** Өзөндү, дарыяны бөгөй турган үч буттуу шаты жыгач. Бул үч буттуу шаты жагачтын арасына чырпык, куурай салып, таштар менен бастырып сууну бөгөгөн. Бул илгерки замандан бери дыйкандардын суу бөгөө ыкмасы. *Суу жакалай соройгон сыпай жыгачтарынын бирине кичинекей кайык байлануу экен* (Жигитов).

**СЫПАЙЧЫ I** Кокон хандыгынын убагындагы жоокер, солдат. *Иш келсе сени аябайт, Сыпайчы менен сырдашпа* (Терме).

**СЫПАЙЧЫ II** Устунду үч бут кылып бириктирип, суу бөгөөчү адам.

**СЫР НАЙЗА** Учтуу каскак, курч каскак. *Береки сайышка алган сыр найза, Караңгыда көтөрсө, Ай тийгендей жарк эткен* («Манас»).

**СЭЭР I** *эск.* Салмак бирдиги. *Буттап алтын сээр сайдым* («Эр Төштүк»).

**СЭЭР II сыйкыр** менен бирдей.

**СЭЭР САЛУУ** Көңүл буруу, көңүл бөлүү. *Керимбай жолуккан кишилерге көбүрөөк сээр сала турган болду* (Каимов*). Айдайга сээр салбай салмактаныш Көк-Дөбөдөгүлөрдүн кимисине болсо да сыймык* (Токомбаев).

**СЭЭРЧИ** Сыйкырчы. *Сээрчи кемпир, сак болгун, Катуулап оозун жайбагын, Как талаада калбагын* («Эр Төштүк»).

# Т

**ТААЛИМАТ** 1. *эск.* Окуу, билим үйрөтүү. *Мына азыр өкүмат, Ачты бизге матбугат. Мектеп ачып ар элге Берди илим таалимат* (Тагай, 1916-ж.). 2. Үлгү көрсөтүү.

**ТААМА** Үмүт этүү. *Алыстап турсаңар да таама күтүп.*

**ТААНА** Бөксө тоо, дөнсөөлөрдө өсүүчү, жайдын ортосунда куурап калуучу сасык чөп.

**ТААТ** 1. Такат, сабыр, чыдам. *Жаа баба сабыр таат кыла албадым, Барайын бата бергин кудай үчүн* (Эл адабияты). 2. Кудайга жалынуу, жалбаруу.

**ТАЙТУЯК** 1. *эск.* Ири акча бирдиги. Жамбынын түрү. Тайдын туягы сымал кылып уютулган күмүш акча. *Тайтуяктан онду алды* («Манас»).

**ТАКАТ I** Туруштук, чыдамдуулук. *Эч кандай күч чыдап такат кыла албайт, Эр жоокерге эл тагдырын бергенде* (Токомбаев).

**ТАКМЕ** 1. Таяныч, таянгыч. 2. Чыканактоо.

**ТАКМИН I** Болжол, болжоо. *Мына, такминим туура чыкты. Чырдын түйүнү баягы сынган комуз экен* (Касымбеков).

**ТАКМИН II** Камсыз кылуу, Камдап салуу. *Таалайыма такминдеп салгандай* (Касымбеков).

**ТАКСЫМ** Бөлүү (эсепте). 1920-жылдары колдонулган термин.

**ТАЛАК БАЙЫН** Ажырашкан жубайы менен кайра баш кошууга уруксат кылынбаган талак. Муну шарыятта – үч байын же үч талак деп атайт. *Бир кудайдан коркпогон, Катыны талак арамы* (Токтогул).

**ТАЛАК КАТ** *эск.* Күйөөсү менен аялы ажырашкандыгын ырастоочу документ. *Молдокелер аралашмайын зайып колуна талак катын ала албайт* (Сыдыкбеков).

**ТАЛКЫ** Шор, жаман даам. *Тузду мээнет чырмаса, Талкы чыгып шор болот* (Санат).

**ТАМАНЕК** Кичинекей.

**ТАНА II** Өөнөп кесүү, өөнөө.

**ТАНАП** 1. Аркан, бири-бири менен байланыштырылган, түйүштүрүлгөн жип. *Алтымыш кулач танап.* 2. Гектардын $^1/_6$ бөлүгүнө туура келген жер чени. *Бир танап жерин айдатпай, бир кулак суусун байлатпай* (Токомбаев). *Өмүрзак миң башынын жүздөгөн танап жерлерине суу кандай керек болсо, биздин үч танап жердеги жүгөрүгө суу ошондой керек эле* (Абдукаримов).

**ТАНТАНА** *эск.* 1. Уу-дуу, каңыр-күңүр, музыка. 2. Салтанаттуу чогулуш (1920-жылы колдонулган термин).

**ТАҢСЫК I** Эңсегендик, самагандык, өтө каалагандык. *Төрага да алардын жообуна таңсык эмес эле.* **II** Жетишпестик (дефицит), азчылык. *Бюджет таңсыктыгы. Кыз таңсык болуп, күткөн неберемсиң.*

**ТАП IV** Чак, учур, кез, мезгил. *Жүдөп калган табымда, Сапардан келген чагымда, Жүзүңдү көрдүм, арман жок* («Манас»). *Балтыр этиң толо элек, Балбан табың боло элек* («Манас»).

**ТАП V** *тар.* Карама-каршы көз караштагы социалдык катмар. *Жумушчу табы.*

**ТАП БЕРДИРҮҮ** Чий согууда чийдин баш-аягын кара жип менен ийректөө же кара жүн менен чыбыктоо.

**ТАПЧЫЛ** *тар.* Белгилүү бир тапты жактоочу. *Каным тапчы – өз табымды сүйөмүн* (Бөкөнбаев).

**ТАРАЗА ТАППАГЫР** Жакшылык көрбөгүр, ишиң оңунан чыкпагыр деген сыяктуу каргап-шилөө маанисинде колдонулат. *Тараза таппагырдын көз жаздырып кеткенин кара* («Ала-Тоо»).

**ТАРАЛГА*** Ат жабдыктарынын кайыш боолору: үзөңгү боо, басмайыл, олоң. *Табылга таап келдик деп, Таралга тартуу сүйүнчү ал* («Эл адабияты»).

**ТАРАТУТ** 1. Дендароо болуу, ыргылжың болуу. 2. *өт.* Аракет кылуу, камын көрүү, кам жеш.

**ТАРСА** *эск.* Христиан динindеги эл. *Кыргыз, тарса кыйла эл, Кызыл кан агып болду сел* («Манас»).

**ТАСКЫЛ** 1. Тасырайган, жылмакай, тегиз. 2. Түгү жок же түгү өтө кыска, жылмакай (тери).

**ТАСМА БЕЛ** Ичке сындуу бел (кыздарга, аялдарга карата).

**ТАСМА ЧИЙ** Чылгый териден жасалган жип, көк менен токулган чий. *Тасма чийден тарттырып* («Манас» С.О.).

**ТАСМЫЯ** Болгон мүлк, каражат, болгон алы, күчү, кудурети, билгени. *Бар болгон тасмыям ушул.*

**ТАСТАР: тастар боо же тастар жип.** Боз үйдүн түндүгүнөн баштап босогого карай тартып байлоочу боосу.

**ТАСТАРЛУУ II** Күйөөгө тийген, үйлүү-жайлуу, башы байланган ургаачы. Такыялуубу, тастарлуубу? – дегенде такыялуу десе күйөөгө чыга элек кызды, тастарлуу десе күйөөгө чыккан, күйөөсү бар жаш келинди түшүнөбүз. *Кыз мүнөзү кылтайбай, тастарлуу жайы бар экен* («Манас»).

**ТАШ II** *эск.* Сегиз километрге барабар узундук өлчөмү. *Жети таш жерге тигилген, Жетимиш уруу тал калды* («Манас»). *Жан келгендин баарысын, Жарым таш жерден өкүртүп* («Манас»). *Жарым таш жерге барышты* («Манас»).

**ТАШ КОРДО** 1. *эск.* Жоокерчиликте ичине ысытылган таштарды салып, тамак бышырууга ылайыкталып, жылкынын терисинен жасалган идиш. 2. Жаңы союлган койдун, эчкинин, кийиктин этин өзүнүн карынына же көөдөнүнө салып туюктап, катуу ысытылган, майда таштарга, корго көөмп бышырылган эт тамагынын түрү. *Мергенчилер үңкүргө барып, аркардын этин таш кордо кылып бышырышты* («Жомоктор»). *Силерге таш кордо бышырып берейин деп, мергенчи сулап жаткан текени союуга камынды* (Жантөшев).

**ТАШТЕК I** Көздү күндүн күчтүү жарыгынан сактоо үчүн же карыгып кетпесин үчүн (көбүнчө кышында) атайын кылдан жасалган көз айнек. *Көзүндөгү таштеги тегирмендин ташындай* («Семетей»). 2. Көз айнек.

**ТЕЖЕМЕЛ** Энесинин эмчек сүтүн эмбеген, тамак берип багылган бала. *Ал аялдын аркасына көтөргөнү тежемел бала эле* (Жантөшев). *Энесинен сүт чыкпай, тежемел калган козуга Азат күндө упчу менен сүт берет* («Жаш Ленинчи»).

**ТЕЛ I** 1. Эки энени эмген төл. *Тел кулунун жебейби* («Семетей»). *Тел эмген кулун сойдурду* («Курманбек»). 2. Бири-бирине жанаша турган, жанаша жайгашкан эки нерсе. *Тел арча. Тел дайра. 3. Түгөйү, жубу. Кызыктуу Ак-Жар, Шүдүгөр, Кыйла жер болсо буга тел* (Жеңижок).

**ТЕЛИ I** 1. Бир жак капталына кыйшайтып салуучу жылкы оорусу. Тели болгон жылкы. *Телиден өлүп жатыптыр. Жылкычылар жайылып, Аны союп жатыптыр* («Манас»). 2. Маңыроо, келесоо, көк мээ (адам жөнүндө). *Сүйүн да сүйгүнчүлүктү, ыйды билбеген, көрүнгөн көтөрсө кете берген тели* (Бейшеналиев). 3. Бир бүтүмгө келе албоо, арсар болуу. *Тели болгон эмедей* («Семетей»).

**ТЕЛИ КУШ** Тентиген, туругу жок куш деген мааниде. *Тели куш багып, куш кылдым, Тентигенди журт кылдым* («Эр Төштүк»).

**ТЕЛИГЕН I** Өзүнүн эмес, башканын баласын эмизүүчү.

**ТЕЛИГЕН II** 1. *аңч.* Жагалмайдын кырааны. 2. Ителги. *Телиген салба, кепил алба* (макал). *Телиген салсаң тентийсиң, Муну куш деп салбагын* («Манас»).

**ТЕМГЕК** 1. *тар.* Кичинекей тактайга же таякчага түшүрүлгөн белги, так, оюк. 2. Даража, бийлик, белги, кызматтык абал.

**ТЕМГЕКТЕ** Из калтыруу, белги калтыруу, так болуп калуу.

**ТЕМГЕКТҮҮ** Даражалуу, б.а. бийлик белгиси бар адам. *Эл билген эрлер темгектүү* («Манас»).

**ТЕМПЕ** Кыркылган козунун же тooктун жүнүнөн жасалган жука кийиз, козунун же тooктун жүнүнөн колго согулуп жасалган кездеме.

**ТЕРИ ТЫШ** Өтө кир, шор басып, таман болуп кирдеген. *Кайран Жусуп, аны ушундай болот деп ким ойлоптур, үстүндөгү көйнөгү тери тыш болуп бүтүптүр* (Сталиев).

**ТЕШЕ II** *эск.* Жер аянтынын 1, 09 гектарга барабар келген чени. *Миңдеген теше жер кылымдан бери бош жатат* («Ала-Тоо»). *Герасим төрт теше жерин сатууга мажбур болду* (Сасыкбаев).

**ТИЖАРАТ** Соода, соода ишин жүргүзүү. *«Бир чети зиярат, бир чети тижарат» – деп, илгери жаш молдолор карыган сабатсыз абышкаларды Мекеге баштап барып, соода кылып, олжого карк болуп келчү* (Карасаев).

**ТИЗДЕ*** Чөгөрүлгөн төөнү туруп басып кетпесин үчүн мойногунан ашырып, аркан менен алдыңкы бутун бекитип байлоо. *Тигил тиздеген нардай катар чөккөн эки асканын кайкаңынан күн алоолонуп жогору көтөрүлүүдө* (Сыдыкбеков).

**ТИЛСИМ** Сыйкырдуу дуба. *Жан жеткис тилсимдеги мүрөк болсом, Эсепсиз узун өмүр берер элем* (Токомбаев). *Чек арага чеп кылып, Тилсим койгон жери бар* («Семетей»).

**ТИЛСИМАТ тилсим** менен бирдей. *Акун-бешим башаанын, Адам уулун жүргүзбөс, Тилсимат койгон жери бар* («Манас»).

**ТИЛСИМДҮҮ** Сыйкырдуу, сыйкырдалган. *Жетимиш миң найзаны жеткилең сууга сугартып, Тилсимдүү жерге жыйдырды* («Семетей»).

**ТИЛСЫМАТ туурасы тилсимат.** *Баястан үнү саал бийиктете тилсыматын улап, орто арада...* (Даникеев).

**ТИНТЕ** Бычак, канжардын бир түрү. *Көк чыбык мылтык ак тинте* («Семетей» С.К.). *Аябай ууга сугарган, Ак тинте болчу боюнда* (Маликов). *Алтымыш кой, кырк тайга, Сатып алган ак тинте Кындан сууруп аламын.* («Манас»).

**ТИР АЛУУ** Ителгини, шумкарды таптоонун, аңга үйрөтүүнүн ыкмасы. *Көк көгүчкөн тир алып, Көк жибектен тор алып* (Эл ырлары).

**ТИРДЕ** Тапталган алгыр куштарды, бүркүттү тирүү канаттуу же майда жаныбарларды берип, алдырып үйрөтүү, салууга даярдоо.

**ТОБУЯ** Ширеси, кайнатылган маңызы чык катары пайдаланылуучу дары өсүмдүк.

**ТОГОНОК** Көңүл сооротторлук, көңүл жубатарлык жөлөк, нагыз өзү болбосо да ордун басарлык, ыраазы болорлук каниет. *Өйдө чыксак тогонок, Өбөк Төштүк келди деп* («Эр Төштүк»). *Эч болбосо эки айда бир көрүнүп койсоңор эле, мага чоң тогонок* (Токомбаев).

**ТОГООН*** Тосмо, бөгөт, буума. *Эми, даргаттардын жалаасы жеңил дечи, жан алакеттен тайдырган жанагы суу башындагы чоң тогоон* (Даникеев).

**ТОГОР** Кандайдыр бир карыздын ордуна бир нерсени эсептеп чыгарып коюу, чегерүү. *Достай жоголгон атына тогоруп, Малтабардын эки жылдык акысын бербейт* (Жантөшев).

**ТОГУМ** Жыгач дөңгөлөктүн сырткы алкагы.

**ТОЗДО** Кузгундап жайноо, муздун үстүн каптап агуу, ташуу (суу жөнүндө). *Каныбек тоздогон музду чеберлей басты* (Жантөшев).

**ТОЛО БОЮ** Бүткөн бою, бүт бою. *Толо бою ок экен, Толкуну кызыл чок экен* («Эр Табылды»).

**ТОМОО** Араң билинүүчү из, билинер билинбес из, так, белги. *Аттардын изи таштуу жерлерде жоголуп, кумдуу жерде томоосу калып, топурактуу жерде кайра билинип бара жатат* (Жантөшев).

**ТОМУРООН** Акырын, тынч, урушсуз. *Томуроон жатып калалы, Тополоң болбой сактанып* («Эр Табылды»).

**ТОКООРУ** *сейр.* Тынчуу, басаңдап калуу, жаны жай алып калуу (көбүнчө оору жөнүндө).

**ТОМОР I** Тамырынан ачык сары түстүү боёк алынуучу өсүмдүк жана ушул өсүмдүктөн алынган боёк.

**ТОМОР II: тойбос томор же тойбогон томор.** *Тойбогон томор Опкок, кулкулдаган томаяк.*

**ТООРУК** 1. Кандайдыр бир буюмду, мүлктү ж.б. эл алдында кыйкырып жогорку баа төлөгөн кишиге сатуу соодасы, аукцион. 2. Конфискация, конфискацияга туш келген абал. *Тоорук кылуу. Тоорук болгон киши. Малы тоорук болуу.*

**ТООРУК КЫЛУУ** Карыздар адамдын, карызын төлөй албаган адамдын малын, мүлкүн эл алдында кыйкырып сатуу. *Торгоду болуш сөзүңдү, Тооруk кылды өзүңдү* (Тоголок Молдо).

**ТООРУКТОО** 1. Тоорукка сатуу. 2. Конфискация кылуу, конфискациялоо.

**ТОПОР I** 1. Жарды, колунда эчтемеси жок жакыр. *Мал жайганды билбеген топор койдун баарын кырып таштады* (Токомбаев). *Ай сайын алым жөнөтүп, Топор боло жаздадык* («Семетей»). 2. Чобур, тукур. *Жаман алында мунун жоргосун көр топордун* (Сыдыкбеков).

**ТОПОР II** Кырчаңгы, арык, начар. *Карачты зорго көтөрүп, Качырдай топор арсайып* («Эл адабияты»).

**ТОРГУН** Жибек кездеме, бышык жибек. *Кырк беш төөгө мал жүктөп, кызыл алтын зар жүктөп, Торгун тубар бул менен, Алтын шибен кул менен* («Манас»).

**ТОРКО** Жука жибек кездеме, ошол кездемеден жасалган сырт кийим. *Торко тон кылдым кийгизгин* («Манас» С.К.). *Минерине жорго алып, миң дилделик торко алып* («Манас» С.О.). *Топчулуктуу торко тон, Нур кызындай болжосоң* («Эл адабияты»). *Тотудай боюм сыналып, Торкону кийдим кыналып* (Осмонкул). *Торко тон менен жайкалып, Боз жорго менен чайпалып, Байбиче жолго салыптыр* («Манас»).

**ТОРПУ** Кокту, колот. *Бир ашууну ашыштыы, Бир торпуну басышты* («Эл адабияты»). *Торпусуна тоолордун, Түрүлтүп чарба мал жайып* (Калык). *Тоо кийиктер кара зоонун тескейиндеги көк ала торпуну ээлешип, улактарын эрмектешет* (Токомбаев).

**ТОРПУЛА** Торпуну бойлой жүрүү, торпу менен жүрүү. *Торпулай жүр. Торпулай бастыр.*

**ТОРС АЯК** Чобур, начар ат. *Куу канжыга күлүктүн, Торс аяктан неси артык* (Калыгул).

**ТОРСУК** Көбүнчө кымыз ж.б. суюктуктарды куюп жүрүү үчүн ылайыкталып, иштетилген териден жасалган баштык. *Канжыгада торсукту, Чечип алды Коңурбай* («Манас»). *Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт* (макал).

**ТОРЧОН** *тар.* Соот кийген (уруш кезинде кийилүүчү темир тор көйнөкчөн).

**ТОСКОК** Ундун, көмүрдүн ж.б. нерсенин көзгө илээшпеген эң майда тозоңу, учкуну, чаң. *Тоскок болуп кыпкызыл, Топурагын карасаң* («Эл адабияты»). *Деталдуу калыптын кумун экчеп, деталын бир бөлөк, тоскогун бир бөлөк алып жаткан да машина* (Сасыкбаев).

**ТОСКУН** Өтүп кетүүгө, белгилүү бир ишти аткарууга карата болгон бөгөт, тосмо. *Бирок менин арманым алдымдан чыккан тоскун жок, Артымдан келген куугун жок* («Эр Табылды»).

**ТОСТУКАН** *сейр.* Кичирээк жыгач чөйчөк. *Тоодой кула аты бар, Тостукандай көзү бар* (Эл ырлары).

**ТӨЖҮГҮР** *сейр.* Үйдө отура албаган, кыдырып айылчылап жүргөндү жакшы көргөн, айылчы (аялдарга карата).

**ТӨКӨ** *сейр.* Олдоксон жасоо, эптеп-септеп сомдоп жасай салуу. *Төкөр уста төкөгөн* (фольк.).

**ТӨКӨК** 1. Олдоксон иштетилген, эби-сыны жок, эпсиз. 2. Мокок, өтпөгөн, курч эмес (бычак жөнүндө). 3. *өт.* Чебер эмес, уста эмес, эби жок, чоркок. *Сөзгө төкөк акын.*

**ТӨН** Көрүнбөй чөгүп, батып кетүү, көрүнбөй бир нерсенин арасына кирип жок болуп кетүү. *Алар да көз алдымда алыска-алыска төнүп кетип бараткансыды* (Сыдыкбеков). *Тээ көк асманга көзгө илешпес нокоттой төнө торгойлор бежилдеп-чежилдеп чуулдап сайрап турат* (Сыдыкбеков).

**ТӨНДҮРҮҮ** 1. Ыкчамдатуу, тез жүргүзүү. 2. Ала качма албуут. 3. *өт.* Жүргүзүү, жорголотуу. *Шайбырына көндүрүп, Жоргосуна төндүрүп* («Манас»).

**ТӨҢӨЛҮК** Тогоо, чагарак же ар түрдүү көлөмдөгү тегерек кылып ийилген темир. *Данияр арабанын дөңгөлөктөрүнүн ийилип калган төңөлүктөрүн оңдоого аракет кылды* («Ала-Тоо»). *Чор шадыда төңөлүктөй жез шакек, Эчак жүргөн серт көрүнүп көзүмө* (Токомбаев).

**ТӨӨ КИЙИК** Жапайы төө. *Киши кийик, төө кийик* («Манас»).

**ТӨРӨТАЙ** 1. Сабырдуу, токтоо. 2. Энчилүү ат.

**ТӨРТҮНЧҮЛӨР** *тар.* Большевиктер. Совет бийлигин жактагандар. Кызылдар. *Бул диназар тээ илгертен өкү-*

*матчыл болучу. Төртүнчүлөргө барып кошулуп, мусулманстан курабыз дегендерге каршы күрөшкөн* (Абдырамановдон).

**ТӨТӨГӨ*** Боз үйдүн сыртынан үзүгүнүн этек жагын бастыра тартылуучу, кызыл менен актан оюп, чачык тагып жасалган жасалга. *Төкмө чачык төтөгө, Төгүлтүп салган үйүнө* (Тоголок Молдо). *Үзүк этегине кырка тартылган төтөгө, кылдыроoч* (Жантөшев).

**ТӨТӨГӨ БАШТЫК** Боз үйдөууктун ченине (керегенин башына) илинип коюлуучу, ак жана боёлгон кызыл кийизден шырып, аяк кап сыяктуу кылып тигилген жасалга.

**ТӨТӨП** Көңүлгө төп, толук ылайык. *Төрө Манас өлгөн соң, Төтөп болгон көөнүмө, Ак кула сенден айрылдым* («Манас»).

**ТӨШ ЖАРЫ** Кулачтын жарымы. *Көкө узундугу төш жары келген эки келтек жасады* (Касымбеков).

**ТӨШКӨ ЖАТАР** *тар.* Токолдун баласы же күңдөн никесиз төрөлгөн бала (никеси жок кишиден төрөлгөн бала).

**ТӨШТҮК** *тар.* Жоокердин төшүнө, көкүрөккө тартуучу же кийип алуучу чопкуту, сооту, калканчы.

**ТУЗГА СИЙҮҮ** *эск.* Күнөөсүз, ак экендигин, антты бузбагандыгын ушундай жол менен далилдеп актанып, катуу каргыш кылуу, ант кылуу. *Баштагы кеткен Көкжалдын, Тузуна кантип сийебиз* («Манас»). *Тузу ачуу Манастын, тузуна кантип сийебиз* («Манас»).

**ТҮЗГҮНДӨӨ** Камчы өрүмүнүн учун бекитүү.

**ТУЙ ҮРТҮК** Кымбат баалуу кездемеге алтын, күмүш чаптырылып, коозделуп жасалган ат жабуу. *Тулпар күлүк ат берди, Туй үртүгүн жаап берди* («Эл адабияты»).

**ТУКТАМАЛ** Кокусунан, күтүүсүздөн. *Туктамал келдик үстүңө, Төрө күйөө аманбы?* («Семетей»).

**ТУЛ КАРА АТ же ТУЛ КАЗАН АТ** Аябагандай күлүк ат, эң күлүк ат.

**ТУЛАЙ** 1. Кийизден же кой терисинен жасалган кышкы бут кийим. 2. Куштардын бутундагы жарат.

**ТУЛДАН** 1. Эринин өлгөндүгүнө байланыштуу тулга отуруу, күйүттөнүү, кайгы тартуу. 2. Аза күтүү түрүнө келүү, аза күтүү кейпине келүү. *Ак үйүм кызыл тулданды, Мендей алганы ыйлап тул калды* («Саринжи-Бөкөй»).

**ТУЛДУУ** Аза күткөн каралуу (күйөөсүнө карата). *Тулдуу катын.*

**ТУЛУМ** Эркектердин артын карай өрүлгөн төбө чачы. Кээде айдар көкүл маанисинде да айтылат. *Тулумдары жайылган* («Манас»). *Аргамжыдай чубалган, айдар тулум чачы бар* («Манас»).

**ТУЛУП*** 1. Музоонун, эчкинин туюк союлган терисинен жасалган баштык, идиш, териден жасалган баштыкча. *Апам катты сандыктагы кат сактоочу тулубуна салып коёт* (Айтматов). *Ха-ха-ха, чүкө салган тулубум, Ташта, энеке, кереги жок мунуңун* (Турусбеков). 2. Музоонун туюк союлган териси.

**ТУМСАК** 1. Активдүү кыймыл-аракетке көнбөгөн, жумуш кылып көнбөгөн, тез чарчоочу. *Азырынча колдо багамын, Атымдын ыкшоо, тумсагын* (Маликов). 2. *диал.* Семиз, эткел (жылкыга карата). *Жуушап жатты минилбей, Тегиз тумсак, Кул кайтарды баарысын, Куурап, Куурап* (Турусбеков).

**ТУМСАКТЫК** Жумуш кылууга, активдүү кыймыл-аракетке жөндөмү жоктук, ыкшоолук. Э, *ал экөөбүздүн тумсактыгыбыз* (Сыдыкбеков).

**ТУНЖУР**** Карчыганын ургаачысы. Аңчылыкта туйгундан кийинки кыраан куш эсептелет. *Тунжурум балам болучу* («Семетей»). *Куш төрөсү – туйгун дейт, Туйгундан кийин – тунжур дейт* (Тоголок Молдо).

**ТУРА*** Туяктын ичиндеги кемирчек сыяктуу жумшак жери. *Эки койдун туягы түгөнүп, турасы көрүнүп калып-*

*тыр* (Убукеев). *Туягында тура жок, Тулпар сындуу мал экен* («Семетей»).

**ТУУ БИЙКЕ** Күйөөгө чыкканча, эрге тийгенге чейин эле төрөп алган кыз, бийкеч.

**ТУУ КАЗАНАТ** Түбөлүк кен, казына.

**ТУУШ** Жигердүү, кайрат, күч-кубат. *Маңдайы жазы, башы кууш, Бар боюна толду тууш* («Манас»).

**ТУУШТУУ** Жигердүү, күч-кайраттуу, чыдамкай. *Тууштуу тууган арданбайт, Күйүтсүз киши зарданбайт.* (Токтогул).

**ТУШМАЛ** Өнөр, сыйкыр, сыр. *Баштарын катып көпчүлүк, Байкабай калды тушмалын* («Эл адабияты»).

**ТУЯК КАТ** *тар.* Малды башка бирөөлөрдүн жерине жаюу, багуу үчүн уруксат берген билет, укук берген документ. *Эми эмне, мал жаюуга туяк кат, эгин эгүүгө да жооп сурап баруулары керекпи? Ансыз деле журтчулук, түтүн чыгым окшогон алык-салыгы жетиштүү эле го* (Даникеев).

**ТУЯК ОТ** *тар.* Малды бирөөнүн жерине багып, жайгандыгы, айдап өткөндүгү үчүн төлөнүүчү акы.

**ТУЯК ПУЛ** Кой бакканга, кайтарганга төлөнүүчү акы.

**ТҮЙМӨЧ*** 1. Этти майдалап туурап, тузду өткөрө татытып, жазга камдап кууруп алуу. 2. Куурулган майда этти ун, талкан аралаштыра чала кууруп, карынга же идиштерге салып алуу.

**ТҮЙӨ** Бирөөлөргө бирдемени жүктөө, ишти артуу, милдеттендирүү, тапшыруу.

**ТҮКТӨ** Тышкы кабыгынан ажыратуу (мис. арпаны). *Түктөп жиберип арпаны, кебегин атала чалып бергендир* («Манас»).

**ТҮНДҮК III** Жипке тизилген шурунун узундук чени, өлчөмү. *Бир түндүк шуру, Эки түндүк шуру.*

**ТҮНДҮК IV** Бир нерсенин (мисалы дөңгөлөктүн, электин, калбырдын ж.б) тегерек бөлүгү алкак.

**ТҮНДҮК V** Кечки тамак, жатаарда ичиле турган тамак, конок аш. *Түндүгүңө бээ союп, түштүгүңө тай союп* («Манас»).

**ТҮРК** Ири, чоң, семиз. *Кочкорун биттеп ирик кылгын, Коюңдун баарын түрк кылгын. Козусун саабай түрк кылсын, Кочкорун бычып ирик кылсын* («Манас»).

**ТҮРП I** Кандайдыр бир нерсенин кейпи, түрү, кыябы, жөнү, ырайы. *Иштин түрпү бузулуу. Нормасын аткарбады Кенже түнкү, Башкача баштагыдан бүгүн түрпү* («Кыргызстан аялдары»).

**ТҮРПҮ I** Ири быдырлуу, көбүнчө жыгач сүрүү үчүн колдонулуучу өгөө.

**ТҮРПҮ II** 1. Кичине балыктын бир түрү жана ошол балыктын кабыгы. *Каңылтыр сазан, түрпү, чабактар биздин көлдө көп болот* (Токомбаев). 2. Кандайдыр бир нерселердин, өсүмдүктөрдүн үстүнкү катмары, кабаты, катмарлуу кат-кат бөлүгү.

**ТҮРПҮЛӨ** 1. Түрпү менен сүрүү, түрпү менен өгөөлөө. 2. *өт.* Ымыркайдын эки-үч айынан баштап эти чыйралып, өң келбетине келе баштоосу. *Бөбөк түрпүлөнүп калыптыр.*

**ТҮШ КЫЯМЫ** Убакыт өлчөмү. Түш ооп, кечке тарткан мезгил. *Түш кыямы кечинде* («Манас»).

**ТҮШКҮН** Өрмө камчынын учундагы түйүн. *Кой башындай коргошун, кошо түйгөн түшкүнгө* («Манас»). Түшкүнүнө зым оролгон камчы.

**ТҮШӨ I** Түшүндө көрүү. *Эркек эшек түшөбөйт, катын камыр түшөбөйт* (макал).

**ТЫН I** Алган же чыгарган дем. *Тын алуу. Тын чыгаруу.*

**ТЫН III** Жан деген мааниде. *Тының болот өгөөнү, Кемпир уурдап алыптыр* («Эр Төштүк»).

**ТЫНАР** 1. Куштун абдан кыраан түрлөрүнүн бири. *Кара кашка тынар, Кызыл кашка тынар.* 2. *өт.* Жөлөк, таяныч. *Алгыр Төштүк тынарым, Кармашууга жоо таппай, Капа болуп турамын* («Эр Төштүк»).

**ТЫРАЛА** Ачуулануу, ачуусу келүү, табалагансып жооп берүү, ыза көргөнсүп, таарыныч кылгансып жооп кайтаруу. *Демек Кадыбек Бекти көрө албагандыктан тыралады деп шектенүүгө негиз жок* (Каимов).

**ТЫРАШМАНКЕ** *эск.* Киши отурууга ылайыкталып жасалган төрт дөңгөлөктүү үстү ачык жеңил араба.

**ТЫРМАК ТЕР** Өз эмгеги, накта эмгеги. *Өпмөк тургай курган атанын тырмак тери тапкан соолук койго алынган сөйкөнү эшикке ыргыткан* (Сыдыкбеков).

**ТЫРП II: тырпы калбоо** Эч нерсеси, эчтемеси калбоо. *Байкуштардын эч бир тырпы калбады.*

**ТЫРПЫ ТҮГӨНҮҮ** Абдан чарчоо, шайы кетүү, шалдыроо. *Шайы ооп, тырпы түгөндү.*

**ТЫРПЫ ТЫШЫНА АЙЛАНУУ** Ачуусу келүү, каардануу, заарын чачуу. *Ал кудай ургандын тырпы тышына тим эле айланып турат.*

# У

**УБАА ЖЕ** Бир нерсеге абдан өкүнүү, убайым тартып, сары санаа боло берүү. *Бир өз энеси Бурма, бир сырдаш Төрө гана билет, «сары ооруу болду кайран балам» деп эне жүрөгү тымызын убаа жейт.* (Касымбеков). *Өткөн кылымдагы Музооке бабасына манаптар убаа жедирип кордогонун, эми андай кордукту өзү тартканын, тагдырдын окшоштугу дейби же кандайча жоруйт* (Бейшеналиев).

**УБААЖЫ** Себеп, далил, шылтоо, жөн-жай. *Эл көрбөгөн бөлөк эл, Эр Бокмурун жыйган деп, Убаажысын айтышып, Убараны тартышып* («Манас»).

**УБААЛЫ** 1. Касиеттүү, кереметтүү, кудайга жакын. 2. Көзү ачык. 3. Диндин айтканы менен жүрө турган киши.

**УБАЙ III** Курутту эзип жасаган суусундук.

**УБАЙЛУУ** 1. Жакшы натыйжалуу, пайдалуу, үзүрлүү. *Убайлуу энем Каныкей, Улаган эрге канатын* («Манас»). 2. Кайгылуу, капалуу, санаалуу.

**УБАЛА** Майдалоо, күкүмдөө, үбөлөө. *Тигилер устукандарын жеп бүтүшө электе эле Темир этти убалап туурап койду* (Сыдыкбеков).

**УБАЛИЙ** Аким, улук, башкаруучу.

**УБАРЛАШ** Кадырлаш, максатташ. *Убарлашым Сарала, башыңды жерге сала көр, аркандай алыш ала көр* («Манас»). *Унутпай жүргөн болсоңуз, Убарлаш болчу өзүмдү* (Маликов).

**УВАТ** 1. Эки айдоонун ортосунда айдалбай калган талаа. 2. Айдоонун четинен өткөн талаа. 3. Айдоо аянттарын бөлүп турган чек же айдоо чегин бойлой кеткен арык. *Ошондо биз уваттын четинде, Субанкулдун таар күрмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз.* (Айтматов).

**УДАЙЧЫ** Канды, бекти коштоп жүрүүчү жоокер, жансакчы. *Увазир, желдет, удайчы* («Манас»). *Нияз кушбеги артта жакыныраак турган удайчыны башын ийкеп чакырды* (Касымбеков).

**УЕЗД** 1. *эск.* Байыркы Руста шаар менен байланышкан аймактар, бир топ волость. 2. Революцияга чейинки Россиядагы жана СССРде райондоштурулганга чейинки административдик-аймактык бөлүнүш.

**УЖДАН** Уят, ынсап.

**УЖУТ** Негиз, маңыз, маани.

**УЖУТУНА ЧЫГУУ** Ишке ашыруу, орундатуу, жүзөгө ашыруу. *Бирок арыз-муңду угуп, ужутуна чыккан эч ким жок* (Жантөшев).

**УЙКУРУК** 1. Өңү көк келип, бийиктиги беш метрге чейин өсө турган өсүмдүк. 2. Арпанын даны ичке келген бир түрү.

**УЛТАН** Бут кийимдин таманы. *Өтүктүн ултаны. Өзгө элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол* (макал).

**УЛТАҢ БЕТ** Уятсыз, абийирсиз (бети өтүктүн таманы маанисинде). Ушундай эле уятсыз, абийирсиз адам жөнүн-

дө (анын бети бет эмес эле ултаң) *Уялбас ултаң бетиби* («Манас»).

**УЛУК** 1. эск. Жогорку даражалуу башкаруучу төрө. *Ынтымагы бар элдин, Адил болот улугу* (Барпы). *Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол* (макал). 2. Улуу. *«Кыздын жолу улук болот» деп күлүмсүрөдү Чолпон* (Байтемиров).

**УЛУКСАН** Жөнөкөй, бирок кадырын жоготпогон адам.

**УЛУС** *тар.* Акимдик-аймактык бирдик.

**УПАТ** Талкалануу, кыйроо, бырын-чырын, таш-талкан. *Упат кылып сөөгүн, Жети баштуу кемпирди, сексен бөлүп кетиптир* («Эр Төштүк»).

**УРАМАЛ** Талкаланган, уралган.

**УРГАН** Кем, санда жок деген сыяктуу мааниде жамандыгын көрсөтүп, көбүнчө кемсинтүү иретинде колдонулат. *Кара карга үндөнүп, Каркылдаган урганым!* (Токтогул). *Эки дан да тийбептир, Эринген жалкоо урганга* (Үсөнбаев).

**УРГУ** Сүмбө, шомпол. *Кыргы менен кыргылап, ургу менен ургулап* («Семетей»).

**УРУЯТ** 1. *эск.* Эркиндик, азаттык. 2. Совет бийлиги. *Уруят алдында датташпай эле бирди эки кылып төлөйүн* (Сыдыкбеков).

**УСКАТ** Сырткы кебете. *Ускатың бөлөк көрүнөт* (фольк.).

**УЧАН ТЕҢИЗ** 1. Уч-кыйырына көз жеткис, чексиз, сан жеткис. *Учан теңиз даркан талаа* (Даникеев). *Учан теңиз мал союп, Мейман кылып күтүптүр* («Эл адабияты»). *Айша апа ат жалынан көзүн албай, өзүнчө учан теңиз ойдо келет* (Даникеев). *Сиз айткандай учан теңиз калың калайыкка белгилүү эрке аты Тоголок Молдо аталды* (Бейшеналиев). *Учан теңиз көп журтум, Угуп көөнү жаркыган* (Тоголок Молдо). 2. Кийимдин (мис., пальто, беш-

мант ж.б.) эки өңүрүнүн ортосуна келген аркасы, арткы бөлүгү.

**УЧМА** Тоонун кар менен капталган тик ылдый боору, бети, жантаймасы.

**УЧМАГЫ ДҮМӨК** Кереметтүү, укмуштуу.

**УЧМАК** 1. Бейиш. *Аны учмактын учуна чыгарып жиберди.* 2. *өт.* Берекелүү, жыргалдуу.

**УЧМОЮЛ** Жомоктогу жылан.

**УШАК III** Майда, кичине. *Ушак кой. Кыргыз жылкысы сөөгү ушак болгону менен чаалыкпас тукумдан.*

**УЮМ ТУУДУ*** Тогуз коргол сыяктуу, бирок эки тарабында бештен уясы бар, аларга бештен таш салынып ойноолуучу балдар оюну.

# Ү

**ҮБӨЛ*** Упурап майдалануу, күкүмгө айлануу. *Жемден шыркырап чубурган кайрактын кызыл буудайы үбөлүп, аппак ун болуп, чоң ящикке эленүүдө* (Сыдыкбеков).

**ҮБҮ** Асыл зат, баалуу мүлк, кымбат баалуу буюм, казына. *Алтын сандык түбүндө, Жыйнап койгон үбүндө* («Эл адабияты»).

**ҮДӨӨ** Өтөлгө, эсе. *Ал кандай иш тапшырсаң да үдөөсүнө чыгара турган, жоопкерчиликтүү жигит* (Мамбетов).

**ҮДӨТ** Сан, эсеп. *Токтолгон болсо үдөтү, Арбын соёт тоюна* («Манас» С.О.).

**ҮЖӨТ** Милдет, маани. *Насыят айткан сөзүмдү, Укпаган кедей барсыңбы? Баш көтөрүп үжөткө, Чыкпаган кедей барсыңбы?* (Тоголок Молдо).

**ҮЖӨТТҮҮ** Орундуу, ыктуу, жөнү бар. *Же ушинтип аңды-дөңдү карабай, үжөттүү иш кылбай жүрө бересиңербн?* (Каралаев).

**ҮЖҮРӨ** 1. Бөлмө. *Өзүнөн башка жан киши кирбеген чоң үжүрө толтура китеп* (Даникеев). *Желбегей жамын-*

*ган шырыма кара чапанын оңдонуп, артын карабай, үжүрөдөн чыгып кетти* (Касымбеков).

**ҮЗДҮК** Өзөгү үзө тартуу, абдан ачка болуу. *Үздүгүп калгандай сугунат.*

**ҮЗҮР-МАЗЫР** Арыз-арманын айтуу. *Люся Саша менен үзүр-мазыр кеп айтышты* (Абдукаимов). *Үзүр-мазыр кебиң болсо айт. О, балам, үзүр айттың мени сыйлап, Өзүңдү мен кыйналсам кошо кыйнап* («Эл адабияты»). *Үзүр-мазыр кеп айтып* («Семетей» С.К.).

**ҮЙЖАНЫ** *этн.* Илгери үйлөнүү-үлпөт салтында, кыз-күйөөнү тойдон мурда атайын жолуктуруп, сый-сыпат кылып көрүштүрүү үчүн тигилген боз үй.

**ҮЛӨКӨ** Белек, сыйлык.

**ҮЛӨШ II** Бөлүү, бөлүшүү. *Түшүм үчүн чыңданып, Эмгегиңди үлөшкүн* (Калык).

**ҮНӨ** Бүткөн бой, бүт денеси. *Аны көргөн адамдын үнө бою дүр этип* (фольк.).

**ҮНӨӨ БОЙ** Тулку бой. *Үнөө боюн үр кызындай көргөзгөн сүттөй сүйкүм балбылдак шоола күмүш жибек болуп төгүлүп турган экен* (Станалиев).

**ҮП I** *эск.* Кымбат баалуу мүлк, буюм. *Алтын сандык түбүндө, Жыйнап койгон үбүндө* («Эр Төштүк»). *Кенжекенин үбү бар, Чаар ингендин үстүндө* («Эр Төштүк»). *Үйгө жыйган кызына, Үбүн сатты кайран эл* (Шайбеков).

**ҮПТӨӨ** Кадырлап күтүү, жасантып көркко келтирүү. *Агача келин, кыз алып, Үптөй албай калдык – де* («Семетей»).

**ҮПЧҮ** 1. Топчу, бүчүнүн ордуна колдонулган, сызмадан, эшилген кооз жиптен, ичке булгаары сызмадан жасалып, кийимге кадалган бүчүлүк. 2. Кооздоого, жасалгалоого керектелүүчү нерсе: алтын, күмүш, шуру, мончок ж.б.

**ҮПЧҮЛӨ** 1. Үпчү тагуу, үпчүлөрүн байлоо. 2. Кооздоо, жасалгалоо. *Минген атын үпчүлөп.*

**ҮПЧҮН** 1. Кооз ат жабуу. *Көк тулпар атын үпчүндөп, Темир менен орогон* («Эл адабияты»). *Боз аргымак коштотуп, Үпчүн жаап боштотуп* («Эл адабияты»).

**ҮРГҮЛЖҮ** Дүң, чогуусу менен, бүт, чогуу бойдон, жалпысы менен. *Бүтүрчү ишибизди үргүлжү баалап, жумушка кириштик.*

**ҮРТҮК** Жасалгаланган, кооздолгон ат жабуу. Үртүк адатта аттын соорусуна жабылуучу ат жабуу эмес, атка толук кийгизилген кооз жабуу катары түшүнүлөт. Кээде үртүк маанисине минген аттын көкүлүнө, чокусуна тагылган, сайылып коюлган үкүнүн жүнү – канаты да айтыла берет. *Абайы үртүк ат жабдык* («Манас»). *Аттарынын баарысы, Үртүк менен жабылуу Күмүш эшик, жез үртүк Бул калаа кандын коргону* («Курманбек»).

**ҮРҮМДӨН ТАБЫЛБАС** Эч жерде, эч кимде жок. *Мына азыр үрүмдөн табылбас малды алдыга жайып коюп отурсам, ооздорун куу чөп менен аарчышат* (Айтматов).

**ҮТ** 1. Кичинекей кууш тешиктен кирген күндүн шооласы. 2. Кандайдыр бир заттардагы кичинекей кууш тешик (мис., кулактын көзөнөгү же мончок шурулардын көзү).

**ҮСТӨМӨ** Кошумча, үстөк.

**ҮЧ КЕСИМ** *этн.* Кылмыштуу кишиге же кылмыштуу деп аталган бир атанын балдарына тарттырыла турган айыптын өлчөмү. *Отурган аксакалдар салт боюнча үч кесим – бир тогуз (үчөө тай, үчөө кунан, үчөө быш ты) тартуу камдашыптыр* (Убукеев).

**ҮЧАЛА**** Чанда кезиккен ак бүркүт.

**ҮЧКҮЛ** Үч бурчтук. *Кең бурчтуу үчкүл.*

**ҮШ** 1. Эс, аң-сезим, акыл. *Үшүнө келип олтуруу* («Манас»). *Муунумду, үшүмдү алып жүрөт ак назик* (Эл ырлары). 2. Коркуу абалы. *Бул туткундарды чак түштө элдин көзүнчө айдоодогу максат элдин үшүн алуу эле* (Жантөшев).

**ҮШКҮ** Көзөө, тешүү үчүн колдонулуучу аспап, көзөгүч. *Керегенин көзүн үшкү менен тешүү. Темир үшкү киргендей* («Манас»).

**ҮШӨ: жер үшө** Чоочун, бөтөн жерде жүрүп өз жерин сагынуу, бөтөн жерге көнө албай жүдөө, азуу. *Каныбек келгенден кийин жер үшөп, чоочун турмушка көнө албады* (Жантөшев).

**ҮШҮР** *тар.* Эгин жыйналган маалда түшүмдүн ондон бирине туура келген өлчөмдө төлөй турган төлөм, салым. *Үмүт кылсаң жаныңдан, Үшүр бергин даныңдан* (Тоголок Молдо). *Молдолор чыгат «питир» деп, Кожолор чыгат «үшүр» деп* (Токтогул).

# Ч

**ЧААЙ** 1. Терең зындан. 2. Кээде зындандын түбү маанисинде да колдонулат. *Кырк кулач темир зындандын, Чаай түбүнө салганы* («Манас»).

**ЧААЛЫ** Талыгуу, кубаты кетип алсыроо, алсыздануу. *Талыкпас элем – таалыдым, Арстан элем – наалыдым, Чабышып жүрүп чаалыдым* («Сейтек»). *Күүсүнөн кетип кер күлүк, Көтөрүм болду чаалыды* (Осмонкул).

**ЧААМАЙ** Бир аз майы бар, анча семиз эмес.

**ЧААРДАГЫЧ** 1. Өтүкчүнүн жулук жасоодогу куралы. 2. Бир нерсенин бетине оюу-чийүү же башка кооздук түшүрүү үчүн колдонулуучу курал, шайман.

**ЧАБАГАН** тар. Кабар берүүгө жиберилген адам, чабарман. *Атантай жантаслим болор менен эле туш-тушка чабаган кетти* (Сыдыкбеков).

**ЧАБАК II** 1. Арабанын дөңгөлөгүнүн күпчөгү менен алкагын бириктирип туруучу таякчалар. 2. Устундардын үстүнөн салынуучу туура жыгач. *Суусамырга эки бөлмөлүү бир үй тургузуу үчүн, эң жок дегенде эки устун керек, ча-*

*бактарын болсо эптеп жеткиребиз* (Байтемиров). 3. Жүн сабоо үчүн колдонулуучу сабоодон ичкерээк таякча.

**ЧАГЫРМАК I** 1. Кымыздан тарткан арак. *Кымыздан кылган чагырмак, Мас болуп адам жыгылат* (Эл ырлары). *Кымыздан чагырмак жасатып ичти* (Абакиров). 2. Арак менен кымыз аралаштырылган ичимдик.

**ЧАГЫРМАК II** *аңч.* Үч жаштагы бугу. *Он эки айры бугу десем чагырмак экен.*

**ЧАДЫРА** *эск.* Аялдардын бет пардасы.

**ЧАЙДАН** Термос. *Бир чайдан чай. Чайданды сындырган экен.*

**ЧАЙИНГИ** Баатырлар кийүүчү жоо кийими. *Үстүндөгү Чайинги, Тозоюн деп калыптыр, Баштагыдан кайраты, Бошоюн деп калыптыр* (Урманбетов). *Чайинги деген тон кийген, Чалкуйрук деген ат минген* (фольк.)

**ЧАЙКАНДЫ КЕЛБӨӨ** Өтө эле аз болуп калуу, арзырлык, алымсынарлык абалда болбоо. *Анча бала-чакалуу боло элек жаңы тирдик кез, экөөбүздүн кенедей оокатыбыз ушул үйгө да чайканды келбей калган* («Кыргызстан маданияты»).

**ЧАЙРИКЕР** *тар.* Бирөөнүн курал шайманы менен анын жеринде жумушун иштеп берип, түшүмдүн бир бөлүгүн алуучу адам. *Сарыбай өзүнүн чайрыкерлерин жана башка кызматкерлерин кош айдалуучу жерлерге бөлүштүрдү* (Бөкөнбаев).

**ЧАКА IV** Майда тыйын, мурунку мезгилде соода-сатык иштеринде колдонулган жез тыйын. *Сыңар чака доосу жок* («Манас»). *Жалгыз чака пулу жок* (Токтогул).

**ЧАКА ТУЯК** Куу, митаам. *Жедеп чака туяк болгон кыйды бир аз жумшай түштү* (Бектенов).

**ЧАКМАК АЛУУ** Бирөөгө өз билгениндей үстөмдүк жүргүзүү, ары-бери калчоо, көз каранды кылуу. *Дүр мындан ары мобу томсоргон букараларды каалаганындай чак-*

*мак ала башкара берерине чамгарактады* (Бейшеналиев). *Адамдын тагдырын чакмак алган эски бийлик эбак кыйраган* (Сыдыкбеков).

**ЧАЛАГАР** Жомоктордо, эпостук чыгармаларда айтылуучу канаттуу куштун аты. *Төрт канаттуу Чалагар, сырттан Алмаң караса, Суу кушунун баары бар* («Манас»).

**ЧАЛГАЙ** 1. Кийимге кыйык кылып кийрип тиге турган тилкеси. Кездеменин шынаа түрүндө бычылган түрү. 2. Кыйыр, түз эмес, чалгырт, тетири, арамдык, арамзалык. *Чалгайы болгон сөзүндө, Айласы келсе чалмак бир болгон өзүмдү* («Манас»).

**ЧАЛГАЙЛУУ** Оюу бузук, ичи бузук, арам ойлуу. *Чалгайлуу болсо окустан, Атын койгон адамдын, Кыйылып башы түз болор* («Сейтек»).

**ЧАЛКАК** Кеңири, кериле созулуп жаткан айдөш жер. *Береги чалкакта жаткан чабдар айгырдын үйүрү машинаны көрөр замат дыр берип, үрккөн бойдон бетке чыга качты. Чалкактан жылкы куубасак* («Эр Табылды»).

**ЧАЛКАР** Абдан чоң, мелтиреген, мемиреген. *Айланып казы кетпеген, Айдың чалкар көл кайда?* (Үсөнбаев). *Колтукташкан сулуусу, Чалкар көлдө ккуга окшойт* (Токомбаев).

**ЧАЛЫМ** Аралашма, башкалардан кошулган бөтөн белги. *Чалымы жок аргымак. Тартпай койбойт түбүнө, Телтору аттын чалымы* («Курманбек»).

**ЧАЛЫШ I** Таза кандуу тукум менен жөнөкөй тукумдун ортосунан чыккан аргын (көбүнчө жылкы жөнүндө). *Жыгып алдың, Атакан, Тоялынын чалышын* (Токтогул).

**ЧАМПАН** 1. Тил билбеген адам. *Сен тил билбеген чампан экенсиң. Тил билбеген чампан.* 2. *аңч.* Эски мылтык.

**ЧАНЖЫ** Апийим кыргыч, темир калак. *Чалкалап күндү карап коюп, калпагын ошол жакка баса кийип, чанжыны кыйкаңдатып бир-эки шилтеп алат* (Элебаев).

**ЧАНТУУ** Эпостордо: селдечен, селде оронуучу, мусулман. *Чантуудан катын туубайбы, Чантуудан катын тууду деп, Мен чаң салсам кудай урбайбы* («Манас»). *Пашаалыктай мал сойгон, Жакып чантуу кандай март* («Манас»).

**ЧАНЧ** Саюу, сайгылышуу. *Ар бир эчкинин өлүмү жаныма ийне чанчкандай батат* (Элебаев).

**ЧАНЧУУЛА** Жанга тиерлик, жанды кашайта турган сөз айтуу. *Чанчуулаган кебиңди кой.*

**ЧАҢГЫ** *эск.* Калың кардын үстү менен басып жүрүү үчүн жасалган нерсе. Аны үч бурч кылып, зым менен чырмап жасаган. *Бардык макулуктан адам баласы артыкча чыгыптыр. Кар бетинде чаңгы тээп, суу бетинде кайык айдап, өнөрү өсүптүр* (Айтматов).

**ЧАҢДУУ АЯК** 1. Абдан тентек, тынчы жок, шок (көбүнчө балдарга карата). 2. Аягы сай таппаган, бир жерге тынч алып тура албаган, жүргөн жери чуулгандуу. *Эң эле чаңдуу аяк жигит көрүнөт, абайлачы, – деди жеңем мага.*

**ЧАҢЫТ I** Бозомук, киргил суюк, чаңгыт. *Чаңыт жарма.*

**ЧАПДЕС** Мүнөзү жеңил, чыдамы жок киши.

**ЧАПДЕСТИК** Жеңилдик, чыдамсыздык. *Сенин чапдестигиңден уятка калдым.*

**ЧАПКИЛ** Ичтен өлүү түшкөн чаарчыктын, козунун териси. *Биздей кара кесек муну эшиткенде эмне майнап? – деп карт мерген башындагы чаарчыктын чапкил жылбырскысынан үч эли кылып кырдалган телпегин чекесинен желкесине жылдыра маңдайын сылады* (Абакиров).

**ЧАПМА** Каңдалып, чабылып жасалган нерсе, буюм (мис., чапма кашык).

**ЧАР ИРИК** Төрт жашар же төрттөн ашкан ирик. *Келишкен бир ат, элүү чар ирик* (Токомбаев).

**ЧАРАБЖАЛ** 1. Шибеге, устара, искек сыяктуу куралдар. *Боз кисенин жанында Булгаарыдан кылабдан, Анын*

*ичи толтура, Тырмак алчу чарабжал* (Чоробаев). 2. Ушундай нерселер салынуучу булгаары баштык.

**ЧАРАЙНА I** 1. Калың булгаарыдан, кээде металлдан жасалган, денеге кынапталган соот. *Чарайна, соот, кыягы* («Манас»). 2. Согушка чыкканда төшүнө тартып кийүүчү такта, темир. *Темир туулга башында, чарайнасы тагылуу* («Курманбек»). *Табылды кырк жигитке соот, чопкут, чарайна, калкан даярдап, эл кайтарып жол чалып, атасы Эрменкандан мыкты болду* (Эр Табылды). *Туурча, соот, чарайна Каалгасында темирден. Чарайнасы шылк этип, чыга түштү найзасы* («Эл адабияты»).

**ЧАРАПЖАЛ** туурасы: **чарабжал.** *Экинчи көзүнө – түбүнө, өтүгүмдү, анын үстүнө аңчылыкка алып жүргөн булгаары кылабданымды, үйдө пайдаланган чарапжалымды сал, анан чаарчыктын толубу бар го, ошого толтура көмөч нанды бастырып үстүнө коюп кой* (Абакиров).

**ЧАРБЫ** Майда, майда мал. *Чарбы мал.*

**ЧАРДООЧУ** *тар.* Айыл-айылды кыдырып, элдин аман-эсенчилигин кабарлап туруу милдетин аткарып туруучу адам.

**ЧАРКАР** 1. Турак жай, мал короо. Сарай, мал сарай, топон сакталуучу жай. *Анан кечке маал – мал убагы болгондо алиги Матабар деген киши чаркарынын башына чыга калып, бешилигин таянып алып күндө кыйкыра турган* (Жусубалиев). *Күрөп бер көңдүү чаркарым, Пулуман жумшап айтамын* (Барпы). *Талаадагы саман-топонду байдын чаркарына жеткирүүнү Сейит колуна алды* (Абдукаримов).

**ЧАРЧЫ** Белге курчана турган жоолук. *Жолборстой боюң тартылган, Жонуңда чарчы артылган* («Эл адабияты»).

**ЧАРЫК ЖИП** Чыгырыктарга түрүлгөн, тигүү машинасында колдонула турган жип. *Өткөрөт миң электен*

*укум-тукумуңду, жарыңды, жандырып чарык жиптей түрүлгөн тагдырыңды* (Муканов).

**ЧАТКАЛ I** 1. Эки тоонун кошулушундагы ойдуң жер. *Астындагы чоң кула ат, Чаткаягы чаткалдай* («Манас»). *Кара-Буура, Чаткалда, Кайкалап элим жатканда* («Манас»). 2. Эки тоонун ортосундагы шар аккан суу.

**ЧАТЫНА** Сынып кетүү, жарака кетүү. *Табак чатынап кетиптир.*

**ЧАТЫРАЙ** Көрүнүшү толук, токтомдуу болуп туруу. *Алыстан ак боз үй чатырайып капкайдан көрүнүп турар эле* (Үсөнбаев). *Чатырайган ак үй.*

**ЧАЧ ЭТЕКТЕН** Өтө көп, аябай көп, абдан мол (байлык ж.б. карата). *Алардын дүнүйө мүлкү чач этектен.*

**ЧАЧЫМ** Азык-түлүк чачымы. Согуш убагында айылчарба өндүрүштөрүн даярдоо, топтоо үчүн мамлекет тарабынан атайын колдонулган чара.

**ЧАЯ** 1. Арамза, кытмыр, албуут. 2. *өт.* Азап чегүү, мээнет, түйшүк тартуу. Чайналуу. *Көп тилдесе аялды, Чая болот эмеспи. Мээнет кылсаң билбеске Зая болот эмеспи* (Барпы). *Керели кечке үч баланы багам менен убараланып, чая болгон Тотойдун көздөрү адамды дайым сүрдүү тиктөөчү эле* (Айтматов).

**ЧЕЙДЕМ** Кайнаган сууга кымыз же чалынган айран куюп муздатып даядалган мүнөз суусундук.

**ЧЕЙДЕТ** Суу кошулган айран.

**ЧЕКСЕ** 1. Дары салгыч, дарылар салынуучу баштыкча. *Дарыгер аяр билгичтин, Чекседе белен дарысы* («Манас»). 2. Болжол менен пуддун үчтөн бир бөлүгүнө барабар болгон өлчөм бирдиги. *Анча-мынча эгини бар дыйкандан чейректен, чекседен гана эгин алып баратат* (Жантөшев).

**ЧЕМЕН** Анча-мынча дарт, кесел, оору.

**ЧЕН IV** Ордо кишилеринин сыйлуу тону.

**ЧЕҢКИЛ** Асмандын өңүндөй көк, көгөргөн түс.

**ЧЕР I** 1. Берчтүү шишик. *Өпкө, боордо чериң жок, Же кагынып кеткен жериң жок* (Тоголок Молдо). 2. *өт.* Капа, кайгы, убайым, чогулуп жыйылган санаа, муң. *Көкүрөктө калың чер мына ошентип басылса* (Каралаев). *Бел, чекеден, Эчен ирет тер кетти, Тери жууп, көкүрөктөн чер кетти* (Турусбеков).

**ЧЕЧ II** 1. Кырманда иштегенде колдонула турган бешилик айры. 2. *эск.* Кырманда тазалангандан кийинки үйүлүп коюлган дан жана ошого карата көбүнчө улак союп элге берүүчү тамак. *Зөөкүрдү шайтан кысканда, Келе жатып жолукту, Чеч байлап кырман сунганга* (Тоголок Молдо).

**ЧЕЧТЕ*** Толтуруп, ныктап салуу. *Бир капка буудайды чечтеп туруп бууп бердим.*

**ЧИГИРИМ** Койдун, эчкинин терилеринен жасалган жумшак булгаары. *Өтүгү чигирим булгаарыдан кептүү тигилген* (Сыдыкбеков).

**ЧИДЭЭРИ*** Толготуу, мал туур алдында тынчы кетип, оолактап, обочо кетүү. *А мен болсом, жанагы кер бээ чидээрип калыптыр, аны Кара-Колоттун башындагы өткөчөгө аркандап, жанына жатпасам болбойт, – деди* («Ала-Тоо»).

**ЧИЙДАН** *эск.* Койчулардын, малчылардын сырт кийими.

**ЧИКЕ** Куудул, тамашакөй. *Жайытын таап жайлоого, Конгон жигит жакшы экен. Сүрлүү элдин чикеси, Болгон жигит жакшы экен* (Терме).

**ЧИКЕРТ** 1. Жеңил оору. *Эмне чикертиң бар?* 2. Наарызылык, ыраазы эместик.

**ЧИЛ БАШ** Жаш, кичине. *Азырынча ал өзү өңдөнгөн чил баштарга кошулуп бир туруп улак секиртмей ойношот* (Акматов).

**ЧИЛ БООР** Өтө боорукер, тууганчыл. *Булардын кичинекей балдарынан өйдө чил боор болот.* («Ала-Тоо»). *Бал-*

*дарынын баары чил боор болуп өсүшкөнүн баамдап отуруп, «буларды тарбиялаган атасы болду бекен же энесиби?» деген ойго чөмүлдүм* (Сыдыкбеков).

**ЧИЛБАРЧА** 1. Майда-майда бөлүнүп, чачырап кетүү. 2. Таш талканы чыгуу, талкалануу, кыйрап кетүү. *Таш тийген айнеги чилбарча болуп сынып кетти.*

**ЧОБДОР** Сыртына калакча темирлер бекитилген (бастырылган), баатырлар кийген бут кийим, өтүк. *Чобдор өтүк такасыз, Торгун чепкен жакасыз* («Манас»).

**ЧОГООЛ** Эр көкүрөк орой мүнөздүү, ачуусу чукул, эрдемсинген, кыялы чатак. *Боз калмактын чоң уулу, Ары чогоол, ары эр* («Манас»). *Өзү чогоол ичи тар, Көңүлүндө кири бар* («Мендирман»). *Чогоолдун чокмору ылдам* (макал).

**ЧОГООЛДУК** Эр көкүрөк, оройлук, ачуусу чукулдук, кыялы чукул урушчаак. *Чогоолдук кылса көтөрүп, Өжөрлүк кылса өткөрүп, Кейишке салса кечирип* («Манас»). *Кээде сенин чогоолдугуң мага да сөз тийгизип жүрөт* (Байтемиров).

**ЧОЙ КУЛАК** Укса да укмаксан болуп, көңүл бөлбөй койгон, тоготпой, укпай койгон. *Ал жедеп чой кулак болуп бүткөн тура.*

**ЧОК II** 1. Кунан-тайлардын жалын кырккanda калтырылган топ кыл. 2. Кээде баланын чачын алганда төбөсүнө калтырылган топ чач. Баш кийимдин төбөсүнө тагылуучу топ чачык. *Узун чок тагылган кызыл топуну Шадыбек ала кетти* (Токомбаев). 4. *тар.* Кытай жана калмак башкаруучуларынын баш кийиминдеги бөлүнүп турган атайын белги жана ушундай белгиси бар башкаруучулар.

**ЧОКМОР** Бир учуна жумуру тегерек катуу жыгач же металл бекитилген кыска союл. Эң жөнөкөй аңчылык, жоокерчилик куралы. *Үйдөй чокмор колго алган* («Манас»). *Күүлөп алып чокморун, Кулуктун оозун жыйнады* (Осмонкул). *Ура албаган чокмор өз башыңа тиет* (макал).

**ЧОКОН** 1. Бир, бирөө, жалгыз. *Жанымдан чокон сөз кошконум жок, болгонун болгондой эле айтып жатам* («Ала-Тоо»). 2. Обочолонгон, бөлүнүп жалгыз турган. *Анткени бүт шаардын чырайын бузган ушул чокон фантазиясыз салынгын көпүрө эле* (Жусубалиев). 3. Ордо оюнунда көбүнчө бир чүкө салып, оюнда жок кишиге бир жолу гана атуу үчүн берилген кезек. 4. Ордо оюнунда акыркы ойноо кезеги.

**ЧОКТО** Чок тагуу, топ чачык тагуу. *Тебетейдин төбөсүн, Үкү менен чоктодук* (Жантөшев).

**ЧОКТУК** Өрүлгөн чачтын учуна тагылуучу кооздук. *Алтын айдар чоктугун, Алты түймө чачында, Түгөл кесип алыптыр* («Эл адабияты»).

**ЧОКТУУ I** Чачыктуу, чок тагылган. *Чоктуу калпак. Узун чоктуу топу.*

**ЧОЛОК БАЙТАЛГА МИНГИЗҮҮ** *эск.* Көбүнчө күйөөсүн чанган аялдын чачын кыркып, бетине көө сүйкөп, байталга тескери каратып мингизип, айыл аралатып төркүнүнө жеткизүү. *Мингизип чолок байталга, Эртең элге күлкү салармын* (фольк.)

**ЧОЛОК ООЗ** *эск.* Жарды-жалчылардын арасынан чыккан актив, жетекчи деген мааниде. *Саадат сыяктуу чолок ооздор, Касейин сыяктуу куулар камданып жатат деген кабар бар* (Сыдыкбеков).

**ЧОЛОЛО** Учурун, убактысын, ыңгайын табуу. *Чололоп барып, бир жыбытка баш катты.*

**ЧОМБАШ** Эч нерсени ажырата билбеген деген мааниде. *Одоно, копол чомбаш бир корумда, Бул мүнөз жүрүп келген бир орунда* (Тоголок Молдо).

**ЧОМОЧО** 1. Чеке, маңдай. 2. *өт.* Көөдөндү көтөрүү, кокураюу, мактануу, көтөрүлүү. *Атадан алты туулдум деп, Чомочоңду көтөрбө!* («Эл адабияты»). *Чомочоңду көтөрсөң, Жигиттер ошону кудай өтөрбү* (Терме). *Ийгилик*

*чыйрала баштагандан бери, анысына сүйөнүп Мантек да тең атасынып, чомочосун чоң көтөрүп мантаңдап калуучу болду* (Убукеев).

**ЧОНУК** Бышыгуу, машыгуу.

**ЧОНУКТУР** чонук этишинин аркылуу мамилеси.

**ЧООКЕНДИК** Токолдукка алуу. *Алакун Жамалды алмак чоокендикке, Майрамкан барат деген төркүнүнө* («Эл адабияты»).

**ЧООНУК** Тажрыйбалуу болуу, токтолуу. *Чоонуккан адам.*

**ЧОПДОР** *эск.* Бут кийимдин бир түрү.

**ЧОПКУТ** 1. Жоо кийиминин өзүнчө түрү. *Чопкуту бар жакасыз* («Манас»). *Ок өтпөс чопкут күрмө тон каткатынан бөлүндү* («Сейтек»). *Ок өтпөгөн чопкуттар канжыгадай тилинип* («Эр Төштүк»). 2. Кебез, жүндөн калың салынган сырт кийим.

**ЧОРБО** Көбүнчө азоо жылкыларды эрдинен толгоп чормойто байлаган абал.

**ЧОЧПАРА** *эск.* Анча чоң эмес, уютулган тоголок күмүш, жамбынын эң кичине түрү. *Чочпарадан онду алды.*

**ЧОЮН БАШ** Жоо куралы. Башына чоюн уютулуп жасалган чокмор. *Он эки батман чоюн баш* («Семетей»). *Болоттон кылган чоюн баш, Кара дөө кош колдоп кармап имерди* («Сейтек»).

**ЧОЮН ЖОЛ** *эск.* Темир жол. *Зымыраган чоюн жолдо, Сойлоп поезд бараткан* (Бөкөнбаев).

**ЧӨК САЛУУ** Белгилеп айтуу, баса көрсөтүү. – *Бул чөк салмайыңыз го, деди тигил кыз, дагы кычыгына тие сүйлөп* (Байтемиров). **В.: Чөк коюу.** *Өз, жат деп, чөк коюп олтуруучу кез эмес.*

**ЧӨНӨК*** Казылган кичинекей чуңкурча, оюгу бар чуңкур. *Ташбай колундагы үч жылдык көчөттү тигил жаңы казылган чөнөккө өлчөдү* (Сыдыкбеков).

**ЧӨӨДӨЙ** Сапсары, өтө сары. *Кайыктын моторун башкарып бараткан чөөдөй арык кыргыз жигит* (Мавлянов).

**ЧӨӨКӨР** чаар, чаар ала.

**ЧӨӨЛМӨК*** 1. Чөөлмөктөп калган суу же суюктук. 2. Куш, бүркүт кармоочу тордун ичине сайыла турган иймек жыгач.

**ЧӨӨЛМӨКТӨ** Бир жерге чогулуп, сарыгып токтоп калуу, сарыгып чогулуу, көөлүгүп көп болуу (көбүнчө суюктук жөнүндө).

**ЧӨӨЛҮ I** Баштагысындай болбой чарчаган, чаалыган кебетеге келүү, күчү кайтуу.

**ЧӨӨЛҮГҮҮ** Чарчоо, чаалыгуу, шайы кетүү, алдан-күчтөн таюу, илээлеп калуу. *Чөлгө жакын жетиптир, Чөөлүгүп кирип кетиптир* («Манас»).

**ЧӨП КӨЧҮК** Жүүнү бош, мажирөө. *Олда, ушул чөп көчүктөрдүн азабы ай* (Сыдыкбеков).

**ЧӨП ООЗ** Бирөөнүн жерине мал баккандыгы үчүн төлөнүүчү салык. *Мен Карабайдан кетер жылы агам Табылды чөп оозго беш сом акча төлөмөкчү болуп калат* (Баялинов). *Ырамат-чыгым, чөп ооз айыл жакшыларынын энчиси, айтор, бүгүн тапканы бүгүн бойго жукпай, кайдагы түбү терең кудукка түшөт да, жок болот* (Сыдыкбеков). *Эми чөп оозу чыгат эмеспи* (Даникеев).

**ЧУКУЛДУК** Көбүнчө таштуу жерлерде же катуу топтектеринде иштөө үчүн колдонулуучу эки жагы тең учтуу, шилтеп чабууга ылайыкталган курал. *Чукулдугум колумда, Тоону бузам, көрүп ал!* (Сасыкбаев).

**ЧУЛГУУР** Кызарта ысытып, тешик жасоо же тешикти кеңейтип көзөө үчүн колдонулуучу жумурусунан келген көзөгүч темир. *Кереге башына илинген аталга, чулгуур, үшкү* (Жантөшев).

**ЧУЛДУ** Майда-барат калдыктар. *Азыноолак чулдусу, Доңуз сырты бетеге* (Молдо Кылыч).

**ЧУЛУ БАШ** Таштай катуу баш. *Курсу тийсе оюлбас, туюк сөөк, чулу баш* («Манас»).

**ЧУЛУК** Саздын, шалбаанын чөбү. *Чулуктан чөп чабабыз.*

**ЧУМАК** *эск.* Өгүзгө чегилген арабаны айдоочу арабакеч. *Алардын ичинде мурда чумак болуп жүрүп, Каспийден бери жүк тартып келген бир даары ат арабалуу эле* (Акматов).

**ЧУР КАРМОО** Чүкө ойноп жатканда чүкө алуу максатында оюнга катышпаган бирөө тизилип коюлган чүкөлөрдү жыйып алып, белгилүү эрежелерге ылайык өзүнө таандык кылып алуу. *«Чур кармадым, чурумду берип кеткин», – деп Кычы кылып калыска, Сүрөп турат балалык* (Токтогул).

**ЧУРА** Чуркоо, катуу жүгүрүү. *Бадал менен черинде, Бугу, марал чураган* («Семетей»). *Кычан кунанын салкындатып бастырмага байлап, Актан атасын көздөй чурады* (Бейшеналиев).

**ЧҮЙЛҮ* II** Семиргенде кежигеде, желкеде пайда болуучу күржүйгөн бүктөө, бүктөлүп турган жер. *Кудайназардын богогу менен чүйлүсү катталып турат* (Жантөшев). *Салыктын чүйлүсү кат-кат болуп бүктөлүп турат* (Каимов).

**ЧҮМӨК I** 1. Кийим тигүүчү кол машинанын тетиги. 2. Чорго самоордун чүмөгү. 3. Илгерки милтелүү мылтыктардын түтүгүндөгү дары салгыч оюгу.

**ЧҮЧТӨ** **чүштө** менен бирдей. *Доолан, чүчтө, дүрүйө* («Манас»). *Аппак эти чүчтөдөй* («Манас»).

**ЧҮШТӨ I** 1. Жука ак материал. *Эр башына кылганмын. Ондон көйнөк, он дамбал. Ак чүштө көйнөк, сурп дамбал, Казатка кийсе куп дамбал* («Манас»). 2. *өт.* Аппак. *Көөнү сүртүп аппакка, Чүштө дедиң караны* (Токомбаев).

**ЧҮШТӨ II** Кесилген камырды майга кууруп ага бал, мейиз, данек кошулуп даярдалган таттуу түрү.

**ЧҮШТӨДӨЙ** Аппак, актын агы. Чүштөдөй ак.

**ЧЫБЫР** Майда-майда коктусу бар уңкул-чуңкул жер. *Чыбырын түлкү жойлогон, Чычканын терип тойлогон* («Эр Табылды»). *Майда чыбыр адырын, Малчылар билет кадырын* (Убукеев).

**ЧЫЙБЫЛ** Кичинекей жана ичке (кишиге карата). *Чыйбыл киши. Чыйбыл кыз.*

**ЧЫЙБЫТ*** Эчкинин чүкөсү, кичинекей чүкө.

**ЧЫЙБЫТТАЙ** Тыптырмактай, кичинекей.

**ЧЫКТА I** Көбүнчө кулундарды желеге байлоодо нокто менен желени бириктирүүчү, нокто жагындагы учу тээкке илинген кичирээк кыска жип. *Чыкта сулуу болсун деп, Чын жибектен эштирди* («Манас»).

**ЧЫКТА III** Чылым салчу жер. *Чылымынан аларда, чыктасына саларда* (Дүйшеев).

**ЧЫЛБЫР БОО** Илгери кыргыздарда ат мингизген кишиге «чылбыр боо» деген салт боюнча бир нерсе кайтарып берүү ырымы болгон. *Чылбыр тутам боосу жок* («Манас»).

**ЧЫМАЙЫЛ** Чымын-чиркейлердин эң майда түрлөрүнүн жалпы аталышы. *Чымайыл болуп көрүндү* («Манас»).

**ЧЫНЫК** Бышыгуу, чың болуу. *Сөзү жатык, эмгек менен чыныккан, Аракети дайым үлгү берди эле* (Токомбаев). *Дүгдүгүй бүгүш тартып далысы кең, Чыныккан чымыр дене эмгек менен* (Абдыраманов).

**ЧЫҢООЛ** 1. Согуш учурунда өргүп, же эс алып, токтоп жаткан колдун, же курчоодо калып, камалып жаткан чептин, шаардын айланасын, мерчемдүү жерлерди күзөтүүчү өзүнчө аскердик топ, атайын ушул максат үчүн бөлүнгөн жоокерлер. *Чыңоолдорун чыңашып, чың эткен үнүн тыңдашып* («Манас»). 2. Кароолчу, жезекчи. *Чыңоол, кароол коюшуп* («Манас»). *Чыңоолду чыңдап коюшуп* («Манас»).

**ЧЫҢЫРООН** Жоокерлерге кабар берүүчү жез түтүктөн жасалган үйлөмө согуштук курал. *Чыңыроон тартып жез найдан* («Манас»).

**ЧЫРАБЖАЛ** Тырмак алуучу аспап. *Тырмак алчу чырабжал кайчысы бар, тарак бар* («Эл адабияты»).

**ЧЫРАГДАН** Ортосунда билиги бар, көбүнчө жермай, керосин менен жарык кылынуучу шам.

**ЧЫРАКПАЯ** Шам койгуч, шам сайып койгуч.

**ЧЫРАЛЖЫ** Согулган, өрүлгөн. *Чыралжы чепкен чым манат, Бу, дүнүйө аманат* («Адабияты»).

**ЧЫРАШ САЙМА** Буюмдун чекесин чыраштап бекитүү, чаптоо, жабыштыруу.

**ЧЫРАШТА** 1. Чаптоо, жабыштыра чырмоо. *Токтогул торпоктун мойнуна кетсе да, чыраштап койгондой ээрине бекем олтурат* (Токомбаев). 2. Коодоп чыраштоо. *Жийдегүл сүрөтүн кызыл чүпүрөккө чыраштап, анын кырка жээгин жашыл шайы менен кыюулап койгон эле* (Сасыкбаев).

**ЧЫРГА** 1. Бүркүттү таптап үйрөтүүдө колдонулуучу түлкүнүн кеби. *Чырга тартуу. Чырга менен бүркүт үйрөтүү.* 2. Жалпы эле кыраан куштарды үйрөтүүдө таптоодо колдонулуучу айбандын же канаттуунун кеби.

**ЧЫРГА ТАРТУУ** Акырын алдап-соолап сырын тартуу, алдап көндүрүү, тил эмизип создуктуруп жүрө берүү. *Анын чырга тарткан жылуу сөзүнө алданып жүрө берди* («Ала-Тоо»).

**ЧЫРГАДАЙ СҮЙРӨЛҮҮ** Жан алакетке түшүп асылуу, коё бербей жармашуу. *Чылбырлап чырга сүйрөттүң, Чыргоо бүркүт кармасаң, Балапандай үйрөттүң* (Тоголок Молдо). *Ал чыргадай сүйрөлдү.*

**ЧЫРГАЙ** Чыргоо, чатакчыл. *Бардыгы кээде тентек, кээде жөнтөк, Ар бири кээде чыргай, кээде элпек* (Токомбаев).

**ЧЫРГАЛА** Аксоо. *Кунандын арткы буту чыргалап калыптыр* («Ала-Тоо»).

**ЧЫРНЫКТА** Анча-мынча ооруп калуу, кичине ооруп калуу, сасык тумоолоп калуу. *Ушу өткөн анча-мынча күнү чырныктап калганы болбосо, Жылдызкандын саламаттыгы да жакшы* (Байтемиров).

# Ш

**ШАА I** 1. **шах I** менен бирдей. 2. *Өкүмдар, башкаруучу. Кырмуз шаа угуп калганы* («Манас»). *Дөрө жайсаң, Кемен шаа* («Манас»).

**ШААБАЗ** 1. Ылаачын, шумкар, куш төрөсү. 2. өт. Азамат, эр, баатыр. *Жолду бергин баатырга, Жоо качырган шаабазга* (Эл ырлары).

**ШААДАТ** Күбөлүк, күбө болуу.

**ШААЗААДА** Төрө баласы, кан баласы. *О, Карабек шаазаада, колдогонуң зор экен, күлүгүң чыгып даңк алды, кылданган жетимиш буудан ичинен* (Касымбеков).

**ШААЛ: көк шаал** Куштун кайыштан, көктөн жасалган боосу.

**ШАГДАМ** 1. Тез, бат. *Шагдам бастырып, тез эле өз айлына кирип келди* («Адабий Ала-Тоо»). 2. Жайдары, шайыр, шайыр шат. 3. Тың, чыйрак, өткүр, курч, ишенимдүү, батыл. *Жарды келсе жанына, Жардам кылган жакшы экен. Жалгыз келсе сүрөөлөп, Шагдам кылган жакшы экен* (Барпы).

**ШАДАНА** Баалуу жибек кездеменин бир түрү. *Шадана бото курлардан* («Манас»).

**ШАДЫ АРАБА** Ырдываны (капталы) бийик, бийик тосмолуу, чабактары көп араба. *Карыган атам жыгач уста, колхоздун шады арабасы ушул кишинин колунан чыгып турат* (Айтматов).

**ШАЙ IV** Таразанын теңдегич ийини же тили, жебеси. *Ал (Карабек) Жаркынай менен Ленаны бири-бирине са-*

*лыштырып, кыял таразасына коёт. Канткен менен күнүгө бетме-бет келип жүргөн Лена таразанын шайын баса баштаган өңдөнөт* (Сулайманов).

**ШАЙБЫР I** Жылкынын жорго жүрүшү, басыгы. *Арча тору буудандын Шайбырына төндүрүп, Басыгына көндүрүп* (Эр Табылды). *Жүргөн сайын Керкашка, шайбыры чыгып кызыды* (фольк.)

**ШАЙБЫР II** Асый боло элек кунан, бышты байталдардын тепкич-тепкич болуп кыркылган куйругу. *Тай-кунандардын куйруктары шайбыр кыркылсын.*

**ШАЙБЫРЛА шайбыр I** жүрүшүн салуу, жорголоо. *Шайбырлай түшүп жорголоп, Үстүнөн суусу шорголоп* («Семетей»).

**ШАЙБЫРЛАН шайбырла** этишинин өздүк мамилеси. *Камалбек чоочун кишилердин көзүнчө бужүрөп басканы менен киши жок жерде шайбырланган аттай кете турган* (Юдахин).

**ШАКАП** Чоң арыктан таралып чыккан майда арыкчалар. *Канал, кайдагы шакап чапма деп, эскилердин сөөгүн козгоп...* (Даникеев).

**ШАКАР** Куурай өсүмдүгүнөн (көбүнчө алабатанын) күлүнөн даярдалуучу жегич кайнатма зат (муну эл самын даярдоо үчүн да колдонгон). *Шакар өчүрүү. Шакар самын.* // *Шакардай кайноо.*

**ШАЛА I** Жабыккан, жабыркаган, алсыраган, чарчаган, арык. *Айылың ала болсо, атың шала болот* (макал).

**ШАЛКЫСЫ БОШ** Мааниси жок, көңүлсүз, шайы жок, жүүнү бош. *Карындары ач, бардыгынын шалкысы, ындыны өчүп үлдүрөшөт* («Ала-Тоо»). *Шашма, тартынбас, шар мүнөздүү Кубанычбектин шалкысы бош тартканы неси?* (Бейшеналиев).

**ШАЛЧА** Жерге салуу үчүн кебезден же жүндөн ийрип согулган таар. *Жерге эски ала шалча жая салынган* (Абдукаримов).

**ШАМАЛА** Мом, шам, факел. *Шамаланы жандырган* («Манас»).

**ШАМДАН** Чырак койгуч, шам койгуч.

**ШАМИЯН** Моюнтурукту бекиткич жумуру таякча. *Шамиянын шайлатып, Кош өгүзүн байлатып, Буурусунун буктуруп, Кара жерге суктуруп* (Эл ырлары).

**ШАМЫЯН** 1. Кошко арабага чегилген өгүздүн мойнундагы моюнтурукка өткөрүлүүчү жыгач же темирден жасалган казык. *Шамиянын шайлатып, Кош өгүзүн байлатып, Жетти Жакып желиге* («Манас»).

**ШАМЫЯН КАЙТАРУУ** Такоол берүү, каяша кылуу, тең тайлаша алуу. *Байымбет канчалык жанын кашайтпасын шамыян кайрып алууга дармансыздыгына өкүндү* (Бейшеналиев). *Ал опулдап жатканда бир ооз шамыян кайтарсаң болмок* (Саспаев).

**ШАНАБАТ** Күмбөздөр жайгашкан аймак, көрүстөн.

**ШАҢЫЯ** 1. *эск.* Айыл-кыштак башчысы. *Алымдын баккан аты төртөө. Бири шаңыянын тору жоргосу, бирөө Зуннахундун кара жоргосу, Экөө болсо Керимахундуку* (Жантөшев). 2. Сот, бий. *Амбалдын кулагына шыбырады, Жанында Ашым деген бир шаңыя* («Эл адабияты»).

**ШАП I** Эки миздүү канжар. *Найзасы болот, шабы албарс, Намысын колдон бербеген* (Осмонкул).

**ШАПАГАТТУУ** Кайрымдуу, боорукер, шарапаттуу. *Карыпка жетим-жесир шапагаттуу, болду эле арстан атаң качан сендей* («Эл адабияты»).

**ШАПКЕР** 1. Колдун түн ичинде жол жүрүшү. Түнкү сапар. 2. Шаптай тизилген, катар-катар болгон деген мааниде да айтылат. *Шымал жактан кол келди, Шапкер тартып мол келди* («Манас» С.О.). *Шаа Кушаа көрүндү,*

*Шапкер тартып көп элин, Кошуунга салып көрүндү* («Манас»).

**ШАП МУРУТ** Калкагай мурут, кылычтай узун мурут. *Шап мурутун эки-үч жанып койду да, Кеп баштады ар кайсыдан жондото* (Байзаков).

**ШАРК II** 1. Ыр, ырдоо, эл алдына чыгып ырдоо. *Музоо баштай сары кыз эле да, майрам сайын шарк айтчу. Өзү теңдүүлөрдүн тыкылдагы болчу* (Касымбеков). 2. Күн чыгыш. 1920-жылдары колдонулган термин. *Өкүмөтүбүздүн аркасында шарк эли бүт ойлонду.*

**ШАРЫП** Ыйык, касиеттүү, кадырлуу. *Аят куран шарыпты, Азиз кылып жаратты* (Молдо Кылыч).

**ШАТЕК** Чиркештирип алган аттар.

**ШАТЫБАР** түр салынган ажыракай мата. *Шатыбар – шайы болду, Мата – баркыт болду* (макал).

**ШЕБЕЛДЕЙ** Жез тумшук, шаман кийиминдеги сыйкырчы деген мааниде. *Ал аз десең кыргыздын жез тумшугун, казактын мастенин, шор элинин темир шебелдейин, дагы башка элдердин каардуу күчтөрүнүн бардыгын жибер!* (Жантөшев).

**ШЕЙШЕБИ БЕКҮҮ** Заарасы токтоп, заара кыла албай калуу, туттугуу. *Кытайда шейшеби бекип өлгөн абышкамдын кунуна бир саан уй берди, – деп ой-тоону сүйлөйт* (Акматов).

**ШЕЙШЕБИ ТОКТОО к. Шейшеби бекүү.** *Катыра түлүк жол жүрсө, Шейшеби токтоп тутулбайт* («Семетей»).

**ШЕРКЕТ** Өнөк, өнөктөш. *Ногойлор тил биледи барчалары, Фабрик шеркет кылган соодалары* (Тагай, 1916-ж).

**ШЕРТПУЛ** *экон.* Келишимдин бир тарабына төлөмдөрдүн эсебинен жана бардык милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуу үчүн алдын-ала берилүүчү акча суммасы же баалуу мүлк.

**ШИРИНКАНА** Соода-сатыкта (көбүнчө базарда) сатуучу менен алуучунун ортосуна түшкөн адамга, далдалчыга берилүүчү энчи, акча.

**ШООРАТ** 1. Алыска жеткен үн. 2. өт. Даңк, атак, даңаза, таанымалдык. *Шооруk келди сарайга, шоораты кетти далайга* (фольк.). *Бул ааламда жаркып улам жылдызың, буюрса дейм оомат, шоорат кыргызым* (Гилязединов).

**ШООТ** 1. Сөздү башка мааниге айландыруу, башка темага буруу. *Акбар сөздү тамашага шоото сүйлөдү* (Убукеев). 2. Шылтоо кылуу; себеп таап тийишүү. *Эки адамдын башы кошулган жер болсо, эмнегедир шоотуп, Атабек Кылымканды чакырып көздөн өткөрөт да отурат* (Жантөшев).

**ШУЙКУЧУ** Шпион, тыңчы деген мааниде. *А бирок шуйкучуларды, кыянатчылык кылгандар менен бузукулардын көбүн тымызын тындым кылып таштоону ойлонгон жок* (Субанбеков).

**ШУКШУТ** Шүмшүк, жүзү кара. *Баарын кылган Сейнеп шукшут экен* (Бейшеналиев).

**ШҮЙ II** Ырай, кебете (көбүнчө жактырбаган мааниде).

**ШҮЙҮ ЖОК** Кебете кепшири, кейпи жаман. *Кайраты тайып Карачтын, кадимки баатыр шүйү жок* («Эл адабияты»).

**ШҮЙҮ КАЧУУ** Үрөйү учуу, өң-алеттен кетүү, шүмүрөйүү, көркүнөн ажыроо, арыктоо, көңүлү чөгүү. *Танабайдын шүйү качты* (Айтматов). *Үйдөгүлөрдүн түрүн көрүп, шүйү качып, ал дагы калтаарый түшүп, үнү дирилдеп чыгып араң дегенде: – Эмне болду? – деп сурады* (Өгөбаев).

**ШҮЙШҮН II** Суктануу, кызыгуу менен кызганыч, кооптуулук аралашкан сезим. *Бурма менен Сатылган... балдарга шүйшүнө карашып, бактынын базарында тургандай болушту* (Токомбаев).

**ШҮҮДҮГӨР** Аңыз, айдалган талаа, тоңдурма. *Механизаторлордо түк уйку жок: бири чексиз шүүдүгөр аянтын бир айландырып, кара күрөң тартып майланышкан кыртышты аңтарып баратса, экинчи бири такта мала тартып, жер тегиздейт* (Абдыраманов).

**ШЫМ БОЛУУ** Абдан уят болуу, маскарасы чыгып шылдың болуу. *А кокус Абылов айткан сөзүндө турбай, же колунан келбей калсачы? Анда анык шым болбодубу* («Ала-Тоо»).

**ШЫМАЛ** Түндүк, түндүк тарап. *Күн жүрүшү Анжиян, Шымалында ойроттор* (Молдо Кылыч).

**ШЫНАА*** Бир нерсени жаруу, бөлүү, ажыратуу же бек бекитүү үчүн урула турган, уңгу жагы калың, жазы келип, уч жагы жукараак, миздүү болгон жыгач же темир тилкеси. *Шынаа кагуу. Чалгынын шынаасы. Шынаа уруп бекитүү. Шынааны шынаа менен кагып чыгарат* (макал).

**ШЫПТЫ** Анык, даана; кээде такыр, бүткүл, аягына чейин деген маанини туюндурат. *Шыпты кашка – анык баатыр, даана, мыкты. Шыпты кара Дөрбөнү* («Манас»).

# Ы

**ЫБА КАРОО** Ырайымдуу мамиле жасоо, көңүл бөлүү, назар салуу, жан тартуу, кайрымдуу мамиледе болуу. *Жапек ыба караган туугандардан дагы бир чейрекке жакын эгин жыйнады* (Жантөшев).

**ЫДЫР** 1. Катар, бир нерсенин катарлашкан тартиби, ирети, байланышы тизмеги. *Беш-алты ооз сөзүнүн ыдыры кетип, бир азга мукактанды* (Жантөшев). *Чүкөнүн ыдырын буза атып, абалагын ордонун ичине түшүрдү.* 2. **Ырк** менен бирдей. *Ал колтук ачып, достордун ыдырын тымызын бөлүү нээтин көздөдү* (Саспаев).

**ЫКРАЖ** 1. Кууп чыгуу, кубалоо, айдап чыгуу (негизги маани).

**ЫКРАР** Моюн сунуу, багынычтуу болуу, макул болуу. *Нуска болуп жүрбөйбү, Катка ыкрар кылганым* (Молдо Кылыч). – *Журт! – деди ал азыр өктөм, – мына Кудаяркандын кандык эркине ыкрар болдук. Бетке бата тартылды* (Касымбеков).

**ЫКТЫСАДЫ** 1. Жыйган-терген, үнөм (негизги маани). 2. Чарба-тиричилик, экономика. 1920-жылдар колдонулган термин. *Ар улут ыктысады, саясы турмушун жолго салып, кеңитип...* («Эркин-Тоо»).

**ЫКЫ** Колдун башы менен акырын уруп коюу, какыскукус кылып коюу, акырын теминүү. *Атаңа айтып сени кичине ыкытып коёюнбу, же жөнөйсүңбү* (Борбугулов). *Султан атын май колтукка ыкый теминди* (Юдахин).

**ЫКЫРАР, ЫКРАР** Моюн сунуу, макул болуу. *Бүт кыпчак уругу көтөрүлүп, жаңжал көбөйүп, сиздин алтын тагыңыздын баркы кетет, ыкырар кылыштан баш тартат* (Касымбеков).

**ЫЛ** Көздү каптаган чел.

**ЫЛАА** Жай айларында жылкыны ылаалатып, тынчын алуучу чымын. *Сайгак ылааны жолдош кылып, жылкыга барып тынчын алышты* («Жомоктор»).

**ЫЛАМА** Чоң, башкы насаатчы. *Ыламасын бир кылган* («Манас»).

**ЫЛЫҢАЧ ЫЙЫК** Адамды колдоочу, жөлөөчү.

**ЫЛАҢКАСЫ** Кем карчы. *Анан калса маарекенин түйшүгү түгөнгүс, ылаңкасы арылгыс болот эмеспи* (Айтматов).

**ЫЛАШКЕР** Аскер башы. *Ылашкер он миң кол алып* («Манас»).

**ЫЛЫМТА** 1. Далдаа, жаан-чачын тийбей турган жер, шамалдан коргоно турган жай, ыктоо жер. *Чыйрыккан*

*Жылдызкан мындай ылымта жерде кадимкидей жылый түштү* (Байтемиров). *Асканын алды ылымта жана от болгондуктан, койлор өтө тынчтыкта оттоп жатышат* (Жантөшев). *Буюккан кийиктер бөксөгө ылымтага карай ыкташты* (Токомбаев). 2. *өт.* Канатына калкалоо, кам көрүү, жардам берип сүйрөө. *Ал начальнигинин ылымтасында, ага бирдеме дей албайсың* («Агым»). 3. Мээлүүн. *Эптеп эле ылымта чай берди.*

**ЫМЛА** 1. Орфография, жазуу эрежелери. 1920-жылдары колдонулган термин. 2 *өт.* Бир ынтымакта, биргелеш, бир беткей. *Баарыбыз бул маселеде бир ымлада болобуз.*

**ЫМТЫКАН** Сыноо, текшерүү. 1920-жылдары колдонулган термин. *Чоң Ташкендин өзүндө ымтыкан берерибизге абдан ыраазы болдук* (Абдукаримов). *Бала эмес, андай ымтыканды чоң кишинин көтөрүшү күмөн* (Даникеев).

**ЫМЫК** Суулуу, нымдуу. *Сыртта ымык кар жаап жатат.*

**ЫНКЫЛАП** *эск.* Революция, өзгөрүш, төңкөрүш. 1920-жылдары колдонулган термин. *1917-жылы өктөбүр ынкылабы болду.*

**ЫҢКЫ** Аябай жыш чыгуу, калың болуу. *Айылдын жогору жагы ыңкып чыккан беде аянты* («Жаш Ленинчи»). *Ыңкыган жоого бет алып ылаачындай качырдың* (Барпы).

**ЫПТА II** Бириктирүү, умачтоо, тоголоктоо. *Самын ыпта.*

**ЫПЧА ТОН** 1. Жумшак согулган жеңил кездеменин бир түрү. 2. Ичи иштелбеген, кездемеден тигилген кийимдин түрү (халат сыяктуу). *Ичинен ыпча тон берди* («Манас»).

**ЫПЫЙ** 1. Кырына кыры, четине чети дал келүү. *Тигиштери тим эле ыпыйып калбадыбы* (Сооронбаева). *Тим*

*эле ыпыйып жарашып калбадыбы.* 2 *өт.* Кичинекей, ичке, кырдач. *Ыпыйган мурдун чымчып, колун өөп койду.*

**ЫРАКЫМ** 1. Мээрим, ырайым, боор ооруу, аёо. 2. Уруксат берүү, уруксат кылуу. *Алла таала кудурет, Ыракым кылды жашыңды* («Манас»).

**ЫРАМ** 1. Кум бетине төлгө ачуу, дубалоо, бал ачуу, далы көрүү. *Бек, бир аптанын ичинде болор ишти мен ырамсыз билем* (Касымбеков). *Календерим, жылдыз санайсыңбы же ырам ачасыңбы? – деп сурады Ибрахим Хайал* (Касымбеков). *Ошондон кийин алар шакек менен ырам ачканды коюшкан* (Мавлянов).

**ЫРАМАТ** 1. *тар.* Эски убактагы чыгымдын, салыктын бир түрү. *Күнүгө ырамат, күнүгө салык салганбы* (Турусбеков). *Ырамат, чыгым үчүн жалгыз уюбуздан өйдө саттык* (Элебаев). 2. Гүл ала турган өсүмдүктүн аты.

**ЫРАПЫС** Жол-жолу бар тыгыз согулган кездеме. *Көк ырапыс тон кийген, Көк жал Чубак эренге айт* («Манас»). *Көк ала сындуу ат минген, Көк ырапыс тон кийген* («Семетей»).

**ЫРАСПА, РАСБА** 1. Маскара, шерменде болуу, абийири ачылуу. *Жеген ичкени ачылып, эл алдында ыраспасы чыкты.* 2. *өт.* Булгануу, ыпылас болуу. *Чапаным көө болуп бүтүндөй ыраспасы чыкты.*

**ЫРООЧУ** Ырчы, нускоочу, байыркы айтылган түрү. *– А бу жигит өз балаңыз, датка эне...өзү айтар, ыроочу Токтогул* (Касымбеков).

**ЫРСААЛЫ** 1. *эск.* Китеп, китепче. 2. Чыгарма, жолжобо жазылган китеп. *Бардыгы тең окшош кийинген, оң жаккы колтуктарында бирден «ырсаалы» китеби бар* (Жантөшев).

**ЫСАР** 1. Мурунку заманда түрк-монгол бектеринин, уруу башчыларынын турган жайы, мыкты сепили болгон. *Аягы чыгып Алайдан, Ысар тоого өткөнү, Ырысы кеткен*

*Шооруук кан, Манасты билбей көпкөнү* («Манас»). *Ысарга барчудай жасануу* (лакап).

**ЫСКАТ** 1. Эски, чалдыбары чыккан буюм (негизги маани). 2. *дин.* Өлгөн адамдын буюмун, кийимин бирөөгө атап берүү. *Калпагың менен бир мейиз, уул ай, Ыскатыңа коюлсун, уул ай* (Эл ырлары). *Ыскатына ат токуп, Чоң үйүнө тул салып* («Эл адабияты»).

**ЫСКАТЫҢА КОЮЛГУР** Аяган, бербеген буюмуңдун убайын көрбөй кал деген сыяктуу каргоо маанисинде айтылат. *Аяганың ошол болсо, ыскатыңа коюлсун, – деген сөз Алыбекке катуу тийди* («Ала-Тоо»). *Ыскатыңа коюлгурдун малы.*

**ЫСТАРЧЫН** *тар.* Старшина, эски убакта элүү түтүндөн эки жүз түтүнгө чейин башкарган адам. *Ыстарчындар ыплас, Эшенге кылба ыклас. Сураганын бербесең, Өмүрүнчө сага кас* (Токтогул).

**ЫШТЫК** Тери, чанач ыштай турган жер. *Ээн талаада самсаалаган ыштык кебетеленип, серейген жалгыз алачык турду* (Токомбаев). *Үйдүн ичи жаандан кийин ыштык жыттанат* (Жантөшев).

**ЫШТЫКЧЫ** Тери жана көн буюмдарды ыштоочу.

**ЫШЫ КҮБҮЛҮҮ** Болгон мүмкүнчүлүгүнөн, колундагысынан ажырап мүңкүрөп калуу. *Малына чиренген байлар бир жолку жутта эле ышы күбүлүп, ит көрбөгөн күндү көрүп калышты* («Ала-Тоо»).

# Э

**ЭБЕЛЕК I** 1. Мыкты бөрктөп кадаганда анын алдына коюлуучу көбүнчө тегерек келген темир же башка нерсе. *Сынган казанды эбелек коюп кадады* (Мидин). 2. Сапаттуу куралдын (мисалы, балтанын) башын бек бекитүү үчүн

урулуучу шынаа. *Башынан чыгып кетет деп, төрт кырдаган кош эбелек урдурган.*

**ЭБЕП** 1. Санаа, кайгы, убайым. 2. Шектенүү, күдүктөнүү, убайым жеш. *Темтейип келген бир чалдын, Тегинен эбеп жедиңби?* («Манас»).

**ЭБИКЫЗ**** Бүркүттүн бир түрү.

**ЭБИЛ-СЕБИЛ** Анча-мынча, анда-санда. *Эбил-себил иш жүрүп жатат.*

**ЭГЕ I** 1. Ээ, кожоюн. *Күлүгүң калды эгесиз.* 2. Бардыгынын ээси, жаратканы, башкарып турганы, б.а. кудай, теңир. *Эгесине жалбарып* («Манас»). *Эгемден бала сурады* («Манас»). *Ишиңди эгем оңосун* («Семетей»).

**ЭГЕЙ-ШЫГАЙ** Бирине бири жарашып, бирин-бири толуктаган, эгиздердей окшошкон. *Эр Манастын жөкөрү, Эгей-шыгай кырк бөрү* («Манас» С.О.).

**ЭДИГЕ** Балдардын оюнунун аты.

**ЭЖИЙ** Карып калуу. *Эжий болуп калыптыр.*

**ЭЖИР** Чоподон жасалган аяк, кеселер. *Күлбото, майда-барат эжир идиштерден алтын, күмүшүнө чейин толтура* (Даникеев). *Арыкта агып жаткан суудан күнүнө бир эжир бергизип, анын адамдыгын кордоду* (Саспаев).

**ЭКЕ: эке-токо** 1. Өйдө-төмөн, жакшы-жаман. 2. *өт.* Көптү көргөн, турмуштун ысык-суугуна бышкан. *Эке-токо катындай, эски токум башындай* (лакап).

**ЭКМЕТ** 1. Даанышмандык, билим. 2. *өт.* Сырдуу, сыр. Экмет сөз.

**ЭКЧЕ** Силкүү; калчоо, чайкоо; силкилдетүү. *Эгинди калбырга салып экчеп элөө. Машина экчей берген сайын кысылып отурган кишилердин арасы да бошой түштү* (Сыдыкбеков). *Эски араба тынчсыз жолдо экчелип, Жыгачтары кулакты жеп калдырайт* (Тыныстанов).

**ЭЛЕБЕЙ** Байкабай, бейкапар, байкоосуз.

**ЭЛЕГЕЙ** Оозун ачкан.

**ЭЛТЕБЕР** Орто кылымдагы түрк элдеринин мансап наамы.

**ЭЛҮҮ БАШЫ** 1. Элүү аскердин башчысы. *Он башылар ороктоп, Элүү башы кожоктоп* («Манас»). 2. Элүү түтүндү, үйдү башкарган адамдын мансабы, бийлиги жана ушундай бийликтеги адам. *Элүү башы, он башы, Эл бийлеген кор башы* (Токтогул).

**ЭЛЧАБАР** Балдар оюнунун аталышы.

**ЭМ* I** Эски ишеним боюнча: ооруга жагуучу, аны айыктыруучу даба, амал, айла; анын каражаттары. *Эми түшүү. Оорунун эми табылбады.*

**ЭМГЕК КҮН** *тар.* Колхозчунун бир күндө аткаруучу жумушунун нормасы коюлуп, аткарган иши. *Арбын эмгек күндөрдү, Таап турган кезеги* (Тоголок Молдо). *Он айда иштегениң кырк күн эмгек, Жалкоого кыз айтабы тиемин деп* (Үмөталиев). *Баса, элиңер эмгек күндөрүнө эгинин алып бүтүштүбү* (Байтемиров).

**ЭМДИК** Кызуу кандуу, чаптөөс, ачуусу чукул. Эмдик киши. *Эмдик боз минсең оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт* (макал).

**ЭНДЕКЕЙ** 1. Өз бетинче, бирикпей, ар ким каалганындай. *Эндекей жүрбөй ушинтип, Бир чоң ынтымак кылалы* («Манас»). 2. Иленди; боюна, оокатка карабаган, тыкан эмес. *Эндекей жүрө берип үй-оокаттан ажырадым. Эркин тоо арасында эндекей жүрө берген экенмин.*

**ЭНДЕШЕ** Ойго чөгүү, санаага батуу, жүрөкзаада болуу, кейүү. *Эсенгулдун Ныязбек Эндеше болгон элди айдап* («Эл адабияты»). 2. Тартынуу, ийменүү. *Эндеше кылба бул иштен, Өтөбүз бир күн дүйнөдөн...* (Санат).

**ЭНДӨӨЛӨ** Бөлүнүп, тарап кетүү.

**ЭНДӨӨЛӨШҮҮ** 1. Чачкындап бытыранды болуу; туш-тушка тарап кетүү, чар тарапка жайылып чачылуу. 2. Капарсыздык, энөөлүк, камсыздык маанисинде да айтылат.

*Эндөөлөшүп жатыппыз, Кейишке кенен батыппыз* («Манас»).

**ЭР КУЛ** Бирөөнү мактоо, кубаттоо же тамашалоо иретинде колдонулат. *Ата эр кулум ай, мөөрөйдү алдың* (Бейшеналиев).

**ЭРГИЛЧЕК** Жумуру жыгачтарды туурасынан аштап жасаган боз үйдүн, короонун эшиги. *Боз үйдүн эргилчеги. Короонун эргилчеги.*

**ЭРГУУЛ** *аңч.* Тордо байланган байлоочтун канатын керип туруучу жыгач.

**ЭРДӨӨ*** Идиштин оозгу кыры. *Туураганда эт табактын эрдөөсүнөн болду. Отургандарга бозо бир сыйрадан жаңы эле куюлса керек, аны мискейдин эрдөөсүнөн эки эли гана ылдыйлаган бозонун изи айтып турат.*

**ЭРТЕГИ** Өткөн заман, мурда өткөн, илгерки. *Эртеги өткөн окуя. Эртеги сөз. Эртегинин жомогу, айтпай койсок болобу* (фольк.).

**ЭТЕНЕ ТАЙТАҢ** Эрке, эркин өскөн. *Өзүң этене тайтаң баласың* («Семетей» С.К.).

**ЭШИК АГА** 1. Хандын ордосунда хандын кабыл алуу иштерин тейлеп туруучу кызматкер. *Апсаңдап айбат көргөзүп тил кайрыган төрө Мамбетти элпек эшик ага кызматкерине айлантты* (Бейшеналиев). *Эшик агадан «ичкери кирүүчүлөр бүттү» деген кабар Сооронбайга жетти* (Бейшеналиев). 2. Жородо сырттан киши кийирбей, эшик кайтарып туруучу адам. *Эшик ага болгон адамды төрдө отургандар тамашалап жатышты* (Осмоналиев).

**ЭШИК АЧАР** Кызды көрүүгө келгенде келиндерге берилүүчү акча, белек. *Жеңкетайды, эшик ачар, төшөк саларды буларга чачкыла* (Бейшеналиев).

**ЭШМЕ** 1. Аялдардын чачына кошуп, узун кылып өрүүчү кара жип. 2. Койдун жүнүнөн, эчкинин, топоздун кыл-

тагынан, жылкынын куйрук жалынан түйдөктөп, чыйратуу менен эшилген жип, аркан.

# Я

**ЯБГУ** *тар.* Орто кылымдарда Карлук мамлекетинде бийлик ээсине берилүүчү наам, негизинен уруу башчысына, чакан аймактагы уруу бийлигин жүргүзгөн кишиге берилген.

**ЯК МАЛА** Бир атар мылтык.

**ЯКИ** Башкача айтканда. *Маданиятка жаңыдан кадам басып келе жаткан улуттун басма яки гезити болот* (Эркин Тоо). *Алиф бе яки төтө окуу* (Арабаев).

**ЯЧЕЙКА** *тар.* Баштапкы партиялык, комсомолдук уюмдардын 1934-жылга чейинки эски наамы. *Бир кезде партиялык ячейкага секретарь болуп жүргөн* (Абдукаримов).

## ТИРКЕМЕ

### Жылдыздардын кыргызча аталышы

1. Үркөр. 2. Толтойдун огу. 3. Үч аркар. 4. Жетиген. 5. Кичи жетиген. 6. Алтын казык. 7. Кошоктолуу кош музоо. 8. Сар жылдыз. 9. Чолпон (Венера). 10. Балбылдак жылдыз. 11. Чычкылуу жылдыз (Меркурий). 12. Саманчынын жолу. 13. Ай. 14. Күн. 15. Керилген саба.

### Пирлер

**Көкө Теңир** – асмандын, көктүн пири.

**Күн Теңир** – күндүн пири

**Жер эне** – кара жердин пири

**Умай Эне –** аялзаттын, наристенин, молчулуктун пири.

**Эламан** – элдин пири

**Адам Ата** – адамзат пири

**Кадыр Ата (Кызыр ата, Жылаңач ыйык)** – адамды колдоочу, жөлөөчү, бакыт-таалай бере турган жакшылыктын, бейпилдиктин, жолдун пири.

**Ак Тайлак-Коркут** – бакшылыктын пири.

**Имам Азам** – соодагерликтин пири.

**Баба Дыйкан** – эгиндин пири.

**Кырк Чилтен** – жоокердиктин пири.

**Шайык Баба** – акылдын пири.

**Өтүкан (Тастар Ата)** – тоонун пири.

**Күлдүр Ата** – жамгырдын пири.

**Сулайман (Сувай)** – суунун пири.

**Үркөр Ата** – жылдыздын пири.

**Жел кайып** – шамалдын пири.

**Бай терек (Чынар)** – дарактын пири.

**Чилде Баба, Аяз Ата** – суунтун пири.

**Жез тырмак (Желмогуз)** – жамандыктын пири.

**Кырдач** – чилденин пири.

**Ак Байбиче (Кайберен)** – кийиктин пири

**Ибрагим Халилул** – там, дубалдын, топурактын пири.

**Дөөлөт Куш, Кыдыр Иляс** – бакыттын пири.

**Шаймерден** – жигиттин пири.

**Зеңги Баба, Ай-Мүйүз, Үзөңгү Баба** – уйдун пири.

**Ак Мүйүз** – топоздун пири.

**Чие Ата** – чычкандын пири.

**Кумайык** – иттин пири.

**Чолпон Ата** – койдун пири.

**Камбар Ата** – жылкынын пири.

**Ойсул Ата** – төөнүн пири.

**Шыйпаң Ата (Чычаң Ата)** – эчкинин пири.

**Какчеке** – чүкө оюндарынын пири.

**Алп кара куш (Будайык, Чегир баян)** – алгыр куштун пири.

**Коросон Ата** – эмчиликтин пири.

**Дулдул (Желмаян)** – күлүктүн пири.

**Ак Бугу** – темир, намыстын пири.

**Бүбү Батма** – казан-аяк, үй тиричилигинин пири.

**Каар Чаян** – курттун пири.

**Кумпа Баян –** кумурсканын пири.

**Солтон Мерген –** суурдун пири.

**Жоламан** – жолдун пири.

**Ордо кыз** – оюндун пири.

**Куланчы** – аңчылыктын пири.

**Чагылган Хан** – булут жана жаандын пири.

**Дөөтү Ата** – устачылыктын пири.

**Коркут Ата** – ыр-күүнүн пири.

**Камбаркан** – үндүн пири.

### Муундардын аталышы

Бала, Ата, Чоң ата, Баба, Кубаар, Ата-Жото, Жете, Муштум, Нарк, Зади, Зил, Тек, Кубат, Медет, Таяныч, Урук, Уруу, Оң санат, Өзөк, Жөлөк, Асаба, Ураан, Улут, Уютку, Түркүк, Уюк, Урпак, Турпак.

Ата, Бала, Небере, Чөбүрө, Кыбыра, Чүпүрө, Кибире, Кымында, Тыбыра, Тарсылда, Торсулда, Жыбыра, Жымыңда, Чорбондо, Борсоңдо, Борсулда, Арбаңда, Эрбеңде, Сербеңде, Өркөн.

### Бир күн-түндүн убакытка бөлүнүшү

Түн каракчысы. Таң дүмпөйү. Таң куланөөк атты. Таң кылайды. Күн жайылган кез. Шашке. Улуу шашке. Жалган түш. Чак түш. Түш кыя. Түш оогон кез. Сарт бешим. Кыргыз бешим. Алакөлөкө. Намаздигер. Намаз шам. Күүгүм. Акшам. Иңир. Үрүүл. Бүрүүл. Куптан. Эки куптан. Түн. Эл жатаар. Түн бышкан кез. Түн ортосу (Жылдыз толгон учур). Сопу-садык (Үркөр көтөрүлгөн учур). Таң заары (Тараза жылдыз батканы). Бүлбүл. Апак-шапак.

### Жылдардын кыргызча аталышы

| | | |
|---|---|---|
| 1. Чычкан. | 5. Улуу. | 9. Маймыл. |
| 2. Уй. | 6. Жылан | 10. Тоок. |
| 3. Барс. | 7. Жылкы | 11. Ит. |
| 4. Коён | 8. Кой12. | 12. Доңуз. |

### Мүчөл жылдар

| | |
|---|---|
| 12 ден 13 | бир мүчөл |
| 24 төн 25 | эки мүчөл |
| 36 дан 37 | үч мүчөл |
| 48 ден 49 | төрт мүчөл |
| 60 тан 61 | беш мүчөл |
| 72 ден 73 | алты мүчөл |
| 84 төн 85 | жети мүчөл |
| ж.б. | |

### Айлардын кыргызча аталышы

I. Жалган куран (март); II. Чын куран (апрель); III. Бугу (май); IV. Кулжа (июнь); V. Теке же теке какшык (июль); VI. Баш оона; VII. Аяк оона. VIII. Тогуздун айы

(октябрь); IX. Жетинин айы же май билек ай; X. Бештин айы (декабрь); XI. Үчтүн айы (январь); XII. Бирдин айы (февраль).

**Жуманын күндөрүнүн аталышы**

1. Дүйшөмбү (1-күн)
2. Шейшемби (2-күн)
3. Шаршемби (3-күн)
4. Бейшемби (4-күн)
5. Жума (5-күн)
6. Ишемби (6-күн)
7. Жекшемби (дем алыш)

**Орус же башка тилдерден кирип, котормосу жок колдонулуп жүргөн сөздөрдүн, сөз айкаштарынын көөнө сөздөрдөн кыргызча эквиваленти**

**Алаша** – красивая
**Алман** – процент
**Алек** – шёлк, крепдешин
**Амиркен** – лакированный
**Аңгаал** – наивный
**Аптарчы** – мелкооптовик, коммерсант
**Ашкеби** – нахлебник, захребетник
**Бакал** – комок, маленький магазин
**Бактөкөл** – рисковать
**Баргек** – ободок
**Башмандак атуу** – сальто
**Бокчо** – бьюти кейс
**Буулум** – шёлк
**Гажаары** – двухсторонный палас
**Даки** – марля
**Данданкү** – зубочистка

**Даңса 1.** – жыгач депкир
**Даңса 2.**– мемуар
**Дарайы** – двухсторонный материал
**Дөөт** – чернильница
**Дүмөк** – паника
**Дүрүйө** – креп
**Дыкат** – переживать
**Жазана** – штраф
**Жаныма** – точилка (таш бүлөө)
**Жан кисе** – клатч
**Жапсар** – шопер
**Жарнак** – доля
**Жасат** – манекен
**Жылбаян** – хроника
**Жойчу** – ищейка
**Жуукур** – лицемер, двуличный
**Завир** – дренаж
**Зарбап** – парча
**Ийди** – нож (для вырезания деревянной посуды)
**Ишмекер** – мастерица
**Камбарсы** – важничать, высокомерие
**Камбарсыган** – высокомерный
**Камка** – драп
**Камсык** – переживать, переживание
**Каниги** – профессионал
**Кандим** – мастер
**Караба** – магнит
**Кежернай** – кожа высокого сорта
**Кезик** – рак
**Келбето** – бронжилет
**Келеп** – моток
**Кесеп** – вор
**Кешене** – пояс (кездемеге сайма түшүрүлгөн кур)

**Кендир** – брезент

**Кисе (жан кисе)** – барсетка, клатч

**Контукчу** – жалея свой, использующий (занимая) чужой транспорт (лошадь)

**Көңкө** – маршрутка

**Көтөрмө 1** – аванс

**Көтөрмө 2** – деньги под процент

**Кундак** – матрас для новорождённых

**Купала** – снабжать металлическими украшениями

**Күндө** – наручник

**Күндүкчү** – подёнщик, наёмный работник

**Күп** – ручная деревянная маслобойка цилиндрической формы

**Кымыран** – кипяченноё молоко, разбавленное водой

**Кыңырак** – найман (бычмачынын бычагы)

**Мият** – адвокат

**Онок** – неуклюжий

**Өтөлгө** – премия

**Сактыян** – крашеная кожа

**Саржа** – подкладочный материал

**Сатаң** – стиляга

**Себил** – бронжилет

**Тогоон** – шлагбаум

**Тоскок** – порошок

**Төшкө жатар** – внебрачный ребёнок

**Тулуп** – косметичка

**Туу бийке** – мать-одиночка (күйөөсү жок төрөгөн аял)

**Успат** – фигура

**Үпчү** – петля (шнурки для одежды вместо пуговиц)

**Үргүлжү** – опт (о товаре)

**Чалагай** – кокетка (отрезная деталь одежды)

**Чарабжал** – инструменты ювелира

**Чексе** – аптечка

**Чигирим** – овечья либо козья кожа

**Чүмөк** – шпилька, челнок

**Чыракпая** – подсвечник

**Шертпул** – задаток

**Ширинкана** – доля посредника

**Шуйкучу** – шпион

**Шыпты** – настоящий

**Ымтыкан** – экзамен, тест

**Ыпча тон** – 1. легкий трикотаж, 2. кардиган из легкого трикотажа

**Ыштыкчы** – коптитель кожы

**Эжир** – глиняная пияла

## Пайдаланылган адабияттар:


1. Адабият таануу терминдеринин кыргызча кыскача сөздүгү. – Фрунзе; Илим, 1961.

2. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. – Баласагы, 1993.

3. Акматалиев А. Жыгаччылык жана элдик аваздык аспаптар (окуу куралы). – Фрунзе; 1992.

4. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү. – Фрунзе; Мектеп, 1984.

5. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Бишкек, 2000.

6. Акматалиев А. Балдарга арналган салт жана ырым-жырымдар. – Бишкек, 2002.

7. Акматалиев А. Өрмөкчүлүк жана токуучулук (окуу куралы). – Фрунзе, 1990.

8. Акматалиев А. Зергерчилик, темирчилик, мүйүзчүлүк (окуу куралы) – Фрунзе, 1990.

9. Аңчылык терминдеринин кыргызча-орусча сөздүгү. Түз. А.Биялиев – Фрунзе, 1967.

10. Биология. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

11. Ботаника боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. – Фрунзе; Илим, 1979.

12. Кадыров Ы. Математик-гиннесчи. Түз. Л. Кадырова. («Бабалардан калган сөз. Көөнө сөздөр» деген бөлүм бар). – Бишкек, 2022.

13. Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек; «Кыргызстан», 1995. I том.

14. Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек; «Кыргызстан», 1995. II том.

15. Каралаев С. «Манас». Түз. А. Жайнакова. – Бишкек; «Кыргызстан», 1998. III том.

16. Карасаев Х. «Накыл сөздөр» КСЭнин башкы редакциясы. – Ф., 1986.

17. Карасаев Х. Кабус наама. – Бишкек; Шам, 1996.

18. Карасаев Х. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2002.

19. Карасаев Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр, КСЭнин башкы редакциясы. – Фрунзе, 1986.

20. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү. Түз. Р. Кыдырбаева, К. Асаналиев. – Бишкек, 2004.

21. Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү. Түзүүчүлөр: Ж.Шериев, А.Муратов. – Бишкек, 2003.

22. Кыргыз даамы. Түз. Т. Бөрүбаев. – Бишкек, 1992.

23. Кыргыз музыкасы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

24. Кыргыз сүрөт искусствосу. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

25. Кыргыз тарыхы. Энциклопедиялык окуу куралы. – Бишкек, 2004.

26. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү. – Фрунзе, 1988.

27. Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. – Фрунзе, 1988.

28. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I том. – Фрунзе. 1984.

29. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. I-II том – Бишкек. 2015.

## МАЗМУНУ


Сөздүктө колдонулган материалдар .......... 3
Шарттуу кыскартуулар .......... 6
Түзүүчүдөн .......... 7
А .......... 12
Б .......... 26
В .......... 34
Г .......... 34
Д .......... 35
Ж .......... 42
З .......... 56
И .......... 62
К .......... 65
Л .......... 108
М .......... 109
Н .......... 122
О .......... 128
Ө .......... 135
П .......... 137
Р .......... 138
С .......... 139
Т .......... 150

У ........................................................................... 163
Ү ........................................................................... 166
Ч ........................................................................... 169
Ш ........................................................................... 183
Ы........................................................................... 188
Э........................................................................... 192
Я ........................................................................... 196
Тиркеме..................................................................... 197
Пайдаланылган адабияттар....................................... 204

**КӨӨНӨ СӨЗДӨР**
**(же колдонуудан чыгып бара жаткан сөздөр)**

Түзгөн *Акматова Т.*
Редактору *Кадыров Ы.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Абдраимов К.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 02.06.2025-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 13 б.т. Нускасы 700.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.